63.3(2Кы)
К 97

# Кыйын кезеңдин арстандары:

## Тайлак баатыр жана анын уулу Осмон датка

Нарын облустук китепканасы
№ 55040 сбо

Бишкек – 2013

УДК 94 /47
ББк 63.3 (2 Ки)
К – 97

Китеп Тогуз-Торо районунда Тайлак баатырдын уулу
**ОСМОН ДАТКАНЫН** айкелинин ачылышына карата чыгарылды.

**Рецензент: Тынчтыкбек Чоротегин,**
тарых илимдеринин доктору, профессор

**К – 97** **Кыйың кезеңдин арстандары: Тайлак баатыр жана анын уулу Осмон датка** / Түз.: Б.Сатыбалдиева. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 172 бет.

**ISBN 978-9967-13-957-2**

Колуңуздардагы китеп XIX кылымда жашап өткөн кыргыздын атактуу инсандары ата-бала Тайлак баатыр жана Осмон датка тууралуу илимий иликтөөлөр, мезгилдүү басма сөздө жарыяланган публицистикалык макалалар, алардын өмүр жолун чагылдырган чакан драма жана Тайлак уулунун уруулук санжырасы киргизилди. Китеп илим изилдөөчүлөргө жана жалпы окурмандарга арналган.

**К-0503020911-13**
**978-9967-13-957-2** **УДК 94 (47)**
**ББК 63.3 (2 Ки)**

© Сатыбалдиева Б., 2013

***Тынчтыкбек Чоротегин***
*«Кыргыз Тарых Коому» эл аралык коомдук бирикмесинин президенти, «Мурас» коомдук фондунун Башкармалыгынын төрагасы, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун профессору, тарых илимдеринин доктору*

## ОСМОН ДАТКАНЫН ДООРУ
### (Алгы сөз)

XIX кылымдагы кыргыздын чыгаан инсандары, өз элинин эгемендиги үчүн эң соңку дарманына чейин күрөш жүргүзгөн баатырлар тууралуу калыс сөз Кыргызстан 1991-жылы өзүнүн мамлекеттик көз карандысыздыгына жеткенден кийин гана айтыла баштады. Ошого карабастан, азыр да айрым кыргыз баатырлары жана эл башчылары тууралуу жаңыча баа сейрек айтылып келет.

Ошондой кыргыздын мыкты уулдарынын бири – Ички Теңир-Тоо койнунан чыккан Осмон датка болгон. 2013-жылы Нарын шаарынын 145 жылдыгы расмий белгиленди. Бул маарекеге байланыштуу ушул жылдын май айында Нарын мамлекеттик университети уюштурган илимий жыйында чыгып сүйлөп, биз өрөөндүн чыгаан уулдарынын бири – Осмон датка, ал үзөңгүлөш болгон айтылуу Үмөтаалы Ормон уулу тууралуу жылуу сөз айтылбагандыгына өкүнүч билдирдик.

Анын себеби да түшүнүктүү – Нарындын отурукташкан аймак катары тарыхы алда канча терең болсо да, анын шаар катары түптөлүшү – бул жерге падышалык Орусиянын оторчул бийлигинин таасирин ырааттуу бекемдөө үчүн орусиялык аскердик конуш жай негизделгендиги менен байланыштырылгандыгында. Бул аскердик конуш жай кийин тамырланып отуруп, совет доорундагы бийик тоо койнундагы гүлдөгөн шаарга чейин жетти.

Ал эми аймактын Кокон хандыгынан, цин-манчжурдук Кытайдан жана падышалык Орусиядан эркин болушун, кыргыздын эгемен аймагы болушун көздөп күрөш жүргүзгөндөрдүн ысымдарын жана алардын тарыхый ишмердигин калыс эскерүү үчүн, пикирибизде, ар кандай тарыхый маарекелер бөгөт болбошу керек эле. Бирок совет доорунда

Орусиянын падышалык оторчул бийлиги Азиядагы башка оторчул бийликтерден, маселен, Индиядагы британдык өкүмдөн, «алда канча прогрессивдүү болгон» деген жобо тарых илимине расмий деңгээлде тануууланып, Орусиянын баскынчылыгына каршы айбат кылгандардын ишмердиги кескин сынга алынган, айыпталган же көмүскө калтырылган. Ошол мамиле айрым учурда эски инерттүүлүктүн айынан айрым аткаминерлердин көз карашында сакталып жатканы өкүнүчтүү.

Ал эми оторчулук тарыхына келсек, тээ 16-17-кк. эле Сибирге жана Ыраакы Чыгышка илгерилеп, 1780-жылдардан тартып алыскы Түндүк Американын Аляска аймагына чейин оторчул бийлигин жана таасирин таркаткан Орусия падышалыгы 19-кылымдын ортосунан тартып түштүк-чыгыш багытта Борбордук жана Ички Азияга сугун артып жаткан болчу. Кыргызстан аймагы – Санкт-Петербург үчүн оторчул бийликти орнотуунун кезектеги бутасы гана болгон.

Глобусту ары-бери имерип карап, азыркы деңгээлден «баа бычып», баары бир бул аймакты кубаттуу Орусия басып алмак болуп жаткан соң, тээ Түндүк Кавказдагы Шамил баатыр сыяктуу Орусияга каршы майнапсыз күрөш жүргүзүү «катачылык болчу» деп билермандаган калемгерлер азыр деле жок эмес. Алар тээ 1960-жылдары коммунисттик режим кыргыз тарых илимине тануулаган «Түндүк Кыргызстан Орусияга ыктыярдуу баш кошкон» деген калпыс жобонун чидеринен азыр да чыга албай келишет.

Ал эми Осмон датка, Үмөтаалы Ормон уулу, Балбай баатыр, Фергранадагы молдо Исак Асан уулу (Болот хан же Пулат хан), Алымкул аталык, Алымбек датка сыяктуу инсандардын өз мамлекетинин көз каранды эместиги үчүн жүргүзгөн күрөшү – өз доорундагы аларды колдогон мекендештеринин көзү менен таптакыр башкача бааланаарын мындай калемгерлер элес ала беришпейт.

Бир кезде өз эл-жеринин эгемендигин коргоп, 1825-жылы басып кирген цин-манчжурдук кошуунду кыйраткан, 1827-жылы Кашкардагы антициндик көтөрүлүшкө колдоо кылган, 1830-жылдары ферганалык Кокон хандыгынын зулумдугуна каршы айбат кылган Тайлак баатыр Ырыскул уулунун (болжол менен 1796-2002-жж. – 1838) тарыхый орду Кыргызстан тарыхында бараандуу орун алып келет. Аны тарыхчы Сабыр Аттокуров «тоо илбирси» деп таасын баалаган.

Ал эми Тайлактын уулу Осмон датка да нагыз «илбирс тукуму» болгон. Ал даткалык даражаны көп этностуу Кокон хандыгынан алган. Осмон Кокондогу хандыктын саясатын багыттаган ферганалык



кыргыздар жана кыпчактар менен тыгыз байланышта болгон. 1855-жылдан соң Түндүк Кыргызстандын аймактары чет-четинен Орусияга каратыла баштаганда, Осмон датка падышалык оторчул аскерлердин Ички Теңир-Тоого сүңгүп киришине каршы чечкиндүү турган баатырлардын бири эле.

Ал эми ошол доорду аңдоо үчүн падышалык Орусиянын жалпы Борбордук Азиянын аймагын каратуу аракеттерин талдоо ылайык. Тарыхчылар В.В.Бартольд, Б.Жамгырчинов, А.Хасанов, К.Үсөнбаев, С.Аттокуров, В.Плоских, Т.Өмүрбеков, Т.Кененсариев, К.Молдокасымов, Б.Жумабаев, А.К.Койчиев, Т.Асанов, Т.Өмүрзакова, ж.б. ар кыл эмгектеринде таасын белгилешкендей, мурда Орусияга таптакыр баш ийбеген аймактарды, анын ичинде Түндүк Кыргызстанды каратуу үчүн орусиялык оторчулар аскердик пландар иштеп чыгышкан.

Бул пландарды жүзөгө ашыруу – аскер күчү менен коркутуп-үркүтүүлөрдү гана эмес, айрым жергиликтүү аткаминерлерге акчалай сыйлык, белек-бечкек, медалдарды жана башка «жылтыраган нерселерди» тартуулоо, бул аймактарга тынчылыкка жиберилген эдилдик-уралдык мусулман соодагерлердин ынандыруусу аркылуу тигил же бул бийдин өз атынан же өз уругунун атынан «Орусиянын букаралыгына өтүү» тууралуу сунуштар камтылган каттарды чүргөөсүнө жетишүү сыяктуу дипломатиялык айла-амалдарды да камтыган.

Ошондой каттардын бири, маселен, 1855-жылы Ысык-Көлдөгү бугу уруусунун Боромбай, Качыбек сыяктуу айрым билермандары тарабынан жазылгандыгы, бирок бугу уруусунун Балбай баатыр, Тилекмат сыяктуу башка төбөлдөрү мындай кадамга каршы тургандыгы маалым. Бирок советтик кыргыз тарыхнаамасында жалпы бугу уруусу бир добуштан Орусиянын букаралыгын алууну эңсеген дегендей таасир калтырчу бурмалаган жобо үстөмдүк кылган.

1861-жылы Ысык-Көлгө оторчул бийликтин таасирин андан ары чыңдоо максатында капитан Н.И.Проценконун отряды жиберилет. Отряд Барскоон капчыгайы, Ак-Сай, Улахол аркылуу Санташка келип, чыңдоо курууга жай издеп, Каркыра жана Текеске чейин чалгын жүргүзөт. Бул сыяктуу чалгын иштерин сес көрсөтүү менен айкалыштырган иш-аракеттер улам чамдай берген.

1863-жылы 4-майда Г.А.Колпаковский баштаган орусиялык кошуун Кастек чебинен чыгып, Чүйгө мурдараак жөнөтүлгөн А.И.Бутаковдун кошууну менен Чөмүч кечүүсүндө биригет. Орус аскерлери Пишпекке чабуул коюп, мындагы кокондук чепти биротоло талкалайт. Аймакты

колдон чыгарбоо максатында мында подполковник М.Г.Лерхе баштаган ыкчам аракет кылуучу көчмө кошуун түзүлгөн.

Ысык-Көлдө жана 1863-жылга карата Чүй өрөөнүнүн оодук бөлүгүндө оторчул бийлигин орноткон Орусия андан ары чеңгелин созгон. Маселен, орус кол башчысы, полковник В.А.Полторацкий 1864-жылдын 9-июлунда атайын долбоор иштеп чыккан. Андагы чаралардын бири Верный сепилин шаар атоо менен байланыштуу. (Бугу уруусунун айтылуу төбөлү Балбай баатыр Эшкожо уулунун 1867-жылы дал ушул Верныйдагы сепилдеги абакта өлгөндүгү – бугулардын бардыгы тең эле Орусиянын оторчулугун кубаттабагандыгын жана падышалык баскынчылыкка каршы чыккандардын белин мертинтүү үчүн алардын чыгаандарын ичкерки Орусия аймагына чейин байлап-матап кеткен усулдар да колдонулгандыгын далилдейт. Мындай усулдар азыркы Казакстандын кеңирсиген аймагын каратуу учурунда эле орус оторчулары тарабынан кеңири пайдаланылган).

Полторацкийдин 1864-жылкы долбоорунда азыркы Түштүк Казакстанга кирген Түркстан, Чымкент, Олуя-Ата, Мерке сыяктуу жерлерден тышкары, Түндүк Кыргызстандагы жаңыдан каратылган Токмок чебинде оторчул аскер жайын чыңдап, «Жаңы-Кокон тилкесин» түзүү иш-чарасы камтылган. Тилкенин аталышынан баамдалгандай, басып алуу багыты – андан ары Ташкен жана Фергана аймактарына сүңгүү үчүн бирдиктүү аскердик плацдарм даярдоо долбоору менен байланыштуу болгон. Бул тилкеге топтолгон орус аскер кошуундары Ташкен жана Ферганадан тышкары Ички Теңир-Тоого (Нарын багытына) аскердик баскынчылыкты жүргүзүү үчүн колдонулмакчы эле.

Бул оторчул долбоор Орусиянын падышасы Александр Экинчи 1864-жылдын 18-июлунда кол койгон атайын жардык менен бекитилген. «Жаңы-Кокон тилкесинин» башчылыгына генерал М.Г.Черняев дайындалган. Демек, Ак-Талаа жана Тогуз-Торо өрөөнүн мекендеген Осмон датка жана анын төбөлдүгү астындагы кыргыздар эртеби-кечпи дал ушул «Жаңы-Кокон тилкесинин» оторчул кошуундарынын баскынчыл аракеттерине дуушар болоору бышык эле.

Осмон датканын түшүнө да кирбеген бир нерсе – жакынкы болочокто каратылышы күтүлгөн аймактарда казак-орустардын жаңы кыштактарын, аскердик бекеттерди куруу долбоору болду; бул – Орусиянын оторчул бийликтеринин жүзөгө ашырууга белсенген камылгаларынан эле. Бул камылга долбоорун падышалык Орусиянын аскер министри Д.А.Милютин жактыруу менен кабыл алган.



Орусия падышачылыгынын Борбордук Азияга карата баскынчыл саясатынын жаңы багыттарын аныктаган расмий документтер 1864-жылдын 20-ноябрында падыша Александр II тарабынан бекитилген.

1865-жылдын 25-январында Өзгөчө комитет деп аталган жаңы орган «Жаңы-Кокон тилкеси» менен «Сыр-Дарыя тилкесин» кошуп, Оренбург генерал-губернаторлугунун курамындагы Түркстан облусун түзүү жөнүндө чечим чыгарган. Бул ири чөлкөм Ысык-Көл өрөөнүнүн батыш жээгинен Арал деңизине чейинки ири аймакты камтыган.

Генерал Михаил Григорьевич Черняев (1828-1898) аскер губернатору болуп калган бул жаңы негизделген Түркстан облусуна Кыргызстандын ошол мезгилге чейин каратылган аймактары да кирген. Баскынчылык жебеси эми улам Ак-Талаа жана Тогуз-Торо аймактарына жакындай берген.

Айтмакчы, Ички Теңир-Тоо аймагын жердеп калган сарыбагыш бийи Үмөтаалы Ормон уулу Орусиянын курамына кирүүнү каалаган эмес. Мындан улам аны «коконочул» деп атоо да жөнсүз. Бир кезде кыргыздардын бир катар урууларын бириктирип, 1842-жылы өзүн хан көтөрткөн Ормон Ниязбек уулунун (1792-1854) Кыргызстандын эгемендиги үчүн жүргүзгөн күрөшү анын уулу Үмөтаалы тарабынан да улантылган. Сарыбагыш төбөлдөрү Үмөтаалы менен Төрөгелди баатыр 1850-жылдардын экинчи жарымында бир аз убакытка Кокон хандыгына таандык Мерке чебине камалып да турганы маалым.

Ак-Талаа багытындагы орус жортуулдарын айтуудан оболу, Ысык-Көл аймагындагы алгачкы туруктуу аскер жайын орус оторчулары Ак-Суу жергесинде 1864-жылы гана негиздегенин белгилей кетүү абзел. Демек, советтик тарыхнаамада «Ысык-Көл аймагы 1855-жылдан тартып Орусиянын карамагына өткөн» деген жобо үстөмдүк кылган менен, чын-чынында көл өрөөнүндө орусиялык туруктуу чыңдалган жай бугулардын айрым төбөлдөрүнүн Орусия букаралыгына өтүү тууралуу ант кармаганына тогуз жылдан кийин гана курулган.

Ак-Суудагы аскер жайы оторчул бийликтердин өрөөндө толук өкүм жүргүзө албай жатканыны дагы бир далили да болгон. Маселен, 1864-жылы май айында бугу бийи Субанбек баатыр Сары-Жаз өрөөнүнөн Кашкар тарапка өтө качууга аракеттенген. Аны токтотуу үчүн жиберилген чакан орус кошуунун Субанбек куралсыздандырып, туткунга алып, өз көчүн улантккан. Алда канча көп аскер жиберип, орус оторчулары Субанбекти колго түшүргөнү маалым.

Ысык-көлдүк жана нарындык кыргыз уруулары Кашкардагы саясий окуяларга да астейдил көңүл бөлүшкөн. Алар өзүн «ба-даулет» («бак-дөөлөттүү» башка бир мааниси – «мамлекет өкүмдары») деп жарыялаган мурдагы кокондук өкүл Жакыпбектин (Мухаммед Йакуб Бек) Кашкардагы бийлигин жана андан кийин курулган Жетишаар мамлекетин чындоого салым кошкон кызыл-суулук кыргыздарды колдоого алышкан. Алардын арасында айтылуу бугу төбөлү Тилекмат да болгон.

Ал түгүл 1865-жылы бугу уруусунун бир бөлүгү Орусиядан эгемен болгон аймакка – Кытайдын батыш «Жаңы чегинде» («Шинжаң») деп саналган, бирок өз алдынчалыгы үчүн күрөшүп жаткан чөлкөмгө журт которуп кетүүгө ниеттенген. Бугулардын анти-орусиялык канатынын өкүлү Балбай баатыр баштаган 1500 кишиден турган топ Чыгыш Түркстанга аттанган. Орус колбашчысы Г.А.Колпаковский журт которууга камынган бугулардын бөлүгүнүн алдын тосуу үчүн Кеген, Текес, Жууку жергелерине бир нече кошуун жиберген. Подпоручик Никольскийдин кошууну журт которгон бугулардын бир бөлүгүнүн көчүн аскердик ыкманы колдонуу менен Текесте токтотуп калган.

1867-жылы полковник В.А.Полторацкийдин атайын кошууну Ысык-Көлдөн чыгыштагы Текес аймагына барып, Балбай баатыр сыяктуу бугунун айрым чыгаандарын туткундап, Верныйга жөнөткөн. Балбай баатыр, жогоруда учкай эскерилгендей, Алматы жергесиндеги орусиялык Верный сепилинин түрмөсүндө 4 ай жаткан соң, 1867-жылы сентябрь айында дүйнөдөн кайткан. Ага таандык делген абак ыры кыргыздын фольклордук мурасында сакталып жетти.

Кыргызстандын түндүк-батышына келсек, орусиялык оторчул аскерлердин илгерилешине каршы чыккан таластык кыргыздардын төбөлдөрүнүн бири – багыш уруусунан чыккан Сарымсак датка Баястан баатыр уулу болгон. 1864-жылы ал бир катар кыргыз урууларын Орусияга каршы ыйык казатка чыгууга үндөгөн. Чоң Кара-Бууранын жердеген, Аксы, Ала-Бука, Чаткал кыргыздарында таасири чоң болгон Сарымсак датка 1865-жылы гана падышалык Орусияга багынган.

Ички Теңир-Тоодогу кыргыздар да Орусияга жөндөн-жөн моюн суна койгон эмес. Ички Теңир-Тоонун чордонундагы Кочкор, Жумгал, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо өрөөндөрүндө азык, сарыбагыш, саяк, черик, моңолдор, бугу, тынымсейит жана башкалар уруулар байырлаган. Тогуз-Торо менен Ак-Талааны жердеген чоро саяктардын өкүлү Осмон датка Тайлак уулу сарыбагыш уругунун төбөлү Ормон хандын уулу



Үмөтаалынын үзөңгүлөшү болуп, падышалык Орусиянын баскынчыл саясатына каршы ачык күрөш жүргүзгөн.

Ички Теңир-Тоодогу орусиялык таасирди орнотуу максатында 1863-жылы генштабдын капитаны Н.И.Проценконун кол башчылыгында Борбордук Теңир-Тоого «Кашкар кошууну» деп аталган чалгындоо тобу жөнөтүлгөн.

3-майда «Кашкар кошууну» Кастектен чыгып, Кемин, Боом капчыгайы, Орто-Токой жана Кызарт аркылуу Жумгал өрөөнүнө жеткен. Жумгалдагы кокондук 50дөй сарбаз коргонду таштай качкан. Андан соң Н.И.Проценконун кошууну Соң-Көл аркылуу түштүккө, Ак-Талааны көздөй илгерилеп, кокондуктардын Теңир-Тоодогу олуттуу тиреги болгон Куртка чебин каратып алган.

Н.И.Проценко Курткада өргүү алып, анан кошуундун бир бөлүгү менен чыгышка – Нарын өрөөнүнүн башка аймагына жер чалып жөнөгөндө, Орусиянын аскерлеринин кыргыз жерин басып кирип келе жатканына кыжырданган Үмөтаалы Ормон уулу менен Осмон датканын аскерлери Балыкчыдан Нарын өрөөнүнө кайтып келе жаткан подпоручик Зубаревдин отрядына Курткадагы Эки-Чат деген жерде кол салышкан. 1863-жылдын 19-июнунда башталган эки күндүк тирешүү маалында эки орус жоокери өлтүрүлгөн жана Зубаревден башка да жети жоокер жаракат алган. Кыргыздар орус аскерлерин эки жакка жылдырбай, эки күн бою Эки-Чатта камап турган.

Бул салгылашууда саяк колбашчысы Осмон датканын жоокерлери эрдик көрсөткөнүн бири-бирине көз карандысыз булактар тастыктайт.

Ак-Талаа аймагындагы куралдуу кагылышуулар Нарын жергеси оңой-олтоң эле Орусиянын карамагына багынып бербегендигин айгинеледи. Осмон Тайлак уулу таянган төбөлдөрдүн арасында саяктардын Чыны Дуулат уулу, Ботбай Байпак уулу, Жакып Аргын уулу сыяктуу чыгаандары болгондугу маалым.

Н.А.Северцов сыяктуу орус чалгынчыларынын жана саякатчыларынын маалымдашынча, бул салгылашууда Осмон датка бир эле учурда Орусияга да, Кокондун өкүлдөрүнө да моюн сунгусу келбегендиги анык көрүнгөн.

Орус аскерлеринин зекиткен жүрүшүнүн натыйжасында Ат-Башы аймагындагы чериктер (1863-жылы) Орусиянын букаралыгына өтүүгө мажбур болушкан.

Бул окуяларда Орусияга карата кайчы мамилелер улам келме-кезек болуп алмашып отурду. Маселен, 1864-жылы айтылуу Алымкул аталык

Кокон хандыгыгнын өкүлү катары Нарын жергесине аскери менен келип, Ак-Талаадагы Куртка чебин калыбына келтирткенде, Орусияга ылым санап калган айрым нарындык кыргыз уруулары кайра Кокон хандыгы тарабына жалт бурулган. Демек, падышалык Орусия Н.И.Проценконун кошуунунун чалгындоочу жана жазалоочу ыкмаларды аралаш камтыган жортуулу менен эле Нарын аймагын өзүнө биротоло имерип ала алган эмес болчу.

Совет доорунда, асыресе 1963-жылы, Кыргызстан Компартиясынын ошол кездеги жетекчилиги тарабынан Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышынын 100 жылдыгы «ыктыярдуу кошулуунун кылымдык майрамы» катары расмий таңууланып, шаан-шөкөт менен белгиленгени эсте. Чын-чынында, жогорудагы окуялар жана Осмон датканын кийинки жылдардагы эгеменчил күрөшү тастыктагандай, Нарын аймагы 1863-жылдан кийин деле күрөш отуна чулгана берген. Чериктердин бир бөлүгү гана орус падышасына ант бергендиги, калган бөлүгү Жетишаар мамлекетинин эгемендиги үчүн күрөшүп, бул эгемендикти эл аралык деңгээлде тастыктоого алпурушкан Жакыпбекти колдогондугу маалым.

Ырас эле, 1868-жылдан кийин деле Ат-Башы, Ак-Сайдан түштүгүрөөктө – азыркы КЭРдеги Кызыл-Суу Кыргыз автоном аймагынын жеринде кала берген черик, карабагыш, тейит ж.б. уруулар, Текестеги бугу уруусунун бөлүгү, тарбагатайлык кыргыздар падышалык Орусиянын букаралыгын таанышкан эмес.

Алымкул аталыктын аскери чегинип кеткен соң, 1864-65-жылдары Нарындагы бир катар уруулар Орусиянын аскери кайра илгери сүңгүп келе жатканынан кабардар болуп, чет-четинен Орусиянын букаралыгына өтө баштаган.

1867-жылдын соңуна чейин Орусиянын карамагына өтпөгөн тарапты башкарган нарындык кыргыз бийлеринин арасында Осмон датка жана Үмөтаалы Ормон уулу бараандуу турушту.

Орусияны жаңы оторчул аскер бийликтери эгемендик үчүн күрөшкөн чыгаан кыргыз бийлеринин артынан сая түшүү үчүн улам жаңы кошуунду аттандырып турган. Маселен, 1867-жылы жайында Жети-Суу облусунун аскер губернатору, генерал Герасим Алексеевич Колпаковский Нарын аймагына атайын кошуун жиберүүгө буйрук берген. Ошол жылы жай мезгилинде бул тоолуу өрөөнгө полковник В.А.Полторацкийдин мыкты куралданган аскери жөнөтүлгөн. Орус аскери Кочкорго келгенде, сарыбагыш уруусунун жергиликтүү бийи,



мурда Орусияга каршы тарапты колдогон Төрөгелди баатыр Санкт-Петербургдун саясатын колдой турганын билдирген.

Ал эми түштүгүндө Чатыр-Көлдөн түндүктөгү Кара-Кужурга чейинки ири аймакты жайлаган сарыбагыш, чоро саяк, моңолдор, тынымсейит урууларынын бир катар өкүлдөрү (жалпысынан, 8 миң түтүндөй калк) Орусияга баш ийбеген Үмөтаалы Ормон уулун жана анын шериги Осмон датканы колдоого алып жатышкан. Жер өңүтүн мыкты билген Үмөтаалы Нарындагы улам башка кокту-колотко журт которуп, партизандык ыкманы колдонгон.

Полковник В.А.Полторацкийдин аскеринин илгерилеши менен, 1867-жылы кокондук сарбаздар Ак-Талаадагы Куртка чебин биротоло таштап, Тогуз-Торо жана Көк-Арт аркылуу Чыгыш Фергана аймагына чегинүүгө аргасыз болгон. Орус аскерлери кокондук аскерлерди кууп жете албай калган.

Бир эле учурда аскердик чалгындоо иштерин аткарып, андан тышкары Нарын жергесинде географиялык иликтөөлөрдү жүргүзгөн айтылуу саякатчы, географ, эколог, дарвинчи Николай Алексеевич Северцовдун (1827-1888) 1865-67-жылдардагы Ички Теңир-Тоодогу экспедициясы (андан мурда Чокон Валихановдун, Петр Петрович Семенов-Тян-Шанскийдин ж.б. Теңир-Тоодогу саякаттары сыяктуу эле) Орусиянын аскердик мекемеси тарабынан каржыланганы маалым. Нарында жүргөн Северцовго туш тарабынан жолу буула баштаган Үмөтаалы Орусия букаралыгын таануу ниетин ошол 1867-жылы оозеки билдирген. Полковник В.А.Полторацкийдин аскери Нарынга келгенде, Үмөтаалы Ормон уулу саякатчы Н.А.Северцовдун талабы менен кайрадан орусиялык кошуун башчылар менен жолугуп, бетме-бет сүйлөшүү жүргүзгөн. Бул жолугушуу Он-Арча өзөнүнүн куймасы болгон Оттук суусунун жээгинде өткөн. Алар мындан аркы мамилелерди тынчтык жолу менен чечүүгө келишип, Үмөтаалы падышалык Орусиянын букаралыгын тааный турганын тастыктап, уулу Акташты Верный чебине аттандырган.

Айтмакчы, Үмөтаалы Ормон уулу орус түбөлдөрүнө кийинчерээк жиберген катта бир нече жыл мурда Куртка жергесинде подпоручик Зубаревдун кошуунуна кол салгандардын аты-жөнү келтирилип, арасында үзөңгүлөшү Осмон датканын ысымы да эскерилген.

Ал эми Ысык-Көлдү жана ага чектеш айрым Нарын жайлоолорун жердеген бугу, жана тынымсейит урууларынын маанайы улам өзгөрүп турган. Маселен, айтылуу акын жана ойчул Арстанбек Буйлаш (Бойлош)

уулу бир кездери Анжыянда Алымбек датканын жанында болуп, Кокон хандыгынын коомун ичтен үйрөнгөн. Орусиядан эгемен болуу идеясы козголгон анын ырларынын биринде Жетишаар мамлекетин негиздеген Жакыпбектин тарабын тутуу оюу да камтылган.

«Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң» – деп ырдаган Арстанбек да ошол доор тогошкон жылдары өз элинин эгемендик жолун издеген.

Түндүктөн падышалык Орусиянын, Чыгыштан цин Кытайынын баскынчылык саясатына каршы туруу үчүн жалаң гана кыргыздар эмес, жалпы түрк калктары ынтымакта турушу керектиги тууралуу анын оюу мындайча ыр саптарынан көрүнөт:

«Казак, кыргыз жыйылып,
Бата кылып алсак бейм?
Кашкардагы Бадөөлөт
Ата кылып алсак бейм?»

Тынымсейит уруусунан чыккан ак таңдай акын Арстанбек Кашкарды ордо кылып, Кытайдан да, Кокондон да, Орусиядан да эгемен мамлекет курууну көздөгөн Жакыпбекти колдоо аркылуу улам илгерилеген орусиялык баскынчыл аскерлерге каршы жекече маанайын чагылдырган.

Дал ушундай эл эки анжы болуп турган чак 1867-жылы да улантылганын кыргыз тарыхчылары адилет белгилешет. Тээ 1855-жылдын башынан бери Орусия тарабын көздөшкөн делген бугу уруусунун өкүлдөрү деле андан 12 жыл кийинчерээк арсар мамиледе болушкан. 1867-жылы бугу манаптары Тилекмат, Мураталы жана башкалар Жакыпбектин мамлекетине жылуу маанайда караганы буга далил.

Нарындык кыргыздарды биротоло багындыруу үчүн падышалык оторчул бийликтер Нарын жергесинде туруктуу аскер жайын курууну чечишти. Ошентип 1867-жылы болочокку калаа жайгашкан тургун жайда алгачкы орусиялык аскердик курулуштар курула баштаган.

Нарында орусиялык аскердик жай негизделгенден бир жыл өткөн соң гана, 1868-жылы Нарын аймагынын басымдуу көпчүлүк калайыгы падышалык Орусиянын өкүмүн тааныгандыгы азыркы пост-советтик тарыхнаамада эркин айтылып калды.



Бул жүрүм андан ары деле оңой-олтоң болгон эмес. Орусиялык оторчул бийликтер нарындык кыргыздарды экиге жиктеп, буга чейинки эгеменчил бийлерди кодулатканга, жергиликтүү шайлоолорго талапкер катары каттатпаганга далаалат кылган.

Маселен, 1868-жылы Токмок үйөз башчысы майор Г.С.Загряжский Нарын, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө кыргыздардын арасында болуштуктарды түзүү жана түтүн эсебин алып, алык-салык иштерин уюштуруу боюнча атайын максат менен Теңир-Тоо чөлкөмүнө келген жана болуштукка шайлоо учурунда Үмөтаалы Ормон уулу менен Осмон датканы шайлоого талапкер катары жолотпой койгон.

Кодулоо-басмырлоонун ыкмаларынын бири – тиешелүү бийдин жакынын, көбүнесе үй-бүлө мүчөсүн каматуу эле.

Үмөтаалы Ормон уулунан айырмаланып, Осмон датка оторчуларга каршы маанайынан жанбай турду. Ошондо анын уулу Мамыркан камакка алынып, кишенделип Верный чебиндеги абакка жөнөтүлгөн. Жогоруда айтылган бугу баатыры Балбайга ж.б. каршы оторчул амал чоро саяктарынын өкүлү Мамыркан Осмон уулуна карата да колдонулган.

Осмон датка болсо үрөйү учуп калбастан, эгемендик үчүн саясатын андан ары тереңдетип, улам Ак-Талаа жана Тогуз-Торо аймактарындагы конуш жайларына ары-бери журт которуп, согуш аракети үчүн оңтойлуу учурду издеген.

Кыйла жакындарын, бала-бакырасынын бөлүгүн Кокон хандыгына таандык Чыгыш Фергана аймагына көчүрүп жиберип, Осмон датка 1868-жылы 1-июлда үйөз башчысы Г.С.Загряжскийдин өргүү жайына кол салат. Аз жерден үйөз башчы колго түшпөй калып, түн жамынып качып чыгат.

Эгерде үйөз башчы кармалса, Верный абагындагы уулу Мамырканды ага алмаштырууну көздөгөн Осмон датка туткунга түшкөндөрдү (анын ичинде Шабдан Жантай уулунун кол башчысы Баяке баатыр да болгонун тарыхчы Белек Солтонкелди уулу Солтоноев эскерет) алып, Көк-Арт тарапка, андан соң Кашкар тарапка өтө качкан.

Адатта Шабдан манапты өзгөчө мактап, анын орус оторчул бийлигинен алган медалдарынын ар бирин даңазалап келебиз. Иш жүзүндө Шабдан манаптын Теңир-Тоо менен Алайдагы эгеменчил кыргыздардын канатын кайыруу үчүн оторчул бийликтерге жагына кызмат кылган 1860-70-жылдардагы талаш-тартыштуу ишмердиги калыс сынга алынбай келет. Эгерде Шабдандын кошуунунун чукул жардамы

болбогондо, Осмон датка үйөз башчы Загряжскийдин кошуунун кыйла жеңил кыйратышы ыктымал эле.

Албетте, падышалык Орусияга каратылып, андан соң большевиктик ыңкылаптан кийинки социалдык-экономикалык рефоормаларды баштан кечирип, кыргыз коому кыйла илгери секирген. Бирок ушундай позитивдүү натыйжаларга таянып алып эле, «Кыргызстан, анын ичинде Түндүк Кыргызстан Орусияга ыктыярдуу баш кошкон» деген жобону сайрап, Осмон датка сыяктуу эл баатырларынын эмгегин көз жаздымда калтыруу – тарыхка бир тараптуу, бир беткей, бурмалоочу мамиле жасоо дегендикти туюнтат эмеспи.

Осмон датканын эгемендик үчүн күрөшү 1991-жылы биротоло эгемендикке жетишкен Кыргызстандын элинин мүдөөсү менен дал келээрин жок дегенде 2013-жылы таасын айтууга тийишпиз.

Орус оторчуларына Нарындагы, Тогуз-Тородогу кызматы үчүн Шабдан Жантай уулу падышалык Орусия өкмөтүнүн чечимине ылайык II даражадагы сый чепкен жана Станислав тасмасына тагылган чоң алтын медал менен сыйланган. Ал эми Шабдандын аскерлеринин тузагына илинбей, Осмон датка аман эсен Көк-Артка, б.а. (азыркы Жалал-Абат облусундагы Сузак районуна караштуу) ошол учурда Кокон хандыгынын өкүмү жүргөн аймакка, андан соң Жакыпбек бийлик кылган Кашкар тарапка журт которгондугу теңир-тоолук жана чыгыш ферганалык кыргыздардын бир бөлүгүнүн Осмон датканын каармандык күрөшүнө ылым санагандыгы менен да байланыштырылышы абзел. Алайдагы Курманжан датка да Осмон баатырга тилектеш болгон, бирок кокондук бийликтен колдоо таппаган Осмон датка түштүк-чыгышка жылып, Жетишаар мамлекетинин чегине өтүп кеткен.

Бул окуялар тууралуу акын жана санжырачы Тоголок Молдо (Абдыракман Байымбет уулу) өз чыгармаларынын биринде кайрылып: «...Тайлак баатырдын уулу Осмон оруска сурак бербеймин деп, өзүнө караштуу элин көчүрүп, Кытайды (Кашкарды) карай көчөрдүн алдында жасоосун айрып туруп, камына утурлап, Шабданды басып, узун сакал майыр (майор) терекке чыга качып, Баяке баатыр жана боркемик Ырайымбекти, Келдибекти кармап, колго түшүрүп, байлап кетет. Ошо бойдон Көк-Арт ашуусун ашып, Кулданбестин алкымы менен Кашкарга үркүп барып, он бир жылга дейре Кашкардан келбей, оруска урак бербей турган», – деп жазган.

Жакыпбек (өзүн Ба-даулет, бак-дөөлөттүү өкүмдар деп атаган Мухаммед Йакуб; 1820-1877) болсо Орусия менен өз оюнун жүргүзүп,



Осмон датканы абакка салганы тууралуу жана ага карама-каршы маалыматтар бар. Айрым санжыралык маалыматка караганда, Осмон баатыр Жакыпбектен запкы чекпестен, тескерисинче, Жетишаардын Кыргызстанга чектеш тоолуу аймагында бий катары өкүмүн жүргүзгөн экен.

Жакыпбек чыгыш түркстандык кыргыздарга жана казактарга таянган. Таранчы деп аталган уйгурлар жана сарт аталган кош тилдүү (чагатай түрк жана парсы тилинде эркин сүйлөгөн) кокондук келгиндер да Жакыпбектин кошуунунда болгон. Анын мусулман мамлекетин Чыгыш Түркстандагы дунгандар колдогондугу да маалым. Дунгандардын колбашчысы – айтылуу Мухаммед Айуб Бийанху (Бо Янху; 1840-1882) оболу 1862-жылы Шэньсидеги дунгандардын цин-манчжур зулумдугуна каршы көтөрүлүшүнө катышкан, андан соң Гансу аркылуу Чыгыш Түркстанга чегинип, 1870-жылдары Жакыпбектин Жетишаар мамлекетин колдогон (кийинчерээк Түндүк Кыргызстанга өзү жетектеген журту менен бозгун болуп келип, Чүй өрөөнүндө каза болгон).

1876-жылы цин-манчжур аскерлери Жетишаар мамлекетинин чыгыштагы орчун шаары Үрүмчүнү каратып алышат. Мындагы дунгандардын кыйласы Жети-Сууга, Бийанху баштаган бөлүгү – Кыргызстандын Чүй бооруна чейин баш калка издеп качып келишкен.

1877-жылы 31-майда Жакыпбек өзүнүн жан жөкөрлөрү тарабынан өлтүрүлгөн. Өлкөдө такты талаш баталып, бул учурдан пайдаланып, цин-манчжур аскерлери Жетишаардын улам бир шаарын каратып, илгерилей берген.

Орусия оторчулугуна каршы Осмон датканын таянычы болгон Жетишаар мамлекети 1878-жылы цин-манчжурдук Кытай тарабынан биротоло кыйратылган соң, Нарындан жана Ферганадан Кашкарга өтө качкан далай кыргыз чыгаандары өз атажуртуна кайтууга аргасыз болушкан. Ошол доордо Кытайдын батышында байырлаган кыргыз урууларынын арасында кала берген теги ала-тоолук топтор да болгон (арасында, маселен, бугу манабы Боронбай Меңмурат уулунун айрым урпактары азыр да Текести жердешет. Кулжа аймагы 1882-жылы биротоло Кытайга өткөн соң деле бул аймакта кыргыздар менен казактар кала беришкен. 2012-жылы сентябрда Кытай бийлигинин чакыруусу менен жоон топ кыргыз журналисттери кулжалыктарда сапарда болдук. Мындагы текестик кыргыздар автономдук макамы бар айылдарда жашашат экен).

Осмон датка Жетишаар өкүмдары Жакыпбек өлтүрүлгөндөн көп узабай, 1877-жылдын ичинде Кыргызстандагы киндик каны тамган жерге кайтып келет.

Орус оторчул бийликтери Осмон баатырдын саясатка аралашуусунан чочулашкан, бирок анын эл-журттагы кадыр-баркы менен эсептешишкен, Осмон датканын барымтасында болуп, кийинчерээк бошотулган орус офицери да Осмон датканы колдогон тил кат жазып берген. Ошондуктан анын 90дон ашып өз өмүрүнүн сонуна чыгышына чейин Нарында саясаттан тышкары тынч оокат кылып жашоосуна оторчул бийликтер бөгөт коюшкан эмес.

Осмон датка атажуртуна кайтып келген 1877-жылы Ак-Талаа, Тогуз-Торо аймагы тогуз жылдан бери оторчул система алдында жашап жаткан; ал түгүл Фергана аймагындагы Кокон хандыгы да биротоло ойрон болгонуна бир жыл болгон. Жаңы кырдаалда элге кайтып, элинин түндүктөгү кубаттуу мамлекетке отор болгон учуруна туш келип, Осмон датка ички теңир-тоолук кыргыздардын ичинен оторчул бийликке баш ийүүгө аргасыз болгон эң соңку төбөл болуп калган.

Демек, кайсы бир деңгээлде Ички Теңир-Тоонун Орусияга каратылышынын биротоло жыйынтыкталышын 1868-жылдагы окуялар менен гана эмес, Осмон датканын Кашкардан элине кайтышы менен да өлчөөгө болот.

Эгерде Жетишаар мамлекети ички ыйкы-тыйкыдан улам алсырап, цин-манчжур мамлекетинин кол астында калбаса, Осмон датканын тагдыры кандайча өнүгөөр эле, муну жоромол кылуу – тарыхчынын иши эместей.

Тек гана айтарыбыз – Ички Теңир-Тоонун эң чыгаан уулдарынын бири болгон Осмон датканын жаркын элеси пост-советтик эгемен Кыргызстандын тарыхнаамасында ачык чагылдырыла баштаганы бизди канаттандырат.

Эгемен Кыргызстандын саясий бийликтери бул баатырдын элесин эскерүүгө жаңы гана кам ура баштады. Жергиликтүү бийликтердин колдоосу астында быйыл Осмон датканын айкели Казарман жергесинде орнотулду. Осмон датканын элесине арналган илимий-практикалык жыйын өткөрүү камылгалары жүрүүдө.

Колуңуздарга тийип жаткан бул чакан китепке Осмон датка Тайлак уулунун орошон өмүрүнүн айрым учурлары тууралуу гана азыноолак маалымат топтолду. Осмон датканын орошон өмүрү тууралуу ар кыл маалыматтар камтылган макалалар, чыгармалардын үзүндүлөрү,



урпактардын баалары башка булактарда да жарыяланып келет. Тоголок Молдонун катчысы, акын жана дастанчы Абдыкалык Чоробай уулу, эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиев, тарыхчылар Сабыр Аттокуров, Токторбек Өмүрбеков, Ташын Кененсариев, журналист Тайлак Абдылдабеков жана башка калемгерлер жазган чыгармалар Тайлак баатыр менен Осмон датканын доорун аңдообуз үчүн орчун роль ойноп келет. Орус архивдеринде, орусиялык жана башка саякатчылардын эскерүүлөрүндө, саякатнаамелеринде, кыргыз санжыраларында Осмон датка тууралуу ар кыл маалымат кумга сиңген алтын бүртүктөрүндөй чачырап кала берүүдө. Буюрса, аларды диссертациялык деңгээлде иликтеген жаш окумуштуулар аспирантуралардын ирегелерин сагаалап жатышкандыр.

Осмон датка жана анын доору тууралуу ар кыл маалыматты бир китепке топтоп жыйуунун алгачкы саамалыгын жүзөгө ашыргандыгы үчүн биз Осмон датканын азыркы урпактары Таалайбек Өмүрбектеги агайга, журналист Бурмакан Сатыбалдиева айымга терең ыраазычылык билдиребиз. Дегиңкиси, уруулук тегибизге карабастан, баарыбыз тең өзүбүздү Тайлак баатырдын жана анын татыктуу уулу Осмон датканын бүгүнкү урпактары санайбыз.

Осмон датка баатыр атабыздын арбагы ыраазы болсун. Кыргызстандын эгемендиги жана демократиялык өрүшү мындан ары да өркүндөй берсин.

*2013-жылдын тогуздун айынын (октябрынын) 8и*
*Бишкек шаары, Кыргызстан*

Нарын облустук китепканасы
№ 55040 сбо

*Сабыр* ***АТТОКУРОВ,***
*тарых илимдеринин доктору, профессор*

## Тайлак баатыр

Ачыктык, көп пикирдүүлүктүн салкын жели таптык бир жактуулуктун жана партиялуулуктун уюган кара туманын айдап таратууда. Бирок ал өзүнүн позициясын али өткөрүп бере элек. Ал жалаң эле изилдөөчүлөрдүн эски ыкмага көнүп калганы менен түшүндүрүлбөйт. Элдин социалдык түзүлүшү да ага көмөктөш болууда. Майда буржуазиялык психология мурунку көчмөн элдердин өкүлдөрүнө, дыйкан чарбаларынын ээликтеринде терең орун алганы баарына маалым. Дал ошолордун таасиринин астында изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү идеологиялык олку-солкулукка кириптер. Анын залдары илимий изилдөөдө көрүнүүдө. Бул өзгөчө коомдук илимдердин өкүлдөрүнө тиешелүү. Көбүнесе тарыхый инсандарды баалаганда алар же ашыра мактоого, же аябай каралоого кеңири жол берилген. Ал эми элдик баатырлар жөнүндө «ээүүчү» таптардын өкүлдөрү жөнүндө ургундулай такыр эле үн катпай коюу да кеңири тараган. Тарыхтын бетинен андай каармандарга орун берилген эмес. Ошентип манкурттук башталган. Партиялуулуктун оор мурасы бара-бара өзүнүн күчүн жоготууда. Бирок анын пайгамбарлары асыресе ооздоруна суу толтуруп алган сыяктуу унчукпоодо, ордо калемгерлери кагаз бетине из салбоодо.

Ал эми изилдөөчүлөрдүн жаш муундары тарыхтын ак тактарын айрым чыгармалар менен толуктоодо. Акты жана караны, чындыкты жана болмушту аралаштырып мезгилдүү басма сөз аркылуу өткөнгө үстүртөн көз жүгүртүлүүдө. Бул өзгөчө кыргыз санжырасы жана аны менен тыгыз байланышкан тарыхый инсандар тууралуу баяндамаларга тиешелүү. «Жоголгон бычактын сабы алтын» эрежесин жетекке алган айрым авторлор биринен-бири өтүп бийлерди, бектерди, манаптарды, даткаларды жерге-сууга тийгизбей мактаган, актаган статьяларды жарыялашууда. Бул агым кыргыздардын элдик баатыры Тайлакты да өз огуна салды. Ооба ал кандай айтса да жараша турган тарыхый инсан. Бирок илимий чыгармалар кошоктогон жактоодон айырмаланып белгилүү булактарга таянышы абзел.

Тайлак жөнүндөгү эл оозунда сакталган кабарларды жыйнагандардын ичинен Белек Солтоной уулу өзгөчө бөлүнүп турат.



Анын 1993-жылы «Учкун» басмасы тарабынан жарыкка чыгарылган «Кызыл кыргыз тарыхы» деген китебинин биринчи бөлүгүндө кыскача баяндама бар. Бирок анда Тайлактын Циндик кытай менен кыргыз жергесинде болгон эки урушун аралаштырып жиберген. Анысы аз келгенсип, Тайлактын циндик кытайга каршы аракетин жактырган эмес, кытай тарапты жактагандардын кийин ойлоп чыгаргандарынын туткунунда калган. Ал ойлоп чыгаруулардын эң негизги максаты Тайлактын жеңишинин таазирин басаңдатуу, аны үчүн уруштун акыркы чечүүчү этабында Куртка чебиндеги Кокондун сарбаздары келип калып, айкаш жеңиш менен аяктаган деген уламыш. Бул көрө албастыктын, уруулук эрөөлдөшүүнүн азыгы. Кытай булактарында мындай фактылар жок. Эгер ал чындык болсо, кытай бүткүл күнөөнү Кокон хандыгына оодара салып, бүт дүйнөгө ал жөнүндө жар салып, батыш жүрүшүнө шылтоо таппак. Жангирди жана Тайлакты мындай таштап Кокон менен ачык кармашка чыкмак. Кытайдын асмандан тилегени жерден табылмак. Ушул себептүү жогорудагы «кабар» ордолуктардын учурган өрдөктөрүнүн бири. Тарыхта болбогон окуя. Тайлактын көзү тирүүсүндө эле анын душмандары тарабынан кеңири тараган ушактардын бири: «Тайлак кытайдын аскери айылды басып киргенде анын жигити Ноорузбай (экинчи кабарда Бөбөтай), боз үйгө киргизип байлап койгон Буурул атты мине качып – Тайлакка анын куйругун карматып ала качып кутулткан». А эми бул өңдөнгөн ушактар жалаң эле Тайлакка эмес анын уулу Осмонго да каршы багытталган. Анык кабарлар боюнча, кытайлар айылдын калкын мууздап салган. Аман калгандардын арасында Тайлактын энеси жана анын улуу уулу Осмон эле. Муну таза кокустук менен түшүндүрүүнүн ордуна, «Осмонду чоң энеси дамбалына сала койгон имиш» деген божомолдоо тараган. Бул жердеги чындыкка бап келгени Буурулду мине качкан жигит, ал башка айылда жаткан Тайлакка кандуу окуя жөнүндө кабар бергени жана чоң эне менен небереси өлүктөрдүн арасында аман калышы. Белек Солтоной уулунун аталган китебинде дагы бир маанилүү кабар бар. Анда автор «Тайлак 42 жашта өлгөн» деп жазат.[1] Бул кээ бир чаташкандыктарга жол берилгендигине карабастан кыргыздарга арналган жалпы чыгармада Тайлак жөнүндөгү биринчи сөз. Ар кандай тарыхый чыгарма белгилүү булактарга таянышы баарыга белгилүү. Бул очеркте биз негизинен орус окумуштуусу В.С.Кузнецовдун «Цинская империя на рубежах Центральной Азия»

---

[1] Солтоев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Бишкек, 1993. – 192-б.

«Новосибирск, 1983) деген китебинде жарыяланган кытай архивдеринен, жыл наамаларынан алынган документтер пайдаланылды. Шарттан пайдаланып мырза Кузнецовго ыракмат айтууну туура таптык.

Тайлак тууралуу ак кагазга из калтыргандардын биринчилери Тоголок Молдо. Бирок анын кол жазмасы дарексиз. Кээ бир оозеки кабарларга караганда улуу акын ал жөнүндө поэма жазган. Тилекке каршы ал да бүгүнкү күнгө чейин белгисиз. Анын жолун А.Чоробаев улап «Тайлак баатыр» деген поэманы 1959-жылы басмадан өзүнчө китеп кылып чыгарган. Анда баатырдын өмүрбаяны ыр менен баяндалган. Кээ бир чордоно жаздымдар поэманын кара сөз менен жазылган бет ачарында келтирилген. Анда «Эдиге төрө сарбагыш Ниязбекти кыстап: «Тайлакты кармап бер, болбосо сага караштуу элиңди чаап олжолоп кетем», – деген имиш. Ал эми Ниязбек болсо: «Мен жаңыдан эл аралап эми араң сарбагышты колго алып, турган кезим. Тайлак болсо Кокон менен кармашып жеңген, атактуу чоң баатыр. Менин төрөгө көрсөткөн жардамым жалгыз гана Басыз, Чоронун колунун санаты канча экенин билип берүү", – деп аны үчүн жети күн мөөнөт сурап, аттарды өзүнө карата чубатып колу көп экен. Төрөм өзү эле жекеге чакыра берсин», – деп чыга берет.[2] Ниязбек XIX кылымдын 20-жылдарда эле дүйнөдөн кайткан, Тайлактын атасынан улуу инсан. Ал кезде Сарбагышты Ормон бийлеп турган. Бирок адабий чыгармаларда мындай эркиндикке кээде жол берилет. Бирок андай чындыкка карама-каршы келген жерлер поэмада аз эмес. Ошол кездеги саясатчыл оома теорияга кулдук урган А.Чоробаев Тайлак баатырды Жангир кожонун душманы катары көрсөтүүдө аябай аракеттенген:

«Кокон менен доолошуп,
Жангир менен жоолашып,
Талыкпастан таймашып,
Бул Тайлак сойгон кожону,
Омкоруп өткөн ошону.[3]

Сакталып, бизге чейин жеткен кытай жазууларында Тайлак менен Жангир үзөңгүлөш жүрүп Кашкарды алган адамдар катары мүнөздөлөт. Тайлак жана агасы Атантай кожолордун козголоңуна активдүү катышкан.

---

[2] Чоробаев А. Тайлак баатыр. – Фрунзе, 1959. 74-б.
[3] Ошондо.



Ошентип Тайлак баатыр жөнүндөгү жазма булактар негизинен кытай жыл наамаларында сакталып калган. Анын басымдуу көпчүлүгү Кузнецов тарабынан жарыялангаанын биз айттык эле. Бул өтө ишеничтүү булак. Ишенерлик учкай кабар кытайдагы кыргыз тарыхчысы Анвар Байтурдун «Кыргыз тарыхынын лекциялары» аттуу китебинде да бар.

Экинчиси, элдин оозунан чогултулган материалдар. Бул Ы.Абдрахмановго, Т.Молдого тиешелүү. Ал эми бирин-экин эл оозунда сакталып калган кабарлар кадимки элдик көркөм чыгармалардан өтө аз. Ошолордун кээ бирлерин андан-мындан уга калгандарын өз атынан жарыялап жүргөндөрдүн ичине С.Закиров, (Ленинчил жаш, 3-апрель 1990-ж.), Т.Асанов, («Мурас» 1991-ж. №1) жана баатырдын небереси журналист Бурмакан Сатыбалдиева («Жеңиш Туусу» 19-сентябрь, 1991-ж., «Ленинчил жаш» 13-март, 1990-ж.) ж.б. кирет. Бул жарыялоолордун ичинен Б.Сатыбалдиеванын статьялары окурмандарды өзүнө тартат.

Тайлак баатырдын кайгылуу өлүмү кыргыз элин мүңкүрөткөн. Анын жаркыраган элесин түбөлүккө калтыруу үчүн каражат чогултуп күмбөз салышкан. Бирок бул жерде сөз учугу башка жөнүндө улантылууда. Тайлак баатырдын согуш жолунун чыйыры баарыга маалим. Бирок, ошого карабастан, бүгүнкү күнгө чейин имиштер менен болмуштар эл оозунан кагаз бетине түшүрүлүп, андан кийин мезгилдүү басма сөз аркылуу миңдеген нуска менен тароодо.

Авторлор биринен-бири өтүп тарыхый чындыкка келбей турган кабарды жарыялоодо. Бул элибиздин улуттук баатыры Тайлактын ысымына шек келтирүү, болбогонду болду делүүдө. Оюбузду бекемдөө үчүн С.Закировдун статьяларындагы кээ бир фактыларга кайрылалы. Бул автор өзүнүн жарыялоолорунда санжыра менен элдик оозеки чыгарманы камырдай жууруп чындык менен болмушту бир катарга коюп, апыртмалуу кабарларды жарыялаганы белгилүү. Жомок менен тарых эгиз болууда. Бул макалада Тайлакка тиешеси жок Тобок алп жөнүндөгү элдик оозеки чыгарма төкпөй-чачпай баяндалат.

Тайлак баатырдын Кокон ханынын кол башчысы казактын төрөсү султаны Эдиге менен болгон урушу бөтөнчө бурмаланып берилет. Биринчиден, уруштун болгон убагы туура эмес. «Бул окуя Аблайдын чабуулунан мурда болгон экен» делинет. Аблайдын кайсы чабуулу жөнүндө сөз жүргөнү белгисиз. Анын кыргыздарга каршы өткөргөн акыркы урушу 1769-70-жж. болгон. Ал кезде Тайлактын энеси беш көкүл кыз. Экинчиден, Эдиге Эраалы колдуу болбой эле, Тайлак менен болгон жекеде өлгөн. Бул автордун Тайлактын эрдигине шек келтирүүгө жасаган

«Новосибирск, 1983) деген китебинде жарыяланган кытай архивдеринен, жыл наамаларынан алынган документтер пайдаланылды. Шарттан пайдаланып мырза Кузнецовго ыракмат айтууну туура таптык.

Тайлак тууралуу ак кагазга из калтыргандардын биринчилери Тоголок Молдо. Бирок анын кол жазмасы дарексиз. Кээ бир оозеки кабарларга караганда улуу акын ал жөнүндө поэма жазган. Тилекке каршы ал да бүгүнкү күнгө чейин белгисиз. Анын жолун А.Чоробаев улап «Тайлак баатыр» деген поэманы 1959-жылы басмадан өзүнчө китеп кылып чыгарган. Анда баатырдын өмүрбаяны ыр менен баяндалган. Кээ бир чордоно жаздымдар поэманын кара сөз менен жазылган бет ачарында келтирилген. Анда «Эдиге төрө сарбагыш Ниязбекти кыстап: «Тайлакты кармап бер, болбосо сага караштуу элиңди чаап олжолоп кетем», – деген имиш. Ал эми Ниязбек болсо: «Мен жаңыдан эл аралап эми араң сарбагышты колго алып, турган кезим. Тайлак болсо Кокон менен кармашып жеңген, атактуу чоң баатыр. Менин төрөгө көрсөткөн жардамым жалгыз гана Басыз, Чоронун колунун санаты канча экенин билип берүү", – деп аны үчүн жети күн мөөнөт сурап, аттарды өзүнө карата чубатып колу көп экен. Төрөм өзү эле жекеге чакыра берсин», – деп чыга берет.[2] Ниязбек XIX кылымдын 20-жылдарда эле дүйнөдөн кайткан, Тайлактын атасынан улуу инсан. Ал кезде Сарбагышты Ормон бийлеп турган. Бирок адабий чыгармаларда мындай эркиндикке кээде жол берилет. Бирок андай чындыкка карама-каршы келген жерлер поэмада аз эмес. Ошол кездеги саясатчыл оома теорияга кулдук урган А.Чоробаев Тайлак баатырды Жангир кожонун душманы катары көрсөтүүдө аябай аракеттенген:

«Кокон менен доолошуп,
Жангир менен жоолашып,
Талыкпастан таймашып,
Бул Тайлак сойгон кожону,
Омкоруп өткөн ошону.[3]

Сакталып, бизге чейин жеткен кытай жазууларында Тайлак менен Жангир үзөңгүлөш жүрүп Кашкарды алган адамдар катары мүнөздөлөт. Тайлак жана агасы Атантай кожолордун козголоңуна активдүү катышкан.

---

[2] Чоробаев А. Тайлак баатыр. – Фрунзе, 1959. 74-б.
[3] Ошондо.



Ошентип Тайлак баатыр жөнүндөгү жазма булактар негизинен кытай жыл наамаларында сакталып калган. Анын басымдуу көпчүлүгү Кузнецов тарабынан жарыяланганын биз айттык эле. Бул өтө ишеничтүү булак. Ишенерлик учкай кабар кытайдагы кыргыз тарыхчысы Анвар Байтурдун «Кыргыз тарыхынын лекциялары» аттуу китебинде да бар.

Экинчиси, элдин оозунан чогултулган материалдар. Бул Ы.Абдрахмановго, Т.Молдого тиешелүү. Ал эми бирин-экин эл оозунда сакталып калган кабарлар кадимки элдик көркөм чыгармалардан өтө аз. Ошолордун кээ бирлерин андан-мындан уга калгандарын өз атынан жарыялап жүргөндөрдүн ичине С.Закиров, (Ленинчил жаш, 3-апрель 1990-ж.), Т.Асанов, («Мурас» 1991-ж. №1) жана баатырдын небереси журналист Бурмакан Сатыбалдиева («Жеңиш Туусу» 19-сентябрь, 1991-ж., «Ленинчил жаш» 13-март, 1990-ж.) ж.б. кирет. Бул жарыялоолордун ичинен Б.Сатыбалдиеванын статьялары окурмандарды өзүнө тартат.

Тайлак баатырдын кайгылуу өлүмү кыргыз элин мүңкүрөткөн. Анын жаркыраган элесин түбөлүккө калтыруу үчүн каражат чогултуп күмбөз салышкан. Бирок бул жерде сөз учугу башка жөнүндө улантылууда. Тайлак баатырдын согуш жолунун чыйыры баарыга маалим. Бирок, ошого карабастан, бүгүнкү күнгө чейин имиштер менен болмуштар эл оозунан кагаз бетине түшүрүлүп, андан кийин мезгилдүү басма сөз аркылуу миндеген нуска менен тароодо.

Авторлор биринен-бири өтүп тарыхый чындыкка келбей турган кабарды жарыялоодо. Бул элибиздин улуттук баатыры Тайлактын ысымына шек келтирүү, болбогонду болду делүүдө. Оюбузду бекемдөө үчүн С.Закировдун статьяларындагы кээ бир фактыларга кайрылалы. Бул автор өзүнүн жарыялоолорунда санжыра менен элдик оозеки чыгарманы камырдай жуурул чындык менен болмушту бир катарга коюп, апыртмалуу кабарларды жарыялаганы белгилүү. Жомок менен тарых эгиз болууда. Бул макалада Тайлакка тиешеси жок Тобок алп жөнүндөгү элдик оозеки чыгарма төкпөй-чачпай баяндалат.

Тайлак баатырдын Кокон ханынын кол башчысы казактын төрөсү султаны Эдиге менен болгон урушу бөтөнчө бурмаланып берилет. Биринчиден, уруштун болгон убагы туура эмес. «Бул окуя Аблайдын чабуулунан мурда болгон экен» делинет. Аблайдын кайсы чабуулу жөнүндө сөз жүргөнү белгисиз. Анын кыргыздарга каршы өткөргөн акыркы урушу 1769-70-жж. болгон. Ал кезде Тайлактын энеси беш көкүл кыз. Экинчиден, Эдиге Эраалы колдуу болбой эле, Тайлак менен болгон жекеде өлгөн. Бул автордун Тайлактын эрдигине шек келтирүүгө жасаган

аракетиби, же казактардын арасында тараган «Эдиге эрөөл убагында, Тайлактын бир тууганы Эраалы атып өлтүргөн. Антпегенде кыргыздарда Эдигеге тең келүүчү баатыр болгон эмес», – деген куру патриоттук имиштерин колдогонубу, айтор, белгисиз. Иши кылып төрөлө элек Тайлак Эдиге менен беттешип, жарык дүйнөгө келе элек Эраалы айкашып жаткан Эдигени атып өлтүрөт. Бул жеке салгылашуунун байыркы адатын одоно түрдө бузуу болот. Көчмөндөрдүн салты боюнча ал катуу күнөө катары эсептелген. Жеке айкашуу эки тараптан бирөөнүн өлүмү менен бүткөн.

Тайлак баатыр жөнүндөгү эл оозунда жана мезгилдүү басма сөз беттеринде айтылып жана жазылып жүргөн жоромолдорго анын мүрзөсүн ленинграддык археологдор казгандыгы жана анын Ак бараңын, кылычын, жоого кийген кийимдерин алып кеткен деген кирет. Ал эми ырамтылык А.Чоробаевдин мектеп окуучулары менен болгон жолугушуусунда сүйлөгөн сөзүнө таянып Сатыбалдиева ошол буюмдар Пушкин шаарындагы музейде сакталып тургандыгы жөнүндө баяндайт. Биз бул кабарды Кыргыз улуттук илимдер академиясынын археологдору менен пикир алмашканда жана ленинграддык жолдоштор менен кат аркылуу жооп алганыбызда баатырдын мүрзөсүн эч ким тарабынан эч качан казуу жүргүзүлбөгөндүгү ачык болду. Анын үстүнө XIX кылымдын биринчи чейрегинде кыргыздарда өлгөн адамды курал жарагы менен көмүү адаты эбак унутулганын айта кетүү көптүк кылбас.

Мындай так эмес жарыялоонун Т.Асановдун, Ч.Акималиевдин, Б.Сатыбалдиеванын ж.б. статьяларында да кездешет. Тайлак баатырдын өмүрүн төрт чоң топко бөлүүгө болот. Биринчиси – балалык жана эр жетүү мезгили, экинчиси – Циндик кытайга каршы күрөшүүсү, үчүнчүсү – Кокон хандыгынын зөөсүнө каршы улуттук боштондук кыймылын жетектөө жылдары, төртүнчүсү – Тайлак баатырдын тынчтык ишмердиги. Тайлак баатырдын өмүр баяны кытай жана кокон хандыктарынын «жашыруун өтө жашыруун» деген архивдик документтеринде жатат. Ага асыресе кыргыз изилдөөчүлөрүнүн кудурети жетпейт. Анткени, биринчиден, Советтик доордо жашаган, билим алган, азыркы мезгилдеги илимпоздордун басымдуу көпчүлүгүн түзгөн изилдөөчүлөр бул оор жүктү өзүнө ала алышпайт. Экинчиден, Кокон хандыгынын мамлекеттик документтери тажик тилинде жазылган. Бул азыркы изилдөөчүдөн тажик тилин билүүдөн сырткары, араб алфавитинде окуй жана жаза билүүнү талап кылат. Демек, Тайлак



баатырдын басып өткөн жолун баяндоого аракет жасагандар бул кырдаалды эске алуулары абзел.

Жогорудагы айтылгандарга кыпчый кете турган нерсе, Тайлак жомоктун каарманы, ойлоп чыгарылган ойрондордун, же болбосо акындардын эргүүсүнүн азыгы эмес, кечээ жакында эле жашаган, өзүнүн оор тагдырына бап келген, кылымдык милдеттерди мойнуна өз эрки менен алган, ал үчүн өз өмүрүн, жигиттеринин өмүрүн таразага койгон инсан. Азыркы учурда, баатырдын болжолдуу өмүр баянын үстүртөдөн баяндоо үчүн кытай булактарын пайдалануу менен, элдик оозеки чыгармаларды пайдалануу ыкмасынан башка жол жок. Ошондуктан бул маселени чечүү жана аны аягына чейин жеткирүү кыргыз тарыхынын уңгу маселеси менен тыгыз байланышкан. Кытай жана фарс (тажик) тилдериндеги булактарды илимий жактан ар тараптуу изилдебей туруп элибиздин тарыхын ак баяндоого мүмкүн эмес.

Бул өзгөчө баатырдын Жангир кожо менен болгон мамилелери жана анын Чыгыш Түркстан жүрүшү менен тыгыз байланыштуу. Кытай булактары бул жөнүндө бир жактуу. Эгерде ал булактар негизинен Кашкардын акими менен Цин императорунун бири-бири менен болгон кат алышуулары, болгон окуяга «империялык», дипломатиялык ж.б. көз караштардын таасири болгонун эске алсак, ага толугу менен ишенүүгө болбосу мыйзам ченемдүүлүк. Бул документтерде Тайлак «Асман империясына» каршы «Телибай тентек» катары мүнөздөлөт. Бирок ошо бир жактуу, жек көргөн, «империянын душманы» катары жарыяланган адам, анын башы үчүн мындан мурда болуп көрбөгөн сыйлыктардын жарыяланышы, аны жок кылуу үчүн жалданма киши өлтүргүчтөрдүн Теңир-Тоого жиберилиши Тайлактын ким экенин жана анын чыгыш саясатында алган ордун айгинелеп турат.

Ушул эле маселени Түркстан чөлкөмүнө алып көрөлү. Ал өз доорунун азыгы катары, адегенде Кокон хандыгынын кордугунан «тынчтык» жол менен кытайлар үстөмдүк кылган, Теңир-Тоонун түштүк бетине, Турпанга жер которуп кетүүгө аракет кылат. Бирок дал ошол «балалык кыялы» анын көзүн ачат. Казак-кыргыз кандаш-боордош гана болбостон, тагдырлаш, эгиз эл экенин, уруулук кызыкчылык, аймактык бөтөнчөлүк, жеке кызыкчылык баарынан жогору экенин ачык баамдайт. Кокон хандыгынын оторчулук саясатына каршы кыймыл али өзүнүн баамдоо этабында болгонуна карабастан, анын түпкү максаты Теңир-Тоону өзүн менчиктөө экенин туйган.

Бирок саясий абал, эл аралык карым-катнаш кайсы тарапка багыт алары, кайсы тарап тоолуктарга катуу кысым көрсөтөрү али купуя эле. Тайлак өзүнүн кыска өмүрүн, жашоосун өлүмдүн кыл көпүрөсүнүн үстүндө өткөрдү. Бул мааниде ал кадимки дарчы эле. Бирок ал көпүрөнү өзү тандап алган. Анын эмне менен бүтөрүн бүшүркөгөн. Аны ага ишенген, анын туусу алдында тургандардан жашырган эмес. Анын ар бир аракети, ар бир жасаган кадамы өзү үчүн жана куралдаштары үчүн жашыруун сыр болгон эмес.

Тайлак Ала-Тоодой бийик жана ачык эле. Анын ой жүгүртүүсү менен иш аракетинин ортосунда эч качан айырма болгон эмес. Адамдын шери катары дайыма түз качырып, бет маңдай, бирме бир айкашта жеңген. Феодалдык бытырандылыктын, ич тарлыктын, чыккынчылыктын өзөгүн баамдаган жана ага каршы эч нерсе жасай албастыгын сезген. Ошол себептүү күчтүү жана көп сандуу душмандар менен ачык кармашууну чечкен. Ал өзүнө жана ага ишенген, аны менен ысыкты жана суукту, жамандык менен жакшылыкты, жеңиш менен жеңилишти бөлүшкөн, жүрөгүндө карасы жок берендер менен майданга чыккан. Анын ишенгени балким бир Алладыр, бирок ал өзү эс тарткандан тартып, эр жеткенге жана алгачкы жана соңку айкашка чейин аскердик таалай түбү күчтүү, айлакер, куралды мыкты пайдаланган, жекече кармаштын бардык түрлөрүн өздөштүргөн жоокер тарабында болорун аягына чейин өздөштүргөн. Аны өзүнүн жигиттерине көнүгүү мезгилинде, уруш талаасында далилдеген. Ал баштаган кырк жигит душманга сел сыяктуу каптап кирүүчү, мергендер душмандын туусу турган жерди мээлеп ок чыгарса, жаа тартуучулар кошуундун оң жана сол тарабындагыларды жебеге жем кылуучу, Тайлактын эки жагындагылар аны коргоо милдетин аткаруучу. Уруш талаасында эр жигит өзү үчүн гана кам көрбөстөн, коңшусу үчүн да кам көргөн. Кырк жигит дайыма кол салуучу жана коргонуучу абалда болгон. Аны жигиттерге Тайлак өзүнүн баарыга маалим белги менен билдирүүчү. Бул байыркы сактардын илбээсин аталган анчалык чоң эмес кошундун сан жагынан артыкчылыгы бар, бирок бири-бири менен байланышы жок душман менен урушуунун ыкмасы эле. Бул тобокелге салуу, курулай жана көрсөтмө баатырлык болгон эмес, ал урушту жүргүзүүнүн жалгыз түрү да болбогон. Тайлакта уруштун башка ыкмалары бар эле. Кайсы ыкманы пайдаланууну ал өзү чече турган. Жыйынтыктап айтканда, Тайлак мыкты аскер башы эле. Азыркы замандын окурмандары, коммунисттик идеологияда тарбиялангандар, буга шек саноолору ыктымал. Ага каршы биздин



аргументибиз сабатсыз гунндар, сабаттуу Рим империясынын армиясын ойрон кылганы тарыхта айкын.

Андан сырткары, жаңы тарыхтан мисал келтирели. 1918-1921-жж. Согуштук орто жана жогорку окуу жайларын бүтүшкөн, мыкты куралданган, уруштун ар кандай түрлөрүнө катышкан генералдарды алардын бирин да көрбөгөн Фрунзе, Чапаев, Котовский ж.б. талкалашпадыбы. Көрсө, мындай мисалдар тарыхта боло берет экен. Өтө кедей жазма булактар, кылымдан ашык убак бул улуу адамды толук сүрөттөөгө, аны ой менен толук камтууга мүмкүндүк берген жок. Бирок анын жасаган иштери, аракеттери ал жашаган татаал доордун талабына шайкеш келиши, Тайлакты ири саясий жетекчи катары мүнөздөп турат. Анын денеси XIX кылымдын биринчи чейрегинде жашаган ири инсандардын арасынан алда кайдан бөлүнүп турган сыяктуу эле, анын тунук акылы, айкөлдүгү, жоомарттыгы башка уруу башчыларынан айырмалап турат.

Ар бир тарыхый инсан коомдук саясий өсүштүн азыгы. Алардын да ар кандайы бар. Бирок тарых, убакыт жетекчилердин, саясий агымдардын, партиялардын адилет соту эмеспи. Баарын ордуна коё турган күч ошолор.

Эмесе, окурман, эмки сөз кыргыздын улуу инсандарынын бири, боштондук кыймылынын көрүнүктүү өкүлү Тайлак баатыр тууралуу жүрөт.

Тайлак 1796-жылы теке айында Соң-Көлдө Ырыскул бийдин ак өргөөсүндө төрөлгөн. 1996-жылы анын жарык дүйнөгө келишине туптуура 200 жыл толот. Ушуга байланыштуу жерибизди басып алуучулардан коргогон, туткундарды бошоткон, коркууну, кол куушурууну билбеген, колонизаторлордун жакшы куралданган аскерин элдик ополчениенин күчү менен жеңген баатыр уулубуздун маарекесин өткөрүүнү, арбагын сыйлоону анын күмбөзүн реконструкциялоодон баштап, «Тайлак баатыр» фондусун түзүп, анын ысмын элибиздин сыймыгы катары укумдан тукумга калтырууга аракеттенсек. Анын айылы, сөөгү жаткан жер улуттук ыйык жерге, туристтер келип кете турган жайга айландырсак. Бул сунуштун турмушка ашышына убакыт бар, анын үстүнө Тайлактай уулдар кыргыз эмес, адамзаттын тарыхында өтө аз төрөлөрүн эске алуу зарыл.

***Шүкүрбек БЕЙШЕНАЛИЕВ,***
*Кыргыз эл жазуучусу, Токтогул атындагы*
*Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты*

## Тайлак – улуттук баатыр

Кыргыздар – далай коогалуу тагдырды аргасыз чыдап көтөргөн байыркы эл. Алтай, Енисей доорундагы, Чыңгыз хан апаатындагы кандуу кыргындар, чачылып бөлүнүүлөр көөнө тарыхтын барактарында жана дал учугу уланган урпактардын канында, акыл эсинде унутулбай сакталып келүүдө.

Соңку эки-үч кылымдагы эле тарыхыбызга кайрылсак, канча кайгылуу да, баатырдык да окуялар, табылгалар менен жоготуулар, толукшуу менен бөксөрүүлөр, биригүү менен ыдыроолор жанаша өкүм сүргөнү байкалат.

Алсак: калмактар менен кармашуу, цин-манжур баскынчыларынын мизин кайтаруу, казактардын Абылай, кийин Кененсары чабуулдары, Кокон хандыгынын талоону, орус падышачылыгынын бөлүп-жарып эзүүсү... Мына ушулардын баарына туруштук берип улут катары наамын, туруктаган жер аймагын коргоп жашоосун уланткан кыргыздар санынын аздыгына карабай ааламдагы сапатын жоготпогон калайыктын бири. Оторчуларга күнкор болгон замандарда дагы КЫРГЫЗСТАН өлкөсү дүйнөлүк картадан өз ордун ээлеп келди.

Өлкөбүздүн тагдырына кыйла коркунучтар түшкөндө «эл четинде, жоо бетинде» каармандык көргөзүп, баскынчылардан калкалаган даңазалуу баатырларыбыз бар. Жергесинин бүтүндүгүн коргогон баатырларды эли журтубуз комуз күүсүнө, ыр дастандарга айлантып өчкүс сыймык тутууда.

### *«Тайлак баатыр» даректүү романынын башкы главасынан*

Коомдук түзүлүшүбүздүн жагдайына байланыштуу жалпы улуттук жана да уруу кызыкчылыктары үчүн күрөшкөн баатырларыбыз белгилүү, арбын да. Алардын ар биринин даражасы, кадыр-баркы калк арасында жетишерлик. Дал ошондуктан айрыкча кийинки жылдарда демократиялуу, эгемендүү коомго багыт алгандан бери өткөндүгү атактууларыбызды урмат-сый сыпаттап эскерүү, аш-той салтанаттарын өткөрүү, күмбөз эскерткичтерин куруу, эскерүүлөрдү жарыялоо,



ысымдарын коюу республикабыздын чар тарабында күргүштөлүп жүргүзүлүүдө.

Жалпы элдик жана өкмөттүк кастарлоого татыктуу, болгондо да улуттук баатыр ТАЙЛАК (1796–1838) да тарыхый калыстыктын айдыңында толук баасын алып, кеңири салтанатталчу кезегине жетти.

Тайлактын түп бабаларынан тартып кыргыздын таржымал санжырасына из калтырган белгилүү адамдар. Азыркы түшүнүктөгү түндүк жана түштүк, же Анжыян менен Арканы мекендеген түбү бирге кыргыздын уюткулуу тукуму жаатында сөз жүрүүдө.

Арийне, даанышман Тоголок Молдо «Тарых, түпкү аталар» деген эмгегинде эң туура насааттаган: «Тарыхты ынтызарлуу окуп билип, үйрөнүп алса, өзүнүн кайдан келгенин, кай түрлүү калк экенин, таратылыштан бери дайындап билип алат. Тарых билбеген адам нени билет? Бул себептен барасаттуу адам баласына тарых билмек пайдалуу. О керектүү жумуш»[4].

Ынтаасы зор акын Ноо пайгамбардын үчүнчү баласы Жапистин уулу ТҮРКтүн баштап Кыргыздардын таралышын, анын ичинде САЯК уруктарын жетик изилдейт. Анын негизинде ТАЙЛАКТЫН түпкү жана кийинки аталары жөнүндө кыскача жоруптайт.

«Ныл дарыясын бойлой жердеген көчмөндүү калың кыргыздардын бир уруусу улам журт жаңылап, аңчылык жана жортуулда саякаттап жүргөндүктөн, аларды САЙАХ, же СИТ (скиф, же сак го – Ш.Б.) деп аташкан. Уруу башчысы Байыш баатыр КОЖАНТ шаарындагы ЭРЕШЕ ханга вазир болот. Кыпчак Эрешенин карындашы МАНИСАга үйлөнүп Ырай деген уулдуу болот. Байыш баатыр каза тапкандан кийин Маниса айымды иниси Эшен Карек алат. Анын уулу Молдо Шакир бара-бара Молдо Чекир атыгат.

Убагында энесине таарынып Азык (ДОМОхандын уулу) менен Кара Чорону ээрчитип Тагай бийге жетип түбүм Саяк, Байыш баатырдын уулумун деп САЯК аталган Ырай өзү баатыр атка конуп, Сыр-Дарыяда жортуулдап жүргөндө бирин бири издешкен иниси Чекир молдо экөө табышат.

Ырай баатыр иниси Чекир молдону (сабаттуу болгон) турук алган мекени Арстанбап, Чарбак жана Азирети Айыпка апкелип энчи бөлүп жашатып калган. Чекир Молдодон Куртка, Түгөл, Курткадан үч уул:

---

[4] *«Кыргыздар» 2-китеп. «Кыргызстан» басмасы, 1991ж. 5-бет. Мындан аркы шилтемдер ошондон – Ш. Б.*

Кудайберди, Аккабак – Ыман. Кудайбергенден: Кулжыгач, Чоро. Чоронун Барчыдаңшан: Тоймат, андан айтылуу Жадоолот. Ушерден аялдап китептеги («Кыргыздар» 29-б.) дарекке кайрылалы: «Жанболот баатыр деген атакты алып, Арстанбап, Чарбак, Азирети Аюб жана Көгарт, Отуз-Адырды жердеп сырттан Суусамыр, Жумгал, Кочкор, Куртка, Тогуз-Торо, Ат-Башы, Арпа жана Ак-Сай жайлоолорунан өтүп, алыскы Кашкар шаарына чейин жортуп, баатырдык кылган». Андан ары кытайлыктар менен чатагы, туткундалганы, көп азап көрүп кийин куткарылганы (Тобок баатыр алп туушканы аркылуу) кенен жазылган.

Дал ошол Жанболоттун уулу Ырыскул бийден: Атантай менен Тайлак – экөө бирдей эр азамат чыккан. «Жети атасын билбеген жетесиздерден» эмес, бабаларын ыйыктап, өзгөчө кечээки эле чоң атасы Жанболоттун эрдиктерине, жорук-жосунуна шерденип, алардай эл ишине жараган азамат болууну самап, Тайлак агасы Атантай экөө жаштайынан чыйрак, кагылып-согулуп эр жүрөк мүдөөлүү өсүшкөн.

«Бөрү атар уулдарды бөркүнөн таанышкан» нарктуу ата журту жарыша дымактуу, өскөлөң бой тирешкен Атантай менен Тайлакка тестиеринен өзгөчө назар салып, эр жүрөк намыстуу жетилтүүгө багыт беришет. Демек, жаштайынан эркеликке эмес, катуу багыт кармашууга, чыдамкайлыкка, ыкмалуу айлакерликке, өзүмчүл эмес элдик максаттуулукка тарбиялашат.

Зээндүү Атантай менен Тайлак аларга зор үмүт тагып катуу талап койгон улуу таалимчилеринин оболунан артык тез жетилүүнүн эки тармагын тандап өтүп дилгирликте далалаттанышат:

Биринчиден – дене: кол, булчуң күчүн чыңдоо, жалтанбастан, шамдагайлык, чыдамдуулук жана ыкчамдыкты өздөштүрүүгө машыгышты. Күрөш, эңиш, эр сайыш, азоо үйрөтүш, качаган жылкыны укурук, чалма серпип кармоо, мал тийген жаалдуу ууруну кууп жетип чокмор менен торойто чабуу, кагылган суу талды кылыч шилтеп кыя чабуу «оюндарынан» көнүккөн соң Атантай менен Тайлак өзүлөрүндөй боз уландардан чоролорун курашып, эки тарап кармашууга жоо кийимдерин кийип, жарактарын асынып каадалуу жоокерлердей беттешүүгө чыгышты.

Салабаттуулардан калыстар тобу атайылап жыйналып ээн бөксөдө эрегишкен уландардын: жамбы атуу, болот кылыч чабуу, сыйыртмак салуу, жекеге чыкмай, жалпы беттешип аламан кармаш көнүгүүлөрүн сынашып, тороло баштаган музоолоруна каниет байлашып, акыл-кеңештерин айтышып таймашуу оюндарын өткөрө берүүлөрүн



каалашып, ак баталарын беришти. Ошондон тартып Атантай менен Тайлак кадимки эл коргоочу азаматтардай шерденишип, чо-ролорун мыктап, машыгууларын күчөттү. Экинчиден, ар-намысын курчутуу, элдик, эрдик сезимди ойготуу, улуттук сыймыкты ыйыктоо максатында Манастан берки баатырлардын салтын баяндаган санжыраларга жан дилдеринен кунттана тыңдап куштарланышты. Ынтаалуу эки уланга жалпы кыргыз баатырлары, алардын арасындагы өз тегиндеги байыркы жана жакынкы жоокердик эрдиктерге шыктанышкандары айныксыз го. Байыркыларынан баш жагында сөз козгогонбуз.

Атантай менен Тайлак чукулда эле өткөн даңазалуу бабалары, (Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхынын» Абылай хан согушу 1775–76-жылдарда» деген бөлүмүндө көрсөтүлгөн) «Саяк кыргызынан: Чекир, Ыман, Жаманак кабалардын хан Садырдын кичине чагынан... Садырга бүткүл арка кыргызы моюн ийип, айтканынан чыкпаган. Демек, бүткүл арка кыргызында заманында Садырдан озгон киши болбогон. Ушул себептен саяк кыргызынын кадыры башка кыргызга караганда аркалыкта үстөм болуп, анын доору жүргөн» учурларга жигерденип өскөндөрү абзел. Ошондой эле солтонун Жайыл баатыры менен хан Садыр акыры Абылай хандын колуна түшүп уулдары менен өлтүрүлгөндөрүн да билишкен. Мынча болду, кийин чоң атасынын кыргындуу жортуулун кайталаган Кененсары ондогон султандары менен Ормон хан башчылык кылган кыргыздарга туткундалып иниси Норузбай менен бирге өлтүрүлгөнү тарыхта белгилүү. Арийне, бул Тайлактан кийинки окуя.

* * *

Тайлактын жоодон журтун коргоого аттанып баатырдык атакка конгон жана да жалпы элдик кол башчылыгына көтөрүлгөн даректүү жагдайларын адабий чыгармаларда, кол жазма санжыраларда гана эмес, кыска, үстүртөн болсо да «Кыргыз тарыхынын» бардык басылыштарында чагылдырылганы бардыгыбызга маалым.

Боштондук кыймылынын көрүнүктүү жетекчиси Тайлактын эрдиги жөнүндөгү документтүү маалыматтар кытай жыл наамасында сакталып калганы өтө маанилүү. Атантай менен Тайлактын тоо калкынын боштондук мүдөөсүн коргогон жетекчилик далаалатын орус падышачылыгынын кызматындагы казак окмуштуусу Ч.Валиханов ошол аймактарды кыдырып окуяларга кызыга саякаттаган Кашкарлык маалыматтарында дааналап көргөзгөн.

Кыргыз тарыхын кунттана иликтеген сабаттуу акын Тоголок Молдо өзүнүн улуу жердеши Тайлактын эрдиктерин укум-тукумдарынын илеби

сууй элек, ал тургай көрүп уккан айрым карыялардын эскерүүлөрүнүн жыйнап, сыймыктана саймедиреп, шакирттери Нурдин молдо менен Абдыкалык Чоробаевге насааттап «Тайлак баатыр» дастанынын эки вариантын жаздырган. Эл арасына казалдатып окутуп жайылткан. Бир өкүнүчтүү жорук – көркөм жугумдуулугу артык Нурдин молдонун «Тайлак баатыр» дастанынын кол жазмасы негедир азыркы жапырт кат тааныган кыргыз окуучуларына жетпеди. Балким, авторунун эрте дүйнөдөн кайтканына байланыштуудур. Балким, архивдин же айрым адамдардын сандыгынан табылып калар. Чоробаевдин варианты басмадан бир нече ирет жарык көргөн.

Канык тарыхчы Белек Солтоноев «Кызыл кыргыз тарыхы» аталган мазмуну жана көлөмү да жагынан өтө баалуу эмгегинде «Тайлак менен кытай согушу» деген бөлүмчөсүн атайылап арнаган. Анда өз доорунда калың журтка тараган бул ыр түрмөгү эң маанилүү:

Туткуй толгон эл деген
Туйгун Тайлак эр деген.
Майстан толгон эл деген
Баатыр Тайлак эр деген.
Тайлак минди Буурулду
Тамандары туурулду.
Таталаган кытайлар
Баары бүткүл кырылды.

Белгилүү агартуучу Ыбырай Абдыракманов дыкаттык менен иликтеп Тайлактын эрдиги, теги, доору жаатында кызыктуу баян жаратып, өзү узак жылдар бою эмгектенген Илимдер Академиясынын кан салыгына бапестеп тапшырган.

С.Закиров, Ж.Кенчиев, С.Рыскуловдордун эл оозундагы санжыраларлын негизиндеги маектери да улуттук баатыр жөнүндө ынанымдуу да, айырмалуу да бири-бирин толуктаган натыйжалуу маалымат берет. Эл арасына ырга айланып кеңири жорткон, жогоруда келтирилген Солтоноевдикине үндөш саптарды Закиров да тамгалайт:

Тайлак минди Буурулду
Тамани ташка туурулду.
Кылыч кындан суурулду:
Кылкылдаган көп кытай
Заманасы куурулду.
Акталга туусун аштады
Аскерин Тайлак баштады.
Кокондукту талкалап



Кокуйлатып таштады.
Кожоберди, Байбагыш
Кошуунду булар баштады.
Калкалап элин башкарды
Караан кылды Кашкарды.
Туткалы Терек жердеген
Туйгун Тайлак эр деген.

Мындай ырлар чыккан зор окуя – кытай баскынчыларын талкалаган Тайлак жетектеген баатырдык чабуул тууралуу элдик аңыздарды тактаган тарыхый даректер менен кошумчалап айтылчу сөздөр али алдыда.

Улуу муундагы тарыхчыларыбыз Б.Жамгырчыев, С.Илиясов, А.Хасанов, С.Табышалиев, К.Үсөнбаевдер менен далай аңгемелешүүлөрүмдө байыркы элибиздин соңку тарыхында ар тараптан сугун арткан талоончулардан коргогон дайын дареги эч көөнөрбөс белгилүү жалпы улуттук баатыр Тайлак экенин далилдегендерине кангамын.

Жаш тарыхчы илимпоздор Т.Чоротегин, Ж.Жакыпбеков, Т.Асанов ж.б. Тайлак баатырдын дооруна, тагдырына кунттанып иликтөөлөрүн жарыялагандары окумуштуулар чөйрөсүндө гана эмес, коомчулуктун калың катмарынын кызыкчылыгын туудурат.

Таанымал тарыхчы, профессор С.Аттокуровдун «Тайлак баатыр» аттуу маалымат каражаттарыбызда, (жакында китеби чыкты) белгилүү эмгектеринде кеңири изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Анын документтүү тарыхый булактарга таянган илимий көз караштары өзгөчө баалуу. С. Аттокуров илимий чыгармачылык катуу көзөмөлдөөдөн, таптык көз караштан кутулган, ар ким өз оюн эркин тартынбай айтууга мүмкүнчүлүк алган эгедерлүү мамлекет түзүлгөндөн тартып, чындыкты тайсалдабай айтууга батынганына курсанттанат: «Эми ошол эркиндиктен пайдаланып боштондук кыймылынын эң көрүнүктүү өкүлү (Тайлак – Ш. Б.) жөнүндөгү кытай жыл наамасында сакталып калган документтерге таянып, ал тууралуу окурмандарга баяндама берүүнү чечтик. Баарыдан мурда ал документтерден биз В.С.Кузнецовдун «Цинская империя на рубеже Центральной Азии» деген эмгегинен алганыбыз оң. Анткени В.С.Кузнецов аларды кытай тилинен орус тилине которгон жана биринчи жолу жарыялаган. Бул материалдар менен элдик оозеки тарыхты айкалыштырганда 19-кылымдын биринчи жарымында кыргыз жери, эли

үчүн күрөшкөн нагыз атуулунун көп эрдигинин бирөөнө токтолууга мүмкүндүк берет»[5]

Элдик тарых менен кытай ж.б. булактарын айкалыштыра санжаптаган окумуштуу Аттокуров «Манас» баштаган баатырлар баянын эскерип, эки кылым мурда төрөлгөн анык улуттук баатыр Тайлактын түп ата-бабаларынын санжырасына кыскача серп салып өтөт. Тайлактын жаштайынан катуу тартипте жетилүүсү, баатыр атакка ээ болуусу, Цинь империясы, Кашкар акимдиги менен кагылышы, жеңиштери, чегинүүлөрү, бирок жеңилбегендиги, бүт кыргыз аксакалдары менен бийлеринин макулдугу боюнча кол башчы болуп саналат, генерал Баян Батунун отрядын талкалашы, ага карата кытай императорунун эки ача амалдуу саясаты, таланттуу кол башчы болуу менен катар эр жүрөк баатырдын өз доорунун мыкты дипломаты экени тарыхчынын сыдыргасынан саран сыпатталып өтөт.

Булардан сырткары белгилүү тарыхчылар: М.Сушанло, Б.Гуревич, В.Плоских, Г.Супруненко баш болгон авторлор тобу, К.Каракеевдин илимий редакторлугу менен чыгарган (1981-ж.) «Против Маоистских фальсификаций истории Киргизии» деген жыйнактын «Борьба киргизского народа против захватнической политики Цинов» деген бөлүмүндө Атантай менен Тайлактын элдик коргонуу кыймылынын жетекчиси катары таанылганы, Баян Батунун отрядынын кыйратылышы Н. Мадеюевдин «Из истории антицинской борьбы» деген эмгегине таянып далилдөө көрсөтүлгөн.

Мына ушулардын чыпчыргасын коротпой пайдалануу менен бирге бала кезден ата-бабанын эсинде өчкүс сакталып келаткан эскерүүлөрдү кошумчалап, бул даректүү баянды жазууга киришип отурам.

Ала-Тоо мекенинин туш тарабынан тооруган: калмак жортуулчуларын, Цинь империясынын баскынчыларын, Кокон хандыгынын зулумдарын таш каптырган Тайлак баатырдын тарыхый жеңиштери такталган маалыматтардан чөмүлүп айтуучу далилдер жетишерлик. Дал ошолор тууурасында сөз маанисин буралы.

* * *

Тайлактын мекенин коргоо вазифасын неден баштап кандай өздөштүргөнүн, кандай шартта жетилгенин профессор С. Аттокуров ынанымдуу баяндайт:

---

[5] С. Аттокуров «Тайлак баатыр» Ала-Тоо № 12. 1991-ж. 118-б.



– Нарын дарыясынын оң жээгин саяк уруусунун эки уругу жердешкен. Анын бири Чоро, экинчиси Ыман эле. Ал эми сол жаккы жээгинде Басыз, Чоң багыш урууларынын өкүлдөрү жайгашкан. Кытай менен коңшулаш Ат-Башы тарапта Черик уруусу турган. Ошол саяктардын Чоро уругу төрт айылдан, ал эми Ыман уругу да төрт айылдан турган. Ар бир айылдын өзүнө атам заманынан бери бекитилип берилген аймагы (кыштоосу, жаздоосу, жайлоосу, күздөөсү) болгон. Төрт айыл биригип уруктун аймагын түзгөн. Эзелтен Ыман, Чоро бир уруктай болуп канатташ кыштап, жайлап жоодон чогуу коргонуп, душманга чогуу аттанып, ысык-суукту бирге тартып калышкан. Ошондуктан аларды адатта ажыратпай эле Ыман-Чоро деше турган. Ошого карабастан Ымандын өзүнүн бийи, Чоронун өзүнүн бийи болгон. Эки урук кырктан жигитти коргонуу ополчениесине берүүгө милдеттүү эле. Алардын милдети оң жээк Нарынды башкалардан коргоо, Ыман-Чоронун кунун кууп, намысын сактоо. Үч жылдан бери кырк жигитти Тайлак жетектейт. Анын Бүбүтүй, Чыбылдый (базыстан), Токочор, Кемпир, Бердибек, Кербенбай, Ак балбан, Алдаяр, Чомой, Теке деген карылуу, жүрөктүү жигиттери, карт баатыр, каардуу абасы Кожоберди, акылман Байбагыш абасы бар.

Ал эми канатташ басыздар, моңолдор Атантайдын кол башчылыгы менен бардык иштерге бирге катышышып, бир эл болуп калышкан. Акыркы беш-он жылдын ичинде жарыша өсүп келаткан Атантай менен Тайлактын жетекчилиги менен башка уруулардын кол салуулары тыйылып, эл ээн эркин Нарындын эки жээгин кыштап, жаздап жана күздөп, ал эми жайкысын Аксай менен Соң-Көлдү бөлүп жайлап тынчып калышкан. Кыргыздардын өз ара чабышканы токтогону менен сырткы душман Циндик кытайдын зомбулугу күчөп, эрте күздө «чек араны көзөмөлдөө» деген шылтоо менен Аксай, Арпаны аскер менен кыдырып, «салык жыйноого» өттү. Кээде түз эле талоонго киришип кетүүчү болушту. Бул алардын агрессивдүү саясатынын «калмак мурасын» кытайга кайрып алуу жөнүндөгү эски ойлорунун чагылышы эле.

Бул Тайлактын коргонуу отряддарын түзүүгө аргасыз кылды. Анын бул оюн Атантай колдоп чыкты... Кытай чек ара сакчылары Кашкардан батышка бет алгандыгы жөнүндө кабар алынары менен кырк жигитке эр бөлүнүп көпчүлүгү кошулуп бир кошуун түзүп, жакындабай «узатып» жүрчү адатка айланды. Кытайдын генералдары да муну туура түшүнүштү. Алар Кашкар акимине «Кыргыздар куралданып жатышат» деген билдирүүнү жасашып, бирок айылдарга келип талоон жасашты

токтотушту. Аларды бийлердин аксакалдары тосуп чыгып, союш беришип кайтышчу. «Азык-түлүк жабдуунун жана баюунун бир булагынан» ажыраган генералдар жана Кашкар акими өзүлөрүнүн Пекинге жазган рапортторунда биринчи жолу Тайлак менен Атантайдын ысмын 1820-жылы колдонушкан.

Ошо маалдагы чабуулдардын ирилеринин бирөөнү санжырачы Ж. Кенчиев ырааттуу тизмектеген:

– Атантай менн Тайлактын айылы Орто-Сырт жайлоосунда эле. Ат-Башыны жоо басты. Черик менен моңолдор «кызыл өрттүн ичинде» калды деген суук кабар келди. Түн бою камынышып, эки жүздөй киши менен Тайлак жөнөдү. Бул жактан да санаа чыдабай Атантай калды. Көк-Белди ашып, Кара-Коюн аркылуу ашып Ат-Башынын Чеч-Дөбөсүнүн келип токтошту. Жоо-Аксайдын ичиндеги чериктерди чаап, Кында аркылуу Ат-Башынын ичине түштү. Ал жерден черикгер төмөн сүрүлүп калышкан экен. Кыргыздар Чеч-Дөбөгө топтолушту. Кошой коргондун айланасына чатырларын тигишип, жоону күтүштү. Жортуул мезгилинде ар бир он кишиге бөлүнүшүп, бирге тамак ичишкен. Алар элүү башыга, элүү башы жүз башыга баш ийишкен. Кайгуулчулар тарабынан жоонун Ак-Моюнга келгенин билишти. Жоонун колу көп, кыргыздар аз.

Тайлак колун үч топко бөлүп, өзү ортоңку «шынаа» деп аталган бөлүктө калды. Жоо эч нерседен капарсыз самсып келишти, аларга анчалык каршылык көрсөткөндөр болгон эмес. Айрым топтогулар мал алыш үчүн ар кай жердеги айылдарга тараган. Бирок айыл ээн, аңырап бош эле. Бирин серин аксак-тексек, ыландаган малдардан бөлөк чеке жылытарлык эчтеме жок болуп турганы айрымдарды шекшинтти. Кол башы черүүлөрдүн тез жыйналуусун талап кылды. Бирок кеч болуп калган. Чатырларды көздөй жабылып капарсыз келе жатышкан черүүлөр жамгырдай жааган жебелердин огуна кабылышты. Андан кийин бараң мылтыктар тарсылдады. Анын артынан ач айкырык, кур сүрөөн менен жабыла ат коюшту. Буктурмадагылар артылып чыгышты. Көптөгөн черүүлөр окко учту. Такаат кылып тура алышпай жапырылып качып жөнөштү. Бул жеңиш «Кашкар жаңырыгы» деп аталды...

* * *

Кытай, Түркстан өлкөлөрүнө дүңгүрөткөн «чоң казатка», унутулгус тамгаланган тарыхый окуяга, анын айрым версияларына, ошондой эле Тайлактын анык баатырдык арымын айкындаган далилге токтололу.

Цинь-манжур зулумдары менен кагылыш Тайлактын ата-бабасынан бери Эсентокондо жүргүзүлүп келген. Кек эки тарапта тең сакталган.



Анын үстүнө манжур-кытай феодалдары тарабынан каратылган чыгыш Түркстандын мурдагы бийлеген кожолордун Кокон хандыгына баш калкалап качкан Жакүф баштаган тукуму өзбек, кыргыздардан кол курап Кашгардагы такка кайрадан отурууга чабуулга камынган.

Кашкар аймагындагы мусулмандарды капырларга каршы күрөшкө көтөрүлүшкө чакырган. Циндик талоончулардын шимшүүлөрүнө каршыккан толуктардын кол башчылары: Атантай, Тайлак менен ынтымак түзгөн. Ичтен жана сырттан колдоо алган Жаңгыр 1822-жылы Кашгардагы бийликти кайта орнотууга камынып жүрүшкө чыккан.

Ошол көтөрүлүш жаатында чыгыш Түркстанга барган казак окумуштуусу, саякатчысы Ч. Валиханов кеңири жазган. Ага таянып жана да В. Кузнецов, В. Наливкин, Н. Мадеуевдер кытайлык тарыхый булактардан бышыктаган.

Жаңгыр Кокон хандыгынын көзөмөлүнөн качып, үч жылча Алай кыргыздарын пааналап жүрүп жүздөгөн адамдардан кол курайт. Ага Чоң багыш Суранчы бий 5–6 миң жоокери менен кошулат, Кызыл-Суудан да отряд биригет.

Н.Мадеуев «Из истории антицинской борьбы» деген эмгегинде (208–212-б.) кытайлык булактардын өзүндө циндик залимдикке каршы күрөштү уюштурууда Тайлак баатырдын катышын баса белгилеп даана көргөзөт: «...Варварские начальники Тайлака Байбагыш и другие разослали людей, чтобы собрать все соседние племена и (чтобы) вместе явиться в Кашкар для поднятия мятежа», – говорится в одной из официальных цинских хроник того времени. Этот же источник сообщал: «У них имеется всего около двух тысяч человек. Мятежник Джангир хотел бежать в Коканд, но Тайлак, который является зачинателем этого зла, начал препятствовать ему (Джангиру) в поездке (в Коканд)».

С. Аттокуров бул бириккен чабуул 1820-жылда күзүндө болгонун, Кашкар акими чек арачы тыңчылары аркылуу озуна кабарланып куралдуу даярдыкты мыктылай көргөнүн, чек араны бузуп кирген Жаңгырдын кошууну менен Артуштан кошулган Суранчы бийдин колунун Кашкарды бошотууга каптаганы менен мөндүрлөгөн ок, катуу каршылык менен тосулуп, кыргынга учурап, айласыз чегингендерип ыраттуу баяндайт.

Кашгар акиминин орун басары Сен Ну Эй башкарган жазалоочулар чегингендерди сая кууп, Суранчынын жергесиндеги сеңселип бышкан буудай, арпаны, 30 үйдү өрттөп, 20 туткунду дарга асат. Кашкар акими Пекинге рапорт жөнөтөт: «Жаңгыр менен Суранчыны куугунтуктоону чек арадан алыс, кыргыз аймагына терендеп кирип барууга анча

зарыльдыгы жоктугун, анткенде кыргыздардын биригип каршылашарын императордон суранган».

Кашкардын бейкуттугу коңшу кыргыздардын мамилесине жараша сакталарын император жетик баамдаган. Дал ошондуктан «Жангырдын кайда экенин даана билбей туруп, чек арадан анчалык алыстабоо жөнүндөгү» буйрук менен чектелген. Ошол документте «көтөрүлүшчүлөрдү муудап таштоо» ылайым унчуккус кылуу деп көрсөтүлгөн. Жангыр кожонун «бейбаштыгына» кыргыздардын катышканына император аябай ачууланганы ошо буйругунан байкалат. Сэ Ну Эй буйрукту алгыча чектен өтүп «тартипке чакыруу, жазалоо» опузаларын уланткан. Арпа, Ак-Сай жайлоолорунан кыргыздар эртелеп көчүүгө мажбурланышкан. Андай коркунучтар 1821–1823-жылдары кайталана берген.

1824-жылдагы Жангыр кожонун дагы бир мертебе чек араны бузган чабуулу ойрондолуп, чегинткен кытай аскерлери ошол аралыктагы айылдарды талап тоноп кайтышкан. «Баш кесүү» жана «баштан сылоо» амалдуу саясат жүргүзгөн император Кашкар акимине «көтөрүлүшчүлөрдү мууздоо», аларга көмөктөшкөндөр «баштары жана мал-мүлктөрү менен жооп берерликтерин» көрсөткөн. Анан да акимге кыргыз бийлеринин «өз ара чатактарынан пайдалануусун», Жангырды кармап берүүгө, ал кызматы үчүн баалуу белектер, улуу урматтоолор, колдоолор жасалары эскертилген. Айрым бийлер, старчындар сый конокко чакырылып, белек-бечкек алышып кайтышкан. Аларды Тайлактан оолактатуу амалы жүргүзүлгөн. Кайсы бири чынында эле императордун «маңдайдан сылоосуна» азгырылып, жашыруун тынчылыкка тартылышкан.

Кантсе да тыңчылардын шыбышы аркылуу 1825-жылдын күзүндө Жангыр жигит-жалаңдары менен Тайлактын айлында сайрандоодо деген кабар Кашгардын акими Юн Цинге жетет. Жеке Жангыр эмес, Тайлакты көрө албагандардын эптеп алардан кутулуу максаты баамдалат.

Арийне, Жангырдын саяктар менен ынтымакташ болгону да чын. Чокан Валиханов «Тянь-Шандык кыргыздар Кашкардын ишине жан дили менен катышкан» деп жазган. Атантай кожолордун Какимбегинин кызына үйлөнүп, Кашкарлыктарга куда сөөктүн ынактыктары да өкүм сүргөн. Негизи Тайлактын Жангырга колдоо көрсөтүшү кытай талоончуларынын жортуулдарын кыргыздардын мекенине жолотпой тыюу ниетин көздөгөн.



Жиндери кайнаган цинь бийлөөчүлөрү кабар жетер замат бирге жайлоологон шериктер: Жангыр менен Тайлакты туткундап, мал жандарын тоноп келүүгө шек билгизбей капысынан басууга генерал Баян Батуну куралдуу отряды менен жөнөтөт. Баян Батунун колунун саны ар булактарда ар түрдүү: С. Закиров менен Ж. Кенчиев жети жүз, Б. Солтоноев алты жүз, А.Чоробаев менен тарыхчылардын тобунун жыйнагында бир миң, Ж. Жакыпбеков менен Т. Асанов (кыязы Ы. Абдырахмановго таянып) беш жүз, С.Аттокуров 600–700 деп көргөзөт. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын 5-томунун 514-бетинде: «Тайлак баштаган кол кыргыз жерине басып кирген жети жүз кытай аскерин талкалаган» деп жазылган. Кыргыз тарыхына байланыштуу эмгектерде да ар түрдүү сандар айтылат. Кеп кытай аскерлеринин санында бекен. Баян Бату генерал башкарган баскынчылардын такай түн жашырынып келип Тайлактын бейкут айлын капысынан баскан каракчылыктын чындыгында эмеспи.

Баскынчылар күчтөрүнө да, амалдарына да, ойлогондору ордуна чыгарына да ишенип уйкудагы айылды каптап кирип, айланасын жан чыгарбай курчап тинтүү салып, Тайлак менен Жангырды таппай тилектери таш капты.

Көп сандаган маалыматтардын ичинен ынтаалуу санжырачы Ж. Кенчиевдин Тайлак баатыр баянында: «Август айынын аяк чени болсо керек. Таңга жуук айылдын иттери ажылдап үрүп жатты. Короо кайтарышкан кыз-келиндер коркуп үйгө киришти. Кандайдыр бир белгисиз жоо келип, сыртка бир киши чыгарбай айылды курчады. Тайлак баатыр Буурулун боз үйгө байлачу. Эшим, Саты деген эки жолдошу менен топту качырып, бет алдындагыларды ыргыта сайып курчоодон чыгышты. Атантайга жана башка айылдагыларга кабар кылышты» делет.

Ж. Кенчиев бул аңызды дагы бир өзүндөй сөзмөр кишиден укканын (атын атабай эле коёлу), окуя 1818, же 1820-жылда өткөндөй көрсөтөт.

Атактуу тарыхчыбыз Б. Солтоноев «Тайлак менен Кытай согушу» деген бөлүмүндө ушундай жоромолду жазган: «Болжолу 1825–1827-жылдарда жайлоо кезинде бир кабарда 600, бир кабарда 1000 кытай (соңкусун апыртып айтса керек) келип, Нарын өзөнүнөн саяк кыргызы Чоро уругунан Тайлактын айылын түн ичинде капилетте жатканда тегеректеп калган. Тайлактын Бубутай, бир кабарда Ноорузбай деген жигити үйүнө киргизип койгон Тайлактын Буурул ат деген күлүк атын жетелеп чыгып, минип алып, жөө калган Тайлакты аттын куйругун карматып, сүзө качырып, калың кытайды жара качып кутулган...»

Кытай, Түркстан өлкөлөрүн дүңгүрөткөн бул окуя тарыхый документтерде убагында так белгиленген. Ошол эле учурда эл арасында, өйдөрөөктө көрсөтүлгөндөй, кошумчаланган аңыздын тарашы да ыктымал болгон.

Толгон-токой тарыхый даректерде Жангыр турсун, Тайлак да айлынан сыртта жүргөндүгү далилденет. Баскынчылар канчалык шимшип, аңтарып-теңтерип издеген, байлап-матап туткундап кетүүчү Тайлак менен Жангырды таппаган соң, алапайларын таппай ызырынышат.

Жаалдаган генерал Баян Бату күчүн тынч жаткан куралсыз пенделерден чыгарат. Тайлактын айлындагы жашкарыларды чогултуп, тескери карата кырка отургузуп, мыкаачылык менен четинен бырчалатып өлтүртүп. Ак-Чийдин тунук суусу өлүктөргө бөгүлүп, кыпкызыл кочкул канга боёлот.

Кытайлык маалымат каражаттарында: «Баян Батунун отряды Тайлактын тууган-туушкан бүлөлөрүнөн жана ага каралагандардан – эркек-аял, жаш-кары дебей жүз адамды кыргындады» деп жазылган. Тайлактын айлындагы бул жырткычтык апаат жаатында, жүздөй бей күнөө кишинин өлтүрүлүшү, мүлктү атандарга сылай жүктөп, малды ыңкыта айдап олжого туйунтуп жөнөгөн Баян Батунун каракчылыгы туурасында биздеги адабий жана тарыхый даректерде да эч кыйчалыштык жок.

Кыргындалгандардын арасынан Тайлактын уулу, балтыр бешик Осмондун аман калышы жөнүндө кызыктуу аңыз айтылып да, жазылып да келүүдө. Өзү өлүмгө кайыл даанышман эне болочок тукумунун сакталышын ойлоп, бооруңдагы медерин көйнөгүнүн ичине бөйтөйтүп катып, сыртынан кемселин коомай бүчүлөп, кылычтарын жалаңдаткан желдеттерге көргөзбөй ажалга моюн сунуп курмандыкка чалынуучулардын катарына акыркы демин баласынын жытына кандырып башын ылдый эңилтип сумсайып отурат.

Дагы бир аңызда желдет канчалык канкор болбосун сымбаттуу аялдын балкая термелбей отурганына, анан да чырайлуу жүзүнө үңүлүп, аяппы же суктаныппы, кандайдыр сезими удургуй кылычын шуу эттире абага жаный аялдын башын жанындагы кулагандарга жапшыра жантайтып өтүп кеткен делинет. Кантсе да эненин башы кыйылса да, атталып өтсө да, ымыркай Осмон Тайлактын тукумун улантып эсен-соо калат. Кийин кемелине жеткенде Осмон ата даңазасын түшүрбөй журт башы болуп, датка атагын алат.



Осмон датканын ишмердиги, орус оторчуларына багынбаганы, а тургай уездин начальниги майор Г. Загряжскийдин тобуна кол салышы, кыйласын туткундашы, Шабдан менен кагылышып, кийин кайра элдешиши, башында Ормонго кудалашып, анын уулу Үмөталы менен ынтымактуу жашап, Курткага жортуулга келаткан Проценконун отрядына биригип чабуул коюшу, Кашгардын беги, башкаруучусу Жакыпбек, Алайдын даткасы Курманжан өңдүү атактуу адамдарга катарлаш өмүр сүргөнү биздин тарыхыбызда белгилүү.

Кандайдыр шып аркылуу кызыл кыргындан балтыр бешик кезинде өмүрү сакталып, ата-жото салабатын түшүрбөй элибиздин тагдырындагы олуттуу тарыхый окуяларга белдүү катышып, токсондун кырын ашканча барктуу жашап өзүнүн жана сегиз инисинен Тайлактын көп сандаган, ушу күндөргө чейин учугу узарган укум-тукумун калтырган Осмонду эскерген кандуу апааттын кеги кандайча куулганына кыскача токтололу.

Кабар жетип айылына шашылып киргенде Тайлак көз көрүп кулак уккус тукум курутталган жырткычтыкка, тыптыйпылдатылган талоончулукка каршы «канга кан» деп токтоосуз кол жыйнап канкор жоонун артынан сая түшөт. Капчыгай зоокалуу жолдун коён жатагына дейре билген кол башчы Тайлак жоонун артынан каерден жетип, кандай ыкмалар аркылуу, кандайча талкаларды, жоокерлерин канча топко бөлөрдү, кимиси каерден, качан, кантип кол саларды териштирип тескейт.

Олжого батып ойсуратып жөнөгөн кытайлыктарга кууш жалама аскалуу Ойнок-Жардын кысыгынан жетип жолун бууйт. Кабышкан капчыгайдын астынан, эки капталынан зооканы жаңырта сал таштарды үстөкө-босток кулатып, жүктүү төөлөр, көтөргөн мал менен шаңдуу чубаган каракчылардын үстүнөн жанчтыра, алдынан тостура ызы-чуу түшүртүп, ага кошул-ташыл өйдөкү урчуктардан мергендер ок жаадырып кыйсыпыр кара аламан түшүртөт.

Учуп чыгууга канат болбогондуктан, жалама бетме-бет асканын таманында кысылып, карыш жылдырылбай туш-тушунан кулак мээни тундурган койдой, уйдай таштарга жанчылып, окко учуп алапайларын таппай кыргындалып, канчалык окторун ызылдатпасын, кылычтарын кынынан суурбасын кытайлыктар алдыга да, артка кете албай таш талкандалышты.

Көп маалыматтардын биринде салгылашуу жети күнгө созулган делсе, башкасында түн киргенде башталып таң атканда кытайлыктардын жапырт кыргындалышы менен бүткөн делинет.

Кытайлык маалыматта «Тайлак бир топ кыргыз урууларынан кишилерди жыйнап, Баян Батунун аскерлерин алдыга жылдырбай жолун бууду» деп жазылган. Генерал Баян Батунун жанынын кыйылышы да эки түрлүү баяндалууда. Ал тууралуу көпчүлүк жарлыктарда Баян Бату өзүн өзү өлтүргөн. Профессор С.Аттокуровдун версиясы башкача, өзүнчө кызык. Тайлак Баян Батуну жекеге чакырат. Баян Бату кабылдайт. Эки баатырдын кармашы, найзаны ыргытып кылычташып, о далайга кырчылдаша чабышы, астындагы алп буудандардын (негедир «Тайлактын Карагери жылкынын сырттаны» айтылуу Буурулу эмес) жөөлөшүп чапчышуулары өтө берилгендик менен кеңири сүрөттөлөт.

«Тайлак Баян Батунун найзасы жок экенин көрүп, өзүнүн бөрү тилин артында турган жан жигитине ыргытты да, көктөн түшкөн темир таштан атайын жасалган көк албарс аттуу кылычын кынынан суурул алып, Карагерди Баян Батуну көздөй жылжытты. Эр сайышта, эңиште, кылыч менен кырчылдашканда жана чокмор менен чокуга салышканда кандай ык керектигине кунан кезинен машыккан Карагер беттешүүчү жерди көздөй зымыроодо. Эки кол башчы үч жолу кылычтарын кайраштырышты. Төртүнчү ирет чабышканда Батунун колунан кылыч ыргып кеткендей болду. Бирок эмнегедир кытай тараптан аянычтуу үн чыкты. Дал ошол көз ирмемде Тайлак Баян Батунун башын кыя чапканы даана көрүндү. Анын зор денеси ак боз аттан кулап түштү».

Фантазия, кыялга бай жазуучудан бешбетер профессор тарыхчыбыздын жоолашкан эки кол башчынын эрөөлгө чыккан кармашын жогорудагыдай көлкүп-чалкып жазганы окугандын черин таркатат.

Бул окуянын эл аралык маанилүүлүгүн баамдаган император указында Баян Батунун отрядынын кыргындалышына Кашгардын акиминин «бейбаштыгы» айыптуу деп табылган. Ошондо Баян Батуну «мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн курман болгон баатыр» деп жарыяланган. Пекиндик башкаруучулардын жылма дипломатиясы дал ушундай. Императордун бу указында «кырсыктын» себепкери кыргыздар экени көрсөтүлгөн.

Кокондуктардын зулумдугу арткан мезгилде Тайлактын аларга каршы күрөшү кандай жүргөнү жаатында биздеги маалымат каражаттарыбызда анча айырмалуу эмес, түркүн даректүү далилдер бар. Биз ошолордун айрымдарына кайрылалы.

✓ Тайлак – элдик баатыр. Ал Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо багытындагы кыргыздардын Кокон хандыгына каршы күрөшүн



жетектеген. Тайлак баштаган кыргыздар 1830-жылы Кокон эзүүчүлөрүнө каршы көтөрүлүш чыгарган. Көтөрүлүшчүлөр Куртка сепилине кол салып, аны кыйратышкан. Көтөрүлүштү басуу үчүн хан жиберген жазалоочу отрядды да ойрондоткон. (КСЭ. 5-том, 514-б.)

✓ 1831-жылы нарындык кыргыздар Кокон хандыгына каршы түп көтөрө чыкканда да, аларга Тайлак менен бирге Атантай жетекчилик кылган. (КСЭ 4-т. 332-б.)

✓ Саяк жана Черик уруусундагы Нарын кыргыздары ага-инилүү Атантай менен Тайлактын жетекчилиги астында кокондуктарга куралдуу сокку урушкан. («Кыргыз ССРнын тарыхы» 1-том. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 498-б)

✓ Тайлак – легендарлуу баатыр, саяк уруусу, Чоро уругунан, Нарын кыргыздарынын Кокон хандыгына каршы күрөштүн уюштуруучусу жана жетекчиси. Көз карандылыктан жана оор салыктын азабынан кутулуу үчүн 1832-жылы Нарынды бойлото жашаган кыргыздар кокондуктарга каршы көтөрүлүш чыгарышкан. Аны Тайлак, агасы Атантай болуп башкарган. Жети миң кол кокондук аскер каршылашкан кыргыздарды талкалаган. Тайлак кокондуктарга баш ийбей кайрадан жоокерлерди топтоп бир нече мертебе Куртка чебиндеги сарбаздарга (кокондуктардын атчан жазалоочуларына) чабуул коёт. Натыйжада кокондуктардан салык катары таланган мал, дүнүйө ж.б. тартып өндүрөт. Кыргыздарды кыңк эткис жазалоо, Тайлакты туткундап келүү үчүн Мадали хан 500 сарбазды куралдандырып, Арап баатырды баштатып жөнөтөт. Тайлак бул отрядды Тогуз-Торонун Бычанынан тосуп, аёосуз салгылашат жеңет. Куртка сепилин бошотуп, Кокон ханына өкүлчүлүк жиберип, мурда олжолонгон мал, мүлк, ордо кыздарды чыпчыргасын коротпой кайтартуусун талап кылат. Эгер антпесе, туткундап жаткандарын күм-жам кыларын эскертет. Мадали тартып алгандарын Тайлакка жеткиздирет. Мадали хан Тайлакка өчөгүшүп кайрадан Казактан кол башчы Эдиге түрүнө жалдап анын колуна куралданган жазалоо отрядын кошуп жөнөтөт. Тайлак өзүнүн кошууну менен Суусамыр өрөөнүндө Эдигенин отряды менен беттешип, аны да жеңет. Анан Тайлак бир нече жыл чоролору менен элине отурукташып бейкут өмүр сүрөт. Арык каздырып, суу чыгарып, дыйканчылыкты өнүктүрөт. Мадали хан Тайлакты амал-айла менен гана көзүн тазалоого жетерин түшүнүп, табып катары өз кишисин жиберип, элин аралап көп жыл жүргөндө Тайлактын кеселдей калганында дарынын ордуна уулантып өлтүрүп тынат. Кол башчысынан ажыраган Нарын кыргыздары

Коконго каршылашалбай калат. Кокон хандыгы таянычы болгон Куртка чебин кайрадан калыбына келтирип, кыргыздарды кайрадан алык-салыгын арбытып күңкорлонтту. (Энциклопедия. Ысык-Көл–Нарын. Фрунзе, 1991. – 451-452, 74-б.)

Булар тарых китептериндеги атайын такталып көрсөтүлгөн даректүүлөр. Тайлак баатыр жөнүндө калайыгыбызга сунуш этип жаткан бул даректүү баянга буларды киргизбесек, автордун оюнан чыгарылгандай апыртууларга тушуккандай жоромолдор жортуусу ыктымал.

Ошол себептен да эми Тайлак баатырды изилдеген тарыхчы илимпоздор менен санжырачылардын баяндоолорунан дагы аттап кетүүбүз жарабас. Ар кыл пикирди салыштырып талдоодон чындык калпынат эмеспи. Алардан шилтемдер келтирүү менен, өз оюбузду толуктап, окуялардын кандай иретте башталып бүткөнүнө тоорулмакчыбыз. Албетте, Тайлак жөнүндө кимдер гана жазбасын мурдатан белгилүү даректер, уламалар, дастандардагы айтылгандарды пайдаланышкан. Эч ким, эч нерсени өз чөнтөгүнөн таап киргизбеши түшүнүктүү.

Биз дагы ошол болгондорду санжаптап, чындыктан алыстабай Тайлактын доору, өзү жөнүндө калайыкка жыйынтыктуу баян курууну көздөөдөбүз.

Кокондун кыргыз жергесиндеги чептерине жайгашкан акимдери менен кушбектери кыргыздын манап, байларынын малдарынын санын, эгиндеринин түшүмүн, букараларынын да ал жайын эсепке алышып, салык өлчөмдөрүн бычышканы, кыңк эттирбей жыйнап турушкан. Андай салыктардын түрү 18ден ашып, тооluктарды абдан каржалткан.

Түштүктөгү жана Таластагы кыргыздар 18 түрлүү алык-салыктан тышкары Кокондун аскерине азаматтарды ат, курал жарагы менен берүүгө милдеттүү болуп, эзүүнүн аёосуз запкысын тартышкан.

Тарыхчы окумуштуу Ж. Жаныбековдун «Кокон бийлигине каршы күрөш» деген эмгегине кайрылалы:

✓ Кокон бектеринин негизги таянычы – Куртка чеби эле. Анда миңден ашуун сарбаз турган. Бул чептин беги кыргыз элинен 10 кап эгинден 1 кабын; олжо катары, 40 койдун бирин зекет иретинде алып турган. Алардын зулумдугу көккө жеткен учурда кыргыздын бойго жеткен кыздары өңдөрүн атайылап бузушуп, жаман кементай кийинишип, кой кайтарышкан, отун-суу алып, баштарын калкалашкан, суук көздөн оолак болууга умтулушкан. Мына ушундай кыямат эзүү



учурунда Атантай, Тайлактай намыскөй жигиттер Кокон хандыгынын бийлигине каршы боштондук күрөшкө чыгышат».

Кокондуктардын ушундай залимдигин Тоголок Молдо бышыктайт.

Эми кайтадан тарыхчыга көңүл буралы:

✓ Тайлак элди Коконго салык төлөөдөн баш тартууга, алардын зордук, зомбулугуна каршы чыгууга үндөйт. Натыйжада Тайлак, Атантайдын жигиттери Куртка чебине кол салышып, сарбаздарды кууп чыгышат.

Мадали борбордук Теңир-Тоо кыргыздарына каршыгып, зор согуштук даярдыктар көрүп, аскер башчысы Хаккулини 7 миң мыкты куралданган сыпайылары менен каптатып киргизет.

Саяк жана черик урууларын бириктирген Тайлак, Атантайлар канчалык салгылашпасын, акыры күч бирдей болбогондуктан, экөө тең туткундалып, Коконго жеткирилет.

Мадали хан алды-артын ойлоп, Атантай менен Тайлакты бошотуп жиберет. Тайлак кокондуктарга күңкорлукта жашоону каалабай, эли менен казактын Улуу Жүзүнө, Иле тарапка көчүп кетет. Бөтөн жерде өзүн өгөй сезип, анын үстүнө казактын султандары менен анча ыгыша албай бат эле кайра туулуп өскөн мекенине кайтып келет. Дале баштагыдан кыйын эзилген калайыктын башын бириктирип, Кокон хандыгынын саясатына каршы ачык күрөшкө чыгат.

Бул окуя сыягы бир булактан алынгандыктан Ж. Жакыпбеков менен Т. Асановдун изилдөөлөрүндө үндөш, сыдыргыга салгандай так сыпатталат. Атантай менен Тайлактын кокондуктардын сансыз, машыккан баскынчыларына каршы айгышкан согушта туткундалганы: «Кыргыз ССРнын тарыхынын» 1-томунда кайпытылып айтылат. Санжыраларда негедир анча эскерилбейт.

Тайлак, Атантайдын колу Куртка чебин уратып, сарбаздарды куугунтуктай баштаганда, чептеги кушубеги элден зордоп чогулткан салыктарды: эгин, малын, баалуу буюмдарын ээлерине кайтарып жан соогалайт. Заманасы куурулган Куртканын беги Мадали ханга шашылып кабарлап, тез чара көрүүсүн суранат.

Мадали Тайлактын ага моюн сунбасын, акыры ушинтип каршы чыгарына шекшинип жүргөн. Курткадагы жаңжалды кан буугандай басуу, Тайлак, Атантайды туткундап, же курман чалып жазалоо үчүн айтылуу Арап баатырды 500 аскер менен жабдып, жеңиштүү кайтарына ишенип, шаң менен аттантат. Арап Кокон хандыгынын сыналган кол

башчысынан эле. Жер жайнаган кол менен Көгарт дабанын ашып Тогуз-Торого түшүшөт.

Каардуу жоонун келатканынан кабарланган Тайлак да мыкты камынып, Тогуз-Торонун Бычанынан астын торгоп, алга жылдырбай кырчылдашкан кармашка жуурулушат. Кокондуктар туруштук бере алышпай артка чегинишет. Арап баатыр Тайлакка бетме-бет эрөөлгө чыгуудан мертинет. Арап жан таслим кылган белес «Араптын бели» аталып калган.

Тайлак менен Араптын чабышы ар кыл айтылып, жазылып маалымдалууда. Баарын эмес, айрымдарын көңүлгө алып көрөлүчү. Ж. Жакыпбеков Тайлак Арап баатырды белден кууп жетип, аттан түшүрө саят деп аныктайт. Т. Асанов А. Чоробаевдин дастанына ынанып, Бычандын төрүндө эки жак тирешип туруп калганда Тайлак менен Арап жекеге чыгып, найзалаша сайышып, андан соң Тайлак баатыр Арапты айбалта менен бөлө чабат. Кокондуктар кыйласынан ажырап, алдастап качат. Опсуз эки баатырдын жекеге чыгуусу С.Закиров менен Ж.Кенчиевдин санжыраларында да санжапталат. Кенчиев саал айырмаланып, Тайлак баатыр Чымкент жүрүшүндө Ура-Дөбөдөгү салгылашууда атагы чыккан Арап баатырды тосуп туу белге чыгып, кооз жаратылышка кумарланып карай берип, ынак кымызга талыкшып отуруп уктап кеткенин, Арап келип ойготконун, Тайлак экенин сурап келгенин, сени менен бир беттешсем дечү элем, эртең Бычандан тос, экөөбүз жекеге чыгалы, андан аркысын көрө жатарбыз деп досторчо коштошконун кошумчалайт.

Кокон аскерлеринен алтымыштан арбыны тирүүлөй туткундалды. Куртка чебинен бекинген бектерди түп көтөрүп айдап чыгышты. Тайлак алардан үчөөнү Коконго Мадали ханга бул талаптарды коюп, ыкчам жетип аткартууга жөнөттү: «Сенин сепилге аким кылып койгон бектериң кыргыздан айгырат, атантөө, күлүк жорголорду... зекет койлорду, олпоң деп аштыкты, алтын, күмүш асыл буюмдарды, баалуу аң терилерди зордоп тоношкон. Аны менен эле тим болбостон оймоктуудан уздарды, беш көкүлдүү кыздарды чыркыратып жулуп тартып олжо кылып кеткен. Мына ушулардын баарын кылча бирин кемитпей бүт кайтарып бер. Эгер бул айтканга көнбөсөң, менин туткунумда жүргөн толгон бектериң менен сарбаздарыңдын бирин соо калтырбастан соём, датыңарды кудайга айтасың, бир айдан өткөрбөй жооп бересиң!» Айласы курган Мадали Тайлактын бул талабын орундатып, мал-мүлк, ордо кыздарды азаттап Курткага жеткирткен.



Тайлак Нарын кыргыздарынын гана эмес жамы ала-тоолуктардын намысын, күңкорсуздугун камсыздоону, бирдиктөө коргонууну уюштурууну самаган.

Т. Асанов далилдеген айрым маалыматтардагы Тайлак баатырдын «Ферганадагы кыргыздардын да башын кошуп, бир жеңден кол, бир ооздон сөз чыгарып кокондукту бүтүндөй кулатып, Анжыян, Ферганнын ар бир кыштагына кыргыздан суракчы койдурбасак болбойт, сепилди эле бузуп алдык, Арап баатырды өлтүрдүк деп корстон болуш жарабайт деген бүткүл улуттук кеменгерлик ою кыргыз тукумунун кимисин болбосун сыймыктантчу осуят.

Өз кезегинде Кокон хандыгынын залимдигинен аябай жапа чеккен Фергана, Алай кыргыздары Тайлактын эрдигин жактырышкан. А. Чоробаевдин дастанында кокондуктардан далай запкы тарткан кыпчактардын Тайлак баатырга кошулуш ниеттери чагылдырылган.

Баскынчылык мизи майтарылган Кокон ханы алты жыл толук кыргыздарга өкүмүн жүргүзө алган эмес. Ар кайсы кагылыштан, талоончулуктан тенир тоолуктар кутулуп, бейкут тириликке ыгышкан. Баатыр азаматы жөнүндө ыр чыгарышкан:

Майыстап, Терек жердеген
Баатыр Тайлак эр деген.
Бала жолборс атанып
Пансат келип жеңбеген.
Туткуй, Терек жердеген
Туйгун Тайлак эр деген.

Туулгандан туу кармап
Душманга намыс бербеген.
Кокондун колун колоттуң
Коктуга тыгып солоттуң.
Ак талга тууну аштадың
Арапты сайып таштадың...

Бул түрмөктөр укумдан тукумга мурасталып, ошол күндөн бүгүнкүлөргө чейин жетип эл оозунда.

Тайлактын атагына алп мүчөсү жарашып толукшуган, доорону жүргөн убагы. Оттуу нур чачкан өткүр көзүнө, кызыл чийкил балкайган жүзүнө, эки кулагына илинте сыланган жээрде кыл мурутуна оңой-олтоң адам тик бага албай жалтаңдап кирпиктерин кыбындатат. Кандай түрдө көрүнсө да, сын-сыпаты башкалардан айырмалуу. Кулпуртуп сый кийимчен жүргөнүндө да, жайык төш олбурлуу мүрүлөрүн дагдайта зоот, чопкут жоокерлик жасалгасында курал жарагын асынып, пилдей лакыйган Буурулуна мингенде да өзгө ыйманы ысык, жатка каардуулук өң келбетинен себилип, турпатынан туюлуп турчу. Жыл өткөн сайын Тайлактын сөзүнөн да, мамилесинен да, ишмердигинен да

салабаттуулугу, кыраакылыгы артылып, оң, сол кыргыз мекендештерине зоболосу көтөрүлүп, даңазасы кеңири жайыла берди.

Кокондуктардын тилегин таштай катырган Тайлактын эрдиги Кыргыз жергесинин алыскы аймактарындагы билермандарына дем байлатты. Ысык-Көл, Чүй тарабындагылар да кокондуктарга сыртын салып, баштагыдай илбериңкиликтен, алык-салык төлөөдөн баш тартууга өтүштү.

Кокондук бийлөөчүлөр тоотпоочулук адат күткөн кыргыз манаптарын ийине келтирип, ийменчек кылууга, жаза колдонууга өткөн. Ташкендин кушбеги солтонун баш манабы Канай баатырды (Байтиктин атасы)» сен бизге жакшылап кызмат өтөбөйсүңбү» деп кыйыктап, Олуя-Атага алып барып камакка отургузат.

Таластык кыргыздарды бийлеген Саруунун Алакчын уруусундагы Ажыбек датка кийлигишип, Ташкендин кушбегинен Олуя-Атанын камагындагы Канай баатырды колкого суранып кутказдырат.

Бул зомбулук кыргыздын журт башчыларын эсине келтирет. Арийне, ар уруу, анын башындагы билермандары өз алдыларынча обочолоно берсе, кокондук залимдер минтип Канайга көрсөткөн ыза кордукту чет-четинен кармап, камап уланта берерин түшүнүшөт.

Дал ошол максатта – кокондуктарга биргелешип каршы турууга акыл токтотушуп, Чүйдүн Ак-Суусуна, Солтонун Момокон баатырыныкына, анын агасы Эшкожонукуна туш тараптан ат арытып, баш кошушат. Конок тоскондордун башында Канай баатырдын болгону шексиз. Кеңешке: Тынайдан Таштанбек баатыр, Сарбагыштан Ныязбек, Абайылда, Бугудан Боромбай, Мураталы, Тилекмат, Саяктан Медет датка, Тайлак баатыр, Нарбото бий ж.б. катышат.

Бул маалымат архивдеги инв. № 1454... 37-б. Т. Алымбековдун жазганынан Ж. Жакыпбеков тарабынан «Кокон бийлигине каршы күрөш» деген макаласында келтирилген. Кыргыздын манаптары менен баатырларынын бул жыйынына ж.б. ичинде Канайды камактан кутказган саруудан Ажыбек датка, Анжыян кыргыздарынан, адигинеден да өкүлдөр катышканын болжоого болот.

Анткени элдин тагдырындагы маанилүү маселе талкууланган. Кокон хандыгы алык-салык менен гана эзбестен, кыргыздар менен казактардын чек арасы жөнүндө да буйрук чыгарган. Ошол буйрукка байланыштуу кыргыз-казактын чеги мындайча такталган: түндүк жагынан Чүйдүн башындагы күңгөй тоосу уланган учуна чейин, аягы Ашмара суусунуң Корготуга куйган жерин Тунишкен дейт, ошол жерден баштап Корготу



суусунан тартып Чал-Тоосу, азыркы Талас, батыш тарабы Иле бою, анан Чүйдүн тескей тоолору (ошол кол жазма 40 бет. Т. Алымбеков «Кокон хандыгына чейин эски кыргыздын турмушу жөнүндө») кирет.

**_А.АКМАТАЛИЕВ,_**
_филология илимдеринин доктору, профессор,_
_Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги_

## Тайлак баатыр – улуттук боштондук кыймылдын баштоочусу

Тайлак баатыр тууралуу маалыматтар кытайдын жазууларында, эмгектерде, макалаларда кеңири кездешет[6]. Анын образы фольклордо жана көркөм чыгармаларда иштелип чыккан. Ш.Бейшеналиевдин маалыматы боюнча, Тоголок Молдо шакирти Нурдин молдого насааттап баатыр тууралуу дастан жаздырган экен.

Тайлак сыяктуу баатырлардын жарык дүйнөгө келиши эпикалык «Манас» ж.б. чыгармадагыдай мүнөзгө ээ болуп, уламыш-санжыраларда айтылгандай анын энеси илбирстин жүрөгүнө талгак болот. Баса, Тайлактын замандашы Балбай баатырдын энеси да жолборстун жүрөгүн эңсейт эмеспи! Эки эненин тең келечекте баатырларды төрөй тургандыктан эң баштапкы белгиси. Балбайдын апасына жолборс табылбай Кегетиден аткан карышкырдын жүрөгүн алып барып беришкен делет. Ал буга да талгагы канбай карышкырдын көк жалынын жүрөгүн

---

[66]Караңыз: Кузнецов В.Г. Цинская империя Центральной Азии. Новосибирск. Наука 1983г.

Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы; Аттокуров С. Тайлак баатыр.– Бишкек 1994; Закиров Кыргыз санжырасы. – Бишкек 1996; Тоголок Молдо. Тарых. Түпкү аталар / Китепте: Кыргыздар.– Бишкек: Кыргызстан, 1993. – 1, 2 том; Валиханов Ч. Собр. Соч. в пяти томах. Т.3.– Алма-Ата, 1980.

Асанов Т. Тайлак баатыр //Мурас. 1991. – №1; Сатыбалдиева Б. // Ленинчил жаш. – 1990, 13-март ж.б.

Абдырахманов Ы. Тайлак баатыр. Кол жазмалар фондусу. Инв.№120/323/; Чоробаев А. Тайлак баатыр. Кол жазмалар фондусу. Инв.№28/221, №32/225/.

Чоробаев А. Тайлак баатыр. – Фрунзе, 1959; Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы. – Бишкек, 1993; Бейшеналиев Ш. Тайлак баатыр. – Бишкек, 1998.

жеген экен. Ушул сыңары Тайлактын энесине да илбирс таппай, анын терисин табышып, короого түнкүсүн көк жал карышкырды кармап алган койчудан сатып алышыптыр. Замандаш баатырлар «бир колуна кан аралаш затты» кармай төрөлүшөт. Мындай көрүнүш оозеки эл чыгармачылыгында кеңири айтылат. Уламыш легендалар боюнча Чыңгызхандын, Манастын жарыкка келиш салты да ушул көрүнүштү далилдейт.

Ал мезгилде кокондуктар элди эзип, тарыхчылар Б.Жамгырчиев, К.Үсөнбаев, С.Аттокуров ж.б. жазгандарына караганда "18ден ашуун түрлүү салыктарды жыйнап турушкан экен. Алардан сулуу кыз-келиндерди мал-мүлктөрдү олжолоп, хан ордосуна алышып өз көзү менен көрүп турган он үч жаштагы Тайлактын жүрөгүн сыздаткан». Ы.Абдрахмановдун кол жазмасына кичинекей Тайлактын эл аралап жүргөн кокондуктарды жактырбагандыгы айтылат. К.Осмомалиевдин романында атагына берген «Бул эмнеси» деген суроосуна «ишиң болбосун, бас жаагыңды!» деп өтө орой жооп бердирип, болочок баатырды кактырып коёт. Ушул көрүнүштөн тартып Тайлактын ар-намысы ойгонуп, эл-жерин душмандардан коргоону өмүрүнүн башкы максаты катары эсептейт.

Акын А.Чоробаевдин казалында Тайлактын биринчи эрдиги ошол сулуу кыз-келиндерди, жаш уландарды кокондукгарга айдап бараткан жерден сүрөттөөдөн көрүнөт. Тайлак ичинен жактырып, сүйүп жүргөн Барпыжан (Барпыгүл) да хан ордого кетүүчүлөрдүн ичинде болот. Акын кыздын сулуулугун, акылдуулугун эргүү менен ырга салат. Зордук-зомбулуктун айынан он төрт жаштагы кыз үмүтү өчүп, арман кошогуна көз жашын төгөт:

«Мен, – деди – ордо кызга барганымча;
Тирүүлөй теңдигимден калганымча,
Канетип ай, жер үстүндө жүрөм,
Жүрөккө болот канжар саймайынча!...
– Эр Тайлак айдакчыдан ажыратар,
Күн барбы шоола бизге чачыратар.
Үйүндө баш калкалап жатып калса,
Ким деген шордуулардын башын ачар?»

Барпыжан (Барпыгүл) демекчи, С.Аттокуровдун маалыматы боюнча, кыз менен баатыр аң улоодон кездешип, «шыралга» сураган кыздын



сулуулугуна суктанып, айылына тие кеткен. Атасы Калматайга жуучу жибергенде «журт атасынын көзү түшсө мейли, калыңын төлөй берсин» деген. Никеге камылга жүрүп жатканда чабарман келип, Барпынын сыздаганын-боздогонун сүйгөнү Тайлакка жеткирип жатпайбы!....

Ш.Бейшеналиевдин директүү баянында Барпыгүл баатырдын карындашы катары сүрөттөлүп, ортолорундагы сезим чагылдырылбайт.

Дегеле кыз кошогу, же айткан сөзү баатырларды куткарып алууга намыстантат. Мындай окуя бугу-сарбагыш чабышында бир сулуу келинди күчтөп жыгышып, зордук-зомбулук көрсөтүп жатканда «Чунак акем ушундайда пайдасы тийбей кайда жүрөт,» – деп чыңырып жибергенде Балбай чыдап тура албай чабуул койгондугу айтылат. Барпыжандын кошогу Тайлакты да шердентип, кырк жигити менен душмандын алдын тосот. Тайлак кокондук сарбаздардан «кыргыз жерин экинчи баспайбыз» деп ант алып, жөө жалаң Коконго айдап, Мадали ханга кысым көрсөтүүсүн токтотсун деген шарт коёт.

Акын бул кагылышууну өтө кыска сүрөттөгөн. Анын үстүнө автор баяндоо ыкмасын тандап алгандыктан, конфликт, кыймыл-аракет көрүнбөйт, образга ачык-айкып мүнөз тартуулайт, ал эми каармандын ички дүйнөсү тууралуу сөз кылууга болбойт. А.Чоробаев окуянын сюжетин кууп, сырткы көрүнүштөргө басым кылган. Ал окуяларды ирээттүү түрдн баяндаган. А.Чоробаевдин поэмасына караганда окумуштуу С.Аттокуровдун илимий изилдөөсү нагыз илимий принципте жазылбастан, өтө көркөмдөштүрүлүп кеткен.

Ш.Бейшеналиевдин чыгармасында балалык эрдиги катары калмактар менен кагылышууда билинип, кол башчысы Хунте баатыр менен беттеше калып, кандайдыр бир сыр колдоп Хунтенин Керкашкасы үркүп кеткенинен пайдаланып Тайлак кылыч менен мандайын жара чапкан. Бала баатырдын эрдигин салтанаттап, ай туяк ак боз бээ союлуп түлөө өткөрүлгөн. Жазуучу сыймыктануу менен душманды жеңүүдөгү картинаны элестүү көзгө тартат.

Ооба, Тайлак менен Атантай Куртка чебинин курулушуна өздөрү катышып, жигиттери менен жардам берип эмгек сиңиришкен. Бирок алар дини, дили, тили жакын кокондуктардан зордук-зомбулук көрөбүз деген ойго кептелишкен эмес. Кокондуктардын көрсөткөн кордуктары жанга батканда гана чептин канды соруп, басып алуу үчүн курулганына көздөрү жетти.

Эки бир тууган корккон чептин ээси Таштанбек Атантайды мейманга чакырып, орго салган. Ш.Бейшеналиев бул эпизодду кеңири

баяндаган: Атантай менен Барпыгүлдүн туткундалышын бирдей угуп, аларды куткарууга аракет кылышы, Куртка чебин талкалашы, Таштанбекти Мадали хандын өлүмгө кыюу чечими ж.б. окуялар бири-бири менен тыгыз байланышта сүрөттөлгөн. Чыгармада Тайлактын образынын алгылыктуу чагылдырылышы да мына ушул эпизоддор менен чечилген.

Тайлактын Куртка чебин алуусу К.Осмоналиевде болгону эки-үч сүйлөм менен берилген, автор негедир көптөгөн кызыктуу окуялардан «аттап» кетишкен. Албетте, бул жазуучунун чыгармасына пайда алып келип бермек, тескерисинче, ал окуяларды сюжетке тартса, каармандын элеси дагы ачыгыраак көрүнүп, образдар системасынын чагылышына таасирин тийгизмек.

А.Чоробаевдин поэмасында ордо кыздарды куткарып калгандан кийин атасы Рыскул (Ырыскул) душмандан элди сактоо, ошону менен бирге агасы Атантайды ордодон бошотуу үчүн Куртканын бегине кол сала тургандыгы жөнүндө кеңешет:

Жашым өтүп жетилдим,
Жатып неге бекиндим
Кокондуктун кордугун,
Ойлогондо өкүндүм.

Анын ата менен баланын ортосундагы карама-каршы пикирлеринин көз караштарынын кагылышын жандуу чагылдырган. Атагы уулунун жасаган эрдигин айыптап, «Кокондун жолу кыйын жол, Кол тийбеген бийик жол» деп жолун тосуп, душмандардан кечирим сурап барууга көндүрүүгө аракет кылат. Бирок Тайлак жигиттери менен кол салып, Курткадагы чептин күлүн көккө сапырып, Атантай баштаган ордодо камалгандарды эркиндикке чыгарат. А.Чоробаев көрсөткөндөй анын баатырдыгы менен адамкерчилиги, кең пейилдиги шайкеш келип, чептеги мал-мүлктү талап-тоноп албай элге таратып берет. Дегеле көркөм чыгармаларда болобу, же жазма булактарда болобу Тайлактын башкалардан бирөөнүн да дүйнөсүнө көз артпаган, адал эмгек менен оокат кылган, кызыкчылык көздөбөгөн, акыйкат, эркиндик үчүн гана жеке керт башын өлүмгө сайып койгон баатыр катары керектелчү. Тайлак замандаштар Балбай, Төрөкелди алардын баатырлыгын эч ким танбайт ж.б. окшоп бирөөнүн жылкыларына тийген эмес, барымтага алуу кан буугандай токтолгон, ууруларга каршы элдешкис күрөш жүргүзгөн.

Ууру кармап беришчү,



Ушул менин убадам,
Желпилдеген төө берем.
Же болбосо уккула,
Желини карыш бээ берем!

Тайлактын дагы бир асыл бөтөнчүлүгү – кыргыз эли бири-биринин малын олжолоп, кыз-келинин зордуктап ич ара тытышып турса, биримдик болбосо сырткы душмандар менен күрөшүү кыйын болорун, ар ким «өз көмөчүнө күл тартпай», «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып», кокондуктар менен ачык күрөшүүгө чакырат. Тарыхый булактарга караганда Тайлактын сырткы душмандар менен гана күрөшүүсү – кыргыз элинин көз карандысыз үчүн күрөшүүнүн жаңы этабы болуп саналат. Баатырдын тайманбас идеясын колдошпой көпчүлүгү тарап кетишет:

Бирээри айтат Кокондук,
Түбүнөн бери күчтүү дейт.
Бирээри айтат Чоронун,
Тукумун эми үздү дейт.
Лашкери келет, эл чабат,
Мадали хан түптүү дейт.

Тайлак башка бирөөлөргө ишенгенден көрө күч-кубатына, жигиттерине ишенүүнү эп көрүп, жума сайын Атантай менен бирге согуштук көнүгүүлөрдү үйрөнүүгө умтулат.

А.Чоробаевдин казалында, К.Осмоналиевдин романында чагылдырылгандай Тайлак Кокон хандыгына элчи жиберип, ордого кеткен кыз-келиндерди кайрып алат, өлгөндөргө кун төлөйт.

Ачуусу кайнаган Мадали хан жазалоо үчүн кол башчыларынын бири Арапка катуу буйрук берип, жоокерлери менен жиберет. А.Чоробаев Арaптын кыргыз жерине жол тартуусун, арак-шарап ичип кыз-келиндер менен ойноп келе жатканын даректүү берген. Ошону менен бирге Арапка «кошоматчы кылып, кой сойгон» кожо-молдолордун образдары да ийкемдүү иштелген. «Дамбылданын түшү» деген бөлүмчөдө түшүн көрүп, аян билдирип, «Он бир күндүн ичинде, башын кескин Тайлактын» деп Арапты макташып, көп олжо алынат.

Тайлак менен Арaптын согушу – А.Чоробаевде, К.Осмоналиевде, Ш.Бейшеналиевде негизги эпизоддордон. Акын казалда көркөм кыялдануудa өтө ашкере нукка төгүлүп кеткени дароо байкалат. Фольклордук чыгармаларда баатырлар капысынан жолугушуп, кийинки кагылышуунун эрежелерин иштеп чыгышып, «сөзгө» келишип, ант-шерт

беришип, эч нерсе болбогондой тарап кетишет. А.Чоробаев да чалгынга өзү чыккан Тайлакты эки айрылган жолдо уктап жаткан Арапка жолуктурат, аны шашпай ойготуп, наспай тартышып жекеге чыгууга убадалашып кайтышат. Ал эми Ж.Кенчиевдин санжырасында (Ш.Бейшеналиевдин даректүү баянында баш сөздө берилген) Тайлак Арапты тосуп, туу белге чыгып, жаратылышка кумарланып, кымызга талыкшып уктап кетет, аны Арап келип ойготуп, жекеге чыгууга ынтызар экендиктерин бири-бирине билдиришип, досторчо коштошот. Каармандар орун алмашып гана калган. Акын Тайлактын тарыхый инсан экендигин унутуп калган, реалдуу шартта мындай окуя болгон да эмес. Ал эми А.Чоробаев эпикалык чыгармалардын таасиринен улам өтө гиперболаштырып, абстракташтырып жибрген да, баатырлар жомоктук каармандарга айланып калышкан. Эмне үчүн Тайлак жалгыз чалгынга чыгат?! Арап эмне үчүн уктап калат?! Араптын жанындагы кайтаруучу жигиттери кайда?! Элдешкис душман болуп туруп эмне үчүн чабышып кетишпейт?! Акын Тайлактын адамгерчилигин, боорукерлигин, баатырдык айкөлдүгүн көрсөтөм деп жатып, аны турмуштук-реалдык белгиден ажыратып салган.

Экөөнүн айкашы жекеме-жеке сайышууларын окумуштуу С.Аттокуров минтип жазат: «Арап ак боз аргымак минип, он чакты солдаттын алдында чалкалап келе жатат. Чалгынчылар эртең менен жакын жерде тирүү жан жок деги аны тынчыткан күн too башынан аркан бою көтөрүлгөн. Дал ушул учурда бута атымдай жерден чоң тору минген Тайлак 10 жигити менен жерден өсүп чыга калды. Байыркы салтты сактап, Арапты жекеге чакырды. Арап ошондой сыпайы менен колдон бөлүнүп качып берди. Тайлак өзүнүн жигиттери менен кууп жөнөдү. Бир чай кайнамда Арап белге жакындап калды. Тайлак жигиттеринен бөлүнүп чыгып, аны жекеге чакырды. Арап токтоду. Тобокелге салууну чечти. Тайлак экинчи беттешүүдө эле Араптын найзасын кагып сындырды. Бирок өзүнүн найзасын ыргытып жиберип, кылычын кындан сууруп алып Арапты качырды. Бир эки айкаштан кийин Араптын кылычы согулуп ыргып кетти. Тайлак аны ийри кылычы менен бөлө чапты».

Тарыхчы окумуштуунун пикири көркөм чыгармаларда кандайча эске алынды? деген суроо туулбай койбойт. Жогоруда көргөндөй, казалдагы жолугушуу негизсиз болуп чыга келет. Ал эми салгылашуунун жүрүшү А.Чоробаевдин сүрөттөөсүндө, албетте, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүсүндө тартылып, көркөм сөз каражаттар пайдаланылган. Жардап



турган эл ачуу кыйкырык менен эки баатырды күүлөп турушкан. Жоо бөрүсү Бөбөтөйдүн белгиси менен Тайлак Арапты сайып иет:

Найзанын учу так этти,
Бир мертем Арап бак этти,
Кекиректеп тепчиген
Кежигеден колоюп,
Найзанын учу карыштан,
Чыга түштү сороюп.
Азирет кандын Арабы,
Жыгылды аттан тороюп.

Жазуучу К.Осмоналиев бул эпизодду мындайча баяндайт: «Баатырлар нечен мертебе найзалашат. Альша албайт. Бир оокумда зоотко урунуп кагышкан найзалары чорт сынат. Ошондо Тайлактын сырттан багып, тынчы кетип жаткан жигити «Бел курдагы айбалтаңды суур!» – деп бакырат. Арап менен чапчышууга колтук келип калган Тайлак буйрукту угуп, айбалтаны ала коёт да, Арапты камынтпай бет талаштыра шилтеп жиберет».

Ш.Бейшеналиевде беттешүүнүн эрежелерине, элчилердин эмгектерине, калыстар тобунун тартиптүү сактоого аракеттерине көбүрөөк орун берилген. «Бетме-бет беттешүүдө ким басымдуурак утушка ээ болсо жеңиш ошолордуку» деген чечимге келишет. Жазуучунун жазуучунун варианты боюнча күтүлбөгөн жерден жекеге Тайлак чыга калат. «Арап дапдаарып барып эсин жыят». Эки баатырдын найза сайышы, кылыч чабышы даректе көркөм берилет. Жазуучунун милдети да баатырлардын күчтөрүн объективдүү сүрөттөйт. Арап да далай сынактан өткөн айбаттуу шер, аны душман катары оңой-олтоң эле жеңилдирип коюу тарыхый чындыкка туура келбейт, ошондуктан күчтөрү бирдей баатырлардын кармашуусун калемгердин узагыраак созуп жазышы да мыйзам ченемдүү. Тайлактын кулагына Бөбөтөйдүн «Бууруулдун оозун жыйба! Карегинди ирмебе! Алка жака бүчүлү тоскон торду жыра сай!» – деген ачуу үнү шак угулуп, шердентип жиберет. Бардык материалдарда Тайлактын жеңиши – бул факт, тарыхый чындык.

...Тарыхтагы маалыматтар белгилегендей, Тайлак баатырдын кытайлардын жеңишке жетиши, биринчиден, чек араны таанууга түртүп, императорду тынчсыздандырып, чек араны чыңдоого көңүл бурган экинчиден, эл аралык мааниге ээ болуп, баатырдын даңкы Кокон, Хива, Бухара, Ооганстан, орус, казак жерлерине жеткен; үчүнчүдөн, кичинекей

уруулардан турган отряддарды дагы чындоого түрткөн, кыргыз эли да күчтүү куралданган аларга каршы тура аларын

Тайлак баатырдын эрдиги, намыскөйлүгү, жалтанбастыгы, адамкерчилиги, абийири, жупунулугу, ишеними, ж.б. сапат-касиеттери айрыкча азыркы күндө кыргыз элине өлбөс-өчпөс үлгү болуп, түбөлүккө жашайт.

*Мухамед-Тайлак **АБДЫЛДАБЕКОВ,***
*тарыхчы, философ, журналист*

**Кыргыздын баатырдык рухунун жалындуу жарчысы**

Кыргыз элинин улуу муундагы жазуучу акындарынын ири өкүлү, алп санжырачысы, Ата журт тарыхынын теңдешсиз чежирүүчүсү, көрүнүктүү фольклорист, кыргыз этнологиясы боюнча дээрлик энциклопедиялык масштабдагы адис, улуу Тоголок Молдонун шакирти жана атайын жардамчы катчысы Абдыкалык Чоробаев XIX кылымдын аягында бу жарык дүйнөгө келип (1896), 83 жыл жашап, XX кылымдын соңку чейрегинин башында (1979) көз жумган. Башкача айтканда, залкар калемгердин өмүр жолу үч улуу доорду басып өттү: кыргыздын Октябрь Төңкөрүшүнө чейинки тынчтык доору, Улуу үркүн доору жана Совет доору. Демек, А.Чоробаевдин инсандык калыптануусу менен чыгармачыл мезгили ар башка замандарда өткөнү жогоруда биз санап өткөндөй универсалдуулугунун себептерин түшүндүрөт, ошону менен бирге, бул залкар инсандын тарыхтагы ордун, чыгармачылыгы боюнча адилет баасын айкындап алууга жардам берет.

Арийне, бизде Абдыкалык Чоробаевдин бардык чыгармачылык айдыңын талдайлы деген ой жок. Китеп вазийпасы аны талап кылбайт, бирок айта кетүүгө өтө зарыл болгон, унчукпай, кыйгап өтүүгө мүмкүн болбогон жагдайлардын ар кайсынысына аз-аздан болсо да, токтоло кетүү зарурат көрүнөт.

Абдыкалык акындын поэтикалык чыгармачылыгына сереп салсак, анда акындын балалык кезде катуу таасир калтырган, бүткүл жаратман дүйнөсүнөн дайымкы көрөңгүсү болуп келген Ак-Талаа, Тогуз-Торо



аймактарындагы ажайып кооз жаратылышты чаңкап сүрөттөгөн ырларынын чакан топтомун көрөбүз. Бирок калемгердин негизги чыгармалары – өргөлжү жалаң кыргыз баатырларынын тарыхый-көркөм галереясын жаратып-түзүүгө арналгандай, кыргыз элинин бүткүл тарыхый жолу «Ала-Тоолук кыргыз эли тайманбай», «Сансыз жоодон эркиндигин талашкан» (Кыргыз ССРнин биринчи Гимни) жоокердик замандарын чагылдырууга зор аракеттерди жасаган жана бул жагынан эбегейсиз албан-албан эмгектерин жараткан. Акындын «Жаңыл Мырза», «Тайлак баатыр», «Алп Тобок», «Жети эрдин өлүмү» сыяктуу залкар дастандары, «Токсон суроо» өңдөнгөн философиялык диалог мазмунда жазылган поэтикалык терең ой жүгүртүүсү, автордун каармандык, жоокердик, баатырдык – жалпы эле эл эрдиги жөнүндө патриоттук улуу сезими, эл-жерин чексиз сүйүүнүн бирден бир бийик үлгүсү болуп саналат.

Баарыга белгилүү болгондой, Кыргызстан 1991-жылы өзүнүн миң жылдык тарыхында, биринчи жолу саясий эгемендүүлүк алганы элибизде өзүнүн өткөнүнө, улуттук тарыхына кайрылуусу барган сайын өктөмдүк менен активдешүүдө. Анткени тарыхка кайрылуу, кезектеги мода кубалоочулардын мезгилдик далбастоолору катары эмес, элибиздин баатырдык бай мурастарына, демек, өздөрүнүн мурда ким экендиктерин билүүгө умтулуулардын өзү (Кудайдын кулагы сүйүнсүн!) элибиздин жалпы аң-сезиминде өзүнүн баатырдык тарыхына кызыгуу олуттуу түрдө ойгонду! – дегенди билдирет. Бул чынында да аз эмес ийгилик.

Кыргыздын маданий мурасында өзүнчө бир керемет Мейкиндик – «Абдыкалык Чоробаевдин руханий үрөөнү» атуу ажайып айдың бар. Бул руханий кенчибиз акындын зор бараанынан гана кабар бербестен, көптөгөн муундарыбызды атуулдук (патриоттук) сапаттарды өзүнчө калыптандырууга, өз элинин каарман эрдиктеринин тарыхына, элдин аң-сезиминде кыттай уюган тарыхый кеменгер инсандарыбыздын, жомоктогудай жеңилбес, реалдуу жашап өткөн баатырларыбыздын, акылман-ойчулдарыбыздын мисалдарында тарбиялай турган залкар чыгармаларынын бар экени, алар жарым кылым бою кыргызга кызмат кылып келатканынан да маалымдайт.

Соңку мезгилдерде кыргыздын басма сөз беттеринде, массалык маалымат каражаттарынын алкагында, жалпысынан Курманбек, Тайлак баатырларга арналган эмгектер, иликтөөлөр, макала-маектер көбөйө баштады. Азыркы учурда көркөм чыгармадан тарыхый баянга көбүрөөк ой баштагандай. Бул дагы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени

коомчулук өткөнү боюнча илимий маалыматтарга, тарыхый фактыларга таянгысы келишет. Ушул мааниде Абдыкалык Чоробаевдин «Тайлак баатыр» аттуу, көлөмдүү поэмасы өзгөчө орунга ээ. Ошол жагдай тууралуу токтоло кетүү абдан зарыл.

Кымбаттуу окурман! «Тайлак баатыр» басылып чыкканы (1959) толук 43 жыл болуптур. Андан бери СССР кыйрады, Кыргызстан эгемендүүлүктөн он жылдыгын башынан өткөрдү, кыргыздын интеллектуалдык чөйрөсү мурда болуп көрбөгөндөй масштабда кеңейди, калкыбыздын жалпы илимий-теориялык аң-сезими ушул китеп чыкканы канчалык даражада өскөнү далил-фактыларга кайрылбай эле элестетсе болот. Демек, 50-жылдары жарык көргөн көптөгөн саясий, илимий, адабий ж.б. чыгармалар таптакыр эскирди. Бир кыйласы кайрадан иштеп, ал түгүл көп жерин жаңылап чыгууну талап кылат. Бул заман күүсү, доор талабы. Албетте, буга совет адабияты, коммунисттик саясий концепциялар же ошол духта жазылган эмгектер кирет. Бир таң калычтуусу, Абдыкалык Чоробаевдин «Тайлак баатыр» аттуу тарыхый чыгармасы ушу бүгүнкү күндө да эч олуттуу өзгөрүүгө дуушар болбой, өзүнүн алгачкы адабий көркөм маалыматтары азыр кадимки тарыхый факты катары, жаңыча мазмунга өтүшү бул зор ийгилик. Албетте, А.С.Пушкиндин «Капитан кызы» чыгармасы Е.Пугачевдун тарыхый маалыматтарына каршы келбегендей эле, А.Чоробаевдин бул адабий чыгармасы да тарыхый фактыларга гана таянган (автордун архивдик же башка документтерге кайрылганы тууралуу маалыматты жолуктурганым жок!) тарыхый чыгарма болуп калды. Мунун өзү чыгарма ийине жеткире иштелгендигинин күбөсү.

Китептин мындай кубаттуу илимий (тарыхый) пайдубалда чыгышы, калыбы, кыргыздын даңазалуу акыны, элибиздин тарыхын жат билген, чыгыш санжыра-мифтери боюнча эл аралык (түркий дүйнөсү боюнча) маанидеги залкар адис Кубанычбек Маликовдун өзүнүн жеке редакциясынан өткөнүнөн деп эсептөөгө болот. Китептин бир таалайы, ошондой орошон Инсанга – К.Маликовго туш болуп, ажардуу таптиштөөдөн өткөнү.

Биз жогоруда үстүртөн айткандай (белгилеп өткөндөй), А.Чоробаев «Тайлак баатыр» поэмасын жазууда тарыхта сакталып калган документтерге таянып жазган десек, албетте таза калпычы болот элек. Бирок автор 20-30-жылдардагы Тайлак баатыр заманын көргөн адамдардын өз оозунан уккан санжырачы, уламачылардын, дастанчылардын али унутула элек маалыматтарына, али өчө элек



эскермелердин, айтымдардын негиздеринде жазган. Бүгүнкү күндө бизге белгилүү болгондой, Кытай документтери, орус «илимпоз-чалгынчыларынын" жашыруун ачык маалыматтары XX кылымдын 50-жылдары кеңири тарала элек болучу. Ошондуктан Абдыкалык Чоробаев өзүнүн «Тайлак баатыр» вариантын элдин эсинде, аңыздарында калган айтымдардын негизинде, демек, эл жадысындагы «факт» боюнча жазганы айкын. Балким, айрым тарыхый фактылар бүгүнкү документалдуу маалыматтардан башкача же кайчы келип калышын опурталдуу каталык катары эмес, мыйзам ченемдүү эле көрүнүш десе болот. Дагы бир көңүл буруучу нерсе, «Тайлак баатыр» поэмасы чынында да тарых чежирелеринин мыкты үлгүлөрүнүн топтондусу дээрлик.

Бул чыгарма жаралганы, башка тарыхчылар: В.С.Кузнецов, С.Аттокуров, Н.Мадеюевдин илимий эмгектерин, Шүкүрбек Бейшеналиевдин даректүү повестин кошпогондо, Тайлак баатырды иликтөөдө көп деле жаңы фактыларды же жаңыча омоктуу окуяларды таап кошо алышкан жок. Бокбасар бий жөнүндө гана ушу күнгө чейин тарых илими унчуга элек?!

Айтса биздин колубузда турган тарыхый поэзиясын Абдыкалык Чоробаев качан, кай мезгилде, канча убакта жазганы тууралуу маалымат жок. Эгерде андай даректер тагыраак болгондо, чыгарманын жазылып жаткан мезгилдеги саясий кырдаалдардын таасирин аныктап алууга мүмкүн болот эле. Мисалы, окурмандар үчүн 1937-жылга чейинки, бир-бирине кызылдай саясий айып коюп жамандамай кырдаал, Улуу Ата Мекендик согуш алдындагы кыргыз адабиятындагы улуттук ойгонуу (жандануу) кыймылдары, согуш мезгилиндеги патриоттук сезимдерди тарыхтан, ата-бабалардын мисалында алып чыгуу саясаты, анан эле партиянын мезгил-мезгили менен баарын жайпап жок кылып туруучу улутчулдук (национализм) деген саясий идеологиялык кандуу сел учуру сыяктуулардын таасиринен бурмаланганын же саясат желаргысына ыктап, «жар жыгыл!» болуп, туурамачыл усулга өтүүнү билүүгө, демек тарых кайсы жерден билинбей ондолуп кеткенин, аны кайра кантип калыбына келтирүүнүн жолун иликтөөгө мүмкүнчүлүк түзүлмөк.

А.Чоробаевдин бул олуттуу тарыхый чыгармасындагы көңүл бурарлык жагдай, мында бүгүнкү биздин коомдук турмушубузга керектүү болгон коомдук саясий, юридикалык, аскерий, этнографиялык, тарыхый билимдердин терминдери өтө эле мол берилген экен. Тоталитардык системанын гүлдөгөн заманында анын ашкере кыраакы чыпкасынан булардын кантип өтүп кеткенине таң каласың! Албетте, Абдыкалык

акындын бул керемет рухий байлыгын ачып чыгуу, илимий колдонуу айлампасына (оборот) кеңири кийирүү келечек муундардын илимий бактысы болор. Бирок белгилей кетүүчү нерсе, автор бул китебинде, айталык тарыхый (а балким архаикалыктыр) лексиконду чыгармага кеңири сиңирүү менен, Кокон заманынын элестүү сүрөтүн тарткан. Атаганат, ошол сөздөр, терминдер кыргыз тарыхында же XIX кылымдагы кыргыз адабиятынын лексикондорунда термин катары пайдаланылбаганы өкүндүрбөй койбойт, анткени биз ал доорду элестүү түшүнүү мүмкүндүгүнөн ажырап, тарыхтын маңызын үстүрт баамдап келүүдөбүз.

Терминдерге байланыштуу дагы бир учур. Коконduктардын ысымдары Абдыкалык Чоробаев тарабынан «Тайлак баатыр» казалында өзүнчө бир «кыргызча» вариантта берилгендей сезилгени менен, бул китептен кийинки тарыхый чыгармаларда да Абдыкалык акындын вариантынын сакталып калышынын өзү кызыктуу. Менин жеке баамымда тарыхчылар башка ысым кошуша элек. Демек, кийинки чыккан эмгектер А.Чоробаевдикин туура вариант катары кабылдагандай.

Ошентип «Тайлак баатыр» казалы кыргыздын тарых маалыматтарында өзгөчө орунду ээлейт. Биринчиден, Тайлак баатыр темасы боюнча башка тарыхчылар ичинен А.Чоробаев «алгачкылардын бузган» автордон. Буга чейин көлөмдүү, зор окуяны ичине камтыган өзүнчө чоң эмгек болгон эмес. Экинчиден, бул чыгарма жарыкка чыгуу менен кыргыздын улуттук Баатырынын чыныгы эрдиктери биринчи жолу массалык түрдө маалымдалды. Автор бул залкар чыгармасы менен кыргыз тарыхына, айрыкча баатырдык маалыматтарына ат көтөргүс салым кошту, жеткинчек муундарды ата-баба үлгүлөрүнө сыймыктанууга, алардын асыл мурастарын ыйык кастарлай билүүгө рухий шарт түзүп берди. Бул шарт жаш муундар алдында дайым түбөлүк.

*22.05.2002-жыл, Бишкек шаары*



***Бурмакан САТЫБАЛДИЕВА,***
*журналист*

## Тайлак баатыр тууралуу сөз

*Бул макала агам Токтосун Беккулиевдин жаркын элесине арналат*

Ак-Талаа менен Тогуз-Торо аймактарын так кесе бөлүп турган Кара-Көө ашуусунун туу белинен көз жүгүртсөңүз, эки бөлөк көрүнүшкө туш болосуз. Күн батышы – жайкалган көк шиберлүү тоолуу өрөөн, күн чыгышы – боппоз адырлуу, ак чаптар.

Керме-Тоонун ак кар баскан тоо кыркаларына жалгашкан ак чаптуу кең жайык өтөктүү жердеген элдин – ак-талаалыктардын тээ алмустактан бери келе жаткан өзүнө тиешелүү тарыхы бар. Демек, тарыхый инсандары да бар. Алардын бири – Тайлак баатыр.

Кара-Көөнүн Ак-Талаа тарабындагы боз чаптарды улай бөксөлөй чабылган Тайлак арык кетет. Бир жарым кылым мурун айтылуу Тайлак баатыр өз колу менен, жапатырмак эли менен ченебеген аралыкка арык салып, суу чыгарып, аштык айдап, элин тойгузган деген аңыз азыр да айтылып жүрөт калк оозунда. Тайлактын дыйканчылыкка кошкон салымын урматтаган урпактары азыр да Тайлак арык деп сыймыктануу менен аташат.

Эл оозунда Тайлак баатыр деген ысым менен белгилүү болгон Рыскул уулу Тайлак – XIX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн тарыхый инсан. Кыргыз тарыхында ал кытай, жуңгар баскынчыларына жана Кокон хандыгына каршы козголонду баштаган кол башчы катары белгилүү. Ак-Талаа районунун Көк-Жар, Ак-Кыя элдүү пункттарын аралай өткөн кан жолду улай Айгыр-Жалдан түшө калгандагы эки жолдун ажырымында Тайлак баатырдын күмбөзү турат кылым карытып...

Тайлак баатырдын күмбөзү жайгашкан ушул Куртка жергеси Улуу Жибек жолунун бир тоому болгонун кечээ жакында эле билдик. Бул тарыхый тактоолорду Улуу жибек жолун иликтеген окумуштуу адистер дагы бир жолу ырастап отурушат.

Казарманга, Курткага (өйүзгө) каттаган ар жолку сапарымда күмбөздүн тушуна келгенде эски кишилердин күбүрөнө бата тартып өтүшкөнүнө күбө болдум. Мунусу адамдык расмысын жасаган карыялардын баатырдын арбагына тооп кылганы деп түшүнөм. Алдыдагы ашуудан аман-эсен өтүп кетели деген ниет-тилек жатабы дейм теренде. Эмнеси болсо да чала-чарпыт угулган алардын «Тайлактын арбагы колдосун», «Кан жолдо кетип баратабыз, саат-кырсыктан тышкары бололу» деген кобурун эш тутуп, көңүлүм тынч.

Айтмакчы, Тайлактын күмбөзү канча кылымдын жаан-чачынына, шамал-бороонуна туруштук берип, кээ бир жерлери жемирилип кетсе да, дале күмбөз сүлдөрү, сөөгү сакталып турганына караганда күмбөздүн кыш-ылайы эчкинин майы кошулуп бышырылган деген имиш сөздөрдүн чындыгы бардай. Төбөсү түшкөнү менен төрт дубалы урабай калганына таңыркап, бул күмбөздү курган ошол замандын усталарына тан бересиң. Бирок ушундай баа жеткис тарыхый эстеликтин барк-баасын билбеген Куртканын уруштан кийинки жана азыркы «атка минер» активдерине сөз өтөбү? «Сөздү укканга айт, сууну сиңген жерге куй» деген акыл кеп туура.

Пайдубалы арча менен түптөлгөн бул наркы жок эстелик күмбөздүн төө кыштарын күнүмдүк тирлигин ойлогон чолок акыл адамдар уруш маалында, андан кийин деле атайын меш салганга пайдаланышкан экен. Бул эмне деген бейопаалык, маңкуртчулук! Атаганат, көзү ачык, көөдөнү сокур адамдардын бийлиги дагы эле жатат го арбайын согуп.

Күмбөздүн тагдыры тууралуу мынчалык сөз болуп жаткандан кийин курткалыктардын ичинде айтылып жүргөн кызыктуу, чын-төгүнү белгисиз бир аңыз кепти кыстара өтпөсөм, милдет өндөнүп турат мойнумда.

Ушул эле Курткада (азыркы Жаңы-Талап айылында) Кыдыраалы аттуу киши уруш жаңы гана басылып, элдин көңүлү тынчтыкка карк болуп чалкыган жылдары бир иш жасаптыр. Ал курткалыктардын кызыл таруунун кордоп салган бозосунан бастырып алып: «Бул Тайлак баатыр. Тайлак баатырдын күмбөзү деп эле калышат, деги бул жерге Тайлактын коюлганы чын болду бекен?» деп атайын чын-бышыгына жетүүнү көздөп, күмбөздүн казанбагынын оозун ачып кирген экен. Казанбактын оозу кыш менен бүтөлүп, кирүүгө ыңгайлаштырылган болуу керек. Ал кишинин өз көзү менен көргөнүн, оозунан чыккан сөзүн чып-чыргасын коротпой мага жеткирип айткан адамдын сөзү бул: «Казанбак көп кишинин сөөгүн коюуга эсептелип, абдан кең казылган экен. Казанбакка түшчү тепкичтер жалаң арчадан кыналып жасалыптыр. Тайлак



баатырдын сөөгүнүн алдында булгаары төшөлүп, сол жагында жети киши. Оң жагында жети кишинин сөөгү коюлуптур. Коюлган кишилер бири-биринен өткөн аябай сөөк-саактуу кишилер болсо да, Тайлак баатыр алардын баш жагынан өйдө, аяк тарабынан тизесинен ылдый ашып турат. Ченебегендей алп киши экенине чындап таң бердим. Киши териси курумшу, сөөктөрү үбөлөнө жаздап турса да, жанында кошо коюлган, чарайна чынжыр соот, туулгасы, курал-жабдыктары кадимки калыбында турат». Кыдыраалы аксакалдын көзү өтүп кетти. Көзү өтүп кетсе да, сөзү эл арасында ушундай аңыз болуп, чын-төгүнү билинбей, иликтөөчүлөрдүн ишенимине бүлбүл жанган шоола чачып, жабык изги сырын катып турат.

Ушул жерден мыйзам ченемдүү суроо туулат: Тайлак баатырдын Кыдыраалы аксакал көргөн тарыхый баа жеткис жеке буюм-тайымдары азыр кайда?

Тээ бала кезден бери жүрөгүмдү ноюп келген, көкүрөктө уялап, жан дүйнөмдөн түнөк берип багып келаткан дил кайырган ачуу чындык эми гана ачыкка чыгып олтурат.

Түптүү кыргыз элинде Тайлак баатырдын ысымына байланышкан нечен улама-аңыздарда арбын айтылып жүргөн жерлерди бутум басып жүрсө дагы, казал китебин окуп, «Керме-Тоо» спектаклин көрүп, санжыргалуу окуясын куйма кулак болуп уксам дагы, бир чымчым чындыкты тамчыдай макалага сыйдыра албай, көңүл чапса да, көмөкөйдөн үн чыгара албай жүрбөдүмбү далай жыл.

Мектепте окуп жүргөнүмдө акын Абдыкалык Чоробаев менен жолугушуу кечеси болду. Адабият сабагынын мугалими карыя акындын өмүрү, чыгармачылык жолу менен тааныштырып сөз кезегин мейманга берди. Арыкчырайынан келген, суйдаңыраак ак сакалдуу, көз айнекчен акындын куюлуштура сүйлөгөн сөзүнө бүт дитим байланды да калды. Ошол учурда акындын ар бир сөзү мен үчүн алтынга тете эле. Ар бир сөзүн көңүлүмө уютууга аракеттенип, айрыкча Тайлак баатыр жөнүндө айтып жаткандары кулагыма күмүш сырга болду. Жолугушуу учурунда акынга көп эле суроолор бергенсидим эле, бирок эмнегедир жадымда сакталып калган мына бул сөздөргө азыр да таң калам.

Мугалимдерден болсо керек эле: «Тайлак баатырдын өздүк буюмдары кайда?» – деп сурап калды. Эгерде балалык эс тутумум жаңылтпаса, Абдыкалык аксакалдын: «Ооба, Тайлак баатырдын сөөгү менен чогуу-чаран жеке буюмдары коюлган экен. Москвадан археолог, тарыхчы, изилдөөчү окумуштуулардын экспедициясы келгенде мен өзүм

аларга көрсөтүп, көрүстөндү ачканга катышкан элем. Азыр Тайлак баатырдын ошол буюм-тайымдары Москва, Ленинград шаарларынын ортосундагы Пушкино деген шаардын тарыхый-этнографиялык музейинде сакталып турат», – деп айтканы күнү бүгүнкүдөй эсимде.

Кыргыз тарыхында жазылып жүргөндөй, өткөн кылымдагы Кокон хандыгынын төбөлдөрү Нарын өрөөнүн былкылдатпай кармап туруу максатында Куртка чебин курушкан. Ал чеп Нарын дайрасынын бийик жарлуу жээгин бойлой салынгандыгынын себеби да ошол заман-кырдаалга жараша бийликти кармоодо, аскердик-согуштук мааниси зор болгон.

Айтор, элүүнчү жылдардын башында эле Нарын дарыясынын жээгиндеги ошол чөлкөмдөгү Куртка чебине тушташ эле жайыктан кум чайкап суу жээкке сүрүп таштаган, мойну узун, кундагы жок дат баскан бараң мылтыкты курткалык тестиер балдар таап алып, акын Абдыкалык Чоробаевге беришкенин өз оздорунан укканым да бар. Ал эми кундагы жок мылтыктын андан аркы тагдыры бизге белгисиз бойдон калды. Аттиң ай, акын А.Чоробаевдин көзү өтүп кеткен соң Тайлак баатырдын өздүк буюмдарына тиешелүү көп түйүндүү суроолордун башы ачылбай калды. Бири кем дүйнө, акын менен бир чечилип сүйлөшө албай калганыма кандай гана өкүнөм.

Жабык жаткан ойлорду ачык айтып гана тим болбостон, андан жыйынтык чыгаруу – жумуруятыбыздагы ушул маселеге тиешеси бар, ага түз милдеттүү атуулдардын ыйык парзы. Жоголгон бычактын сабы алтын болгон ошол наркы жок баалуу экспонаттар Кыргыз мамлекеттик тарых музейиндеги «Кокон хандыгынын тушундагы кыргыздардын козголоңу» деген залга коюлса, эмне деген баа жеткис казына, тарыхый табылга, орду бөксөрбөс толуктоо болот эле. Азыр борборубуздагы тарых музейиндеги XIX кылымдын башталышына арналган жайдак залда бирин-экин мылтык куралдарды, Кокон хандыгынын тушундагы жалгыз чынжыр соот, кургак баяндамаларды эске албаганда, колго илинерлик буюм-тайым, кармана, көрсөтө турган эч нерсебиз жок.

Тайлак баатырдын өздүк буюмдарын изилдеп, иликтеп, даректеп кайрып алуу – биздин муундун кечиктирилгис милдети. Буга коомчулук, жумурай журт кызыкдар. Бул – тарыхый мураска түздөн-түз тиешеси бар кыргыз археолог-тарыхчыларын, окумуштууларын, Кыргыз мамлекеттик тарых музейинин кызматкерлерин, журналисттерди кайдыгер калтырбаган көңүлдүн борборундагы көйгөй маселе.



Жакында Ак-Талаага барып, жакшы жөрөлгөгө, жакшы кабарга көңүлүм куштар болуп кайтты. Райондук «Айыл турмушу» газетасы Тайлак баатырдын айкелин тургузуу. Күмбөздү реставрациялоо боюнча демилге көтөрүп чыгышкан экен. Көпчүлүк экен, эл экен, элет жериндеги журналисттердин мындай сунушу дароо колдоого алынып, ак-талаалык эмгекчилер атайын эсеп ачышып, акча каражаттарын топтоп жатышыптыр. Элдин колдоп кеткенине караганда буга чейин демилге гана жетпей жаткан бейм. Ушундай жакшынакай жөрөлгө, саамалыкка жергиликтүү райондук аткаруу комитети, коомчулук колдоо көрсөтүп жаткан соң демилге ишке ашар.

Учурдун талабынан улам жалпы окурман мүдөөсүнүн өтөлүнө чыгуу максатында «Адабият» басмасы «Эл кенчи» түрмөгүнөн элдик эпосторду, кенже эпосторду, уламыш-легендаларды, ырларды чыгарууну жаңыдан колго алды. Ошол түрмөктө акын А.Чоробаевдин «Тайлак баатыр» деген казалын да кайрадан басып чыгаруу ойлонулса, эң жакшы болчудай. Анткени бул чыгармага кардар, муктаж окурмандар өтө арбын. Экинчиден, Тайлак баатырдын тарыхтагы ордун тастыктоо – кыргыз тарыхчыларынын учурдагы ургалдуу милдети, себеби кыргыз тарыхынын мурунку басылыштарында Тайлак баатыр жөнүндө учкай маалыматтар менен чектелип келгенибиз кечиримсиз. Ортон колдой тарыхчылардын илимий даражалуу тобу жазып жаткан кыргыз тарыхынын кийинки чыгарылыштарындагы авторлор биз көтөргөн маселе боюнча кандайча кошумча табылгаларды киргизишери азырынча белгисиз, бирок Кокон хандыгына арнала турган бөлүмчөсү актай калбастан, маанилүү маалыматтар, тарыхый фактылар менен толукталарына ишенебиз. Орус тарыхчылары Минин менен Пожарскийди элдик баатырдын деңгээлине кандай көтөрүшсө, кыргыз тарыхчылары да Тайлак баатырды так ошондой деңгээлге көтөрүүгө эмне үчүн болбосун? Анткени Тайлак баатыр тарыхый инсан болгондуктан, ал фундаменталдуу изилдөөнү талап кылган көөнөрбөс тема.

«Кыргызстан маданияты» газетасынын үстүбүздөгү жылдагы алгачкы санынан тарыхчылар Б.Урустембеков менен Т.Чороев жазып жаткан кыргыз тарыхынын маалыматнаама китебинен үзүндүнү окуп, аябай кубануу менен кабыл алдык. Маалыматнаамадагы терминдерге көз жүгүртүп келе жатып, Атантай деген терминге берген түшүндүрмөнүн «Атантай – Тайлактын атасы» деген жерин окуп алып, чочуп кеттим. Атантай – Тайлактын атасы эмес, агасы. Муну Тайлактын азыр жашап жаткан урпактары бир оздон ырасташат. А.Чоробаевдин казалына

Тайлактын атасы Рыскул деп так көрсөтүлүп кеткен. Дегеле мындай майда-барат көрүнгөн калпыстыктарга жол берүү тарыхчылардын китебине салмак кошпойт деңизчи, ошондуктан ары так, ары кылдат болуу зарылдыгы бар.

Бул макала, балким, эл арасында Тайлак баатырга байланыштуу айтылбай катылып жаткан көп сырлардын, ойлордун, же карама-каршы пикирлердин ачыкка чыгышына түрткү болор.

*1990-жыл 13-март, «Ленинчил жаш», Фрунзе шаары*


***Сапарбек ЗАКИРОВ,***

*филология илимдеринин кандидаты*


## Тайлак баатыр баяны

Кыргыз санжырасы канча суу кечип, канча тоо ашып, муундан муунга айтылып, биздин күнгө келип жетти. Бүгүн кыргыз элинин тарыхына, басып өткөн жолуна кызыгуу күч. Элдик санжыра тарыхыбыздагы бөксөнү, кенемтени толтурууга кызмат өтөр деген ниеттебиз.

Ак-Талаа, Тогуз-Торону жердеп турган саяк уруусунан чыккан Тойматтан Жанболот туулат. Жанболоттон – Ырыскул бий, Кожоберди, Байбагыш, Эраалы, Бегаалы, Дербишаалы, Ырысменде, Алдажар, Бешуул, Казак; Ырыскулдан – Атантай, Тайлак. Тайлактан – Осмон. Биз эми ошол Ырыскулдун Тайлагы жөнүндө сөз кылабыз. Тайлактын чоң атасы Жанболот баатыр киши болгон. Эки жакка жортулга көп чыккан. Жанына бир тууганы Берикти ээрчитип алып, жер чалып, эл чалып жүргөн. Ал бир жолу Чатыр-Көлгө барып жер көрүп, ойноп жүргөн кытай улугунун баласын туткундап алат. Кийин Кытайдан кол келип, иликтеп отуруп Тогуз-Торонун, Жыртак-Үңкүр деген жеринен Жанболотту, Берикти колго түшүрүп, түп Бээжинге алып кетет.

Ортодон он бир жыл өтөт. Ана-мына келет менен жүрө берип, элге сөз боло баштайт. Жанболоттун эр жеткен балдары намыстанып атасынын дайнын билмек болот. Алар ошол жердеги Тезек уругунан чыккан Тобок деген алп адам жан досу Жанболотко Бээжинге жиберет.



Ал өмүрүндө ат көтөрбөй жөө жүргөн адам экен. Жөнөкөй адамдардын бою ал кишинин белине араң жетип, андай-мындай берсе, ошол белиндеги курунда саландап турган баштыгына салып коюшчу экен. Ошол киши Какыр-Коргондон эртең менен чыгып, эрте бешимде Ат-Башынын чериктерине жетип, Максүт деген байдын үйүнө түнөп өтмөк болот. Максүт үй тиктирип күткөн менен күн жаз, мал арык деп чоң казанга толтура жупка чылатып сары май кошуп, алдына коёт. Алп Тобок жупканы бүт жеп: «Сунайын десем кымыз эмес, сугунтайын десем эт эмес», – деп табакты тегеретип жиберет. Бай уялып кой соёт.

Тобок алп үч ай дегенде түп Бээжиндеги кытай ханына барат. Алпты көргөндөр таң калып, тамагын бекер бере берет. Анын каңшаалын уккан кытай ханы да бат эле кабыл алып, эмнеге келгенин сурайт. Ал Жанболот, Берик деген бир туугандары мындан он бир жыл мурда кармалганын айтып, дайынын билип берүүсүн өтүнөт. Хан сураштырса, ал экөө тең зындандын түбүндө жатканын айтышат. Хан: «Жанболот менен Берикти бошотуп берем, бирок үч шартты аткар» – дейт. Алп Тобок макул болот.

Биринчи шарт: Тобок чөк түшүп отуруп берсе, казналык Бөкө балбан аны көкүрөккө тээп жыгат, эгер жыга албай калса, жеңиш Тобоктуку. Экинчи шарт: көкүрөгүнөн тээп чалкасынан жыга албай калса, дал ортого тээп көмкөрөсүнөн жыгат, жыгалбай калса, жеңиш Тобоктуку. Үчүнчү шарт: түрмөнүн каалгасын Тобок өзү ача алса, бир тууганларын алып кетет, ача албаса жеңилет. Түрмөнүн эшиги чоюн темирден салынган, аны алты качыр менен тарттырып ачышчу экен. Алп Тобок бул шартка макул болуп, жеңет да Жанболот менен Берикти зындандан бошотуп алып чыгат.

Жолдон Берик өлөт. Тууганымдын сөөгүн душманымдын жерине таштабайм деп Тобок этин шылып, сөөгүн ороп көтөрүп алып, Арсланбапка алып келип коёт. Ал учурда атактуу адамдардын сөөгүн Арсланбапка коюу салт болуп калган экен. Бугудан Бирназар бийдин сөөгүн да Арсланбапка алып барып көмүшкөн экен. Жанболот элине келип, абдан карып өлгөн дейт. Анын балдары мыкты чыгып, сырткы жоодон элин коргоп турат.

Рыскул бийдин уулу Атантай, Тайлак бой жетип калганда казактын төрөсү Эдиге кыргыздарга кол салат. Таласты өрдөп, Өтмөккө өткөндө Тайлак, Эсенкул, Садыр тосуп чыгып, согуш болот. Эски салт боюнча жекеге баатыр чакырганда Эдиге төрөгө Тайлак чыгат. Экөө алыша албай көпкө сайышат. Ошондо Тайлактын бир тууганы Эраалы Эдигени атып өлтүрөт. Казактар качат. Бул окуя Аблайдын чабуулунан мурда болгон

экен. Ошондон ушул мезгилге чейин: «Эдигенин жаткан жер, Эраалыны аткан жер» деген сөз калыптыр.

Бир жолу Атантай, Тайлактар аң уулап кетсе, Кытайдан жети жүзчө кол келип Ат-Башы, Нарынды аралап Ак-Талаадагы Тайлактын айлын талкалап чаап кетет. Кебетеси кыргыздар кытайдын малын тийип алган окшойт. Аны издеп келсе, Тайлак алса керек деп бир кесеп Тайлактын айлына айдап жиберет. Атантай, Тайлак келсе, айылы чабылган. Ал шашылыш түрдө Курткамын тегерегиндеги, Ак-Талаа өрөөнүндөгү жигиттерди жыйып, тоо аралап жол кесип, Кытайдын колун капчыгайдан тосот. Тайлактын Кожоберди, Байбагыш деген бир туугандары эрдик көрсөтөт. Жети жүз кытайдын бири да качып кете албай капчыгайда кырылат. Ошол окуя ырга айланган, элге тарайт.

Тайлак минди Буурулду,
Таманы ташка туурулду.
Кылыч кындан суурулду,
Кылкылдаган көп кытай.
Заманасы куурулду,
Ак талга туусун аштады.

Аскерин Тайлак баштады,
Кожоберди, Байбагыш.
Кошуунду булар баштады,
Караан кылды Кашкарды.
Тутказы Терек жердеген,
Туйгун Тайлак эр деген.

Тайлак жөнүндөгү ыр ооздон оозго өткөн. Ал Кашкарды урушпай алганы да элдик уламыштарда айтылат. Эки ай Кашкарда хандык кылып калган. Кийин эл көтөрүлүп, кетүүгө аргасыз болгон. Анын үстүнө ошол мезгилде Кокон ханынын чабуулу башталып калган. Тайлак Кокондун колун Өзгөндөн Ак-Талаага түшкөн ашуунун түбүндөгү Бычан деген жерден тоскон. Кокон колун Арап деген баштап келген. Аны Тайлак жекеде сайып өлтүрүп, кошуунун кайра кууган. Бирок Кокондон көп кол келип, Ат-Башы, Тогуз-Торо, Ак-Талааны басып алган. Куртка чебин салган. Тайлак аларга убактылуу багынган болуп ант берген. Бирок эл башына түшкөн эзүүнү карап тура алган эмес. Кокон сыпайылары, сарбаздары эл арасынан сулуу кыздарды, ал түгүл никелүү келиндерди ордого айдап кетишкен. Бир жолу ордого айдап бараткан кыздарды Чолок-Кайыңдан кууп жетип, сарбаздарды өлтүрүп бошотуп калат. Андан келип Куртка чебине кол салып, Кокондун аскерлерин кубалайт. Кокондун жиберген аскерлерин капчыгайлардан тосуп кырып таштайт. Айласы кеткен Кокон ханы Тайлакты өлтүрүү үчүн дарыгерлик, табыптык кылган кожону жиберет. Ал табыпкер катары эл кыдырып ооруган адамдарга дем салып, тамыр кармап, тумар чийип жүрөт. Эл



арасына табып таанылып, сыйга бөлөнөт. Ошол мезгилде Тайлактын шакыйы кармап, ооруган башын көрүп бер деп табыпты чакырат. Көктөн тилегени жерден табылып, жансыз Кожо жетип барат. Тамырын кармап, башын ушалап, бузук кан бар экен, мурдунан кичине кан алам деп, ууланган маки менен чегип, эми эс алып калды, тынч эс алсын деп жылт коёт. Тайлак ошол боюнча эсине келбей өлөт.

Тайлак өлгөндөн кийин Кокон бийлиги кайра орнойт. Куртка чебин Таштанбек деген бек келип башкарат. Элди катуу кармап, кыйт эткенин зынданга салып, ордого сулуу кыздарды жөнөтүп турат. Андан кийин Мамыразык келет. Ал жумшак, коркок адам болгон. Элден коркуп, оюна коёт. Эл арасында: «Таштанбектин тушунда таштай каттык, Мамыразыктын тушунда майга баттык» деген сөз калды.

Тайлактын өлүгүн адегенде Дөрбөлжүнгө коюшкан. Ал жерде жашаган басыздар Тайлактын мүрзөсүн шылтоолоп, чоро саяктары ал жерди ээлеп кетет деп, жаш баланы түнкүсүн мүрзөдөн өкүртүп «Тайлак көрүндө өкүрүп жатат» деп Атантайга кабар айттырат. Кийинки жазда Атантай Тайлактын сөөгүн алып, Курткамын башына коюп, чоң күмбөз салдырат. Тайлакка басыз, чоро эли караган.

Тогуз аял алат, сегиз балалуу болот. Балдарынан Осмон тың чыгып Кокон бектери менен ынтымакташып, өз камын көрүп кеткен. Осмон датка атанып көпкө кокондуктарды жактап калган. 1863-жылы орустар Куртка чебин алгандан кийин да Осмон баш ийбей орустарга каршы чыккан. 1868-жылы гана Ормондун Үмөталысы, Тайлактын Осмону оруска кошулган.

*1990-жыл 3-апрель, «Асаба» гезити*

***А.ЧЕКИРОВ,***
*акын жана драматург, Т.Абдумомунов атындагы эл аралык сыйлыктын лауреаты*

## Мыйзам жол бербейт

«Ленинчил жаш» газетасынын 13-марттагы №31 (9114) санына жарыяланган Б.Сатыбалдиеванын «Тайлак баатыр тууралуу сөз» деген макаласын окуп, «олда, кесепет ыкшоолук ай» деп бир кейип алдым.

Мындан төрт жыл илгери Тоголок Молдо атындагы жана «Коммунистчил» колхозун бөлүп өткөн эки айрылыш жолдун боюнда тоо түрмөгүндөй заңкайган, Караханий чебер усталарынын ыкмасы менен тургузулган күмбөздөрдүн жанынан өтүп бараткан карыяга жолуканым эсимде.

– Жарыктык Тайлак баатыр тээ илгери Кара буурул атын минип, Атантай агасын ээрчитип, Жаркымбай, Чолпонбай, Бөбөтай деген өзүндөй эр жолдоштору менен кол жыйнап алып, кокондук залимдердин ээүүсүнөн эл-жерин биротоло бошотуш үчүн так эле ушу Куртканын чебинен катуу урушту баштаптыр, – деп сөз учугун чыгарды күмбөздү тиктеп турган карыя.

Майыстан терек жердеген,
Баатыр Тайлак эр деген.
Бала жолборс атанып,
Бансат келип жеңбеген.
Туткуй терек жердеген,
Туйгун Тайлак эр деген.

Туулгандан туу кармап,
Душманга намыс бербеген.
Кокондун колун колоттуң,
Коктуга тыгып солоттуң.
Ак талга тууну аштадың,
Арапты сайып таштадың.

– деген ырлар бизде ырдалат.

– Тайлак баатыр жөнүндө айтылган окуя чындыкпы, же?..

– Э кокуй бала! Эл-журт узун кеп кылып, атадан балага дастан болуп айтылып келаткан улуттук баатырыбыз Тайлакты жокко чыгарсак, ыйманыбыз калбай калат го?

Карыяга каяша айтуудан тартынып, «кайран баатырдын күмбөзү минтип талкаланып жатса, баатырдын баатырдыгын жокко чыгарбаганда эмне кылып жатабыз» деп ойлодум.



– Аксакал, ушу биз көрүп турган Тайлак баатырдын күмбөзү жыл сайын жаан-чачынга эзилип, четинен оюла баштаган экен. Айыл жетекчилерине «жок дегенде мал жолобогондой кылып тосмолоп койгула» деп айттыңызбы?

– Сен балам, тиги шаардан келген окшойсуң? Эмки жаштар карынын сөзүн угуп коюптурбу! Оозуңдан кеп чыга электе капталдата «жөөлөп» өтүшөт. Муну коёюн, кечээ эле көзү өткөн тиги Молдокемдин (Тоголок Молдо) мечити менен күмбөзүн барып көрчү! Э, айланайын, мечит деген мечиттей, күмбөз деген күмбөздөй ыйык тутулганы кана?

Ооба, карыянын ошондогу өкүнүчтүү сөздөрү бүгүн да аска тоодон чыккан жаңырыктай кулагымда кайталанып турат. Ошол жылы жаз айлары болучу. Кызмат абалыма тийиштүү болбосо да, атуулдук парзымды карманып, Ак-Талаа райондук аткаруу комитетине Тайлак баатыр менен Тоголок Молдонун күмбөзүн сактап калуу боюнча атайын чечим кабыл алынып, аларды жергиликтүү эстеликтердин классификациясына каттоо, күмбөздөрдү тезинен реставрациялоо боюнча каражат топтоп, атайын адистештирилген жумушчу бригадаларын жалдоо керектигин, ошондой эле аты аталган эстеликтерге паспортторду түзүү иш-чараларын баяндаган эки баракка жазылган конкреттүү сунушумду жиберген элем. Ал сунушумду жолоочунун кеңешиндей да көрүшкөн жок. Бирөөнүн кеп-кеңешин угуудан уялышса, анда алар менен бул багытта чыккан Закондун тили менен сүйлөшүүгө болот. Арийне, 1979-жылдын 29-октябрында өлкөбүздө кабыл алынган «Тарыхый жана маданий эстеликтерди коргоо жана аларды пайдалануу жөнүндөгү» Законуна ылайык СССР Министрлер Совети 1982-жылдын 16-сентябрында чыккан № 865 атайын токтому бар. Ошол токтомдо эл депутаттарынын айылдык Советтери өз территориясындагы тарыхый жана маданий эстеликтерди түздөн-түз көзөмөлгө алып, анын эл үчүн кызмат кылуучу маанисин жогорулатуу, эгер туура эмес урунуп, сактоого чаралар көрүлбөсө, кабыл алынган Закондун негизинде ар бир адам жоопко тартыларын эскерткен. Мына ошол күндөн баштап жер-жерлерде тарыхый жана маданий эстеликтерди мындан ары жөнгө салуу боюнча эл депутаттарынын аткаруу комитеттеринин алдында мамлекеттик инспекциялар ачылган.

Убагында элибиз үчүн керектелүүчү этнографиялык буюм-тайымдарды Москва, Ленинграддан келишкен окумуштуулар же музейдин кызматкерлери алып кетишкенин кантип тана алабыз. Же ал кайрадан жаралбаган асыл, нарктуу буюмдар кийинки муундарга кереги

жок беле? «Сенин аталарыңдын эстелик буюмдары тээ батыштагы шаарларда, ошол жакка барып көрүп кел» деп кантип уялбай айтабыз?

*3-апрель 1990-жыл, «Асаба» гезити*

***Темирбек АСАНОВ,***
*тарых илимдеринин кандидаты, доцент*

## Тайлак баатыр

Тайлак баатыр XIX кылымдын биринчи жарымында борбордук Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыз элинин боштондук кыймылында терең из калтырды. Ал ошол кездеги Курманжан датка, Полот хан сыяктуу инсандар менен тарыхта ээлеген орду бар.

Тайлак баатыр жөнүндөгү маалыматтар XIX кылымдагы Кытай мамлекетинин жыл наамелеринде, өткөн кылымдын орто ченинде Чыгыш Түркстанга барган саякатчы Чокан Валихановдун отчётторунда кездештиребиз. Санжырада, эл арасында Тайлак баатыр тууралуу айыл аксакалдары ушу күнгө чейин аңыз кылышат. Убагында белгилүү акын А.Чоробаев эл оозунан кеңири маалымат жыйнаган жана «Тайлак баатыр» аттуу көлөмдүү поэманы жарыкка чыгарган. Бул чыгарманын кол жазмадагы түп нускасы жана Ыбырайым Абдырахманов жазып калтырган маалыматтардын бардыгы Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Андыктан бул кол жазмалардын кандайдыр бир деңгээлде тарыхый булак катары кызмат өтөй тургандыгын белгилей кетишибиз маанилүү.

Колдогу маалыматтар боюнча, «Тайлак баатыр саяк уруусунун чоро тукумунан Жанболот баатырдын уулу Ырыскул, андан Тайлак төрөлгөн деп айтылат.(Ы.Абдырахманов. «Тайлак баатыр», инв: 323, 1-б.). Санжыра боюнча иликтеп көрсөк, Кара Чоронун Марка, Барчык, Алдаберди, Калча деген уулдары болгон. Барчыктан Карга, Тоймат. Тойматтан Сарткозу, Жанбала, Чымынтай, Жанболот. Жанболоттон Кожоберди, Байбагыш, Ырыскул. Ырыскулдан Атантай, Тайлак, Жаркынбай. Тайлактан Осмон, Баракан, Айдаркан, Өмүркан, Төрөкан,



Баатыркан, Мырзакан, Жараш болуп тараган. Тайлактын чоң атасы Жанболот тууралуу айрым деректер кызыктырбай койбойт.

Санжырадагы маалыматтарды пайдаланып, изилдеген тарыхчылардын пикирине караганда, Тайлактын чоң атасы Жанболот убагында баатыр чыгып, эл бийлеген адамдардан болгон.

Болжол менен XVIII кылымдын экинчи жарымында Жанболот саяктардын ири феодалы катары ич ара маселелерди чечүүдө белгилүү белгилүү артыкчылыкка ээ болуп, бир канча жолу Ферганага, Таласка жана Казактын Или аймагына жортуулдаганы айтылат. XVIII кылымдын аяк ченинде кытайлар менен болгон чабышта Жанболотту уулу менен туткунга айдап кеткен. Алар бир канча жылдан кийин кайтып келишкен. Бул маалыматтар Тайлактын ата-бабалары тууралуу бизге келип жеткен бирден-бир тарыхый деректерден. Тайлактын туулган жылы тууралуу маалыматтар бизге белгисиз. Бирок Белек Солтоноевдин кол жазмасында Тайлак баатыр кырк эки жашында өлгөндүгү айтылат.

Бул маалымат Ыбырайым Абдырахмановдун кол жазмасында ырасталат. Айрым иликтөөлөргө караганда дастанда баяндалган Тайлак баатырдын өлүмү жөнүндөгү окуялар 1838-жылы, мүмкүн андан бир аз кийинчерээк болгон. Анткени Тайлак баатыр өлгөн мезгилде уулу Осмон он үч гана жашта экен. Кытайлар кол салган мезгилде Осмон датка бешиктеги наристе болгондугу жана энеси аны этегине катып сактап калгандыгы дастанда айтылат.

Бул окуя 1825-жылы болгондугу тарыхта белгилүү. Андыктан Тайлак баатыр 1832-жылы нарындык кыргыздардын көтөрүлүшүнөн алты жыл өткөндөн кийин деген пикирге келе турган болсок, анда анын төрөлгөн мезгили XVIII кылымдын аяк чени, тагыраак айтканда, 1796-жылдар болушу мүмкүн.

Мадалы хандын (1822-1842) бийликке келиши менен кокондуктарды Түндүк Кыргызстандын малдуу-жайлуу жерлери өзүнө тарта баштады. Түндүк Кыргызстан алар үчүн мал чарба байлыгынын булагы катары кызыктырды жана кыргыздар жердеген аймак аркылуу Чыгыш Түркстанга, Кытайга каттаган соода жолдорун өзүлөрүнүн көзөмөлүнө алууну ойлошту. Ошондой болсо дагы Кокон хандыгы үчүн арка кыргыздарын баш ийдирүү оңойго турган эмес.

Дастандагы маалыматтар боюнча, Түндүк кыргыздардын кокондуктар менен болгон алакасы тарыхый адабияттарда көрсөтүлгөндөй XIX кылымдын 30-жылдары эмес, мүмкүн андан кыйла жыл эрте башталса керек. Анткени кокондуктар Тайлактын жаш кезинде

кыргызга кол салып турушкандыгы фольклордук маалыматтарда баяндалат. Кокон хан кыргыздардан алык-салык, мал-жан жана сулуу кыздарды алып кетип, элге тынчтык бербей турган. Тайлак жигиттик эресеге жетип, аркы-беркини түшүнгөн сайын кокондук төбөлдөрдөн элге көрсөткөн жоругуна кейип:

Жашым толуп жетилдим,
Жатып үйгө бекиндим.
Кокондуктун кордугун
Ойлогондо өкүндүм, – деп айткан.

Дастандагы окуялардын уламыш катары айтылганы менен ошол мезгилдеги Кокон хандыгына каршы элдик күрөштүн ачык сүрөттөлгөндүгүн байкайбыз. Ал мезгилде «...Кокон хандыгы Куртказа Нарын дарыясынын боюндагы Айгыр-Жалдын учундагы кашатка чеп тургузуп, миңдей сарбазды кармап турган. Чептеги кокондун 60 даңктуу бектери жана жан жыргаткан салкын жерде жайлап жатып, кетерде толгон олжолорду кыргыздардан алып кайтаар экен...» деп жазат Ы.Абдырахманов.

Тайлак атасына акыл салат. Атасы Ырыскул: «...Эми мен карып калдым, тууган да аз, Жашың толуп жетилгенче беш-алты жыл күтө тур. Кокон деген оңой күч эмес...» дейт. Бирок Тайлак: «...Мен он сегизге толуп жигит болдум, туугандарды жыйып, элди чогултуп, кокондук бектердин, желдеттердин бейбаштыгын тыйбасак болбойт», – деп атасынын жана аксакалдардын сөзүнө моюн сунбайт. Ошентип Тайлак өзүнүн агалары Байбагыш, Кожоберди, Атантай жана кырк-элүүдөй жигиттери менен кокондуктардын Курткадагы чебине кол салып туткундарды бошоткон. Кокондуктардан тартылып алынган мал-жанды элге кайтарып берип, мындан ары аларды салык төлөөгө тыюу салган.

Курткадагы жаңжал жөнүндөгү кабар Мадалы ханга жеткен соң нарындык кыргыздарды жазалоо үчүн, Арап баатырды 500 аскер менен жабдып аттандырат. Арап баатыр сыягы Кокон ордосундагы белгилүү аскер башчылардан болсо керек, ал өзүнүн аскерлери менен Көк-Артты ашып Тогуз-Торого келип түшкөндө Тайлак баатырга кабар жеткен. Тайлак баатыр кокондуктардын алдын тосуп чыгууну көздөп Тогуз-Торо тарапка жөнөгөн. Тогуз-Тородо Бычандын төрүндө эки жак тирешип туруп калганда Тайлак менен Арап жекеге чыккан. Дастанда баяндалгандай найза менен сайышып, андан соң Тайлак баатыр айбалта менен бөлө чабат, мына ушундан кийин Тайлактын күчтөрү кокондуктарды кысып кирген. Алар туруштук бере албастан качып бир



кыйласы өлүмгө учурайт. Бул окуянын күбөсү катары Арап өлгөн бел азыр да «Араптын бели» деп аталып келет. Мына ушундан кийин Тайлак баатыр Кокондун ханына «Сенин коргонго аким кылып койгон бектериң кыргыздан айгыр-ат, атан-төө, күлүк жорголорду, зекет койлорду, олпоң деп аштык, алтын, күмүш асыл буюмдар, баалуу аң терилерин, аны менен эле тим болбостон оймоктуудан уздарды, беш көкүлдүү кыздарды чыркыратып жулуп тартып олжо кылып кеткен. Мына ушулардын баарын кылча бирин кемитпей бүт кайтарып бер. Эгер бул айтканга көнбөсөң, менин туткунумда жүргөн толгон бектериң менен сарбазыңдын бирин соо калтырбастан соём, датыңарды кудайга айтасың, бир айдан өткөрбөй жооп бересин», – деп талап коёт. Айласы кеткен Кокон ханы ордо кызды таркатып, аркага жеткирген экен.

Арап баатырдын жеңилиши нарындык кыргыздардын Кокон хандыгынын алдында көз каранды эместигин бир топ бекемдеди. Тайлактын мындан аркы саясатында кандай гана болбосун элдин өз алдынчалыгын сактап калуу, колдон келсе кокондук баскынчыларга каршы жамы кыргыз жутчулугунун башын бириктирүүнү ойлогон. Айрым маалыматтар далилдегендей: Тайлак баатыр «Түштүктөгү кыргыздардын да башын кошуп, бир женден кол, бир ооздон сөз чыгарып кокондукту бүтүндөй кулатып, Анжиян, Ферғананын ар бир кыштагына кыргыздан суракчы койдурбасак болбойт, коргонду эле бузуп алдык, Арап баатырды өлтүрдүк деп корстон болуш жарабайт», – деген экен. Кокон ордосуна наразы болгон Ферғананын калкы Тайлактын кыймылын колдошкон. Өзгөчө куугунтук жеген кыпчактар Тайлак баатырга кошулууга ниеттенгендиги жөнүндөгү маалыматтарды дастандан жолуктурууга болот. Ошол окуядан кийин Кокон ханы кыргызга алты жыл катылган эмес. Борбордук Теңир-Тоо чөлкөмүндө бейпил турмуш өкүм сүрдү. Тайлак баатырдын атасы Ырыскул кайтыш болуп, анын сөөгү Арстанбапка коюлду.

Байыртадан эле кыргыздар Арстанбапты ыйык тутушкан. «Кыргыздар кээ бир атактуу кишилери өлсө, болжолу 1820-25-жылдар чамасында арка кыргыздарынан болсо да, Арстанбапка алып барып коюп турган», – деп Белек Солтоноев сөз кылып өтөт. Сыягы Тайлактын атасы Ырыскулдун сөөгү дагы Тагай бийден бери салт болуп калгандай Арстанбапка коюлушу ушундан улам болсо керек.

Араптын окуясынан кийин Кокон ханы тынч жата албады. Кантсе да Тайлак баатыр менен жоолашуу бир топ кыйындыкка туруп калгандыгын алар сезе башташты. Кокон ханы ошол мезгилдерде өзүнө баш ийип

турган Түркстан, Сайрам, Чымкентти жердеген улуу жүздүн казактарын Тайлак баатырга каршы пайдалануну ойлоп, башында Эдиге баатыр турган казактын кошундарын кыргызды көздөй аттандырган. Кокон ханы Эдиге баатырга ар кандай сыйлыктарды берип,»жердин шартын билесиң, кандай кылсаң дагы Тайлакты тирүү алып кел» дейт. Эдиге баатыр өзүнүн кошундарын топтоп алып (болжол менен 1814-20-жылдардын аралыгы) чын куран айында кыргызды көздөй жөнөгөн. Алгач алар Таласка кирип бир топ элди талап-тоноп, андан соң Суусамыр тарапка бет алышкан. Казактын колу келе жатат деп Тайлак баатырга кабар жеткиришет. Кокон ханы бул сапар согуштук күчтөрдү көбүрөөк жиберген. Эки тарап тең сыягы Ала-Бел жана Өтмөктүн ортосунда беттешкен.

Эдигенин жиберген элчилери кыргыздардын каршылык көрсөтпөй багынып берүүсүн талап кылган. Бирок Тайлак баатыр алардын талабын кабыл алган эмес. Эдиге Тайлакты жекеге чакырып экөө беттешет да сайыш Эдигенин өлүмү менен бүтөт. Казактын бүтүндөй күчтөрү талкаланып, качууга аргасыз болушкан.

Жогоруда баяндалган окуялар эл оозунда гана сакталып калган. Эл аны ырга кошуп айткандыктан дастан жаралган. Тилекке каршы, жазма булактарда ушул баяндалган окуялар тууралуу маалыматтар азырынча табыла элек. Ошондой болсо да бул окуялар 1814-1820-жылдардын аралыгында болуп өткөн деп божомолдоого болот. Бир гана белгилей турган нерсе, мурда айтып өткөндөй нарындык кыргыздардын Кокон хандыгы менен болгон алакасы дал ушул убактарда эле башталган. Мунун өзү 1832-жылга чейин Теңир-Тоо чөлкөмүн жердеген кыргыз уруулары өз алдынчалыгын сактап келгендигин айгинелейт.

Теңир-Тоо аймагында Тайлактын аты кеңири белгилүү болгон. Анын даңкын уккан арка кыргыздын белгилүү төбөлдөрү Тайлак баатыр менен тугандык мамилени түзгөнгө аракет кылышкан. Айтылуу»... Ормон хан да Тайлак менен кудалашат. Тайлактын баласына кыз берген...» Бирок канга сиңген урууучулуктун азабынан кийинчерээк Кокон хандыгына каршы күрөшүүдө бул элдин башын бириктире албады. Тышкы душмандар менен ар бир уруу өз бет алдынча чабышып келсе да, аларды баш ийдириштин өзү эле Кокон хандыгы үчүн оңойлукка турган эмес. Кийинчерээк кокондуктар келген күндө да сарбагыш, саяк урууларынын манаптары өзүлөрүн көз карандысыз катары сезишкен. Ал эми Ормон өзүн хан деп жарыялагандыгы тарыхта белгилүү эмеспи.

XIX кылымдын 20-жылдарында Тайлак жетектеген кыргыз уруулары борбордук Теңир-Тоодо өзүнчө саясий бирикме катары



чыгышты. Алар эми Чыгыш Түркстандын иштерине дагы аралаша башташкан. Ушул мезгилдерде Кашкарды башкарган кожолордун укум-тукумдарынын бири Жаангер кожо Кытай баскынчыларына каршы чечкиндүү аракеттерди жасай баштаган.

1822-жылы Суранчы бий башында турган чоң багыш уруулары Жаангер кожонун көтөрүлүшүнө колдоо көрсөтүшүп, Кашкарга жүрүшкө чыгышты. Кытай тарыхында: «бурут Суранчынын бунту» деп аталган бул жүрүш оңунан чыкпай калган. Ушул окуядан кийин Жаангер кожо кыргыздардын айылында жашырынып жүрдү. Кийинчерээк ал саяк уруусунун колдоосуна ээ боло баштаган. Чокан Валихановдун маалыматына караганда саяктардын белгилүү кол башчылары Атантай жана Тайлак Жаангердин ишенимдүү жан-жөөкөрлөрү болушкан. Дегеле «тянь-шандык кыргыздар Кашкардын иштерине жан-дили менен катышкан...» деп жазат Ч.Валиханов. Анын үстүнө... алардын башчысы Атантай кожолордун кеңешинде чоң кадыр күткөн, анткени аны мурунку Хакимбектин кызын алып беришкен. Демек Тайлактын кашкарлыктар менен болгон куда-сөөктүк байланыштары тегин жерден болбосо керек. Бирок Тайлактын Жаангердин көтөрүлүшүнө катышуусу, кытай баскынчыларынын талоончулук жортуулдарын кыргыздар жашаган аймакка өткөрбөө болгон.

Кытай булактары далилдегендей бул көтөрүлүштүн уюштуруучусу катары Тайлактын ишмердүүлүгү жогору бааланган.

«...Жапайылардын башчылары Тайлак, Байбагыш Кашкарга козголоң көтөрүү үчүн башка урууларды чогултууга киши чаптырышты... алардын баардыгы 2000 адам бар. Козголоңчу Жаангер Коконго кача турган болгондо ушул мүшкүлдү баштаган Тайлак аны токтотуп койгон...» деп ошол мезгилде кытай хроникасында атайын эскертилет.

Кытай империясынын Синцзяндагы башкаруучусу, анын жетекчилерин кармап келүү үчүн 500 кишиден турган аскерлерин Нарынга жөнөтөт. Генерал Баян-Бату бул отряд жашыруун, түнкүсүн гана жол жүрүп, Тайлактын конушуна жеткен. Тайлактын айылын кытайлык желдеттер курчап алып, кары-жашы дебей жүздөй адамды кыргынга учураткан. Тайлак менен Жаангерди таба алышпаган соң кытай отряды элди талап-тоноп алып, анан кайтууга аргасыз болот. Бул кабарды уккан Тайлак баатыр шашылыш түрдө коңшу айылдардан жоокерлерди чогултуп кытайлардын жолун бууйт.

Кытайлардын кете турган жолу бир гана Ойноок-Жар болгон. Ойноок-Жардын ар тарабын кызыл жар курчап өтө бийик келген. Тайлак

баатыр өзүнүн жигиттери менен кытайларды Ойноок-Жардан чыгарбастан жети күн камап жатышып, аларды кыргынга учуратышкан. Генерал Баян-Бату Тайлак баатыр менен жекеме-жеке кармашта курман болот. «Кыргыздардын жеңиши, Жаангер кожону Чыгыш Түркстандагы манжу-кытайлык баскынчыларга каршы андан ары күрөшүүгө бел байлатты», – деп жазат борбордук Азиянын тарыхын изилдеген окумуштуу Б.П.Гуревич. Ушул окуядан кийин Кытай императорунун 1825-жылкы жарлыгында «...Бул козголоңчулардын бардыгы менен сүйлөшүүдө күн сайын аларды колдогондор көбөйүүдө. Эгер биз аларды (кыргыздарды) жөн-жайына койсок, анда козголондун кайрадан жайылышына кооптонууну пайда кылат. Биз кандай болсо да марттык көрсөтүп, алардын арасын ыдыратып бузушубуз керек», – деп айтылган. 1828-жылга чейин созулган Чыгыш Түркстандагы көтөрүлүштү кыргыздар ар тараптан колдоп турушкан. Чыгыш Түркстанда кытай империясынын бийлигинин кайрадан калыбына келтирилиши, Кокон хандыгын чек араларга ыкташ жайгашкан аймактарды өзүнүн таасир этүүчү чөйрөсүнө айландырууга шаштырды. Кокон хандыгынын Түндүк Кыргызстанга аракет кылышы, Кытай империясынын экспансиялык саясатына бут тосмок. Буга чейин эле 1825-жылдары Пишпек чебинин негизделиши жана көлдүк кыргыздарды тынчтык жол менен колонизациялоого жасаган аракеттеринин бардыгы маселенин кокондуктардын пайдасына чечилип жаткандыгын айгинелеген. Эми маселенин төркүнү Теңир-Тоолук кыргыздарды баш ийдирүүдө турган.

1832-жылы Мадалы хан миңбашы Хак-кулуну нарындык кыргыздарды чаап келүү үчүн жөнөткөн. Хак-кулуга каршы Тайлак саяк жана черик урууларын бириктирди. Күч бирдей болбогондуктан кыргыздар жеңилип, Атантай менен Тайлак Коконго туткундалып кеткен. Бирок Кокон ханы кыргыздардын кайрадан көтөрүлүүсүнөн чочулап, Атантай менен Тайлакты туткундан бошотуп жиберди. Кокондон кайтып келген соң Тайлак ханга баш ийүүдөн баш тартып, эли менен казактын улуу жүзүнө, Или тарапка көчүп кетти. Бөтөн жерде жүрүү да оңой болгон жок, анын үстүнө казактын султандары тынчтык бербеди. Натыйжада Тайлак баатыр өзүнүн конушуна кайтып келген. Ээн-эркин көчүп-конуп жүргөн эл бирөөнүн кол алдында көз каранды болууну каалашпады. Кокондук төбөлдөргө каршы көтөрүлүш кайрадан тутанды. Хан эми өзүнүн тымызын оюн ишке ашырууну көздөп, табыптын кейпин кийген тыңчысын Тайлактын айылына жиберген. Тыңчы элди дарыламыш болуп жүрө берген. Бир курдай Тайлак



баатырдын башы ооруйт. Баягы табып келип Тайлакты көрүп, анан элге билгизбей кара ниет ишин жасап алып, акырын жүрүп кеткен. Бул окуя 1838-жылы болду. Эл өзүнүн сүйүктүү баатырынан ажыраган. Кокон келип кыргызды кайра чапты. Тайлактын өз кызы Коконго олжо болду.»Тайлак баатырды Нарын дарыясынын түндүк жээгиндеги Курткадагы Айгыр жалдын учуна, дөңдүн үстүнө коюп күмбөз салдырган... Баатыр 42 жашында өлгөн экен, кызыл чийкил жүздүү, кызыл сакалдуу, эки жак мурутун эки кулагына ороп койчу экен. Тайлакты анчейин жерге көмбөстөн, жерди үй сыяктуу казанбак кылып казып, оозуна кирпич калап, көмгөн экен», – деп жазат Ыбырайым Абдырахманов. Мүмкүн Тайлак баатырдын курал-жарагы менен коюлгандыгы тууралуу айтылгандар дагы чындыктыр.

*«Мурас» журналы, 1-саны 1991-жыл*

*Жаныбек ЖАКЫПБЕКОВ,*
*тарых илиминин доктору, профессор*

### Тайлак баатыр

«Тайлак баатыр кызыл чийкил жүздүү кызыл сакалдуу, мурутун эки кулагына ороп койчу экен». Ушундайча сүрөттөлгөн Ы. Абдракмановдун Кыргыз ССР ИАнын кол жазмалар бөлүмүнө калтырылып кеткен материалдарында Тайлак 42 жашында өлгөн деп эскертилет. Ал эми А. Чоробаевдин ошол эле фондуга жазып өткөргөн «Тайлак баатыр» аттуу казалында ал «чын курандын башында, отуз жети жашында» Көр Акимдин колунан каза тапты деп айтылат. Мындан көрүнүп тургандай, тарыхый булактарда да, эл оозунда да анын туулган жана өлгөн жылы жөнүндө так маалыматтар жок. Өзү элдин сүймөнчүлүгүнө, өмүрү легендага айланган Тайлак баатыр сыяктуу тарыхый инсан кадимки «Кедейкан», «Жаныш–Байыш», «Курманбек» өңдүү элдин кенже эпостордун деңгээлине чейин өсүп жеткен.

«Кыргыз ССР тарыхынын», (Кыргызстан, 1984) I томунда болгону эки гана абзац менен берилген, өткөн кылымдын 30-жылдарындагы Кокон хандыгынын ээүүсүнө каршы элдик боштондук кыймылдын

көрүнүктүү жетекчилеринин бири – Тайлак баатыр жөнүндөгү бул макала окурмандарды кайдыгер калтырбайт деп ойлойбуз.

Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алышы XIX кылымдын 20-30-жылдарында, Мадали хандын (Сеид Мухаммед Али) тушунда күч алган. Бул мезгилде Кокон хандыгы түштүк жагынан Жизакка чейин жетип, батышта Түркстанга чейинки жерди ээлеп, түндүк тарабында кыргыз жерин толук каратып, Балкаш көлү, казактардын Иле дарыясынын жээгине чейин бийлик кылып, чыгышта Кашкарга чейин өз таасирин тийгизип турган. Мындай зор аймакты өз бийлигинде кармап туруу үчүн жана соода кербендеринин эркин соода жүргүзүшүн камсыз кылуу үчүн Кокон хандыгы бир нече чептерди курдурган: Борбордук Теңир-Тоодо – Куртка, Тогуз-Торо, Жумгал, Суусамыр, Кочкор, Чүй өрөөнүндө – Чалдыбар, Кара-Балта, Ак- Суу, Пишпек, Токмок, Улуу Жүз казактарынын жеринде – Олуя-Ата, Мерке, Памир өрөөнүндө – Бостон-Терек, Таш-Коргон, Таласта – Ак-Бекет, Ысык-Көл ойдуңунда – Тоң, Жаргылчак, Тамга, Барскоон ж.б.

Бул чептерде элди түздөн-түз башкаруу үчүн бектер жана датчкалар Кокон хандыгы аркылуу дайындалып, алар чексиз бийликке ээ болушкан. Пишпек жана Токмок чептеринде элдин үшүн алып, коркутуу үчүн зындан каздырып, айып тарткандарды ошол жерге кармашкан. Кокондун бектери жана датчкалары кыргыз манаптарынын ар биринин канчадан букалары, алардан канчадан малы бар экенин эсептешип, ошого жараша 18 түрлүү салык алып турушкан. Мындан тышкары, Таластык жана түштүк кыргыздар Кокондун колуна эр жеткен жигиттерди минер аты, жоо-жарагы менен жөнөтүп турууга милдеттүү болушкан. Элден аскер топтоонун бул түрү «кыл куйрук» деп аталган. Бойго жеткен кыздар да ирендерин бузушуп, кементай кийишип, кой кайтарышып, отун-суу алышып, баштарын калкалашкан.

Кокондуктардын эзүүсүнө каршы өз эркиндиги үчүн, боштондук мүнөзгө ээ болгон күрөш XIX кылымдын 30-жылдарында теңир-тоолук кыргыздарда катуу күч алып, ага Тайлак жана Атантай жетекчилик кылышат.

Тайлак баатыр саяк уруусунан, чоро тукумундагы Жанболот баатырдын баласы Рыскулдун уулу болгон. Алардын бала кези Нарын дарыясынын боюнда Айгыр-Жалдын баш жагындагы Куртка чебинде жакын жерде өтүп, жоон топ сарбаздар эл аралап, малын, эгинин салык катары жыйнап, сулуу кыздарды Кокон ордосуна алып кеткендерине далай жолу күбө болушат.



Акын А.Чоробаев кокондуктардын элге көрсөткөн зордук-зомбулугун төмөнкүдөй сүрөттөйт:

Атантай, Тайлак деген баатыр болгон,
Алардын жердегени Какыр-Коргон.
Ал кезде Кокон ханы сурак кылып,
Кыргыздын кыйласынын каның соргон.

Кокон хандыгынын теңир-тоолук кыргыздарды эзүүсүндөгү негизги таянычы миңден ашуун сарбазы бар Куртка чеби болгон. Анын бегине кыргыз эли 10 кап эгинден 1 кабын олжо деп төлөшкөн. Андан тышкары зекет дешип 40 койдон 1 койду алышкан. «Кыл куйрук» үчүн да мыкты жорго аттарды жыйнап берип турушкан.

Ушундай зордук-зомбулукка күбө болгон Атантай, Тайлак сыяктуу намыскөй жигиттер Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы боштондук күрөштү баштап чыгат. Ал күрөш үч этап менен жүргөн. Биринчи баскычы Кашкардагы Аппак кожонун тукумдарынан чыккан Жаангер кожонун («Жахангир») XIX кылымдын 1825-1828-жылдары Цин империясынын өкүлдөрүнүн эзүүсүнө каршы көтөрүлүшү менен дал келет. Көтөрүлүш ийгиликсиз аяктагандан кийин, Кокондогу Мадали (Мухаммед Али) хан коңшулуш Чыгыш Түрстанга өз бийлигин жүргүзүү үчүн манжу-кытай империясына каршы согуш аракеттерин улантат. Бул максатын ишке ашырууда Жаангер кожону пайдалангысы келет. Мадали хандын кол астында миң башы Хаккулу, кушбеги Лашкер өңдүү жөндөмдүү аскер башчылары болгон. Алардын жардамы менен Памирдеги Каратегин, Дарбаз, Келеп (Куляб) деген жерлердеги тоолук элдерди өзүнө каратып, андан ары Улуу жүз, Орто жүзгө чейин таасирин тийгизген. Чыгыш Түркстанды да ээлеш үчүн аракеттенип, Мадали хан Бухара эмирине билгизбей, жашыруун түрдө Бухарада жашаган Жааңгер кожонун бир тууган агасы Мамат Жусупту (Мэт Юсуфту) өзүнө чакыртып, ата-бабаларынан мураска калган Кашкардагы тактыга олтургузам деп убада кылган.

1830-жылы сентябрда Мадали дайындаган кокондуктардан, ташкенттиктерден, каратегиндиктерден 37 миң аскер жана 40 миң кашкарлык келгиндерден турган, 10 төөгө жүктөлгөн замбиректери бар аскер колу Хаккулунун жана Лашкердин кол башчылыгы астында Чыгыш Түркстанды карай аттанат. Цин империясынын аскери мындай күчкө туруштук бере албай, Миң-Жол деген капчыгайда катуу жеңилишке учурайт. Лашкер кошбеги андан ары чабуулду улантып,

Чыгыш Түркстандын Жаңы-Ысар (Янысар), Жаркен (Яркенд), Хотан шаарларын ээлеп, Ак-Суу шаарына чейин жете барган. Бирок Бухара эмиринин душмандык мамилесине туш болгон Мадали хан Хаккулу менен Лашкерди 1830-жылдын ноябрь айында чакыртып алууга аргасыз болот. Бир жыл өткөндөн кийин Мадали хан Чыгыш Түркстандын аймагын толук ээлеш үчүн алты шаардан тышкары (Үч-Турпан, Кашкар, Жаңы-Ысар, Ак-Суу, Жаркен, Хотан), анын түндүк тарабындагы борбордук Теңир-Тоо кыргыздарына кол салат.

Тайлак, Атантайлардын алгачкы согушу ошол баскынчылык жортуулга каршы жүргүзүлөт. Бул көтөрүлүштү жазалоо үчүн Кокон хандыгынын аскер башчысы Хаккулу 7 миң кишиден турган сыпайылары (атчан аскерлери) менен келген. Бул согуш Атантай, Тайлак үчүн ийгиликсиз аяктайт. Хаккулу Нарын кыргыздарын ырайымсыз жазалап, талоонго учуратып, алык-салыкты дагы көбөйтөт. Ал эми Коконго туткундалып кеткен Тайлак, Атантай оор кыйноолорду баштан кечирип, кийин өз элине кайтып келгенде Кокон хандыгынын зөөгүсүнө каршы күрөштү чечкиндүүлүк менен улантышат.

XIX кылымдын 30-жылдарынын орто ченинде Атантай, Тайлактын жетекчилиги менен Нарын кыргыздарынын Кокон хандыгына каршы күрөшүнүн экинчи баскычы башталат. Тайлак элди салык төлөөдөн баш тартууга, кокондуктардын зордук-зомбулугуна каршы чыгууга үндөйт. Араң турган эл Куртка чебине кол салышып, сарбаздарды кууп чыгышат.

Куртка чебинин беги Тайлак жөнүндө Мадали ханга кабар кылат. Мадали көтөрүлүшкө чыккан элди жазалап, Тайлак баатырды туткундоо үчүн Арап баатырды баш кылып, 500 сарбазын аттандырат. Алар Көгарт ашуусун ашып, кыргыз жерине кирип келишет. Мурдатан камынып турган Тайлак баатыр Тогуз-Тородогу Бычан деген жерден аларды тосуп чыгат. Кокондуктар туруштук бере алышпай, сүрүлүп кача башташат. Артынан сая түшкөн Тайлак Арап баатырды жуп белде кууп жетип, аттан түшүрө саят. Азыр да ошол бел эл оозунда «Араптын бели» деп айтылып келет.

Тайлак баатыр Куртка чебинен бектерди кууп чыгып, 60тан ашык сарбазды туткундайт. Алардын үчөөнү Коконго жиберип, өзүнүн талабын айттырган: «Силерди бектер кыргыз элин аёосуз талап-тоноду. Биздин малды, эгинди, кымбат баалуу алтын-күмүштү, аң-терилерин койбой алдыңар. Алардын баары аз келгенсип, сулуу кыздарыбызды да ордого деп тартып алдыңар. Мына ушул айтылгандардын баарын өз эркиңер менен кайтарып бергиле. Болбосо силердин колго түшкөн



кишилериңердин бири да аман калбайт». Мадали хан бул шартка моюн сунуп, көп кыргыз кыздарын элине кайтарып берүүгө аргасыз болгон.

Нарын кыргыздарынын боштондук күрөшүнүн үчүнчү баскычы XIX кылымдын 30-жылдарынын аягына, 40-жылдардын башталышына туура келет. Мадали хан Тайлак баатырга каршы казактын Орто жүзүнөн чыккан Эдиге төрөнү көкүтүп, ал Тайлакка каршы жортуулга барууга макулдугун берет. Кокондун ханы 100 сарбазды аттап-тондоп, жоо-жарагы менен аттандырат. Эдиге Жамбыл аркылуу келип, тластык кыргыздарды чаап, андан ары Караколдун башында Өтмөктүн ашуусун ашып, Суусамырга түшөт. Тайлак да аны тосуп келген болот.

«Сен мага кошунуң менен кошулгун», – деп Эдиге төрө Кочкордун манабы Ниязбекти кысмакка алат. Бирок Ниязбек ар түрдүү шылтоолор менен анын сөзүнө макул болбой, Тайлактын күрөшүнө ниети ак экендигин билдирген.

Тайлак баатыр менен Эдиге төрө Суусамырдын Дубан-Кечүү деген жеринен беттешет. Адегенде эки баатыр жекеге чыгып, Тайлак Эдигени атынан сайып түшүрөт. Жыгылган төрөнү Эраалы мерген атып таштайт. Кокон ханынын бул аракети да ушинтип ийгиликсиз аяктаган. Акыры айласы кеткен Мадали хан: «Сен Тайлактын жерине барып, дубана дарыгердин кейпин кийип, айласын тап аны өлтүрүп кел» деп, Көр аким деген тыңчыны катуу тапшырма менен жөнөтөт.

Көр аким Нарын кыргыздарына келип, «мен Кокон ханынын өлүм жазасынан качып кутулган адаммын, өзүм дарыгер табыпмын» деп, элге аралаша баштайт. Оору-сыркоону дарыламыш этип, кыргызга табып катары таанылат. Тыңчы өз максатына жетиш үчүн үч жыл бою аракет кылган. Күндөрдүн биринде Тайлак баатырдын башы ооруйт, Аны айыктырууга шыпаа издешип баягы «эмчи табыпты» чакырышат. Атайы камынып келген Көр Аким Тайлак баатырды айыктырам деп ишендирет да, уу кошулуп , ичине алмаз жүгүрткөн учтуу наштары менен мурунга сайып кан алымыш болот. Андан оңолмок тургай, кайра тынымсыз кан агып, айыкпас жагына айланат. Ан сайын уу дарыны сууга эзип ичирип, Көр Аким эл ызы-чуу түшүп жатканда Коконго качып кетет.

Тайлак баатырды Нарын дарыясынын түндүк жээгине, Курткадагы Айгыр-Жалдын учуна, саздын үстүнө коюп, күмбөз салдырышат.

Тайлак каза тапкан соң Кокондун ханы Нарын кыргыздарына эки жолу чабуул жасап, Куртка чебин кайра калыбына келтирет. Бирок Нарын кыргыздары күрөшүн токтоткон эмес, ошондуктан Куртка чебинин беги Мамаразык жергиликтүү бийликтегилерди, кыргыз элинин ичиндеги

таасирдүү адамдарды өз тарабына тартууга аракет кылган. Бул ою Тайлактын 13 жашар уулу Осмонго кылган мамилесинен ачык байкалат. Мамаразык ага көп баалуу белектерди тартуулап, кийин «датка» наамын ыйгарган, а түгүл туугандашып, 500 аскер берип, өз таасиринде кармоого аракет кылат. Мындай саясатына карабастан жалпы кыргыз эли Кокон хандыгынын ээзүүсүнө каршы күрөшүн уланта берген.

*«Кыргызстан маданияты» №22 (1218), 31-май 1990-жыл*

**А.ЧЕКИРОВ,**

## Тайлак баатыр жана Көк жал карышкыр

Тээ илгери Ак-Талаа районуна командировкага барып, Тоголок Молдо атындагы колхоздо бир үйдө сөздөн сөз айтылып, атактуу Тайлак баатыр жөнүндөгү узун кеп болуп калды. Ошол колхоздун түштүк жагындагы жол таманынын жээгинде заңкайган чоң күмбөздөр турат, анын бири Тайлак баатыр менен бир тууганы Атантайга арналып тургузулган экен. Тайлак баатыр жөнүндө уламышталып айтылган узун кептер же болбосо тарыхчы С.Аттокуров тарабынан чогултулган тарыхый маалыматтар, аларды ошол коммунисттик өкүмчүлүктүн идеологиясынан коркпой туруп университеттин аудиторияларында узун лекция кылып окутканын угуп жүрчүмүн.

Кыргыз элинин түндүк тарабынан чыгыштан анан батыштан кол салган, ач көз душмандардын катыгын берип, экинчи кыргыз жеринин чегине келбей турган кылып кайт кылган адамдын түбөлүк жай кылган жайына атайын кайрылып, баатырдын арбагына ээрчишип жүргөн жолдошум экөөбүз арнап куран окудук. Ошондо баатырдын күмбөзү өтө сүрдүү көрүнүп, күмбөздүн дубалына эки алаканыбызды тийгизип анан жүзүбүзгө тобо кылып сүртүнгөнбүз. Күмбөздүн ар кайсы бурчтарына арчадан жасалган тактайлар кирпичтерге кошо кыналган экен. Тим эле кечээ эле курулуп тургузулгандай өтө бекем тургузулуптур. Кирпичтери ошол эле күмбөздүн жанына ыштыкча кылып бышырылганын билгизген кемегенин долбоорлору да турат. Тарыхый булактар далилдегендей,



баатыр кайтыш болгондо бир жылдан кийин чоң аш берилип, эл түрө көтөрүлүп келип, мыкты усталарды таап, күмбөздүн бетин күндү беттете тургузушкан экен.

Ошол 70-жылдарда күмбөздү кайра жасалгалап чыгуу иштери өтө оңой да, чыгым да көп кетпейт болчу. Атаганат, кыргыз тарыхында баатырдыгы чындык болуп жазылып калган улуу адамга болгон мамилебиздин жоктугуна ошондо бир өкүнүп, Ак-Талаа райкомунда сөз кыла тургандай кылып, «Ленинчил жаш» гезитине макала жазып жарыяладым. Көздөрүн да, сезим өнүрүн да май басып калган ошол кездеги атка минерлер «лам» деп да коюшкан жок го чиркин. Кыскасы, сөзүмдүн тизгинин ошол Тайлак баатыр бабабыздын бир өзгөчөлүгү жөнүндө уккан кепке бурайын.

Илгери душмандардын кол салуулары майтарылып, Тянь-Шань өрөөнүндө байма-бай жашоо уланып турган кез экен. Жай мезгили болуп, Ак-Сай, Арпа жайлоолорунда малдар кенен жайылып, элдер табияттын ажайып рахатына тунуп жаткан менен эл бөрүсүнөн кутулса да, жер бөрүсү – карышкырлардан кутула албай малды тукум курут кылчудай көрүнүш болуптур.

Эл чогулуп Тайлак баатырга келишет. Баатыр эмне айла амал таап берер экен дешип турганда: – Шер мага таарынып калган окшойт. Эки жоргону кошоктоп бир басмайыл тартып, эки ээрдин үстүнө шайы, олпок жууркандардан түшүп, аттарды аппак шайы менен жабуулап, көкүлдөрүн түйүп эки жоргону эки жигит жетеке алсын. Эртең менен эрте Арпанын кара борчуктуу зоо коңулуна барып, үй тегерегиндей жалпак ташта күндө беттеп комдонуп жаткан калыбында алып келгиле, – деп буйрук кылат. Турган эл дуу-дуу боло калышып, жигиттери көк жалга кантип беттеп барабыз да кантип ат үстүндө алып келебиз дегендей бири-бири тиктешет. – Көк жалдан коркпогула, алар силерге тиш салбайт. Тике барып кучакка алып, эки жорго үстүнө жаткыргыла да келе бергиле! – дейт экен баатыр. Эки жигит баатыр айткандай суу төгүлбөс эки жоргону жетекке алып, көк борчуктуу зоо коңулга барышса, чын эле узун туурасы кунан торпоктой келген, чубалжыган узун куйругун жаткан жалпак ташка арта сала көк жал комдонуп жаткан экен дейт. Эки жигит жанына акырын басып барышса, көк жал жаткан калыбын өзгөртпөй, көз кыйыгы менен бир карап ойлуу улутунуп коёт. Эки жигит карылуу болушса да, арандан зорго көк жалды жаткан калыбында эптеп көтөрүшүп ат үстүнө алып барышат. Эң кызыгы аттар көк жалдан коркуруп-бышкырбаптыр да. Ошентип жигиттер көк жалды айылга алып келишкенде күн күүгүм болуп калган

болот. Кой жаткан короонун четиндеги секичедеги көк жалга арнап тигилген алты канат аппак боз үйгө көк жалды киргизип жиберишет. – Күнүгө кой короого келгенде семиз ириктен бирден кармап, ар күн сайын көк жал жаткан боз үйгө киргизип тургула! – деп баягы эки жигитке баатыр бекем табыштайт. – Боз үйдүн жанынан алысыраак болгула. Кичи бала-бакыра үйгө кирип кетишпесин, туптуура отуз күн болгончо кароолдоп гана тургула! – дейт. Отуз күндө семиз отуз ирик боз үйгө киргизилип турат. Отузунчу күн бүткөндө: – Эртең менен таң заарда, жылдыз тарай электе боз үйдүн эшигиндеги сыртынан байлаган жипти чечип салгыла да көрүнбөй дөбөчөгө чыгып көк жал кантип боз үйдүн чыгып кетер экен, жакшылап карап тургула, – деп жигиттерге табыштайт. Бир маалда көк жал боз үйдөн чыгып, узунунан чубала керилип алат да, акырын басык салып баягы эки жигит алып келген ичке жол менен жөнөй бериптир. Көк жал көрүнбөй калганда Тайлак баатыр кароолдоп турган эки жигитин чакырып: – Кана, айткыла. Көк жал боз үйдөн чыкканда эки жагын карандыбы?! – Жок, каранган жок. – Айылдан узап баратканда артын карадыбы?! – Жок, артын да караган жок, түз эле өзүн алып келген жол менен кетип калды! – дешет. – Оо, көк жалдын мага таарынганы эми басылган экен. Ыраазы болуптур. Эми мал-жаныңарды кайтарбай ээн коё бергиле, ит-куш деген мындан ары жолобойт, – деп элге айткан экен баатыр. Чын эле ошол жылдары элдин мал-жаны дайыма түгөл болуп көп жылдарга чейин барган делинет. Көрсө, Тайлак баатырдын колдоочусу көк жал карышкыр тура деп айтылат.

Ал эми Көк жал жаткан боз үйдүн ичин карашса, баягы күнүгө бирден үйгө киргизип турган отуз ириктин изи билинбейт дейт. Бир дагы сөөк же бир тал жүн да табылбаптыр. Бул да бир бекер көрүнүштөн эмес го. Мындай ушундай даңазалуу, адамдан башкача жаралган касиеттүүлүгү менен коштолуп жүргөн Тайлак баатыр бабабыздын жаткан жайын өзүнчө бир маданий комплекс кылып чет элдик келген турист ерге даңазалай турган иштерди качан жүргүзүүгө алабыз, билбейм. Мына ошол айылда атактуу Тоголок Молдо атанын күмбөзү, музейи, мечити бар. Ушулар эле өзүнчө бир маданий комплекстин бүтүмүн түзүп турат. Илгери «Кыргызреставрация» ишканасы тарабынан 200 миң сом сарпталып тургузула турган комплекстин чийме макети гана калган да иш токтоп калган. Буга кимдер күнөөлүү, териштирген эч ким жок.



*Б.САТЫБАЛДИЕВА*

## Тойдон кийинки ойлор

Атагы шамалдай тараган бир учу Чыгышка Кытайга, бир учу Батышка Коконго жеткен жалпы кырк уруу кыргызга аттын кашкасындай аты таанымал Тайлак баатыр бабабыздын 200 жылдык тою да болуп өттү.

Тойдун эртеси да болот дегендей тойдон калган таасирлер кимге кандай? Тойдон соң томуктай болгон ойдон, томдукка батчу чыгарма жаралаары чын бейм. Ошентип окурман менен ой бөлүшүүнүн сааты келип жетти окшойт. Эгемендүүлүктү эч кыйналып-кысталбай, оңой-олтоң алганыбызга он жылдан ашуун жылдар өтсө да, кыргыздын колу дагы эле той-аштан бошой элек, аягы бүтчүдөй эмес. Кыргыз менталитетине таандык, мындай кан-жаны менен жаралган адат, эми минтип жалпы элдик эпидемияга айланып олтурат.

Кыргыздан чыккан чыгаандарга, атактуу атуулдарыбызга арналган эскерүү той-маареке салтанаттарын өткөрүү, күмбөздөрүн «кайра калыбына келтирүү» тиешеси болсо да, болбосо да айыл-шаарларга, көчөлөргө ысымдарын берүү, алы жеткени айкелдерин орнотуу сыяктуу иш-чаралардын аягы түгөнчүдөй эмес. Мындай «кой деген сайын койдой куйрук алып» не бир атактуу деп, аты-жыты жоктордун байлыгына чиренип берген той-маарекелери Ала-Тоодой эт, Ысык-Көлдөй чык таратылса да, алакандай эки барак буклет чыгарганга чамалары келбей өтүп жатат го күнү бүгүн шарактап.

Ушундай удургуган шашылыш өткөн тойлордун катарында «Аты атаса, куту сүйүнөт» болуп, өкмөттүн календардык иш планынан сырткары Кудай жалгап, «2002-жылы – Тоо жылы» деп жарыяланып калса болобу. Анын алкагында «Тоо арыстаны» аталып, жалпы элдик жана өкмөттүк кастарлоого татыктуу болгон кыргыздын улуттук баатыры Тайлак баатырдын 200 жылдык маарекеси тоо бермети Соң-Көлдө салтанатталды. Кудайдын мунусун да шүгүрчүлүк. Шаан-шөкөттүү канчалаган тойлордон айырмасыз Теңир-Тоодой эт тартылып, Соң-Көлдөй чык болуп өткөрүлгөн бул той, формасы жогоруда айтылган тойлордон кем калышпай иш-чара болуп өтсө да, Тайлак баатырдын

маарекесинин утуш алган жагын белгилеп кетпесем, калыс кебимден тайыган болор элем.

Бир жагы Теңир колдоп, Тайлак бабамдын канча жыл, атүгүл кылымдап басылып жаткан кыргыз элине кыска убакыттын ичинде жасап кеткен эмгеги, эрдиги, атагы, арбагы, тузу көтөрүлдү.

Экинчи жагы өзү жашаган доордон, замандаштарынан ала албай кеткен бааны урпактарынан толук, өтө калыстык менен алып азыркы кыргыз тарыхынан өз ордун тапты. Негизинен тарыхый хроникадан орун алып, өкмөттүк деңгээлде өткөрүлүп жаткан соң, кийинки урпактарыбызга, Тайлак баатырдын мерчемдүү жылдарын белгилөө мурасы калып жатканы утуш эмей эмине?

Кыскасы биздин муун өтсө да, тарыхта калганы көңүлдү тынчытат.

* * *

Тайлак баатыр кыргызымдын көрөңгөсү төгүлбөсүн, элим-жерим чайпалбасын, элдин бirимдигин, камын, нанын, тынччылыгын ойлогон эл баштаган кол башчы, ажо, анын жүрөгү кыргызым деп согот, элим деп күйөт. Бул сыпаттоолор курулай «жеңилдин асты, оордун үстү» менен айтылган мактоо сөз эмес.

Бекеринен орошон ойлуу тарыхчы профессор Сабыр Аттокуров «Тайлак баатыр» тууралуу жазган монографиясында: «Кыргыздардын этнос катары сакталып калышына, Тайлак сыяктуу эл уулдары себеп болгонуна шек кылууга болбойт», – деп таасын белгилейт. Андан ары тайлаковед, окумуштуу оюн мындайча улайт: «Тоодой тору аргымактын жана боз жоргонун изи Чыгыш Түркстандын талааларында жатса, анын баатырдык аракеттери эл эсинде, кытай кол жазмаларында жашоодо. Ал кыргыздарды биримдикке чакырган, бирок өз доорунда мекендештеринен колдоого ээ болгон эмес»[7].

Ошол сыңары 1993-жылы ак чап менен курчалган Кашкарга сапар карытканымда, кең чөлдүү талаада баратканымда Тайлак бабамдын Буурулунун издери куду ушул жерде калганын, боз жоргонун туягынан чачыраган даңканынан жаралган эрдиктери маарекеде белгиленип өткөндөй Ооганстан, Бадахшан, Бухара, Кокон, казактын талааларына аңыз-уламыш болуп кеткени, Тайлак баатырдын каны бир тамчы болсо да, кандарында ойногон урпактарын сыймыктантат жана курсант кылат.

* * *

[7] Аттокуров С. Тайлак баатыр. –Бишкек, 1994. – 147-б.



Ал эми Тайлак баатырдын тарыхтагы орду, басып өткөн өмүр жолу, жашаган доору, мезгилиндеги саясий кырдаалдар, кытай Цин империясына, Кокон хандыгына жасаган жүрүштөрү, ички абалдагы «кыргызчылыктын» кыйла калчоосуна туруштук бергени, эми «эки тизгин бир чылбырды» колуна алып, сурак жүргүзөрүндө киши колдуу набыт болушу жана башкалар тууралуу, кыскасы агасы Атантай экөөнүн ысымы бүткүл Туранияга тараганын изилдеп, тарыхчы окумуштуулар тастыктап жатышат. Буга да тобо.

Кептин кыябы келгенде кыстара кетчү нерсе, кыргыз-кытай чек арасына бир бөлүгүнө улуттук баатыр Тайлактын ысымынын ыйгарылышы өкмөт тарабынан жарлык калыстык болду. Бекер жерден Ж.Бөкөнбаев «Чептен эрдин күчү бек» деп поэма жазбаган.

Цин империясынын баскынчыл Или отрядынын изин кууп, Илиден чыкканы, Ысык-Көлдүн түштүк батышы аркылуу борбордук Тянь-Шанга өтүп, Торугарт аркылуу Кашкарга өтчү жолду бууп, көзөмөлдөгөн миссияны ишке ашырган Тайлак баатырдын ысымынын берилиши мыйзам ченемдүү тыянак. Бул болсо чек аранын бүтүндүгү үчүн күрөшкөн тубаса полководец. Эл жер үчүн башын сайып койгон элдин патриот баатыр уулуна сый-урмат, таазим болду.

Тайлак баатырдын 200 жылдык маарекесин салтанаттоо учурунда көрсөтүлгөн театрлаштырылган оюнда, улуттук баатырдын өмүрүнүн урунтуктуу эки учуру: а) Кокон хандыгына каршы күрөштүн уюштурган жетекчи катары ордо кызматына алып бара жаткан 10-12 жаштагы кыздарды куткаргандагы көрүнүш. Бул болсо Тайлак баатыр, айрым баатыр аталгандарга окшоп, Бөз-Бөлтөккө жатып алып, ары-бери өткөн көчтү токтотуп, алардын кыздарын зордук менен токолдукка алган эмес. Тайлак баатыр замандаштарынан өзгөчөлөнүп, аялзатынын коргоочусу катары салгылашка чыккан.

б) Кыргыз-кытай чек арада кызмат өтөгөн Тайлак баатырдын ишин улантып жаткан атчан жоокерлерди кас-катар өткөнү символикалуу болду.

Кытайдын Цинь империясынын ар түркүн ыдыгына, кысымына туруштук берген, аким, генералдарынын шайын оодарган, атүгүл императордун көңүл борборунда болгон, ал тарабынан Тайлактын башы үчүн кызыктыруучу сыйлык сайылганын кытай кол жазмалары тастыктайт. Тайлак баатырдын коңшуларына болгон дипломатиялык алакасы, ишмердүүлүгү жөнүндө кытай наамасында жазылган кыргызда чыгаан чыкмалардан ким бар?

Кылымдар бою сыр болуп катылган ушундай табылгалар менен табыштырган орус тарыхчысы В.С.Кузнецовдун эмгегин кыргыз изилдөөчүлөрү тааныштырып олтурганы чеке жарыткан сүйүнүч.

Мындан кийин Тайлак баатыр туурасында кандай ачылыштар күтүп жатат, мезгилдин өтүшү өзү өлчөп таразалаар.

Тойдун эртесинде болуучу иштерге Тайлак баатыр тууралуу жазылган көөнөрбөс бай мурастардын булагы болгон Кытай, Кокон архивдерин аңтарууга, аларды алууга уруксат маселесин чечүүгө, түпкү нускадан кыргызчага которууга жарамдуу адистердин болушуна шарт түзүү көйгөйлөрүн чечүүгө мезгил жетсе да, кол тийгис бойдон калууда.

Тайлак баатыр тууралуу республикалык эл аралык симпозиум өткөрүүгө неге болбосун.

Медалдын эки жагы бар дегендей, сөз экинчи жагына ооп бара жатат. Шашылыш тар чөйрөдө областтык деңгээлде өткөрүлгөн кеңешменин өзөгүн Тайлак баатыр тууралуу материалдар түзбөй эле, кайдагы аты жыты белгисиз Кемпир баатыр жөнүндө доклад жасаган өзүн такыба аалым сезгендердин жыйынына айланып калганы өкүнүчтүү.

Ал эми тайлаковед, ири окумуштуу тарыхчы С.Аттокуров кеңешме эмес, тойдун ардактуу мейманы катары чакырылбай калганы Манасты унуткандай эле болушту. Жогоруда учкай белгилеп өткөнүмдөй эки барак буклет же тиркеме китепче эмес, антологияга ылайыкташтырып, даярдалган материалдар, каражат да, мүмкүнчүлүк бар болчу. Тогуз-Торонун «Макмал-алтын» комбинаты жана ошол жерде жашаган Тайлак баатырдын урпактары маарекеге деген кошумчасы 175 миң сом эле китепке, жалпыга маалымдоо каражаттарына жумшоого багытталса, кенен-кесири кекиртектен жетмек. Кептин түз маанисинде айтканда, Тайлак тууралуу маалыматтар элге кеңири жеткен жок.

Ал тургай салтанат учурун тартып жатканда Тайлактын урпактары сүйлөмөк турсун, бир секунддук кадрга илинбей калышты. Мынча болгондон кийин Москвадан А.С.Пушкиндин урпактары тартылган берүүлөрдү көрүп жүрөбүз. Ушундай деңгээлде даңазаланып берилип жаткан тойдун ээсинин урпактары кимдер болду экен деп жардап турган калайык калкка, кыргыз элинин назарын, урпактардын шаабайын суутканга жол болсун.

Сөз кезегин кагазга оробой айтканда, Тайлак баатырдын мааракесин уюштуруу комиссиясына компетентсиз кишилер кирип, ушундай идеологиялык-уюштуруу иштери, жалпыга маалымдоо механизми так аткарылбай, башаламандыктын айынан эстен чыгарылып,



мейманчылыкты мыктылап жасоо аракетинде болуп, ушуга окшогон маанилүү иштер көз жаздымда калган. Меймандарды тосуунун өтөөлүнө чыгып деле жарытышпады. Майдаланбасак болот эле, бирок уюштуруу комиссиясынын мүчөсү, эшик акын Өмүрбек Дөлөев өпкөсүн чаап, «баарын белендеп коём» деп алдын ала акчасын алган тогуз-торолуктардын сый тамагы болчу жылкыны каратып туруп кулк этирип, «этиң эмес, табагыңды тап» дедиртип, куржалак калтырды. Тойдо кыз жоголот деп коюшат го, бирок элдин эсебинен өөнөп калган сөлкөбайлардын эсебинен көгөндөлгөн козудай болгон тантыраган ырлар жыйнактарын чыгарып алганы бери эле болгону эпчилдик эмей эмне? же бир эл окугандай китептер болсо кана, аттиң деп бармак тиштебей калмакпыз.

* * *

Тайлак баатырдын 200 жылдык маарекеси белгиленет деп камылга 1996-жылы эле башталган. Ырамаъты жазуучу Шүкүрбек Бейшеналиев төрагалык кылган мамлекеттик уюштуруу комиссиясы түзүлгөн эле. Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, Токтогул сыйлыгынын лауреаты Ш.Бейшеналиев Тайлак баатыр жөнүндө сөз жүргөндө ичкен ашын жерге коё койгон, өтө күйөрман чыгармачыл адам эле. Жазуучу тарабынан жазылган «Тайлак баатыр» даректүү романын айтпаганда да, Тайлак баатырдын улуттук баатыр аталышына ал кишинин сиңирген эмгеги баа жеткис. Жазуучу аталган даректүү романга киришердин алдында атайы чакырып, чогултуп жүргөн Тайлак баатыр жөнүндө архивимди ала келүүнү суранды. Ал кишинини чогулткан материалдары менен менин табылгаларым бирдей болуп чыкпаспы. Ал киши көзүн кыбындатып күлүп, «Жээним сенден бир нерсе чыгарына көзүм жетти» деген ыраазычылыгын билдирген жайы бар. Журналист, чыгармачыл адамдар катары бул темада көп пикирлештик. Ошондой маектешүү учурунда айтып калар эле: «Менде бир жакшы тилек бар. Эгер биздин комиссиянын пикирин менен өкмөт кабыл алса, Жаш гвардия гүл багына Тайлак баатырдын ысымы берилсе, айкели ошол жерге орнотулса» деген. Атаганат, үлкөн жазуучунун сөзү жерге калбас. Тиешелүү кишилер кабыргалары менен кеңешер.

* * *

Белгилүү тарыхчы С.Аттокуров «Тайлак баатыр» монографиясында; «Тайлак 1796-жылы теке айында Соң-Көлдө Ырыскул бийдин ак өргөсүндө төрөлгөн. 1996-жылы анын жарык дүйнөгө келишине туптуура

200 жыл толот». Андан ары маарекеге даярдык көрүүдө аалым төмөндөгүлөрдө эске алууну сунуштайт: «Ушуга байланыштуу жерибизди басып алуучулардан коргогон, туткундарды бошоткон, коркууну, кол куушурууну билбеген, колонизаторлордун жакшы куралданган аскерин элдик ополчениенин күчү менен жеңген баатыр уулубуздун маарекесин өткөрүүнү, арбагын сыйлоону анын күмбөзүн калыбына келтирүүдөн баштап, «Тайлак баатыр» фондусун түзүп, анын ысмын элибиздин сыймыгы катары укумдан тукумга калтырууга аракеттенсек. Анын айылы, сөөгү жаткан жер улуттук ыйык жерге, туристтер келип кете турган жайга айландырсак. Бул сунуштун турмушка ашышына убакыт бар, анын үстүнө Тайлактай уулдар кыргыз эмес, адамзаттын тарыхында өтө аз төрөлөрүн эске алуу зарыл».

Профессор С.Аттокуровдун идеясы боюнча Тайлак баатырдын күмбөзү Улуу Жибек жолунун удулунда тургандыгына байланыштуу Бишкектеги М.В.Фрунзенин үй-мемориалы сыяктуу күмбөз турган турпатында эч ондолбой, сыртынан айнектелмек да, үй комплекс болуп салынмак. Каражат да ага сеп болмок. Ал жерде Тоголок Молдонун күмбөзү да бар эле, жеринде тарыхый үй музей катары туристтер токтоочу жай болуп кызмат кылмак.

Курулай көрсөтмөлүүлүктүн кесепетинен, шандануучулуктун шарапатынан не деген тарыхый эстелик жай цемент менен чампаланып калды. Күмбөздүн мындай абалын көргөн пенде өзү парасат салып таразалаар.

*5-ноябрь 2002-жыл, «Дил ордо» гезити*



*Бурмакан САТЫБАЛДИЕВА*

## Тайлак – кокту-колоттун баатыры эмес, улуттук баатыр

Тайлак баатыр XIX кылымдын 1-жарымында жашап өткөн феномен, реалдуу тарыхый инсан. Белек Солтоной уулу «Кызыл кыргыз тарыхы» китебинде Тайлак 42 жашында өлгөн деп жазган. 42 жаш деген эмне, адам баласы үчүн көз ирмем. Тайлак баатырдын өмүрү кыска болсо да, бирок нускалуу жашап өткөн. Анын кылым жоопкерчилигин мойнуна алып, кылымга тете жасалган көрүнүктүү тарыхый иштери өзү жашаган доордун инсандарынан ат чабым алдыда өзгөчөлөнөт. Тайлак баатыр – кокту-колоттун баатыры эмес, чыныгы улуттук баатыр. Кудай таалам аны бардык нерседен кур калтырган эмес. Ага зирек акылды, чечкиндүүлүктү, кара күчкө ширелген баатырдыкты, ийкемдүү шамдагайлыкты, айкөлдүк менен кечиримдүүлүктү, аскердик талантты да аябаптыр. Белгилүү тарыхчы, Сабыр Аттокуров Тайлак баатырдын өмүрүн төрт топко бөлүүгө болот дейт.

Биринчиси, балалык жана эр жетүү мезгили, экинчиси Циндик Кытайга каршы күрөшүүсү, үчүнчүсү Кокон хандыгына каршы улуттук боштондук кыймылын жетектеген жылдары, төртүнчүсү Тайлак баатырдын тынчтык ишмердиги. Тайлак баатырдын өмүр баяны кытай жана Кокон хандыктарынын «жашыруун, өтө жашыруун» деген архивдик документтеринде жатат.

Өзгөчө элдик эпостордо айтылып жүргөндөй, Тайлак баатыр «эрдиги бар, эси жок» деген баатырлардан эмес. Чын-чынында анын өз замандаштарынан айырмаланып, кеменгерлик көрөгөчтүгү менен доордун тамырын сезе билгендигинде. Анын өмүр таржымалындагы жөнөкөй эле мисал кыргыз жери кетилбесин, элимдин уңгулуу наркы, салты, көрөңгүсү төгүлбөсүн, чайпалбасын деп, элдин биримдигин, камын, нанын, тынчтыгын ойлогону, ар дайым жүрөгү кыргызым деп соккону, элим деп күйгөнү мекенчилдиги ар бир жасап кеткен иштеринде көрүнөт.

Бекеринен орошон ойчул аалым Сабыр Аттокуров «Тайлак баатыр» деп аталган монографиясында: «Кыргыздардын этнос катары сакталып калышына, Тайлак сыяктуу эл уулдары себеп болгонуна шек кылууга болбойт», – деп таасын белгилейт. Андан ары тайлаковед, окумуштуу оюн

мындайча улайт: «Тоодой тору аргымактын жана боз жоргонун изи чыгыш Түркстандын талааларында жатса, анын баатырдык аракеттери эл эсинде, кытай жазмаларында жашоодо. Ал кыргыздарды биримдикке чакырган, бирок өз доорунда колдоого ээ болгон эмес».

Ошол доордогудай азыр анын урпактары жашап жаткан заманда да биримдик, ынтымак кымбат болуп, кыргыздар ага толук ээлик боло албай жатканына чынында «ичти мышык тырмайт».

1993-жылы сапар карытып, кадимкидей Ак-Талаанын боз чаптарына окшогон боз чаптар менен курчалган Кашкардын кең талаасында кетип баратканымда Тайлак бабамдын Буурулунун издери куду ушул жерде калганын, боз жоргонун туягынан чачыраган даңкандарындай жараткан эрдиктери Ооганстан, Бадахшан, Бухара, Кокон, казактын талааларына аңыз уламыш болуп кеткени, Тайлак баатырдын каны бир тамчы болсо да, канында ойногон урпактарын сыймыктантат жана курсант кылат деген ойго баткам.

### *Бокбасар бий*

Тайлак баатыр жөнүндө жазылган чыгармаларда болсун, тарыхый-илимий иликтөөлөрдө Бокбасар бий деген ысымды ага байланыштуу окуялар эч жерде кезикпеген.

Тайлак баатырдын эрезеге жеткен курагындагы окуялардан кокондуктар менен биринчи кагылышуусундагы биринчи жеңишин душмандары гана эмес, өзүнүн эле эли кантип кабылдаганы бизге белгисиз эле. Тайлак баатырдын атасынан эрте эле калганы да эч жерде айтылбайт. Бирок баатырдын атасынын карып калганы А.Чоробаевдин «Тайлак баатыр» казалында берилет. Тайлак жаштыгына карабай кокондуктардын Курткадагы чебине кол салып туткундарды бошоткондо атасы Рыскул бийдин бир буту жерде бир буту көрдө болуп карылыкка моюн сунуп калганы белгиленет. Ал түгүл Тайлак кокондуктарга кол салаарда атасына келип акылдашканда Рыскул бийдин айтканы бар эмеспи. «…Эми мен да карып калдым, тууган аз, алда кандай күн болот, тилимди алсаң жашың толуп жетилгенче 5-6 жыл күтө тур, Кокон деген оңой күч эмес…» дейт.

Ошентип атасынын, аксакалдардын тыюусуна көнбөй, Теңир-Тоодогу жаңжал башталат. Кокон чеби теңир-тоолук кыргыздардын колуна өтөт.

Рыскул бий Атантай, Тайлактын жаш кезинде эле каза болуп, саяктардын бийи катары Арсланбап токоюндагы (азыркы Базар-Коргон



районунун чөлкөмүндө) бийлер коюлган көрүстөнгө акыркылардан болуп коюлган. Рыскул бийдин сөөгү ак кепинделип ак кийизге андан соң ак булгаарыга оролуп, кара нарга жүктөлүп, алдыда кара кымкап желек түшүрүлүп шаан-шөкөт менен кырк каранын жетегинде алынып келингени аңаза кеп болуп айтылып келет.

Ал ортодо Рыскул бийдин тең ата каршылаштары басыз, моңолдор Атантай, Тайлакты баласынтып, аларга бийлик бербей кодулашат. Аргасыздан алар Кетмен-Төбөгө аяш атасы Бокбасар бийди арка тутушуп, жер оошот. Бир кыш кыштап, жайдын толугунда миңден ашык кол жыйнап, «Кетмен-Төбөнүн кызыл жолборсу атыккан» Бокбасар бий баш болуп, Тогуз-Торонун Аралына келип токтошот.

Бокбасар бий алдын ала басыз, моңолдордун жакшыларына Тогуз-Торо, Мынакелди, Курткага чейин ат чаптырып кабар айттырат: «Сыйыңар менен келгиле, келбесеңер, өз убалыңар өзүңөрдө деп. Ошол кезде «кызыл от» деген чөп (чий сыяктуу болот) анын бышып калган маалы эле. «Кызыл оттон» алардын келер жагына тузак тартып, тузакка түшсөңөр, жаныңар калбайт, айылыңарды тегерете чабам, эгер тузакка чалынбай келсеңер, сөзгө келем» деп коркутуп жатып алат.

Айласы кеткен Тогуз-Торо, Мынакелди, Куртка элинин жакшылары жан соогалашып, Торгой чеченди жиберишкен дейт. Чеченди жибererде анын кеңешчилери «Ары жак, бери жакты карабайсыз, бутту көтөрүп басып, Бокбасар бийдин көзүн карап басасыз» дешет.

Жанын оозуна тиштеген Торгой чечен аман эсен Бокбасар бий жанына жеткенде ал: – Кана сүйлө – дейт. Анда чечен: Турна көктө, тузак жерде, кулак сизде, сиз эмне десеңиз, биз макулбуз да. Анда Бокбасар бий: – Менин силерге бир гана сөзүм бар. Атантай менен Тайлактын айланасына баш кошкула баласынтпай, кор болбойсуңар, – деп этегин кагынып басып кеткен экен. Бокбасар бий Рыскул бийдин аккан досу катары анын балдарына мына ушундай колдоо көрсөткөнүн жаңы маалымат катары карасак болот.

### *Көк жалды ким тааныйт?*

Тайлак баатыр тууралуу даңаза кептердин бири анын карышкырдын сырттанын кантип айлакердик менен колго түшүргөнүн жана ошол эрдигинин урматына ал жер Ор-Казган аталып калганына токтололук.

Тайлак баатырдын кыштоосу Ак-Талаа, жайлоосу биягы Соң-Көл, Арпа, Ак-Сай, Чатыр-Көл, Тогуз-Торо болгон. Жоокерчилик заманда үйүр-үйүрү менен жылкыга тийип айдап кеткенди баатырдык, эрдик деп

санашканы ырас. Айыл-аймактын төрт-түлүк малына коңшу ууру-кескилердин «жылкы тийген» балээсинен башка да, карышкыр күч алды. Табийгаттын оор кырсыгы опол-тоодой оор кардын түшкөнү аз келгенсип, карышкырлар этектен алып, үйүр-тобу менен көз көрүнө кол салышчу болду.

Айыл-айылдан аксакалдар чогулуп, бул көркоо көк жалдардын айласын бир тапса Тайлак табат деген ишенич-үмүттө Тайлак баатырдын айылына келип түшүп калышат. Ак сакалдар келгенде Тайлак үйүндө жок болуп чыгат. Байбичеси кадырман карыларды конок алат. Тээ эт бышым убакыттан соң Тайлак баатыр Бычаңдан субай жылкыларын айдатып келип калат.

Буркураган «кара куурдак» бозодон, байланбас тайдын беш бармагын жеп, дасторкон үстүндө акыл калчап акылдашып олтуруп, карышкырдан кантип кутулуунун амал-жолун издешет. Ар кандай кептер чыгып, сунуштар айтылат.

Ошондо кеп-кеңештин учугу бирге жазылып, Тайлак баатыр баарын тегеретeкен жыйынтыктоочу оюн ортого салат: «Көк жалды «көк жалдын» сырттаны тааныйт», аларды кырып, тукум-курут кылбай эле жоготсок болот. Ал үчүн карышкырлардын келген жолуна тай казанды көмкөргөндөй көлөмдө тегерек кылып, тереңдигин жети кулачтай ор каздырып, түбүнө эчкинин улагын байлап коюш керек», – дейт.

Кеч күздө гана энесинен ажыраган семиз улактын маараганы кашабаңдын напсисин агытпырып, айласыздан карышкырдын сырттаны даяр орго түшүп, улакты жейт.

Айрым оозеки уламаларда айтылгандай, Тайлак баатыр тайдай болгон койду союп, анын алдына тарттырып: «Сен карышкырдын сырттаны болсоң, мен адамдын сырттанымын, экөөбүз тең бири-бирибизге залалыбызды тийгизбей же сен, же мен жер котoролук», – деп карышкырдын мойнуна жылаажын үндүү коңгуроону тагып коёт. Азыркыга чейин ит тукуму темирден чыккан үндү көтөрө албастыгын көпчүлүк биле бербесе керек. Ошондой амалдан соң карышкырлар башка аймакка ооп кетишкен дешет.

### *Тайлак арык*

Кайсы учур, кай заман болбосун, кандай элде болбосун, элине жер айдаттырып, аштык септирип, коңшуларына баштык көтөрүп дан



сурабаган журт башчыларын карапайым калкы ар дайым ызаат сый менен урматтап келишкен.

Элдин токчулугуна кам көргөн Тайлак баатырдын дыйканчылыгы азыркыга чейин даңаза. Кара-Көө ашуусунун туу чокусуна чыкканда алаканга салынгандай көрүнгөн өрөөндөн куралданбаган көзгө деле боз адырды бойлой чабылган арыктын издери билинген Тайлак арык карт тарыхты күбөлөгөнсүйт. Какырга чыгарылган ал арыктан 200 гектарга жакын жерди азыр деле жергиликтүү эл дыйканчылыкта пайдаланып жатышат. Ошол боз чаптарга бөксөлөй чабылган арыктан кантип суу алып өткөнүнө таң каласың.

Белгилүү балдар жазуучусу Ш.Бейшеналиевдин «Кычан» повестиндеги Ысакул башкарманын прототиби ыраматылык Ысакул Нурманбетов аксакалдын эски кишилерден уккан Тайлак арыктын курулушундагы Тайлактын жол тапкычтыгын даңазалаган уламыштын ток этер жерине токтолоюн.

Чөйчөктөй болуп жаткан ак чап менен курчалган айдоо аянтка жарай турган жерге сууну алып чыгуунун амалын Тайлак баатыр жөнөкөй гана чечип койгон. Эшекке эки кыргыз кап кумду теңдеп артып, мүшөктүн түбүн кум куюла тургандай тешип, эшекти жетекте айдаткан. Айбан да болсо, жыгылып калбастын аракетин көргөн эшек тең салмактуулукту сактап жер тандап кыялай баскан.

Ошол из менен арык чабылганда суу эч тоскоолсуз акканга нук салынган. Андан бери өзгөрүлсө, өзгөрүлгөн чыгар, бирок күнү бүгүнкүгө чейин эл керегине жараган арыктын элдик инженериянын үлгүсүндө салынганы Тайлак баатырдын урматына Тайлак арык деп аталып калышын тарых, мезгил өзү күбөлөйт.

### *Тайлак Үзөнгү-Кууш ту коргогон*

Академик А.Акматалиевдин кыргыз тил илиминин бир тармагы болгон ономастика илиминин азыркы кезде өнүгүүсү жана анын турмушка колдонушу таптакыр токтоп калганын, аталган өксүктү кайрадан жандандырууга жалпы коомчулукту, бийлик бутагындагыларды, өзгөчө мыйзам чыгаруучуларды чакырганы көптөгөн ой-пикирлерди жаратууда.

Академиктин демилгеси сөзсүз колдоого арзыйт. Анын өлкөнүн өткөндөгүсү, бүгүнкүсү же келечеги үчүн өчпөс из калтырган инсандардын ысымдарын көчөлөргө гана эмес, калктуу конуштарга, борбор шаарыбыздын көчөлөрүнө ыйгарууга эмнеге болбосун деген

сунушун айтылган тейде калтырууга болбойт. Береги эле казак коңшубуз элден чыккан улуттук баатырларынын ысымдарын чоң-чоң шаарларынын узун көчөлөрүнө коюп алышкан.

Кептин кыябы келгенде кыстара кетчү нерсе – Цин империясынын Или отрядынын басып алуучулук жүрүшүнүн мизин кайтарып, Илиден чыгып Ысык-Көлдүн түштүк батышы аркылуу борбордук Теңир-Тоого өтүп, Торугарт аркылуу Кашкарга кетчү жолун бууп, кыргыз-кытай чек арасын бөлүп таанытткан улуттук баатыр Тайлак баатырдын 200 жылдык маарекесинде көтөрүлгөн анын ысымын Бишкек шаарынын Жаш гвардия гүл багына ыйгаруу демилгеси убагында басылып кала берген. Көөнө тарыхтын улуу инсанынын ысымын берүү али да кеч эмес. Кокус тарыхтын каталыгы кайталанып, Каркыраны, Үзөңгү-Куушту саткандардын аты көчөлөрүбүзгө коюлуп калса, анда кантебиз, кыргыздар?!

*«Кыргыз Туусу», 13-май 2011-жыл*

***Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ,***
*Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, тарых илимдеринин кандидаты, профессор*

## Тайлак баатыр

Кыргыз эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиев мындан бир топ жыл мурун жазган тарыхый чыгармасы «Тайлак баатыр» баянынын баш сөзүндө «Жалпы элдик жана өкмөттүк кастарлоого татыктуу, болгондо да улуттук баатыр Тайлак (1796-1838) да тарыхый калыстыктын айдыңында толук баасын алып, кеңири салтанатталчу кезегин күтүүдө» деп белгилеген эле.

Соң-Көл – Тайлак баатырдын негизги ата конуштарынын чордону. Бул аймактан кыргыз элинин даңкын көтөргөн көптөгөн инсандар чыгышкан. Алардын катарында Тайлак баатыр Рыскул уулунун өзгөчө орунду ээлегени шексиз.



Кыргыз тарыхын кунт коюп иликтеген, сабаттуу акын, айтылуу Байымбет Абдырахманов (Тоголок Молдо) өзүнүн улуу жердеши Тайлак баатырдын эрдиктеринин жана коомдук ишмердигинин илеби сууй электе, ал тургай көрүп уккан айрым карыялардын эскерүүлөрүнөн жыйнап, сыймыктана шакирттери Нурдин молдо менен Абдыкалык Чоробай уулуна насааттап «Тайлак баатыр» дастанынын эки вариантын жаздырган. Ал жөнүндө кыргыз элинин атактуу акындары Арстанбек (Ысык-Көлдөн), Чоңду (Таластан), Нурмолдо (Аксыдан), Барпы (Сузактан) жана башкалар өзүлөрүнүн чыгармаларында омоктуу ойлорун айтып калтырышкан.

Тайлак баатыр эл аралык масштабдагы инсан экендигинин ачык маалымы – бул ал жөнүндө коңшу элдердин өкүлдөрүнүн тарыхый чыгармаларында да кеңири орун берилгендигинде. Алсак XIX кылымдын ортосунда жашаган көрүнүктүү казак окумуштуусу Шокан Уалихановдун эмгектерин, ошол эле мезгилдеги өзбек тарыхчысы молдо Муса Сайраминин чыгармасы жана Цин империясынын башкаруучуларынын (кытай элинин) жылнаама тарыхтарында чагылдырылганын айкын күбө катары келтирсек болот.

Ал жөнүндө көрүнүктүү кыргыз тарыхчысы Белек Солтоноев да өз мезгилинин деңгээлине жана дараметине жараша маалымат берген эле. Ал эми белгилүү тарыхчы профессор Сабыр Аттокуров «Тайлак баатыр» аттуу илимий иликтөө жүргүзүп, жогорку окуу жайлары үчүн бир топ көлөмдүү, ары кызыктуу окуу куралын жазган. Көрүнүктүү аалым жана мамлекеттик ишмер Кубат Осмонбетов өзүнүн кызы Гүлнара жана уулу Эмил менен авторлоштукта «Тайлак баатыр жана анын доору» деген китеп жазышкан.

Ошентсе да, бул инсандын өрнөктүү өмүр жол таржымалы али даана жана толук ачыла элек, бир далай бүдөмүк жерлерин дыкат изилдеп такташыбыз керек. Маселен, Тайлак баатырдын Кокон ханы Мухаммед Али (1822-1841) менен өз ара мамилелери эмдигиче бурмаланган бойдон тарыхый эмгектерде жызылып келүүдө. Тайлактын туткундалып Коконго алынып келиниши, азырынча Шокан Уалихановдун күмөн маалыматтарынан бөлөк эч бир тарыхый булактар менен ырастала элек. Ал эмес кыргыз уламыштарында да мындай кабар жок экендигин баса белгилемекчимин. Деги эле мындай жагдай ошол мезгилдеги тарыхый окуялардын логикалык жүрүшүнө да топ келбейт. Андыктан, албетте, бул тараптарды иликтөө жаңы деңгээлде колго алынары келечектин талабы.

Тайлак баатыр – эң оболу кыргыз коомчулугуна даңкы чыккан тектүү ата-бабанын нарктуу жолун жолдогон кыргыз уулу – УЛУУ ИНСАН. Ал эрте жетилип эл камын ойлонгон, элдин мүдөөсү менен жашап өмүрүн элдин келечегине, мамлекеттик биримдигин чыңдоого арнаган жаркын инсан. Тайлак жеке эле кыргыз элин чет жерлик баскынчылардан коргоо менен чектелбестен, коңшу боордош мусулман калкынын өкүлдөрү болгон – уйгурлардын мекени – Кашгариянын эркиндиги үчүн күрөшкөн.

Тайлак баатыр достукка, куда-тамырчылыкка бекем болгон. Ал мусулман элдеринин биримдигине жетиш үчүн өзүнүн кызын уйгур элинин эркиндигинин туусун көтөргөн, эр жүрөк Жаңгыр кожого аялдыкка берип кан куда болгон, өзү да Кашгардын акиминин уйгур кызы Бегайымга үйлөнүп, аны ызаттап эң сүйүктүү жары катары кастарлаган.

Тайлак баатыр эр жүрөк кыраакы кол башчы катары, өзүн көп кыйчалыш кырдаалдарда, жогорку адамдык сапаттарга эгедер экендигин көрсөтө алган. 1825-жылы күз мезгилинде бейкут жатышкан кыргыз айылдарына кыргын салган чет жерлик манжур-цин баскынчыларынын Байанбату генерал баштаган 7 миң аскерден турган кошуунунун мизин кайтарган. Ушул Кароо капчыгайындагы окуя эле Тайлакты кандай инсан болгондугунан кабар берет. Биринчиден, Ак-Талаанын Кароо капчыгайындагы бул салгылаш кыргыз жоокерлерине даңк алып келген.

Тайлак баатыр кыргыз элинин улуу инсандарынын арасынан улуттук мамлекеттүүлүктүн биримдигин көздөгөн, коомчулуктун келечегин туура баамдаган кол башчылардан болгон. Бул асыл атуулдук бийик сапат азыркы биздин эгемен республикабыздын кыйчалыш кырдаалында өзгөчө мааниге ээ экендигин ачык-айкын сезүүдөбүз.

Кыргыз элинин эркиндигин камсыз кылыш үчүн эгемендүү келечегин көздөп, өзүнүн замандаштары болгон кыргыз кол башчыларын биримдикке чакырып, аларды бир нукка багыттоо аракетинде жүргөндө кутумчулуктун айынан курман болгон. Бирок Тайлак баатырдын бул аракети текке кеткен жок. Анын ишин курдаштары Алымбек датка (адигине), Канай баатыр Түлөберди уулу (солто), Медет Байтүгөл уулу (саяк), Ажибек Алчикен уулу (саруу), Ормон (сарбагыш) хандар колдоп, өркүндөтүштү, бара-бара ал үзүрлүү натыйжаларын берди. Буга азыркы эгемендүүлүктүн шарапаты ачык-айкын күбө болууда.

*«Кыргыз туусу», 9-август 2011-жыл*



***Рыскул ЖОЛДОШОВ,***
*тарых илимдеринин кандидаты, доцент*

## Осмон датка – орус оторчулугуна каршы күрөшүүчү

Совет жылдарында XIX кылымдын ортосунда Кыргызстандын аймагын Россия империясы куралдын күчү менен басып алуу процессин жашыруу максатында, «Кыргызстан өз каалоосу менен» Россияга кошулган делип, саясатташтырылган көз карашты тарых илимине таңуулап келгендиги белгилүү. Буга мисал кылып, кыргыздын тигил же бул урууларынын бийлери орус бийлигин чакырган кат жөнөткөн деген пикирлерди жүйөгө тартышкан. Чындыгында, кыргыз бийлери эле эмес, бүткүл кыргыз калкы жалпы курал алып каршы чыкса дагы, орус оторчулугун токтото алмак эмес. Себеби дүйнөлүк ири держава болгон Россия өзүнүн атаандашы Англиядан мурун Түркстан аймагын басып алуу планын мамлекеттик деңгээлде чечип койгон эле. Ал эми айрым кыргыз бийлеринин орус өкүлчүлүктөрүн жардамга чакырган каттары болсо, орус оторчуларынын басып алуу саясатынын натыйжасы болгон. Орус мамлекети Волга боюндагы элдер менен казак талааларынан тартып, Ыраакы Чыгышка чейинки элдердин бардыгын өздөрүнө каратууда, алардын алсызыраак урууларын күчтүү урууларына каршы тукуруп, чатакташтыруу менен, алсыздарынын чакыруусун бетине кармоо шылтоосу аркылуу басып алуу саясатын бир нече кылым мурда эле иштеп чыгышкан.

Жогорудагы себептерден улам, совет мезгилинде Кыргызстан өз каалоосу менен Россия империясынын курамына кирген деген саясаттын негизинде, орус оторчуларына каршы күрөшкөн кыргыз инсандары сынга алынып, аларга эмгекчи элди эзүүчү таптын өкүлдөрү деген жарлык тагылган. Ошондуктан алар тарыхта эскерилбестен, бир беткей жамандоо менен унутка калтырылган. Төмөндө ошондой кыргыз элинин эркиндигин коргоп, орус оторчуларына каршы акыр аягына чейин күрөшкөн белгилүү Тайлак баатырдын уулу Осмон датка жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Осмон Тайлак уулу чекир саяк уруусунун чоро уругунан чыккан. Анын ата-бабалары өздөрүнө караштуу жамаатты бийлеп келишкен

инсандардан болушкан. Осмон датканын бабаларынын санжырасы төмөнкүчө таркайт: чекир саяк уруусу Үч куртка жана Түгөл деген эки топко ажырайт. Үч куртка Кудайберди, Ак кабак, Ыман деген үч атага бөлүнөт. Кудайбердиден Кулжыгач жана Чоро уруктары чыгат. Чородон Марка, Барчык. Барчыктан Тоймат. Тойматтын бир уулу Жанболот өз мезгилинде саяктын акалакчы (кичине) бийлеринен болгондугун кытай жазмалары кабарлайт. Ал 1780-жылдардын экинчи жарымында өзүнүн кишилери жана сары багыштын акалакчы бийи Тоймат менен чогуу, Кашгардан Анжиянга бараткан кербенди Чатыр-Көлдүн жанында тоноп, андан миң жылкынын кунундай байлыкты карактап алышат. Ошол себептен кытай бийлиги Жанболотту Борке деген уулу менен кошо камакка алгандыгы белгилүү (1. Дай цин личао шилу // Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. – Т.2. – Б., 2003. – 193-б.). Жанболоттун уулу Ырыскул атасынын ордуна бий болгон. Анын балдары Атантай, Тайлак эл бийлеген белгилүү баатырлардан болушкан. Осмон дагы ата-бабаларынын жолун улап, эл башкарган инсан болот.

Осмондун туулгандыгы тууралуу так маалымат жок. Бирок санжыралык айрым кабарлар кездешет. 1941-жылы А. Чоробаев тарабынан жазылган «Тайлак баатыр» кол жазмасында Цин-кытай аскерлерин Тайлак баатыр талкалаганда (болжолу 1825-ж.) уулу Осмон балтыр бешик бала болгон дейт. (2. Чоробаев А. Тайлак баатыр. – Кыргыз УИА., КЖФ. – инв. №28 (221), №32 (225). Ал эми дагы бир кыргыз фольклорунун билерманы М. Мусулманкуловдун калемине таандык «Осмон баатыр» кол жазмасында Осмон атасы Тайлак өлгөндө (болжолдуу 1838-ж.) 13 жашта болгон деп жазат. (3. Мусулманкулов М. Осмон баатыр. – Кыргыз УИА., КЖФ. 163/376). Санжыралык ушул маалыматтарга таянып, Осмон датка болжол менен 1825-жылдар чамасында туулган десек болот. Ал бийликке эрте жаш кезинен эле аралашкандыгы жөнүндө маалыматтар бар. Кокон хандыгына каршы күрөш жүргүзгөн Тайлак баатыр, кокондуктар тарабынан өлтүрүлгөндүгүнө байланыштуу, жергиликтүү кыргыздар менен мамилесин оңдоо максатында Кокон хандыгы, Куртка чебинин башкаруучусу аркалуу 13 жаштагы Осмонго панcат (500 башчы) деген наам ыйгарышкан. 15 жашында Коконго чакырып, датка наамын ыйгаргандыгын М. Мусулманкулов белгилейт. 1842-жылы Ысык-Көлдөгү Ормон Ныязбек уулу түндүк кыргыздарына хан көтөрүлгөндө Ысык-Көл, Нарын тараптагы Кокон чептерин талкалаган. Ошол себептен 1843-жылы саяк Алибек башында турган аскердик тобу Ак-Талаадагы



Куртка чебине чабуул коюшкан. Алар кетеринде ал тараптагы элге Айдаркан, Тынар жана жаштыгына карабастан Осмон Тайлак уулун башчылыкка шайлап кеткен (4. Чоробаев А. Тайлак баатыр. – УИА., КЖФ. – инв. №32 /225). Ак-Талаа, Нарын тарпта Саяктын чоро башчысы Осмон Тайлак уулу, кулжыгач башында Түлөөке баатыр Эраалы уулу, ыман башчысы Байтур Жапалак уулу турган уруктар болуп, алар бири-бири менен атаандашып турушкан. Осмон датка 1850-жылдардын 2-жарымында Куртка чебинин коменданты кокондук сарт Мамыразык (Маразык) датка менен мамилесин чыңдап (кудалашкан), Нарын тараптагы чоро саягындагы эң таасирдүү бийлөөчү экендигин 1859-жылы Кашгардан кайтып келе жаткан Ч. Валиханов жазган (5. Валиханов Ч. Собр.соч., А-Ата, 1985. – Т.3. – 32-б.).

Кокон хандыгы менен мамилеси жакшы болгон Осмон датка орустардын басып алууларына каршы болгон. 1855-жылдан тарта кыргыз жергесин басып ала баштаган Россия империясынын аскердик бөлүгү, 1863-жылы 1-жолу Ысык-Көлгө келип кыштаган. Бул болсо орустарга каршы турган Үмөтаалы Ормон уулуна чоң коркунуч алып келген. Орустардын кол салуусунан чочулаган Үмөтаалы 1860-жылдан тарта Ысык-Көлдөн Нарын тарапка жер которууга аргасыз болгон. Ал жергиликтүү уруу башчылары менен мамилесин чыңдоого аракет жасайт. Ошондуктан ал Курткадагы саяк манабы Осмон Тайлак уулу менен дос болуп, экөө куда болушкан. Осмон Ботокан деген уулуна Үмөтаалынын кызын алып берген. Үмөтаалынын иниси Чаргын болсо Ат-Башыдагы черик уруусунун баш манабы Турдукенин кызына үйлөнгөн.

1863-жылы орус аскерлеринин Олуя-Ата, Чимкент шаарларын каратышы, ошондой эле Ысык-Көл, Чүйдү ээлеген орус отряддары эми Нарынга кирип келгендигине байланыштуу Үмөтаалы Ормон уулу кол астындагы 6-8 миң түтүн эли менен бирге, орус бийлигине каршы күрөшкө чыгат. Үмөтаалыга Нарындан Осмон датка кошулган. Үмөтаалы 1863-жылы жай айында Куртка чебин жок кылуу жана тоолуу Нарын аймагын чалгындоо максаты менен келген штабс-капитан Проценконун аскердик тобуна унаа берет. Бирок, анын артынан ага каржы жана транспорт алып келе жаткан поручик Зубаревдин 40-50 адамдан турган аскерлерине Соң-Көлдүн аягындагы Кажыртыдагы Эки-Чат деген жерден кол салуу уюштурган (6. Северцов Н. Путешествия по Туркстанскому краю и исследование горной страны Тянь-Шаня. – СПб., 1873. – 341-342-б.). Бул согушка Үмөтаалынын инилери жана балдары, ошондой эле Нарындык саяктар, анын ичинде Осмон датка дагы катышкан. Кыргыздар

бул согуштун башында Нарын дарыясындагы көпүрөнү бузуп салышып, андан кийин орус аскерлерине чабуулга өтүшөт. Ок атуучу мылтыктар менен куралданган орус аскерлери найза жана союл колдонгон кыргыздарга каршы 8 саат коргонушуп, жеңиле турган болгондо, Проценконун тобу жардамга келип куткарып калган. Согушта орустар тарабынан 1 офицер, 2 жоокер өлүп, 4 аскер катуу жаракат алган. Мындан кийин Үмөтаалы кол астындагы иниси Чаргынды жана Осмон датканы алып, Нарындан Кашгарга чейинки тоолордун арасына көчүп кетет. Ошентип, 1863-1867-жылдардын аралыгында 4 жыл бою Осмон датка Үмөтаалынн жетекчилиги астында орустарга баш ийбей, аларга каршы күрөшкөн. Бул күрөштө Үмөтаалыга баш ийген 3000, иниси Чаргындын 1000 жана Осмондун 1000 түтүн букарасы болгон (7. Северцов Н. Путешествия ..., 344-б.). Орус бийлигинин кыргыз жергесинде күч алып бекемделиши менен алар Кыргызстандын тоолуу аймагы болгон Нарын чөлкөмүнө да кире башташкан. Өзгөчө 1867-жылдын жай айында полковник Полторацкийдин Нарындан Кашгарга чейинки жерлерди реконосцировкалоо үчүн келген аскердик топтун Куртка менен Ат-Башыга келиши, Үмөтаалы Ормон уулунун орус бийлигин таанууга аргасыз кылган (8. Барон Ф.Р. Остен-Сакен. Поездка в Занарынский край, летом 1867 года // Известия русс. геогр. общ-ва. – 1869. – 136-б.). Үмөтаалы кол астындагы манаптар Чаргын жана Осмон датка менен бирге 1867-жылдын октябрь айында Нарындын Оттук суусунун боюндагы Н.А Северцовдун аскердик тобуна келип, орус бийлигине баш ийгендиктерин жарыялаган. Ошондон тартып Үмөтаалы, Чаргын мурдагы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү мекенине кайтып келишип тынч жашоого өтүшөт. Ал эми Осмон Тайлак уулу өз мекени Тогуз-Торого келгенден кийин дагы оруска каршы күрөшүн улантат.

1868-жылы орус администрациясы кыргыздардын салттуу уруулук бийлерин жоюп, 1000 түтүнгө бир волостук управаны (болуш) түзгөн мыйзам кабыл алган. Бул болсо бүтүндөй бир урууга (10 000 түтүнгө) бирден башчы болгон кыргыз бийлери орус бийлигине чоң коркунуч түзсө, аларды майдалап, миң түтүнгө бөлүп салуу, башкарууга ыңгайлуу болгон. Ушуга байланыштуу Токмок уездинин алгачкы начальниги майор Г.С. Загряжский 1868-жылдын май айында калкты волосттук башкарууга өткөрүү максатында Тогуз-Торо аймагына барып иш жүргүзөт. Андан мурунку жылы Осмон датка Үмөтаалы менен оруска карап келгенде, ага анча ишенбеген орус өкмөтү Османдун Мамыркан деген баласын аманатка Верный чебине алып кетет. Уулунун орустардын колунда



тургандыгына карабастан, Осмон датка майор Г.С. Загряжскийге түн ичинде кол салат. Бул окуя күтүүсүздөн болгондуктан орустар жеңилүүгө учурап, майор Загряжский теректин башына чыгып жашынып аман калат (9. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. – Б., 2003. – 378-376-б.). Осмон датка уездин начальниги менен бирге жүргөн эки катчы орустарды колго түшүрүп алат да, эртеси Көк-Артты беттеп, Кокон хандыгынын ээлигин карай көчөт. Бирок майор Загряжский менен Тогуз-Торого чогуу барган Шабдан Жантаев жигиттери менен Осмон датканын артынан түшөт. Шабданга жергиликтүү чоро саягынын манаптарынын бири, Осмондун жакын тууганы Келдибек жигиттери менен кошулат. Келдибектин чоң атасы Байбагыш менен Осмондун чоң атасы Ырыскул экөө бир тууган болуп, Жанболоттун балдары болушкан. Келдибек Осмонго атаандашып жүргөн. Шабдандын жигиттери менен Осмондун жигиттери беттешип, согуш болот. Урушта Шабдандын жигити Баяке менен Келдибек Осмондун колуна түшүп калышат. Ушул урушта Осмондун Баракан деген иниси баатырдык көргөзгөн. Салгылашуудан кийин Осмон датка 600 түтүн чамалуу эли менен Анжиян тарапка түшөт. Ал Өзгөнгө жакындап калганда, ал мезгилде оруска көз каранды болуп калаган Кокон бийлиги, Осмонду оруска кармап берүүгө макулдугун берип койгондугу тууралуу кабар келгенден кийин, Осмон датка кайра тартып, Кара-Шорону ашып Арпага түшөт. Он күндөн кийин Сөөктү ашып, Кашкар тараптагы Өрүк-Кузгун деген жерге келип конот. Ал жерден Төрөкан деген баатыр, чечен кишисине бир кишини кошуп, Кашкардагы Жакыпбекке жөнөтөт. Ошентип, Осмон датка 1868-жылдан 1878-жылга чейин 10 жыл аралыгында Жакыпбекке карап туруп калат. Ал Эт-Мойнок деген жерди кыштап, Сары-Колду жалоо кылып турган. Осмон колго түшкөн Баяке менен Келдибекти коё берип, ал эми туткун орустарга, Шабдан аркылуу Верныйдагы Мамыркан деген уулуна алмаштырып алат. Баракан Тайлак уулун Жакып-бек аманатка өзүнө алган. Ал Жакыпбекке кызмат кылып, миң башылык наамга чейин жетет. Осмон датка өзү дагы Жакыпбектин 1877-1878-жылдардагы кытайга жасаган аскердик жүрүшүнө активдүү катышкан. Бирок 1878-жылы Жакыпбек өлгөндөн соң, анын өлкөсүн кытайлар басып алгандан кийин, кытайлардын жазалоочу аскерлери менен бир нече жолу кагылышып, өз эли-журту менен Кыргызстандын аймагына кайтып келет. Ал өз мекени Тогуз-Торого жайгашкандан кийин, жанына Кичине баатыр деген жигитин алып, Ташкенге барып, ал жерде 6 ай жүрүп, орус бийлигинен акталган кагаз алып келет. Ошентип акыр аягына чейин орус

отторчуларына каршы турган Осмон Тайлак уулу замандын талабына баш ийип, акыры орус бийлигине моюн сунат. Элдик санжыраларда ошондон 13 жыл өткөндөн кийин, Осмон датка катуу ооруп калат. Ошондо ал мындай деген экен:

«Морт өлгөндөй – моңолдор белем,
Бат өлгөндөй – басыз белем,
Эр Тайлактын уулу Осмон болом»

– деп, күзүндө өлгөн дейт (10. Мусулманкулов М. Осмон баатыр. – Кыргыз УИА., КЖФ. – инв. №163 (376). Буга караганда Осмон датка 1891-жылдардын тегерегинде өлсө керек. Осмон датканын артында Ботокан, Нааматкан, Мамыркан, Сагындык, Турдумамбет, Нуке, Алымбай, Касымбай, Молдокан деген уулдары болуп, алар атасынын сөөгүн Тогуз-Торого коюшуп, күмбөз тургузкан экен. Ашы Мына-Келди деген жерде берилген дешет.

*А.ГАЗИЕВ*

**Талаштуу макала**

**Этот безумный Осмон**

Начало русскому селению Токмак положил генерал Черняев. В середине мая 1864 года он приказал рядом с кокандскими развалинами возвести укрепление.

Цель: обеспечить безопасность сообщения между Аулие-Ата и Верным, а также создать опорный пункт против возможных поползновений кокандцев. Постройка укрепления должна была вселить уверенность среди местного населения, что Россия окончательно взяла их под свою защиту. Первым комендантом был назначен воинский старшина Бутаков. Ему также вменили в обязанность исправление дорог, транспортировку военных продовольственных запасов.

И как это всегда бывает в мирное время, вокруг укрепления стало быстро оседать гражданское население: ремесленники, торговцы, разный пришлый люд. А когда в1867 году Токмак стал центром одноименного уезда, число жителей пополнили чиновники разных ведомств, многие – семействами.



Сыграло свою роль и удобное местоположение. Через Токмак проходили скотопрогонные тропы местного населения и древний торговый путь – еще со времен усуней – из казахских степей к горным перевалам ущельям на Иссык-Куль и дальше – Кашгар, Хотан, Яркенд.

Русский исследователь, академик В.Радлов, проезжавший из Чуйской долины на Иссык-Куль в 1869 году, писал, что Токмак устроен «у подножия южных гор, здесь здоровый и свежий ветер и отсюда можно… с удобством защищать южные ущелья».

Первым уездным начальником стал майор Григорий Семенович Загряжский. Это был человек, непохожий на обыкновенных провинциальных служак, ограниченных и корыстных. О широте его интересов говорит хотя бы тот факт, что статические работы Г.С. Загряжского по кыргызскому быту, судопроизводству, социальному расслоению и.т.д. и по сей день служат исследователям.

Загряжский постарался установить дружеские отношения со всеми родоправителями, кочевавшими на вверенной ему территории, и в первую очередь с Шабданом Джантаевым, победителем кокандцев. От него он почерпнул множество сведений об укладе жизни кочевников, записал некоторые предания; о свою очередь, молодой сарбагышский манап бойко осваивал русскую речь, знакомился с чужими обычаями, дивился вещам, которые раньше не встречал. Очень понравился ему самовар, из которого майор частенько угощал приятеля. Но более всего поразила Шабдана «муха, которая делает сахар» у Загряжского служил отставной солдат Аким Чуриков, замечательный пчеловод …

1867 году вышло «Положение об управлении в Семиреченской и Сыр Дарьинской областях», входящих в образованное Туркестанское генерал-губернаторство. Царское правительство приступило к управлению завоеванным краем.

С начала 1868 года уездный начальник майор Григорий Семенович Загряжский отправился по кыргызским кочевьям. Перед ним стояли задачи: перепись населения, разбивка аилов на волости, выборы старшин. Вместе с ним (как его помощник) отправился на Тянь-Шань и Шабдан Джантаев – сарыбагышский манап со своими джигитами.

Все последующее произошло в бывших кочевьях саякского манапа Осмона Тайлакова, в местности Кетмень-Тюбе.

Отделившись от основного отряда, Загряжский с несколькими кыргызами, переводчиками и писарем отправился в соседний аил.

– Мало людей берешь, майор, – заметил Шабдан.

– Больше и не требуется, – отвечал Загряжский. – Кокандцы далеко, а здешние кыргызы – российские подданные.

– А Якуббек? Я слышал, его люди баламутят здешний народ.

Загряжский только усмехнулся... И, как выяснилось впоследствии, напрасно.

Якуббек, правитель соседнего Кашгара, науськиваемый английскими агентами, готовился, по слухам, к вторжению в Кыргызстан. Здесь, на Тянь-Шане, у него были сторонники, в числе их – манап Осмон Тайлаков. Еще недавно Загряжский задержал его сына Мамыркана и отправил в качестве заложника в Верный, узнав о связях Осмона с Якуббеком. В ответ Осмон откочевал со своими аилами – 700 юрт – в кокандские пределы.

Весь последующий день уездный начальник проводил выборы аильных и волостных старшин. Из соседних аилов съезжалось много народу, были шум и споры. Наконец, к ночи все уладилось. Уставший майор отправился в свою юрту и с удовольствием растянулся на одеялах. В соседней юрте укладывалась свита. Аил затих: лениво брехали собаки: со стороны развалин кокандской крепости Тогуз-Торо доносилось мрачное уханье филина.

Разбудили его истошные крики в соседней юрте. Он различал голоса писаря, переводчика и еще пронзительные и воинственные – чужие. Военному человеку не нужно много времени, чтобы осознать опасность. Через двадцать секунд он уже выскочил наружу с двумя револьверами в руках.

При звездном свете сновало множество фигур: вот вспыхнул один факел, второй, третий... Какой-то всадник властно приказывал по кыргызски:

– Ищите начальника, дети шайтана!

Кто-то набросился сзади, майор двинул плечом и выстрелил наугад. К нему кинулись сразу несколько человек, один высоко держал факел. Майор послал пули в эту группу, факел упал и продолжал гореть на земле коптящим пламенем. Раздались крики боли и проклятия. Еще несколькими выстрелами он отогнал нападавших и помчался в сторону горного склона, где темнел лес. За ним устремилась погоня…

После обильного чаепития за дареным самоваром Шабдан сладко спал, когда ворвался Баяке и на правах верного друга и советника грубо закричал:



– Спишь? Чай пьешь? Твоего майора взяли плен, а сейчас, может быть, убили!

Шабдан вскочил таращась.

– Ну да! – говорил уже более спокойно Баяке. – Только что прискакали табунщики и все рассказали. У Тогуз-Торо напал Осмон сын Тайлака…Беда!

Шабдан искренне симпатизировал Загряжскому. Но еще больше любил он свой народ. Перед глазами встал Узун-Агач, непобедимые стройные роты, гром артиллерии и сарбазы Каната, снопами валившиеся на мерзлую землю… Безумец этот Осмон! За гибель уездного начальника отомстить придут войска. Нельзя терять времени!

Может быть, в Шабдане Джантаеве не реализовался великий полководец: он всегда действовал в нужную минуту решительно и хладнокровно.

– Поднимай джигитов! – приказал он и сам выскочил из юрты. Через какой-нибудь час двести всадников – все, что можно было собрать за такой срок, – уже скакали к месту происшествия.

На рассвете они обрушились на людей Осмона... Шабдан потерял в бою двоих, под ним самим убили двух лошадей, но враг был разгромлен, Осмон бежал. Как выяснилось, бежал не с пустыми руками – увел пленниками всю свиту майора, двух волостных старшин и одного кандидата на должность аильного старшины. Юрта Загряжского оказалась разграбленной, исчезли многочисленные подарки, заготовленные для старшин – часы, пояса, халаты. Самого же майора нигде не было.

Шабдан страшно расстроился.

– Кто видел начальника? – обратился он к толпе аильных жителей.

Никто не видел. Майор бесследно исчез.

– Может быть, его увел все-таки этот безумный Осмон? – предположил кто-то.

– Пай, пай! – закричал другой, показывая в сторону леса. – Смотрите, смотрите!

К аилу четкой военной походкой (слегка прихрамывая) шел Загряжский. Шабдан радостно завопил и побежал ему навстречу.

Встреча была поистине умилительной. Уездный начальник и батыр крепко обнялись и троекратно расцеловались по-русски…

За спасение административного чина правительство пожаловало Шабдану золотую медаль и почетный халат второй степени.

Что касается дальнейшей судьбы Осмона Тайлакова, то она прискорбна. Русский путешественник Н. Северцев писал: «Сам же Осмон дорого поплатился за этот бунт… Он бежал в Кокандские владения и собрал большую часть последнего имущества на подарки андижанскому беку, чтобы получить разрешение кочевать в горах Кугарт… Бек подарки принял, а в гостеприимстве отказал, сославшись на волю хана. А Худояр-хан велел беку выдать Осмона русским пограничным властям. Тогда Осмон бежал в Кашгар…

Но там оказалось еще хуже» … Кыргызы захватили его с шайкой и пленными, – пишет Н. Северцев. – … И выдали всех заключенных высланному Якуббеком небольшому отряду... Все были дочиста обобраны и посажены в Кашгарскую тюрьму, а за тем чуть ли не казнены… русских же пленных Якуббек у Осмона отобрал и возвратил в наш ближайший форт Нарынский, тогда строящийся…»

На родину Осмон Тайлаков возвратился только через 10 лет, совершенно обедневшим, больным, всеми забытый. Авторитет его среди саяков так больше и не поднялся на прежнюю высоту.

***Б.САТЫБАЛДИЕВА,***
*журналист*

**Каяша**

**Жылымчы желдин жыты кайдан согот?**
**Же «Слово Кыргызстана» газетасынын 1991-жылы 7-сентябрдагы санында жарыяланган «Этот безумный Осмон» деген макалага каяша**

Жогоруда аталган кыргызчасы которулганда «Аланазар Осмон» аттуу Аман Газиевдин макаласы «Тарых барактарынан» деген түрмөктүн алдында жарык көрдү. «Сөз келгенде айтпаса, сөздүн атасы өлөт» деген сыңары мурдатан ырдалып келе жаткан сенек доордун ырларынын ыкмасында, канчалык замандын үнүнө жараша жылмаланып жазылса да, бир жактуу шилтеме экени көзгө дароо урунат.



Кийинки жылдардан бери жаңылануунун, демократиянын саябанына көлөкөлөшкөн, анын шарданына кызыл кулактык менен элдин, коомчулуктун пикирин өзү каалаган кулакка бурган аттуу-баштуу белгилүү, белгисиз жазмакерлерибизде мындай бир жаман адат күч алды. Алмустактан бери келе жаткан кыргыздын тарыхындагы белгилүү инсандарды экиге бөлүп, ак-карага ажыратып, алакчылаган макаланы жазганга автордун башына эмне мүшкүл түштү экен. Ансыз деле актай калган тарыхыбызды тактай албай, башаламан байланышсыз жоромолдорду төгүнгө чыгара албай жатканда, ордунда турган нерсени оңколотуп төбөсү менен бастырып койгонубуз жолдон чыккандыкка жатпайбы? Деги, сынчы Салижан Жигитовдун күйүп-бышканындай эле бар. Тарыхты эл жана белгилүү инсандар түзөрү баарыбызга белгилүү. Алардын тарыхтын кайсы учуру, кайсы мезгили болбосун ээлеген орду, алган тартиби бар. Алар тарыхта кандай из калыштырышканына жаман, жакшысына карабай тарыхтын таржымалчыларынын бал китебинде белгиленет.

Бүгүнкү күнү тарыхтын бал китебин болгонун болгондой жазбай бурмалап, кичинекей бир ууч кишилердин кызыкчылыгы деп болгон маалыматтардан кол жууп олтуруп калганыбыз аз келгенсип, бөйрөктөн шыйрак чыгарып, сөз төшөгүн жумшак салгандарга тез эле ынанып калганыбыз кызык. Жана жогоруда айтып өткөнүмдөй, сөз эркиндигинен аша чаап пайдаланып жатканыбыздын дагы бир мисалы, тарыхты үзүп-жулкуп алып «кимдин-кимдин заманы улуттук феодалчылык замандын көрүнүктүү инсандарын кайрадан жаратуунун, кеңири даңазалоонун заманы» кылып, ураан чакыртып, бир уруунун азан чакырып койгон атын атап, аламан байге чаптырып, маараке-тойлорду өткөрүп жатканыбыздын арты эмнеге такалары оомал-төкмөлүү заманыбызда оюбузга келбегени опурталдуу.

Болбосо акыл-эстүү, нарктуу коомдун тараза өлчөгүч кызматын көрсөтө турган аксакалдуу, көк ала көкүлдүү акын-жазуучуларыбыз, тарыхчыларыбыз жапа тырмак кимдин маарекеси өтсө, мактап жатып алышкандарын айтсак териге коюшпас. Ушундай мактап-жактоого баштан аяк ширелген макалага каяша айтууга батылдык кылганымдын себеби: тарыхчы болбосом да, аздыр-көптүр эл аралап, Аман Газиев жазган «кеңкелес» Осмон датка тууралуу чын-төгүнүн сурамжыладым.

Азыр Ак-Талаа районундагы Баетов айылында жашаган 86 жаштагы Сатыбалды Мусамолдо уулу аксакалдан уккан дайындуу даректер болсо (ал киши Осмон датканы өз көзү менен көргөндөр менен сүйлөшүп

калган экен), бир эсептен кыргыз тарых жазылган бал китепке түшө элек Осмон тууралуу болжомолдуу жаңы маалыматтары түрткү болду. Ал эми автордун Жантай уулу Шабданга арнаган бир беткей макаласында бир гана адамдын керт башын актап алууну көздөгөнү менен, медалдын эки жагы бар экенин унутуп калган шекилдүү. Эки бирдей укуктагы кыргыздын эл бийлеген өкүмдарларын Шабданды ашкере феномен, ал эми Осмон датканы өтө алаңгазар катары көрсөткөнүнө караганда, кимдир-бирөөлөрдүн ырын ой-мүдөөсүн, саясатын ичинен кайрып жатканы билинип калды.

Чындыгында, мурдагы сенек жылдар деп аталган учурда жазылган кыргыз тарыхында кандай айтылып, кандай супсак комментарийлер берилип келсе, нак ошондой сыдыргыга салгандай жазылган макаладан эмненин жытын сезебиз?.. Макаланын автору кыргыз тарыхын канчалык билгенине карабастан, канчалык жылаңач фактыларга таянып кайрылбасын, мурда-кийин, азыр деле улуу эл деп көкөлөтүп чаң жугузбай келген орус элинин кыргыздарга жасап келген теңсинбөөчүлүк мамилесин, жылымчы саясатын канчалык жаап-жашырса да, чыныгы жүзүн дагы бир жол ушу макаласы менен далилдеп олтурганы кызык. Көк нар сыяктуу баш айланткан жылымчы идеологиянын азабынан нечендеген барандуу орошон инсандарыбыз тарыхтан сызылып калышты.

Чындыгында Осмон датка ким? Шабданга шамыян кайтарган киши кеңкелеспи же акылдуубу? – деген түйүндүү суроолордун жообун издеп тарыхчылардын көңүлүн бура тургандай мындай бир кызыктуу божомолду (гипотезаны) эшиттик.

XIX кылымда дүйнөнү акыркы жолу бөлүштүрүү аяктап калган кезде ошол учурда Европа өлкөлөрүнө «Кичи Рим», Оруссия падышачылыгына «Малая Бухара» деген ат менен таанымал Кытайдын Чыгыш Түркстаны, Кашкарга бардык мамлекеттер көз салып, байкоого алышкан. Аларга Кытай, Орусия, Англия, Франция, Германия кирген. Аталган мамлекеттин тышкы иштерин көзөмөлдөөчүлөрү өздөрүнүн элчилеринен Кашкар тууралуу күндө жаңы маалыматтарды талап кылып турушкан. Кашкардын ошол кездеги акимчилиги, төбөлдөрү эч бир мамлекетти өз иштерине кийлигиштирүүнү каалаган эмес жана өзүнүн мамлекетине чек арасына чет жерден эч кимди киргизген эмес.

Орус падышачылыгынын атайын тапшырмасын аткарып, Чокан Валиханов селде чалынып, соодагер кейпинде Кашкарга кирген жана кашкарлыктардын катуу салты боюнча жаңы нике жаңырткан. Ал эми



Чокан Валихановдун 5 томдук тандалмалар жыйнагынын 4 томдогу күндөлүгүндө Осмон датка тууралуу жазгандарын окусак, бул божомолдо кандайдыр бир чындыктын чети кылтыйып жаткансыйт. Андан Чокан Кашкарга бара жатканда Куртка жергесинде отурукташкан уругу чоро саяк Тайлак баатырдын уулу Осмон датканын айылын басып өткөнүн, кыргыздын эзелтеден бери келе жаткан меймандос салтына ылайык, экспедициянын мүчөлөрүн өргүп кетүүсүн сурагандыгын, бирок, тилекке каршы убактыларынын өтө тар, эсептелүү болгондугуна байланыштуу баш тартышкандыктарын баяндайт. Осмондун жигиттерине болбой коюшканда, алар Кокон хандыгына даттаныша тургандыгын айтышканда, ал жерден чыр-чатаксыз чыгып кетүү үчүн атайын белек-бечкек жана 25 сомдук күмүш жамбы бергендигин күндөлүгүнө жазып калтырган*.

Чокан Валиханов бардык элге тийиштүү конок каадасынан кечип, ушундайча тынчтык жол менен сапарын улантканы, албетте, орус падышачылыгынын көздөгөн жылымчы саясатын ишке ашырууга тоскоол болуп бут токсондорго кандай жол менен болсо да, ар кыл айла-амалдарга салып, жолдон алып салуу максаты болгондугу айдан-ачык көрүнүп турат.

Карт бүркүттөй комдонуп олтурган Сатыбалды карыя калың каштарын жанып коюп, мурдун шуу тартты да, Осмон датка тууралуу кебин мындайча улады: Ошентип, Кашкардын беги, башкаруучусу Жакыпбек хан менен Осмондун ымаласы жакын деп Осмондун баласы Мамырканды орустар Алма-Атага байлап кетишет. Жантайдын уулу Шабдан жана орустар Тянь-Шанга келип жер ченеп, болуш шайлашат. Осмон датка аларды жакшы эле тосуп алат жүз үй тиктирип, баласын кармап кеткенден кийин Осмон Шабданга таарынып, капырларга каным кошулбайт деп түнү бою 700 түтүн элин көчүрүп кетет. Артынан Шабдан жана падыша солдаттары куугун түшөт. Көк-Арт дабанынын чыгыш жак бетинин этегирээгиндеги Аралбай-Арча деген жерден Осмондун жигиттери куугундун алдын тосушат. Осмон өзүнүн иниси Баракан баатырга: «Орус түптүү журт, орустарды өлтүрбөгүлө» деп айткан экен. Иниси Баракан баатыр жигиттерине жалаң көк союл берип, ошону менен эсин оодара чаап тургула деп тапшырат. Ошентип орус солдаттары менен союлдап чабышып, алардын мизин кайтарат. Ошол учурда Осмондун иниси Баракан баатыр, кыргыз жерин улам чекесинен Орусия

* Ч.Валиханов. Полн. собр. соч. 4 том. – С.30.

падышачылыгына каратып берип келе жаткан Шабданды көрөрү менен түз эле качырып сала берет. Баракан баатыр кара чаар келген, өңү суук, балык ооз, алп киши эле дейт. Шабдан Баракандын качырып келаткандагы сүрүнөн чоочуп, сайышсыз кутулуп кетмекчи болот. Шабданга так жете бергенде Баракандын аты тизгинине чалынып, алдыңкы бир буту суурдун ийнине кирип мүдүрүлүп кеткендиктен, Баракан Шабданды жаза сайып калат. Ошентсе да Баракандын найзасы Шабдандын ээринин тарагын быркыратып кетиптир.

Кийинчерээк Шабдан ошол беттешүүсү жөнүндө жанындагыларга минтип айткан дейт: «Ата кокуй эй, мени качырган киши оңой киши эмес экен. Эки көзү мени теше тиктеп, тим эле от болуп күйүп келди. Эки ийнинде эки жолборс кошо качыргандай. Менин эсим чыгып кетти». Осмон Аралбай-Арчадан козголуп, Шабдандын жигити Баякени, тууган ичинде чыккынчылык кылган, өзүнүн инилери болгон Келдибекти байлап кетет. Орустун майорун кармап кеткени ырас. Осмон датка аны барымта катары гана алып жүргөн. Осмон датка Алайга Курманжан даткага барат. Курманжанга барганынын себеби: Курманжан датканын күйөөсү Алымбек датка уруусу адигине болот экен. Тагай бийдин балдары болуп, саяк болушуп өз бетинче катышы бар экен. Ошо айым датка аркылуу Кашкарга өтүп кетет. Кашкарга барганда Келдибекти чычырканакка бөлөп сабап, Баякени болсо бычып, жылкы кайтартып, Келдибекке түнкүсүн колуна кишен, мойнуна зоолу салып коёт. А берки орустун майорун кадимкисиндей жакшы тон кийгизип, жакшы ат мингизип, түптүү жердин тукуму түбү бекем деп сыйдын үстүндө болот. Кийинчерээк майорду өз жерине тондун жакшысын ийнине жаап, аттын мыктысын мингизип коштоочусу менен узатып коёт.

Кашкардын акими Жакыпбек кан Осмон датканы Кытай менен чектеш чек арага коюп коёт. Бүт эр бүлө ар дайым жоо бетинде болуп, жоокерчилик турмушту баштан кечирип турушат. Осмон датканын эки кызы Келдибекке келип:

– Аба, эгерде биз сизди кишенден бошотсок кача аласызбы? Бээнин эмчегиндей эки бир туугандын, бир атанын балдары болсоңор, ушинтип кудайга жакпаган кордукту бириңерге бириң көрсөтүп жүргөнүңөр уят дешет. Анда Келдибек:

– Менин айламды тапса, бир Баяке табат, мени ага кездештиргиле, – дейт. Кыздар агасын Баякеге жолуктурушат. Баяке Осмон датканын эки болбогон күлүгүн суутуп, табына келтире терин алып таптап, Келдибек



экөө качып чыгышат. Осмондун кеткенине бир топ жылдар өткөндөн кийин бийктан Келдибектин уулу Осмонго кат жазат:

– Аба, атамды коё бергин, биз бир тууган ичинде кусамат болуп калбасын. Кайра элге кайтып келиңиз дейт. Осмон датка эли менен Тогуз-Торого келсе, ошол жердеги болуш Исрайыл Ташкенге барып актык кагаз алып келиңиз дейт. Эми ичер суум түгөндү, дарга тартылчу учурум келген тура деп бир туугандарын ээрчитип, Ташкенге жол тартат. Ташкенге барса, баягы өзү коё берген майордун чини жогорулап, ал жерде чоң кызматта олтурган болот. Осмон датканы көрөрү менен таанып, ал-жайын сурап, эмнеге келгенин, кандай суроо-талабыңыз бар дейт. Осмон датка алыстан ат арытып, убайым чегип келген иштин чоо-жайын түшүндүргөндө:

– Оо бул киши кара башын ойлобогон, өз элинин көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн элдик киши. Элдин кишиси болбосо 700 түтүн элди Кашкарга чейин алып барып, нечен азап менен канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай багып келбейт эле. Тууган ичиндеги таарынычтардын күүсү менен барганы болбосо, мага эч жамандык кылган жок. Осмон датканы каалаган жерине отурукташа берсин деп колуна актык кагазын берип, Шабданга чабарман жиберет.

Осмон датканы Шабдан Меркеден тосуп алат. Шабдандыкында конок болуп олтурса, Осмондун үстүнө Баяке кирет. Датканын жанына олтура калып: – Осмон, сен жардын башында салаңдап турасың, ушул жерден тепсем, кай жерге барып түшөр элең? – десе, Осмон эки ийни менен күлгөн киши экен: – Баяке, сен кишисиңби? Сен ат эмес белең? – дейт.

Ортого Шабдан арачы түшө: – Баяке сабыр кылып, сен эшикке чыга турчу деп айтса, Баяке калчылдап титирей: – Ата көрү, канча кылса да, кул, кул боюнча калат турбайбы, – деп чыгып кеткен экен. Көрсө, Баякенин аталары түштүктөн кул катары ооп келген экен.

Ошол жерде мейманчылык каадасы соңунан чыгып, аттанарда Шабдандын оюна түшүп, сынамакка Осмондун инисине: – Баракан баатыр, сен баягыда мага качырып сала бергениңде, эгер аттың мүдүрүлбөсө, эмне кылар элең? – деп сураганда, Баракан: – Үч кошконду быркырата саймакмын, – дептир. Ал чынында эле ошондой кылмак. Анткени ал айтканынан кайра тартпаган көйкашка баатыр болгон.

Ошентип Осмон өзү менен кошо ала келген канча түтүн экени эсимде жок. Кашкарлык дунгандарын Чүйдүн наркы башына, Токмокко, Нарынга, акыркысын Ак-Талаага чейин алып келген. Дунгандардын Ак-

Талаадагысы кечээки урушка чейин жашап, кийинчерээк Нарынга көчүп кетишти. Азыр ошол дунгандардан Махмуд деген чалы бар эле. Ал кишинин көзү өтүп кетти го, өзү өтсө да балдары бар го, сурамжылап, издесең, тактап билип аларсың. Жана мен айткан элем Осмон датка Кашкарга баш пааналап барганда Кашкардын акими Жакыпбек Осмонду чек арага коёт. Анда Кашкардагы уйгурлар менен кытайлар бири-биринин малын чаап, айылын кез-кез чаап алып турушкан. Осмондун айылынан өбөктөгөн чалдардан, кызыл чие жаш балдардан, катын-калачтан башкаларынын баары жапырт эр бүлө жоо бетинде турушат. Ошондой уруш-кыргында Осмондун баласы Мамыркан жоодон эки тизесинен шылый чаптырып, мунжу болуп калат. Осмон датка элине жөнөөрдө Жакыпбек кан «сенин эмгегиң бар» деп, капсалаң уруштан колго түшкөндөрдөн бир канча түтүн дунгандарды анын карамагына бөлүп бергени кокусунан эмес экен да.

Элине кайрылып келген Осмон датканын калган турмушу кадыр-барккы, акыл тегеретип иштеген калыс сөзү менен элин алып, жашоосу бакыбат өтүп, өмүрү узун болду. Токсондун кырын ашып, жашы келип калганда, ала шалбырт мезгилде төшөк тартып ооруп жатканда, үрпөйүшүп тегеректеген ага-туугандарына айткан экен:

– Осмон азыр эле тоголонуп кетип силерди кыйнабайт, качан тоң эригенде, кымыз чыгып, күрпөң бышканда мал-жан бир тойгондо кетем, – деп. Айтканынандай эле күн жылуу, жер карада, эл өзөк жалгап, мал-жан тоюнуп калганда Осмон датка жарыкчылык менен кош айтышып кете берген.

Сатыбалды Мусамолдо уулунун Осмон датка тууралуу бул баяндамасын болгонун болгондой оозунан илгиртпей жазып алып, чып-чыргасын коротпой жарыялап жатканымдын себеби: А.Газиевдин макаласындагы орус саякатчысынын, ошол учурдун баяндамачысынын Н.Северцевдин берген маалыматын жокко чыгара турган жаңы маалыматтар бар экендигине баарыбыз күбө болуп олтурабыз.

Чындыгында Осмон датканын кийинки тагдырына көзү ачыктык кылган орус саякатчысы Н.Северцев деген ким?

Мындай оторчул державанын чалгынчы-саякатчыларынын бир багыттуу, бир жактуу, өздөрүнүн басып алгыч саясатына адилет каршылык көрсөткөндөрдүн баарын кеңкелестикке чыгарган, ошол себеп менен жамандаган жылымчы пикирлер менен кыргыз тарыхы канчага дейре куралданып жүрө берер экен. Бул макаланын эң амалдуулук, карасанатайлык менен бөлүп жаруунун, алакчылоонун ыкмасында, дагы



эле жылымчы оторчулуктун идеологиясын орус окурмандарынын эсине салып, астырган таратып жатканын айдан-ачык далили. Болбосо макаланын автору, чыныгы аты-жөнү Плоских Владимир Михайлович – кыргыздар өзү жазып жаткандай, өзүнүн көйнөгүн кийбей жашыруун атын Аман Газиев деп жазбайт эле го.

Кыргыздын үркөрдөй белгилүү инсандарын жаманатты кылуунун эң ыпылас ыкмасына ынанып калчулардын аудиториясына кыргыз тарыхы мындай бурмалаган макала менен тааныштырылып жатканы өтө өкүнүчтүү, чектен чыккан көрүнүш.

*«Асаба» 1991-жыл*

*Жумагул* ***БАЙДИЛДЕЕВ,***
*архив кызматкери, тарыхчы*

## Тайлак баатырдын уулу Осмон датка

Биз сөз кылып жаткан өткөн кыргыздын кыйын эрени Тайлак баатыр тогуз аял алып сегиз балалуу болсо дагы балдарынан Осмон тың чыгып, Кокон бектеринин кысымына карабай эл камын көрүп келген. Кокон хандыгы Ак-Талаа аймагындагы саяк уруусунун бийлөөчүсү катары Тайлак уулу Осмонго датка деген наам ыйгарган. Ал атасындай эле эр жүрөк баатыр, бөлөк уруулар менен алака түзүп ыкчыл чебер, сөзгө чечен жана кээде ойго келбеген иштерди жасап жиберген баатыр мүнөзгө ээ болгон.

Эл санжырасында Осмондун өмүрүндөгү окуяларга байланыштуу бир канча уламыштар айтылат. Алардын бири коңшулаш ар башка уруулар менен мамиле түзүп, атанын уулу катары кыргыздын белгилүү аттуу-баштуу адамдары менен алакалаш болгондугу. Сарбагыш уруусунун башчысы же болбосо кыргыздын белгилүү Ормон ханы менен кудалашып сый мамиледе турган.

Осмон датка өзүнүн уулу Ботоканга Ормон хандын кызын алып бермекке, айтылуу Тайлак баатырдын кадимки Кара Бөбөтөй баатыры менен Ормондун алдына кудалап барган. Бирок Ормон Осмон датканы тоготпостон сыр көрсөтүп, опузалыгына салып, эч жооп чыгарбастан

жайлата жата берген дейт. Ошол күндөр аралыгында бугулар түн ичинде Ормондун жылкыларын бүт чаап, тийип алып кетишет. Ормондун жигиттери жылкыларын ажырата албай артка тартып калган убагында, кудалап барышкан Осмон датка менен Бөбөтөй баатырлар жортуулчуларды ыргыта сайышып, Ормондун жылкыларын ажыратышат. Ал гана турсун өзгөчө баатырдык көргөзүшүп, жортуучулардын бир нече аттарын олжолоп алышат. Осмон датка жортуулчулардын олжого түшкөн аттарын жетелетип келип, калың үчүн деп Ормондун үйүнүн алдына керме тарттырып байлатып салат. Ошондон кийин гана Осмон датканын эрдигине баа берип: «Тоюнду баштап келиниңди ала бер», – деген Ормондон жооп болгон дейт. Бул сөздү уккан Осмон датка жөн турчубу, келген элдин аттарын ээр-токумун шылытып таштап эле четинен сойдуруп кирет. Атынан айрылган элдер Ормонго арызга олтурушат. Ошондо Ормон айткан тура: «Осмон датка эмне чордон жылкы айдатып келдиң беле? Жайлата жоош күтүп жаткан жолборс өз билгенин кылат. Менин кой дегениме болчу беле!» – деп чечкиндүү сүйлөйт. Осмон датканын ойго келбеген иштерди жасап жиберчү эр мүнөзүн ушул окуядан баамдасак болот. Мына ушуну натыйжасында чоролор менен сарбагыштар биримдикте болушуп, ынтымакташып турушкан убагында бир жылдары Осмон датка моңолдор Жумагул уулу Тыныкулду көрүп эрдигине баа берген экен. «Моңолдор Тыныкул мага келип жолдош болуп берсе, кыргыздын теңин бийлээр элем» – деп айтчу.

Осмон датка сарбагыш, моңолдор менен гана алакалаш болбостон, черик уруусу менен жакшы мамиледе болгон. Черик уруусунун белгилүү манабы Ажыбек баатырдын ашын Осмон датка башкарган. Ашка оң менен солдон бүт кыргыздар чакырылган. Жалпылап айтканда Осмон датка Теңир-тоолук сырткы кыргыздардын: саяк, моголдор, басыз, черик, чоң багыш урууларынын башын бириктирип, ынтымак отун жагып, алардын алдында чоң урмат-сыйга, абройго жеткен.

Осмон датканын андан кийинки өмүрү орус бийлигине каршы чыккан инсан катары тарыхта айтылып келет. Атасы Тайлак баатыр жашап өткөн доорунда кокондуктарга каршы түндүк кыргыздардын чеби катары турса, атасындай эле Осмон датка дагы Орусия букаралыгы Теңир-Тоо кыргыздарын баш ийдирип, өз бийлигин киргизүү мезгилинде Теңир-Тоо кыргыздарынын көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн күрөшкөн көтөрүшчүлөрдүн жетекчиси болгон. Орусия империясы кыргыздарды каратуу мезгилинде Теңир-Тоого өз бийлигин орнотууга



өзгөчө көңүл бурушкан. Анткени Орусия империясына, Кытай менен болгон соода-сатык иштерин жүргүзүү үчүн бул аймак эң ыңгайлуу соода жолу болуп бермек. Бирок тилекке каршы, теңир-тоолук элдер башынан эр жүрөк жоокер эл болгондуктан орус бийлигине өтүүгө моюн сунушпастан ар кандай тоскоолдуктарды жасап, ушул аймактагы уруулардын ишенимине ээ болгон Осмон датка, Үмөтаалылардын башчылыгынын алдында орус аскерлеринин аскерлерине катуу каршылык көрсөтүшкөн. Бул тууралуу элдик санжырасында төмөндөгүдөй окуя айтылат.

Шабдан баатырдын убагында Келдибек Шабдан менен дос болуп, элин мыкты бийлеп турган болот. Бир күнү Келдибек Тогуз-Тородо жашаган Осмон даткага сүйлөшөр сөз бар деп келсин деп киши чаптырат. Он эки жигити менен Осмон датка Тогуз-Тородон Ак-Талаага Келдибектин айылына келсе, «Киши келдиби? Ит келдиби?» деп капарына албай тосуп албай коёт. Ал күнү Осмон датка Келдибектин айылындагы бир байдын үйүндө түнөп калат. Эртеси эртең менен күн тие электе: «Келдибек, сөзүң болсо айт, мен кетемин», – деп Келдибектин түндүгүн тартып кирип барат. Келдибек ошондо көөп турган кези экен: «Эй, Осмон менден уруксатсыз түндүгүмдү тартып, уйкумду бузасың, башыңды бекем мыкчып койсом, көзүң таранчынын көзүндөй чыга түшөт. Менин колумдан сени арачалап алар кимиң бар?» – деп эсирейт. Ошондо Осмон датка: «Тилиң тишиңе күбө, кимдин башын ким мыкчып коёрун убагында көрөбүз, тарткыла атты!» – деп аттанып кете берет. Келдибек болсо «Тайлактын уулу Осмон датка оруска баш ийбейм, оруска карабаймын», – деди деп, Шабданга жамандап барат. Шабдан орус падышачылыгынын ишенимдүү кишиси болгондуктан, орустун эки майор командири менен орус бийлигин Нарынга орнотуу үчүн Келдибек, Баякени баш кылып Тогуз-Торого жөнөтөт. Орус отряддынын келе жатканын угуп, Осмон датка элин түнү бою Көк-Арттын ашуусун карай көчүрүп коюп келе жаткан орус отрядына капысынан кол салат. Келдибекти, Баякени сары кашка майорду колго түшүрүп байлап алышат. Орус аскеринин дагы бир командири, бала майору чоң теректин башына чыга качып, карматпай кеткен экен. Үч мыктысын байлап колго түшүрүп алып Осмон датка кете берет. Орус аскерлеринин курчоодо калганын угуп, эртеси Шабдан баатыр эки жүз жигити менен Көк-Арттын түбүнө жетип Осмон датканын көчүн токтотот. Башына кызыл жоолук байланып алып, Осмон тарапты жекеме-жекге чакырганда «Жоонун мизин кайтарабызбы? Баракан баатыр» деп иниси Баракан баатырга кайрылат.

Баракан баатыр кара чаарынан келген, дайыма жоо менен беттешкенде аттын ээр токуму жок жайдак минип, оозун чоң ачып, буурадай боздоп, «Тайлак» деп бакырып качырчу экен. Жоого жекеме-жеке чыгарда эки күлүк атчан эки жагынан суулуктап жүрчү дешет. Ошентип Баракан баатыр тору атына жайдак минип, буурача боздоп, оозун чоң ачып, жекеме-жеке деп качырып киргенде Шабдан качып берген дейт. Баракан баатырды эки күлүк атчан жигит жетип тизгиндеп жоо качты болду деп кетебиз кайра алып кетишет. Ошентип Осмон датка эли менен Кашкардын чек арасына барганда: «Сары кашка, чоң сакал майорго тийбегиле, өңү сары, көзү көк түптүү журт, этин оорутуп камчы салбагыла, санатым ушул», – деп сакал- мурутун алдырып, кыргыздын салтында кийит кийгизип бир атты ээр токуму менен мингизип туткундан азат кылган дейт.

Андан бир-эки күн өткөндөн кийин Осмон датканын Мамыркан деген уулу Шабдандын колуна түшүп калган болот. Мамыркanды кошуп алып Шабдан жиберген элчи Осмон даткага келип, Баяке менен Мамырканды алмашалы деп, Баякени бошотуп кетет. Келдибекти бир жылдан кийин бошотот. Бул окуя тарыхта 1868-жылы июль айында Загряжскийдин отряддын Тайлак баатырдын уулу Осмон колго түшүргөндө Шабдан эки жүз жигити менен барып бошоткон деп айтылат. Ал эми Россия, Казакстан, Кыргызстандын борбордук архивдеринде, архивдик материалдардын негизинде жазылган. Республикалык архиви тарабынан Шабдан баатырдын 160 жылдыгына карата чыгарылган «Шабдан баатыр. Эпоха и личность» деген китебинде Шабдандын атын орустарга биринчи тааныткан окуя: «1868-жылы июлда Нарындагы кыргыздарга орус бийлигин орнотуу үчүн Токмок уездинин начальниги майор Загряжскийдин отрядын орус бийлигине каршы нарындык кыргыздардын башчысы Осмон датка курчап алып, бир нече аскерди жана орус котормочусун колго түшүрүп алган. Ал эми майор Загряжский түнкү караңгылыктан пайдаланып терекке чыга качкан. Муну уккан Шабдан өзүнүн эки жүз жигитти менен барып, майор Загряжскийди бошотуп, Осмонду Кашкардын чек арасына чейин кууп барган» – деп жазылган. Орус падышачылыгына берген анттын ишенимдүү ишке ашырганы үчүн, Шабдан Станислав экинчи даражадагы ордени, атайын сый чепкен жана чоң алтын медаль менен сыйланган. Осмон датка теңир-тоолук кыргыздардын орус бийлигине каршы чыккан жана орус падышачылыгын сестенткен чоң фигура болгондугун байкасак болот. Ал түгүл 1860-жылы октябрда болгон болгон кокондуктар менен орус



аскерлеринин Узун-Агачтагы согушунда Тайлактын уулу Осмон датка катышкан деген кеп бар. Бул кагылышта Бишкек чебин сактоо үчүн Кокондон Канат Шаа кол баштап келген. Экинчи колду Алымбек датка баштаган жана сарбагыштан Үмөталы, Төрөгелди, солтодон Корчу баатыр катышкан деген кеп бар. Бирок Узун-Агачтагы согушта колдун көптүгүнө арабай, кокондуктар орустардан катуу жеңилген. Ошондон кийин Үмөтаалы Тайлак баатырдын уулу Осмон датканын аркасы менен Ак-Талаадагы Куртка чебин башкарып турган Мамаразык менен мамилеси жакшырып, Соң-Көлдү жайлап турган. Орус аскерлери Нарын аймагын каратуу мезгилинде Осмон датка өзүнүн кол алдындагы эли менен Үмөтаалы менен бирдикте 1863-жылы Эки-Чаттагы подпоручик Зубаревдин аскердик тобун талкалоого катышкан.

Ошентип тарыхый фактылар менен санжырадагы уламыштардын бирдей келип чыгышы, адамды кубандырбай койбойт. Мындагы тарыхый жалпылык ар түрдүү формада болсо да, бирдей экени көрүнүп турат.

Орус элинин жазуучусу М.Горький: «Элдин оозеки чыгармасын билбей туруп, анын тарыхын билүүгө болбойт», – деп бекеринен айтпаса керек. Санжырадагы тарыхый фактылар сөзсүз эле дал өзүндөй тактыкта орун албастан чыгарманын мыйзамына ылайык шөкөттөлүп айтылышы мүмкүн.

***Токторбек ӨМҮРБЕКОВ,***
*тарых илимдеринин доктору, профессор*

**Осмон датка Тайлак уулу**

Айтылуу Тайлак баатырдын уулу Осмон датка кыргыз элинин чыгаан инсандарынын бири. Ал ооش-кыйыштуу окуяларга бай XIX кылымдын экинчи жарымында Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда олуттуу ролң ойногон.

Осмон датканын атасы Тайлак баатыр, чоң атасы Ырыскул бий, бабалары Тоймат бий, Жанболот баатыр XVIII-XIX к. саяк уруу бирикмесинин Ала-Тоону айыгышкан жоодон коргогон атактуу жол башчыларынан болушкан. Алсак, Тайлак баатыр XX кылымдын 20-30-

жылдарында, адегенде Цинь баскынчыыларына, каршы чечкиндүү күрөш жүргүзгөнү белгилүү.

### *Аккан арыктан суу агат*

Осмон датка болжолу 1822-1825-жж. аралыгында туулган. Ошол доордогу кыргыз тарыхы боюнча мыкты адис, чоң окумуштуу тарыхчы А.Хасановдун санжырага таянып жазганына караганда Тайлак баатыр өлгөндө уулу Осмон 13 жашта экен. Ал эми Тайлак баатырды болжолу 1838-ж. Кокон ханы Мадалы жашыруун жиберген дарыгер-табып тыңчысы аркылуу уулантып өлтүрткөн экен. Элдик санжырада «Тайлак баатыр тогуз аял алып, сегиз балалуу болгон. Алардын арасынан «Осмон деген тун уулу тың чыгып көп жылдар бою эл бийлеген», – деп айтылат. Чындыгында эле анын чыгаан инсан катары чыга келгендигине кийинки тарыхый окуялардын жүрүшү, датканын өтөлгөлүү өмүр жолу күбө.

Болочок жол башчы бала чагынан көптөгөн окуяларды өз көзү менен көрүп, көп нерседен жакшы кабардар болгондуктан эрте жетилгени анык. Атантай, Тайлак сыяктуу атак-даңктуу адамдардан алган таалим-тарбиясы, бабаларынын эрдиктери тууралуу аңыз кептер анын жүрөгүнөн түнөк таап, ар дайым алга сүрөмөк.

Асыресе, 30-жылдардын орто ченинен тартып ал ар дайым жортуулдарда атасынын жанында жүрүп, кол башчылык өнөрдү үйрөнгөнү, тынчтык учурда эл бийлөөнүн эрежесин, жол-жобосун, адат-нарктарды, каада-салттарды өздөштүргөн. Мекендин жүгүн көтөргөндү өзүнүн ыйык милдети катары сезе баштаганы талашсыз.

Ушундай асыл сапаттарга, артыкча касиеттерге ээ болууга жаш чагынан умтулуу гана анын атасы Тайлак баатыр күтүүсүздөн ууланып, көз жумганда элинин ишеничине ээ кылган.

### *Бала датка*

Айтмакчы, атасынын өлүмүнө Кокондуктар күнөөлүү экенине кийинчерээк көзү жеткен Осмон 40-жылдарда Куртка чебине кайра-кайра чабуул коюп камап, андагы сарбаздарды оор жоготууларга дуушар кылып турду. Ички Теңир-Тоолук кыргыздардын Кокон хандыгынын үстөмдүктөрүнө каршы күрөшү, өзгөчө 40-жылдардын аягында күч алат.

Акыры айласы кеткен Курткадагы Кокондун бийлиги сак саясат жүргүзүүгө, мындагы кыргыздарга аяр мамиле кылууга, калкка кадыр-барктуу манап-бийлерди өз бооруна тартууга аргасыз болгон. Дал ушул максатта Кокон ханы Тайлак баатырдын кунун төлөгөн түр көрсөтүп,



Осмонго датка манап-мартабасын ыйгарып, кымбат баалуу белектерди тартуулайт. Мындан башка Куртканын амалкөй беги Мамаразык ошол кездеги орус автору жазгандай атайлап эл көзүнчө Осмондун аброюн, кадыр-баркын жогорулаткан, башкаларды басынтыш, кыргызды бөлүп-жарып арасына жик салыш үчүн аны менен куда-сөөк болгон. Аны ашыра мактап пандсат атап, ага тең ата бийлерди атаандаштырууну, ич ара чыр-чатакты тутандырууну көксөгөн. Демек, Осмон датка бекеринен 500 жигит күтпөсө керек.

50-жылдары аны атагы алыска угулуп, башка уруулардын арасында да сый-урматка арзыйт. Алсак, кадимки Ормон хан өз ара ынтымакты чыңдоо, хандыктын күч-кубатын арттыруу үчүн тун уулу Үмөтаалыны Осмон датка менен достоштурган. Ал түгүл көп өтпөй эки тарап куда-сөөк болуп, Үмөтаалынын кызына Осмондун Ботокан деген уулуна үйлөнүптүр.

Осмон датка ошол кездеги кыргыздын билермандары, бугу, сарбагыш, саяк, солто, черик, моңолдор, адигине, азык, тынымсейит, басыз, кушчу, кытай, саруу ж.б. уруулардын чоң манаптары, бийлери: Боромбай, Муратаалы, Тилекмат, Жантай, Жангарач, Алымбек датка, Ажыбек баатыр, Үмөтаалы, Байтик, Чыны, Рыскулбек, Турдуке, Түлөөке, Байтөрө ж.б. жакшы мамиледе болгону шексиз.

### *Осмон датка оторчулукка каршы чыккан*

40-жылдары Осмон датка орус аскерлеринин ички Теңир-Тоодогу баскынчыл аракеттеринин маалында Үмөтаалы менен бирге көз каранды эместик үчүн күрөшкө башчылык кылды. Бул күрөш 1863-жылы башталып, дээрлик беш жылга созулган жана кеңири аймакты: Кара-Кужурдан тартып, Ак-Талаа, Ат-Башы, Арпа, Ак-Сай, Тогуз-Торо өрөөнүнө чейин кучагына алган. Бул кыймыл күчтөп басылгандан кийин деле Осмон дата Россия букаралыгына өтүүнү каалабай өз бетинче көз каранды эместик үчүн күрөштө уланта бергени белгилүү.

Ал баштаган элдик кыймылдын жаңы эпкини 1868-жылы жайында Тогуз-Торо өрөөнүндө өткөн окуялар менен байланыштуу.

Ошол жылы май айынын ак ченинде Токмок уездинин акими майор Г.С.Загряжеский буга чейин эсепке кирбей калган кыргыздардын санын тактоо жана аларды тиешелүү болуштуктарга кошуу максатында Тогуз-Торого келет. Мындан бир нече ай мурдараак ал Осмон датканы тынчытууну көздөп, уулу Мамырканды аманат, мейман-туткун катары

карматып, Верныйга (Алматы) жөнөткөн болчу. Ошондуктан Осмон датка коопсуздук үчүн миң түтүндөй элин ээрчитип Ак-Талаадан Тогуз-Торого көчкөн эле.

Оторчуларды ооздуктоого оңтойлуу учурду күтүп жүргөн Осмон датканын кошууну көп өтпөй (1868-жылы 1-июлда) караңгыда капилеттен «Тайлак» деп ураан чакырып Г.С.Загряжскийдин турагына чабуул коёт. Уездин акими кыргыздардын кысымынан аткылашып жатып, Нарын дарыясынын боюндагы чытырман токойго кире качып араң аман калат. Падыша аскерлери менен бир нече жолу кагылышуулардан соң, кошумча орус аскерлери тез арада келерине көзү жеткен Осмон датка адегенде Көгарт ашуусу аркылуу Анжиян тарапка оойт. Бул тарапта кырдаал тескери өңүттө өзгөрө баштагандыктан, ал тез арада Анжиянга караштуу Көгарт жайлоосунан Кашкар аймагына Арпа жайлоосу, Сөөк ашуусу аркылуу өтүп кетет. Мында ал 10 жылдан ашуун убакыт жашаганы тарыхый даректерден жакшы маалым.

1877-жылы жети шаар мамлекетинин өкүмдары Жакыпбек бакдөөлөт өлгөн соң, ал өлкөдө ханзаадалардын бийлик талашкан күрөшү токтобой, мамлекет кыйраганда (1877-1878) Осмон датка киндик каны тамган жерине кайтты. Элинин сүймөнчүктүү жол башчысы ар-намысын алдырбай Ала-Тоодо кыйла жыл, болжолу XX кылымдын башына чейин жашады.



*Анара БОРЖУЕВА,*

*журналист*

## Осмон Датка Кытай жерине оогондо

***Анара Боржуева Москвадагы МГУнун журналистика факультетин аяктаган чыгармачыл журналист. Азыр Казарман айылында жашайт. Анын тарыхый инсан Осмон Даткага арналган бул макаласы улуу инсандын тарыхта белгисиз болгон Кытай мамлекетинде жашаган жылдарынан азыноолак болсо да кабар берет.***

### *Гезиттеги чакырык*

2000-жылы кытай жергесинен келген Аамыт ажы «Асаба» гезитине «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата берген интервьюсунда «Тайлак уулу Осмон датканын урпактарынан болсо, таанышууга кызыкдармын» деген оюн билдирген экен. Айылда ал гезит кечигип баргандыктан, колго тийбей жарыяны кеч эшиттик. Ошентсе да сураштырып, Аамыт ажыны издеп жөнөдүк.

Бишкектеги Байтик баатыр көчөсүндөгү мурдагы «Юбилейный» дүкөнүн үстүндөгү үйгө бардык. Үчүнчү кабатка көтөрүлүп, даректеги каалганы черткенибизде кызыл жүздүү, ак жуумал кыргыз келин эшикти ачып: «Кириниздер» деп жайдары кабыл алды. Ошол учурда 25 жаштагы Жыпар аттуу бул келин ажы атабыздын Кыргызстанга келгенден кийинки ак никелеп алган зайыбы экендигин таанышкандан кийин билдик.



Биз кирген учурда Аамыт ажы намазын окуп, ордунан жаңы гана турган экен. Биз Тайлак баатырдын улуу уулу Осмон датканын неберелеринен экендигибизди уккандан кийин Өмүрбек теги Таалайбек Болотакун уулун кучагын жайып, жүзүнөн сүйүп, жаш баладай кемшендеп, муун-жүнүнү бошоп тосуп алды.

Туулган жерин сагынып, чет жерде төрөлүп, чет элдин таалим-тарбиясын алса да, кыргыз десе, боор толгоп сүйүнгөн, ак сакалы белине түшкөн карылыктын туу чокусу 96 жаштагы бул адамдын олбурлуу кебетесин көрүп, саал түркчө чалып, бирок кыргызча так сүйлөсө, ичибиз жылып, биз да качандыр бир кезде кайрылгыс сапарга кеткен чоң атабыз келгендей эзилип турдук.

– Чоң атаңар Осмон датка Кытайга көчүп келгенде төрөлө элек экенмин. Ал эми датка Кытайдан элине кайтканда мен тогуз жашар тестиер бала экенмин. Андагы окуялар өз атамдын эскерүүлөрүн эсимде калгандарын, чоң атаңардын Кытайдагы турмушу жөнүндө билип алсаңар деп чакырттым.

### *Датка жөнүндө Аамыт ажы эскерет*

Осмон датка абдан олбурлуу, бийик, өңү сулуу, кабак-кашы салаңдаган сүрдүү адам болгон. Кытайга көчүп келгенде бир канча үйүр жылкысы, кара малы, отуз чакты кул-күңү, опол тоодой баатыр инилери чогуу келген тура. Менин атам Мырзахмед жүз башы менен Осмон датка алыс карап, узун санаган эл багып, кеп сыйлаган, каада-салтка, үрп-адатка маани берген адамдар болгондуктан тез эле тил табышып кетет. Ойлогон ойлору, тилеген тилектери бир чыгып, ал экөө достошуп калышат. Ал мезгилде Осмон датканын Айчүрөк деген кызы Кытайга кошо барган тура. Аамыт ажыдан 6-7 жаш улуу болгондуктан эки баатыр куда боло алышпай бармак тиштеп тим болушуптур. Кытайга Осмон датка оол барганда токтогон жери Актоо наясына (облусуна) караштуу Кеңкол деген айыл экен. Бул айылдын ошол кездеги жүз башысы Аймамбет уулу Мырзахмед ажы эле.

«Элин сагынбас эр болбойт» дегендей кыргыз эли дегенде ичкен ашын жерге койгон кеңколдуктар улуу-кичүү дебей урмат-сыйда тосуп алышыптыр. Ал жакка Осмон датка бир туугандары Баракан, Төрөкан, Нааматкан, Мамыркан баатырлар менен 12 жыл жашаган.

Осмон датка жаш жигит курагында бир тайдын этин, кийинчерээк бир кой же козунун этин жалгыз жегенге кудурети жеткен кең дальылуу, олбур мүчөлүү зор адам болгон. Анын боз үйүн тигиш үчүн бир топ эр азаматтар алектенип, жүз баш үйдүн түндүгүн көтөрүп туруу үчүн бир атайы атчан жигит кармап турган жана ууктарын да ат үстүнөн сайып байлашчу. Осмон датка кантсе да өз элине кайтмак болгондо Мырзахмед жүз башы күнчөлүк эмес, айчалык жолдо андай зор адамды көтөрүп



жеткирүү үчүн жылкынын жылкысын Ак жал аттуу зор күлүктү дайындайт. Ошентип Ата журтуна келет.

Осмон датканын айтып бүткүс акыл-эси, элдик киши болгондугу, таасирдүү сөзү, калыстыгы, чечкиндүүлүгү аны бардык жерде ошол бөтөн эл, бөтөн жерде кадыр-баркка жеткендигин Аамыт ажы атабыз кийинки жолугушууларында да кеңкесири айтып берген.

Тогуз-Торо районунун Көк-Ирим айыл аймагында жашаган карбоз уулу Эрманбет деген адамдын улуу байбичеси Накылай Осмон датканын кызы же чоң атам Боржуну төрөгөн энеси экендиги тарыхый чындык.

*Казарман айылы Тогуз-Торо району*

***Тамара АБЫЛКАСЫМОВА,***
*Осмон датканын жээни*

### Доор инсаны – Осмон датка

Осмон датка тууралуу сөз болгондо бала кезимдеги бир окуя эсиме келет. Анда мен бала болчумун. Бирок бул сөздөрдүн маанисине ошол кезде анча көңүл бурбасам да, жадымдан Осмон датка жөнүндө таятамдардын сүйлөшкөндөрү чыкпай калган эле.

Тогуз-Торо районунун Бирдик айылында Бурулча эне аттуу көзү ачык байбиче жашап өткөн. Биздин айылдын, коңшу айылдын жашоочуларынын баары ал энеге барып көрүнүп, дарыланып, ооруларынан айыгып кетише турган. Бурулча эне өзгөчө касиети бар адам болгон. Анын көзү ачыктык жайы жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин сөз кылып келишет. Бир күнү үйдөгү балдардын бири ооруп калгандыктан апам Орунаалы кызы Рахат ал байбичеге барып келгенден кийин эле, Осмон датка жөнүндө сөз кылып келди. Ал сөздү таятам Өмүрбеков Болотакунга жана Айдараалы таятамдын байбичеси Турганбүгө айтып берди.

Бурулча эне апам Рахатка сыркоолоп калган синдим Розаны көрүп бүткөндөн кийин:

– Рахат, токтой турчу, сени менен сүйлөшө турган сөзүм бар. Сенин чоң атаң Осмон датка жөнүндө айтып берейин дегем. Чоң атаң абдан атактуу датка, нарктуу адам болгон. Ал менин түшүмө көп кирип жүрөт.

Түшүмдө ар дайым аппак чепкен кийип, колунда камчы кармап жүрөт, – дейт. – Азыркы орусташкан замандын айынан Осмон датка өзү жөнүндө эч сөз болбой калганын, унутулуп бара жатканын айтып арман кылат. Элдин бүгүнкү күндөгү абалын көрүп туруп, илгери орустарга көз каранды болбостун айласын кылып Нарын өрөөнүндөгү элди көчүрүп, Кытайга чейин барып, бирөөнү да аздырбай-тоздурбай алып жүрөт. Он жылдан кийин кайра аман-эсен элди алып келгенин айтып берди. Кудай алдында күнөөсү жок экендигин айтып, канчалаган адамдар улуу кудайдын алдында күнөөлөрүнөн кутула албай жүргөнүн айтат. Камчынын учундагы уютулган таштай гана күнөөм бар дейт. Башка эч кандай күнөөм жок. Менин артымда калган укум-тукумумдун ичинде ылайыктууларына менин саламымды айтып жүр – деген эле. Мен сенин келериңди билгем, бир жумадан бери күтүп жүрөм, – дейт Бурулча эне.

Ушул окуядан кийин бир нече күндөн кийин таятамдын үйүндө Осмон датканын арбагына куран окутулганын билем. Бирок ал убакта ачык куран окутуу деген да кыйын эмес беле.

Чындыгында, XIX кылымдын ортосунда кыргыз элинде орус элинин келиши менен кандай өзгөрүүлөр болорун замана акындары уу-дуу сөз кылып отурган. Элдин тагдыры Кокон хандыгынын катуу кылычынын алдында жана орустардын акырындык менен басып келаткан мезгилинде эл башындагы адамдардын ой жүгүртүүлөрүндө жана ага жараша саясий мамилелерди түзүүлөрүндө бир топ кыраакылыктарын көрсөтүшкөн. Мына ошондой эл адамдарынын бири – чоро саяк уруусунан чыккан Нарын өрөөнүндөгү кыргыздардын башында турган адам – Осмон Тайлак уулу болгон.

Тайлак баатыр өлгөндө кокондуктар нарындыктарга көргөзбөгөн кордугу калган эмес экен. Кокондуктар келип кырган кезде Осмонду энеси чоң этегинин астына жашырып алып калган деп эл оозунда айтылып келет. Ошентип Тайлак баатырдын уулу Осмон балтыр бешик убагында кытайлардын кыргынынан аман калып, Кокондун азабынан өлбөй тирүү калып чоңоёт.

Ал эми ушул эле маалыматты белгилүү окумуштуу А.Хасанов Тайлак баатыр өлгөндө Осмон он үч жашар бала болгондугун, атасынын көзү тирүү кезинде эле атасы менен кошо көп жүрүштөргө баргандыгын айтат.

Бул боюнча «Тайлак баатыр» эпосунун соңунда да мындай деп айтылат:



Төмөнкү чоро Тайлактын
Балдарын Кокон
басты дейт,
Башчыларын туткундап,
Далайын дарга асты дейт.
Курткадагы Коргонго
Кудук зындан казды дейт.
Осмон менен Баракан
Ор түбүндө жатты дейт.
Маразыктай бегине
Байланып шору катты дейт.

Демек, Осмон иниси Баракан менен бирге орго түшкөнүнө караганда акыл-эс кирип, балакатка жетип калган балдар болсо керек.

Көлдүк жана чүйлүк түндүк кыргыздардын орустар менен тымызын байланышуулары күчөп турган кезде, кокондуктар түндүк элинин ичинен теңир-тоолуктарды өзүнө жакындатуу максатын көздөй башташкан. Дал ушул мезгилде Осмон колунан бардык иш келген чебер, калк сүйгөн киши болуп, иниси Баракан да баатыр атыгып элге таанылып калышкан. Экөө бирдей элге алынып турганда, бир чети кокондуктарга катуу кыргын көрсөткөн Атантай, Тайлак баатырлардын тукуму болгондуктан, бир чети Осмон менен Баракан эки бир тууган дагы элге алынып, абдан кадырлуу боло баштаганын кокондуктар сезген.

Мына ушул учурду пайдаланып, XIX кылымдын 50-жылдарында кокондуктар теңир-тоолук Осмонго жакындап, «датка» наамын беришет. Осмондун ошол мезгилде дагы да зоболосу артып, кадыры дагы көкөлөйт. Осмон даткага Кокон тараптан баалуу тартуулар бөлүнүп бериле баштайт. Бул берилген наамды Осмон датка өз түшүнүгү менен башкача кабыл алат. Тагыраак айтканда, ошондой мамиле кылса деле, кокондуктарга жагынып кеткен эмес.

Казак окумуштуусу Ч.Валиханов өзүнүн күндөлүгүндө мындай деп жазат: «Орустардын кербенин көрүп калган Осмон датка үйүнө конокко чакырат. Кербен башы сылык жооп берип чабарманды узатып коёт. Осмон датка дагы чакырыкка жигитин жиберет. Кербен башы дагы сылык жооп берип, бизге токтогонго болбойт деп жооп берет. Себеби саякатчылардын ичинде кокондуктардын кошуп жиберген жолчусу да болгон дейт. Ошондо Осмон датканын жигиттери күч менен Осмон датканын чакырыгын кабыл албаган кандай немесиңер деп Осмон датканын алдына алып келишет. Чакырыкты өз убагында кабыл албаганы үчүн жан башына бирден алтын-күмүш тыйын айып салышат. Бирок кербендерди кайра коё берип узатып жатканда Осмон датка өзү келип, Кокон хандыгынан эч кандай коркпостугун, ошол эле мезгилде Кокондун

бийи Мамаразык менен да пикир келишпестикке барбасын билдирип узатып коёт».

Ошол мезгилде элдин арасында катуу сөз болуп жаткан орустар жөнүндөгү заманачы ырчылардын ырлары, айткан сөздөрүнүн төркүнүн Осмон датка абдан жакшы билген. Ошол үчүн дини бөлөк элге караганда дини бир кокондуктарга жакындашууга аргасыздан макул болгон болуу керек.

Бирок ошондой болсо да, кийин Тогуз-Тородо орустун майору Загряжский менен болгон кармашууда ал Анжыян тарапты көздөй багыт алса да, жолдон бурулуп, Кытайга элин көчүрүп алып кетип калган. Анткени Осмон датка Кокон хандыгынын ордосундагы ызы-чуу, чыр-чатактарды ачык айкын биле баштаган. Алымбек датканын өлүмүнөн кийин Анжыянга барып кошулуунун эч кандай жакшы жагын көрө алган эмес.

Осмон датка датка болуп турган кезде, бул учурда Шабдан да орус падышалыгынан чен алып калган кези болот. Ормон хандын уулу Үмөтаалы менен Осмон датка биригип, орустарга бир топ каршылыктарын көрсөткөн. 1863-жылдары орустар Куртка чебин басып алат. Аны «Кашкар отряды» деген генерал Проценко башкарат. Бул чынында эле баскынчы, чапкынчылык милдетти аткарган отряд болгон. Алардын максаты – нарындык кыргыздарды каратууга багытталган. Орустардын жакындап келатканын уккан кокондук сарбаздар акырын эле Анжыянды көздөй качып кете беришет. Үмөтаалыны орустардын карамагына 1867-жылы биротоло өттү деп жарыялашат.

Ошого карабастан Осмон датка орус акимдерине да анчалык баш ийбестен четтеп түрдө турган. Теңир тоолуктар өзгөчө Ак-Талаа, Тогуз-Торо кыргыздары Осмон датканын байрагынын астында биригип турушкан.

Мына ушул кезде учурда саяк уруусунун боркемик тукумунан Райымбек, Келдибек деген манаптар орус акимдерине Осмондун үстүнөн чагым жүргүзүшүп жамандай башташат: «Осмон падышага баш ийбей дайым каршылык кылат, алык-салыктарын элден чогултпайт», – дешет.

1868-жылы Токмок уездинин начальниги болуп майор Г.С. Загряжский дайындалат. Ага жамандап бара беришкендиктен, майор болуштук шайлоого Осмон датка менен Үмөтаалыны катыштырбастын аракетин көрөт. Майор төрө, Шабдан, Райымбек, Келдибек жана башка манаптар болуп шайлоого аны менен катар Осмонду адепке чакырып,



баш ийдирүү үчүн Осмондун элине Тогуз-Торого аскери менен каптап, баса барышат.

Осмон да даярданып, азаматтарын туу кылып, 500 түтүн элин көчүүгө шайдоот кылып коёт.

Орустун жасоолдору бейбаштык менен Осмондун элинен союш алып, улоого деп аттарын кармап кирет. Төрөлөрү менен Шабдандар үйлөрдү тиктирип, союштарды сойдуруп жатканда түн ичинде Баракан шайдоот жигиттери менен басып келип, орустун төрөлөрүн кармап, байлап сабап киришет. Майор төрө Нарын дарыясынын боюндагы бир чоң теректин башына чыга качып кутулуп, анын кайда кеткендигин билбей калышат. Майор төрөнү куткарган ошол теректин дүмүрү азыр да Маёр-Терек атында дешет.

Баракан Келдибек менен Баякени байлаган бойдон алып кетет. Осмон 500 түтүн түндүк элин, мал-жандары менен куткарып, Көгарт ашуусун ашырып, Фергана багытына оодарат. Эртеси Шабдан 200гө жакын аскери менен Осмондун артынан кууп барганда Баракан кайра тосуп токтотуп артка сүрөт. Шабдан качат. Баракан Шабданды кубалап найза менен кежигеге саюуга камчы таштам эле калганда, Баракандын күндөп-түндөп чуркап жүргөн, чаалыгып аты өксүп калат, Шабдан кутулуп кетет. Бул окуя тарыхта 1868-жылы болгон делет. Дал мына ушул жыл менен түндүк кыргыздар Орусиянын карамагына кирди деп эсептелип калат.

Осмон качканда Баяке, Ырайымбек, Келдибектерди колго түшүрүп байлап кетет. Туткундарды жыланачтап алып күндө бир убак тикенек менен сабатат. Ошондой кордуктарды көргөзүп, алты айдан кийин гана кайта элине жиберген экен. Келдибек сабоонун залалынан алты айдан кийин өлүптүр.

Биз жогоруда сөз кылгандай, алгач качканда Осмон Анжиян багытына түшүп, кайра толгонуп Кашкарга кирет. Осмондун элинин көп малдары Кашкар шаарынын көчөсүн аралап кирип, төөлөрү боздоп, уйлары мөөрөп, жылкылары кишенеп киргенде Кашкардын эли танданып: «Кыргыздын Осмон деген ханы орус менен урушуп, Бекдөөлөткө караймын деп келиптир», – деп айтышат. Бул ошол кезде кытайлар менен согушуп жаткан Бекдөөлөттүн да кадырын көтөргөн.

Бекдөөлөт да сарбаздарын чыгарып, Осмондун элин Кашкардын түштүк жагына өткөрөт. Осмон менен Баракан Бекдөөлөткө саламга кирет. Бекдөөлөт текшерип отуруп, Бараканды ордого салдырат да, Осмонду коё берет. Бир айдан кийин Бекдөөлөт Бараканды ордон

чыгарып, өзүнө жигиттикке алат. Баракандын кызматы жакканда Бекдөөлөт Бараканды миң башы кылып дайындайт. Аны менен бирге Үрүмчү жакка барып кытай менен урушканда Баракан баатырлыгын көрсөтүп, башын жоолук менен бууп, колуна кылыч алып кытайларга аралаша кирип кырган экен. Ошондон кийин Бекдөөлөт Бараканды дайыма «Баракан баатыр» деп кайрылчу экен.

Осмондун эли Кашкардын түштүк жагында Бакалык деген жерди жердеп, эң аягы бир миңден кой күтүп сегиз жылы турат. 1876-жылы Бекдөөлөт өлүп, кытайлар Кашкарды алганда, Осмон көчүп Ак-Сайга чыгат.

Элин бөксөртпөй, бүлүнтпөй келе жаткан Осмон датканын кабарын угуп атасын шылдыңдаган Осмон даткага кегин артпастан, Келдибектин уулу алдынан тосуп чыгат. Эл ичиндеги Осмон датканын кабарын, анын зоболосунун бийиктигин, абдан сүрдүү, кыраакы киши экендигин билип, угуп жүргөн болот. Осмон датканы абдан сыйлап отуруп анан мындай кеңешин айтат: «Осмон аке, Сиз Ташкентке барып кагаз алып келиңиз». Анын үстүнө мындай касиеттүү кишини жамандаган атасынын ишин да туура көрбөйт. Кийин ал бала Осмонго тууган болуп кеткен дешет.

Осмон, Баракан экөө эки жолдошу менен Ташкенттеги генерал-губернаторго барып кагаз алып кайта келет. Ташкент генерал-губернатору Осмонго: «Бирөө сен дебейт, туулган жерин сүйүп кайта келди», – деп буйрук берген имиш. Шабдан башчылык кылган кыргыз манаптары да Осмон датканы абдан сыйлашат. Осмон жерине келгенден бир жылдан соң дүйнөдөн кайтат.

Осмон датка 1810-1820-жылдары Ак-Талаа өрөөнүндө төрөлүп, 1878-жылдары Тогуз-Тородо каза болгон деп божомолдонот.

Ал эми Осмон датканын инилери Баракан баатыр, Төрөкан баатырлар жөнүндө дагы эле эл арасында жыйналбай жаткан уламыштар жашап жүрөт. Алар жөнүндө биз бала кезде жайлоого барганда Батма чоң энем, Турганбү таянем таң атканча бирин-бири толуктап айтып беришер эле.

Кийинки замандарда эле Баракан баатырдын күмбөзүнө жакын жерден топурак алып курулуш салабыз деген орустардын баары кырсыкка кабылып ооруп, айрымдары өлгөн деп айтышат. Ал эми ошол жердин топурагы кошулуп кеткен курулуштарда аномалдуу көрүнүштөр болуп жүргөнүн азыр да айтып калышат. Өзгөчө атайлыктар (Атай айылы) арасында.



Чындыгында бул адамдар абдан касиеттүү адамдар болушкан. Элин кайсы бир кысымдын алдына калтырып койбостон, көз карандысыздыкты издеп, Кытайга алып кетип, болжол менен 1500 түтүн кыргыз үй-бүлөсүн аман-эсен, төрт түлүгүн шай кылып, он жылга жакын багып алып келген ишти кандай гана баатырлар аткара алган.

Атактуу тарыхчы А.Н. Бернштам чындыгында кыргыз элинин эгемендүүлүгү, көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн тарыхый инсандарга эң кыраакы баасын берген. Ал кыргыз элинин эгемендүүлүгү үчүн күрөшкөн баатырлар деп Курманбек баатырды, Тайлак баатырды, анын уулу Осмон датканы, Ормон хандын уулу Үмөтаалыны, Алымбек датканын уулу Камчыбекти, Курманжан датканы эсептейт. А.Н.Бернштам мындай деп жазат. «*Надо различать феодалов, заботящихся только о личной наживе и тех, которые ... не утрачивали чувства ответственности перед народом... Совершенно понятно, что сказанное справедливо в равной мере для разных лиц. Когда колонизация стала фактом, и киргизский народ ощутил ее тяготы, политика Шабдана была, несомненно, предательской. Сопротивление же завоевателям Умета Али (сын Ормон-хана) или Балбая, который отрешился от межродовой борьбы и откочевал в горы, было явлением прогрессивным, направленным на усиление борьбы киргизского народа за свою независимость»* [Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т.1. С.445.] (Муну орусча бойдон эле берүүнү туура көрдүк. Себеби бир адамга катуу сөз тийип калбашын каалабас элем). Айрыкча Осмон датканын орустарга каршы ачык эле куралдуу күрөшкө чыкканы эл оозунда аңыз кеп болуп жашап келет.

Тайлак баатырдын да, Осмон датканын да аскери заматта жыйылып, заматта чогулуп, ыкчам чабуулдарды коё билген жоокерлер болгону үчүн башка уруулардан айырмаланып турган. Бир жагынан кытайлар менен, бир жагынан кокондуктар менен, бир жагынан орустар менен тынымсыз күрөшкөн Тайлак баатырдын тукумдары өмүр бою бир гана максатты көздөгөн – **ал эгемендүүлүк, көз карандысыздык, колониялаштырууну каалаган баскынчыларга (орустарга да, кокондуктарга да, кытайлыктарга да) дайыма каршы туруу болгон.**

Осмон датка элдин жакшы жашоосу үчүн дыйканчылыкты, мал чарбалыкты баалай билген. Элдин курсагы ток болуш үчүн аштык айдап, эгин эктирген. Ал түгүл Анжиян тараптан жүгөрү алып келип эктирген деп да айтышат. Жүгөрүнү «бала кучактаган бул кандай өсүмдүк» деп элдин да бир топ таң калгандары жөнүндө айтышат. Осмон датканын

элин жакшы караганы үчүн эл дагы аны сыйлап, аны менен кошо Кашкарга баргандан, көчүп-конуп жүргөндөн да эч корккон эмес. Осмон датканын убагында элдин арасында ууру-кескиликке катуу тыюу салынган.

Ч.Валиханов өзүнүн күндөлүгүндө жер айдаган соколорунун жез тиштери күнгө жаркырап чагылыштырып иштеп жаткан Осмон датканын дыйкандарын көрөт. Осмон датка да өзү да эгин талаанын башына келип, элди башкарып аштык эктирип жүргөнүн кезиктиргенин жазып кеткен.

Тогуз-Тородо далай кыргындарды өткөргөн Тайлак баатыр жөнүндө, Тогуз-Торону жердеген жердеген Осмон датка жөнүндө, Баракан баатыр жөнүндө, Кытайга туткундалып кеткен Жанболот менен анын уулу Бактыгулду жалгыз барып бошотуп келген алп Тоок жөнүндө дагы башка атактуу адамдарды тарых унутпай эскере жүрсө деп тилеймин.

Биздин ушул эгемендүүлүк күндү самаган Осмон датканын маарекесин уюштурулушу тарыхка дагы бир жолу таазим кылуубуз деп айтмакчымын.

***Г. ТОКОБАЕВА***
*кандидат исторических наук*

**Осмон-датка и его эпоха**

Одной из выдающихся личностей, сыгравшей значительную роль в общественно-политической жизни кыргызского народа 50-60-гг. XIX в. был Осмон-датка. Он сын знаменитого Тайлак баатыра, который в 20-х гг. XIX в. вел решительную борьбу, защищая Внутренний Тянь-Шань от Цинской экспансии, оказывал активную поддержку освободительному движению Джангир-ходжи в Восточном Туркестане. Во время нашествия кокандских сарбазов в начале 30-х годов он поднял свой народ на борьбу за свободу. Приблизительно в 1838 году хан Коканда подослал к Тайлак баатыру лекаря, который отравил его:

1. С целью окончательного смирения подвластного ему народа, кокандцы начали налаживать дружественные отношения с уважаемыми родоправителями. Так бек Куртки Мамыразык добился в ханской орде присвоения ему звания пансата, затем датки и породнился с ним



2. Дед Осмон датки Рыскул бий, прадеды Тоймат бий и Джанболот баатыр в XVIII в. были знаменитыми предводителями родоплеменного объединения саяк.

3. В целом родоплеменные группы саяк в XIX в. расселялись в долинах Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Кетмен-Тюбе, Джумгал, Суусамыр, Кочкор, северное Прииссыкулье. Судя по описаниям Белека Солтоноева, их численность достигла 10 тысяч юрт. Во время переговоров с начальником Алатавского военного округа. В 1865 г. непосредственно Осмон-датка представлял эту численность людей.

4. В окрестностях крепости Куртка расселились подвластные ему аилы численность, которых достигла 600 юрт.

5. В советскую эпоху деятельность Осмон-датки характеризовалась отрицательно. Его решительные действия против экспансивных устремлений русских войск, административно-территориального деления, проводимого колониальной властью и не учитывающего интересы кыргызов, воспринимались как реакционное движение. Его обвиняли в том, что он стремился сблизиться с правителем государства Семиградье Якуббеком и защищал интересы кокандского хана.

Осмон-датка родился примерно в 1810-1820-е гг. Одно крыло саяков-чоро в то время расселялось в долинах Ак-Талаа и Тогуз-Торо. В Ак-Талаа кроме них, проживали племена басыз, моголдор и др. Поскольку указанная территория была окружена со всех сторон естественными крепостями – высокими поднебесными горами, то была удобна для защиты от врагов, разведения скота и беспечного обитания. На востоке растянулись горная гряда Ала-Мышык-Улан, южная часть преграждалась горами Байбиче, Жаман, запад – горой Когарт Ферганской гряды, на севере многочисленные притоки реки Нарын: Ак-Тал, Арпа, Ала-Бука, Куртка, Арал и др. протекали через долины. Побережье этих речек и притоков, впадины и котловины правого и левого побережья Нарына были удобны для ведения земледелия. Поэтому кыргызы Расселенные в этих местах, рано усвоили сложные методы культуры земледелия. Об этом Ч.Валиханов пишет следующее: 20-е марта (1859 г.) Мы проехали через горную гряду, южный склон, которой густо зарос еловым лесом. Эта горная гряда носит название Байбиче. При выезде из ущелья в глаза бросается широкая долина реки Актал, поросшая талами и тополями. Через несколько часов путешествия мы увидели декхан-кыргызов. Они вспахивали землю деревянной сохой с бронзо-медным зубцом, которой

пользуются среднеазиаты и китайцы, впрягая ее в верблюдов. Это были кыргызы небольшого рода моголдор».

6. Далее он продолжает: «24 марта. На следующий день отправились в путь. Мы проезжали аилы рода саяк; везде кыргызы пахали землю; верховный бий этого рода Осмон объезжал пашни и распределял их между кыргызами».

7. Будущий предводитель еще в детстве стал свидетелем многих событий, рано возмужал. Знание и воспитание, обретенные от таких знаменитых и прославленных личностей, как Атантай и Тайлак, предания о подвигах предков навсегда нашли место в его душе и всегда подталкивали его вперед. Так, он воочию своими глазами увидел движение Джангира-ходжи в 20-е гг.XIX века, погром циньскими войсками, возглавляемыми Баянбату кыргызских аилов, разгром их его отцом Тайлаком. К тому же предводитель освободительного движения народов Восточного Туркестана Джангир-ходжа в течение нескольких месяцев 1826 г. находился в аиле Атантая, Тайлака. Не прошло и 5-6 лет, как кокандские войска в 1831 г. нагрянули в Центральный Тянь-Шань. Упорное сопротивление им оказал род саяков, обитающих тогда в Ак-Тале и Тогуз-Торо. Саяки, не раз участвовавшие в походах Джангир-ходжи в Кашгар и набравшие боевой опыт в сражениях с китайскими войсками, выгодно отличались и имели преимущество перед другими родами своей организованностью и оперативностью собирать воинства.

8. К этому времени пришла пора возмужания Осмона. Бесспорно, что середины 30-х годов он во всех походах находился рядом со своим отцом, обретая опыт воинского, полководческого искусства, а в мирное время усваивал обычаи, традиции и адаты правления народом. По утверждению крупного ученого А.Хасанова, когда скончался Тайлак батыр, его сыну Осмону исполнилось 13 лет.

9. В народной родословной упоминается, что у Тайлак баатыра было 9 жен и 8 детей, самым способным из них оказался Осмон и он многие годы правил народом.

10. В 40-е годы Осмон часто нападал на крепость Куртка и наносил сарбазам тяжелые потери. Особую силу обрела борьба кыргызов Внутреннего Тянь-Шаня против Кокандского ханства в конце 40-х годов. Не находя другого выхода, бек Куртки – ставленник Коканда был вынужден осторожно относится к кыргызам и сблизить к себе их биев и манапов. С этой целью хан Коканда присвоил Осмону высокое звание датки и преподнес ценные подарки.



11. Более, того бек Куртки – Мамыразык при народе специально возвышал авторитет Осмона, для того, чтобы внести раскол среди кыргызов, вступил с ним в сватовство. Он чрезмерно восхвалял его, называл его пансатом (полковником), и преследовал цель посеять раздор между родоправителями, вызывая у них чувство зависти.

12. В конце 40-х начале 50-х гг. начинается новый этап общественно-политической деятельности Осмон датки. В эти годы он занял место своего знаменитого отца и благодаря своим незаурядным личным качествам, прослыл как мудрый и заботливый предводитель. Теперь его начинают уважать и другие родоправители и устанавливать с ним дружеские отношения. К примеру, известный Ормон хан для укрепления отношений подружил своего сына Уметаалы с Осмоном.

13. Известно, что еще один из влиятельных саяков Чыны-бий сам подружился с Ормон-ханом.

14. Очень много сведений о подвигах Осмон датки, его взаимоотношениях со своими современниками в родословной (санжыре) Тоголок Молдо, в которой повествуется: «Когда Ормон хан был еще живой, он стал сватом с сыном Тайлак баатыра Осмон-даткой и был в близких отношениях. Однако когда он приехал за невесткой, он без ответа продолжал почивать, не считаясь с Осмон даткой. На дочери Ормона должен был жениться сын Осмона Ботакан. В одну из этих ночей под покровом темноты угонщики уводят табуны лошадей близ аила Ормона. За ними чтобы отбить табуны, устремляется погоня, посланная Ормоном, но не может осилить угонщиков, тогда за ними устремляются Осмон датка, Бобетай баатыр и сваты. Бросают клич: «Один на один!? – Бобетай баатыр и Осмон датка копьями сбивают с коней, вышедших на поединок и одерживают победу, они пригоняют все табуны Ормона, сверх этого они захватывают добычу шестьдесят лошадей которых привязывают возле юрты Ормон хана в качестве калыма – выкупа за невесту. После того, как пригнали косяки Ормона, захватив в плен знаменитых людей из угонщиков, Осмон датка стал желанным сватом, поговаривают, что тогда Ормон хан дал ответ: «Режь скот, и начинай свадьбу для свадьбы, забирай свою сноху!» После этого сыновья Ормона Уметаалы и Чаргын расселились на склонах Арпы и стали жить в дружбе с Келдибеком, Баатаем, Осмон-даткой».

15. Во второй половине 50-х гг. высоко вознеслась слава Осмон датки, он как правитель властвовал над населением, обитающим в Ак-Тала и Тогуз-Торо. Сам бек Куртки Мамыразык уже был не силах давать

ему указания. Ормон хан, начавший формировать самостоятельное ханство северных кыргъзов, скончался из-за внутренних междоусобиц в 1855г. Поэтому Осмон датка установил равноправные отношения с верховными манапами и биями родов бугу, сарыбагыш, саяк, солто, черик, Боромбаем, Муратаалы, Тилекматом, Жантаем, Уметаалы, Джангарачем, Байтиком, Чыны, Рыскулбеком, Тулеке, Байторе, Турдуке и др. Так описывает Ч. Валиханов, как Осмон датка не считается с кокандскими наместниками: «Увидев караван, Осмон позвал нас «в гости» к себе в аил через одного из своих рабов. Наш караванбаши вежливо отказался от приглашения Осмона. Поскольку среди нас находился чиновник Мамыразыка и крепость (Куртка, автор) находился от нас недалеко, всего в 10 верстах, мы уверенные в том, что кыргызы нас не тронут, спокойно продолжили свой путь. Другой кыргыз, посланный Осмоном, от имени своего хозяина вновь повторил приглашение. Караванбаши снова очень вежливо поблагодарил Осмона и дал знать, что нельзя останавливаться. Не прошло и нескольких минут, как из одного аила прискакала группа верховых кыргъзов и вынудила повернуть нас в аил. Честь Осмона была сильно задета: за то, что мы не уважали приглашение, задев честь его предков, в качестве штрафа потребовал с каждой палатки по слитку (серебра, автор). Но перед отъездом он прибыл к нам и сказал, что не боится кокандского хана, но не желает ссорится с Мамаразыком.

16. В начале 60-х г. Начинается третий этап в жизни Осмон датки. Этот период характеризуется его решительной борьбой в качестве предводителя за независимость против новых завоевателей-русских колонизаторов. Как известно, в 1855-1863 гг. русские войска полностью установили господство Российской империи в Иссык-Кульской и Чуйской долинах. После этого они приступили к покорению горных кыргызов Внуреннего Тянь-Шаня. С этой целью русские генералы Западной Сибири и командование военного округа, усилили свои воинские походы, в этом направлении Внутреннем Алатавском Тянь-Шане начиная с 1863 г. Так, в Эки-Чате долины Куртка произошло кровопролитное сражение между царским войсками и отрядами сарбагышев и саяков. Судя по историческим сведениям, давний друг Уметаалы Осмон датка слыл в народе вторым после Уметаалы предводителем. Свидетельство этому высказывание самого Уметаалы. Об огромной роли Осмон датки в этих событиях, он вспоминал следующее: «В нападении на русский отряд участвовали саяки во главе с Осмоном



Тайлаком уулу, Чыны Дуулат уулу, Шааке Тооке уулу, Ботбай Байпак уулу, Жакып Аргын уулу (и др., автор) Из моего рода особенно проявили себя Шербото, Бакал (его младший брат, автор) и Эсенаман (уулу)».

17. Уточняя эти сведения, военный губернатор Семиреченский области генерал Г.А. Колпаковский подчеркивал: «В нападении на штаб-капитана Зубарева (в 1863 г. В Эки-Чате долины Куртка, автор), кроме сарыбагыщцев, участвовали и саяки, возглавляемые Осмоном, Чыны, Ботбаем, Джусупом и др. манапами; по численности их было больше сарыбагышцев».

18. Об активном участии саяков в сражении в Эки Чате в 1863г. И нападении 18 раз под предводительством Осмона датки упоминают и другие представители колониальной власти края».

19. Поэтому Уметаалы обращался к военному губернатору Семиречья с жалобой, чтобы часть виры. Которую он уплатил в 1868-1869 годах за смерть и ранение русских офицеров и солдат в том сражении в рублях и лошадьми (общую сумму в 75000 рублей или 375 лошадьми, одна лошадь стоило 20 рублей), должны уплатить манапы саяков. Его жалобу русская администрация края сочла уместным и дала указание судейской коллегии биев рассмотреть ее. Но стороны пошли на переговоры и пришли к согласию мирно справедливо разрешить спор. Манапы саяков Шааке Токе уулу, Чыны Дуулат уулу специально приехали в Верный вместе с Уметаалы и заявили военному губернатору, что согласны уплатить часть расходов Уметаалы.

20. Как известно, совместные действия кыргызов, возглавляемые Уметаалы и Осмон даткой, продолжались с 1863 до 1867 годов. Чтобы установить полное господство России ад этим краем, летом 1867 года русские колонизаторы предприняли в этот край новую военную экспедицию. 16 июля 1867 г. Русские войска достигли крепости Куртка. Так описал в то время крепость Куртка один из участников похода: «Куртка – разрушенная Кокандская крепость, в 1863 году ее разгромил капитан Проценко, но с тех пор здесь не было русских войск и она была вновь восстановлена. Гарнизон Куртки (кокандское войско) отступил при нашем приближении. После захвата Куртки отряд Полторацкого продолжил свой поход до Арпы и Аксая через перевал Джаман, далее, захватив Ат-Баши, в августе достиг места, где сейчас стоит город Нарын, и затем возвратился вниз в Куртку. Через некоторое время прошел Сон-Куль, Джумгал, Кочкор, Шамси и двинулся в сторону Верного».

21. Главной целью этой экспедиции было полное и окончательное подчинение Уметаалы Российской империи. Вследствие этого в октябре 1867 г. Он вынужден признать русскую власть.

22. А Осмон датка, не желая признавать власть России, продолжал самостоятельно вести борьбу с ней. Вслед за вышеописанными событиями в 1867 г. Царское правительство начало административное преобразование новых, подвластных ему земель. В соответствии с этим, в составе Туркестанского генерал-губернаторства была образована Семиреченская область, в нее входили Иссык-Кульская и Чуйская долины, Внутренний Тянь-Шань. Кыргызы, проживающие здесь, должны были войти в состав Токмакского (позже Бишкекского) и Иссык-Кульского (позже Пржевальского) уездов. Уезды делились на волости, которые в свою очередь состояли из аилов. Бесспорно, что такими мерами колонизаторы вводили такую систему, при которой кыргызы подчинялись бы беспрекословно, и преследовали цель окончательного отстранения от власти таких влиятельных в народе предводителей, и Уметаалы и Осмон датка. В 1868 г. Первый начальник Токмакского уезда майор Г.С.Загряжский, разделив кыргызские аилы на волости, при «избрании» волостных намеренно не допустил на выборы Уметаалы и Осмон датку. Вновь назначенный уездный начальник чтобы утихомирить Осмон датку, отправил его сына Мамыркана в Верный в качестве гостя-заложника. Но не взирая на это, Осмон-датка откочевал с народом из Ак-Талы в Тогуз-Торо.

23. В конце мая 1868 г. Майор Г.С.Загряжский с целью уточнения численности кыргызов, не вошедших в учет во время создания волостей в Нарынской и Кетмень-Тюбинской долинах, прибыл в Тогуз-Торо. В этой поездке русского офицера сопровождали со своими джигитами Шабдан баатыр.

24. Вскоре (1 июля 1868г.) отряд Осмон датки терпеливо ожидавший удобного момента для обуздания колонизаторов, под покровом темноты внезапно нападает на лагерь уезного (25) По этому поводу Б.Солтоноев пишет: «Первый уездный Токмока Загряжский в сопровождении Шабдана Джантаева и Баяке Кунтууганова осенью 1867 года прибыл в Нарын в аил Осмона Тогуз-Торо, чтобы провести выборы. Не желаяподчинятся русским, под покровом ночи Осмон напал на лагерь, уезный бежал, сначала взобравшись на тополь. Осмон связал Баяке и Келдибека и перекочевал в Кашгар, его кочевье состояло из 600 юрт» (26). Отстреливаясь от натиска кыргызов, майор Г.С.Загряжский еле спасается



в лесу, росшем на побережье реки Нарын, попадают в плен его секретарь, вестовой, толмач, двое волостных и несколько джигитов, двое сопровождающих спасаются бегством. Кстати, едва услышав, что Осмон датка его противник, Загряжский заранее послал своих людей в соседний аил к Шабдану и просит собрать отряд против бунтовщиков. (27). По некоторым сведениям, Шабдан-баатыр прибыл в Тогуз-Торо с двумя сотнями джигитов (воинов) (28). Он, видимо, был хорошо осведомлен о возможностях русских и зная, чем может закончиться конфликт, заранее стремился упокоить народ. Его вкладу в установление мира на кыргызской земле, военый губернатор Семиреченской области А.Я. Фриде в свое время дал следующию оценку. Когда часть кара-кыргызов, недовольная введением русского правления в Нарыне, в 1868 г. Совершила вооружённое нападение на начальника Токмакского уезда, Шабдан Джантаев. Быстро собрав джигитов, сумел погасить возгорающее волнение в горном и приграничном краях. И позже во всех делах Шабдан Джантаев, когда нужна была помощь своим влиянием на кара-кыргызов принес большую пользу. (29). В своем рапорте, написанном на имя военного губернатора Семиреченской области, майор Загряжский так охарактеризовал нападение Осмон датки: «Потеряв все имущество, я сумел спастись от плена, а возможно, иот смерти только с помощью Манапбая и Шабдана Джантаева два месяца находился с нами на нашей границе с Кашгаром». (30) За службу в Тогуз-Торо позже он был награжден почетным халатом II степени и большой золотой медалью на Станиславкой ленте. (31). После нескольких столкновений с обьединенными силами майора Загряжского и подоспевшего на помощь Шабдана Осмон-датка сначала откочевал в сторону Андижана. Отношения между Кокандским ханством и Россией в то время развивались в нормальном русле. Поэтому кокандцы приняли Осмон датку не столь радужно. Более того, военный губернатор Семиречья обратился с просьбой к беку Андижана, чтобы поймали датку и передали пленных русской власти. Обстоятельства усложнились, развивались в негативном плане, поэтому он быстро перешел на территорию Кашгара, (32) но и там положение было не столь радужным. Через 10 лет после краха государства Джакыпбека (1877-1878) Осмон датка возвратился на Родину. Убедившись, что он заметно постарел, колониальная администрация не сочла уместным преследовать его. Приблизительно в начале 80-х г. XIX века Осмон датка покинул бренный мир.

## Литература

1. Аттокуров С. Тайлак батыр. – Б., 1994.
2. Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или каракыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня. – Б.: Илим, 2001. – 504-б.
3. Тоголок Молдо. Тарых, түпкү аталар.//Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт. Т.2. /Сост.: К.Жусупов. – Б.: Кыргызстан, 1993. – С. 28-31
4. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер. – Б.: Учкун, 1993. –С.59
5. Туркестанский сборник. Т.16. – СПб., 1869. – С.112
6. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений в пяти томах. Том 3. – Алма-Ата: Главн. ред. Казахск. совет. энц., 1985. – С.29
7. Там же. С.32
8. Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. – М.: Изд-во соцэкон. лит-ы, 1959. С.94
9. Хасанов А. Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. – Б.– М., 2004. – С.38; Из истории Киргизии XIX в. – Ф.: Киргиз. уч. педгиз, 1959.
10. Торокан уулу Эсенгул. Кыргыздын кыскача санжырасы. Вторая книга. – Б.: Учкун,1995.
11. Туркестанский сборник. Т.16 – СПб., 1869. – С.110
12. Там же, С.113.
13. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б.: Кырыгыз энц. башкы ред., 1996. – С.168.
14. Омурбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын кыргыз санжырасы /Башкы ред. К.Жусупов; К.Кушубеков, М.Апышев. – Б.: Ала-Тоо журн. ред., 1994. – С.64-65.
16. Валиханов Ч.Ч. Аталган китеби. С. 79-80.
17. ЦГА Республики Узбекистан Ф. И -1 оп.29, д 1, лист 13.
18. Там же, лист 21.
19. Там же, лист 23.
20. Там же, лист 25, лист 29.
21. Остен-Сакен Ф.Р. Поездка в Занарынский край летом 1867 года// Известия Русского географического Общества. – СПб., 1869 года, кн.5, стр.145-146.
22. ЦГА Республики Узбекистан Ф.И. –1, оп. 29, д.1, лист 4.
23. Хасанов А. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-х годах XIX века. – Ф.: Киргосучпедизд, 1961. стр.57; ЦГА РУ.Ф.И. – 715, оп. 1, д.37, лист 171.
24. ЦГА Республики Узбекистан Ф. И. –715,оп. 1, д37, лист 175.
25. « Туркестанские ведомости», 1873 г. –10.
26. Солтоноев Б. Кызыл Кыргыз тарыхы, стр.61.



27. Туркестанский сборник. Т. 49. – СПб., 1973. 344-бет; Аристов Н. А. Аталган китеби, стр.527.
28. Шабдан баатыр / Башкы ред. К.Жусупов; Түз. Н.Капаров. – Б.: Ала-Тоо журн. ред.,1992. стр.36.
29. ЦГА Республики Узбекистан. Ф. И. – 1, оп. 4, д.218, лист 114.
30. Хасанов А. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-гг. XIX века, стр. 57-58.
31. Шабдан Джантаев: эпоха и личность: Документы и материалы / Сост.: Ж.Абдылдабек кызы, Д.Ш. Кызаева, Д.Б. Сапаралиев и др. – Б.: Шам, 1999. стр.73.32. Туркестансий сборник. Т.49.346-бет; ЦГА Республики Узбекистан. – 715, оп.1, д.37, стр.138.

*Өмүрбектеги Таалайбек Болотакун уулу*
*менен болгон маек*

## Тарыхтын ак тактарын тактоо – урпактардын вазыйфасы

**Акыркы кездерде көлөкөдөгү байманасы ашып-ташыган олигархтарга салыштырмалуу тарыхка, маданиятка күйгөн катардагы мекенчил инсандардын арбып баратышы көңүлдү тынчытат. Изи суук элек жаңы мисал – Таластагы Кубат бийдин айкелинин ачылышы, ага куйрук улай эле Теңир-Тоо чөлкөмүндө «Алтын чөйчөктө» Осмон датканын айкелинин ачылышы 17-октябрга белгиленген экен.**

***– Таалайбек мырза, айтыңызчы, бубаңыз Осмон даткага айкел тургузуу идеясы сиздин көкүрөгүңүздө качан пайда болду эле? Тогуз-Тородо Тайлак баатырдын айкели болбосо, анын уулу Осмон датканын айкелин тургузуунун кажети бар беле дешкен «сыңар өтүгү майрык» сынчылар четтен табылат. Буга сиздин берер жообуңуз?***

– Кудайга шүгүрчүлүк. Суроого жооп бериш үчүн өткөнгө кайрылууга туура келет. Мени бала кезден бери түйшөлткөн, жан дүйнөмдү кыйнаган нерсе, жаш бала болсок да, эл ичинде айтылып делинген окуялар, ата-бабаларыбыздын басып өткөн өмүр жолу, даңазалуу элине жасаган эрдиктери, тарыхка кошкон салымы жөнүндө расмий сөз болбой жатканына чындыгында ошол учурда мен кыргыз дегендин ичин мышык тырмап турар эле. Эгемендигибизди алган соң, ак-карасы ылганбай, тарыхыбызда хронологиялык тартип сакталбаса да бир катар тарыхый маалыматтар өз ордун таап, тарыхтын ак тактары толукталып жатат. Эми бара-бара көч түзүлөт да.

2002-жылы жамандыр-жакшыдыр Тайлак баатырдын 200 жылдыгы республикалык деңгээлде Соң-Көлдө салтанатталды. Нарын шаарында айкели тургузулду. Тайлак батыр – бир гана чөлкөмдүн баатыры эмес, жалпы кыргыз элинин улуттук баатыры.

Тайлак баатыр кыргыз тарыхынан өз ордун тапты. Мен ошого канкет кылам. Ал эми анын уулу Осмон датка дагы азыркыга чейин тарыхта айтыла, жазыла элек актай барак. А бирок Осмон датка жөнүндө тарыхий маалыматтар Кытайда, Өзбекстанда, Казакстандын архивдеринде көбүрөөк учураганын мен баарлашкан тарыхчылар өздөрү ырастап



жатышпайбы. Атага тең уул дегендей Осмон датканын басып өткөн өмүр жолу элине жасаган иштери, тарыхтан алган орду асты атасынан кем эмес деген тыянакка келдим да, Өкмөтүбүз каржалып турганын сезип, кичи мекенине урпактарынын атынан айкел орнотууну чечтим. Осмон датканын айкели тогуз жолдун тоомунда, Улуу Жибек жолунун удулунда турат.

Осмон датканын айкелин тургузууга дем берген адам Аамыт (Хамид) ажы болду. Аамыт ажы менен көрүшкөнүмдө ал киши токсон алтыга келип жүздү таяп калган кези экен. Намазга жыгылганда жайнамазын диванга жайып, башын тийгизип тооп кылар эле. 2000-жылы Кашкардан Ата журтуна кайтып келип, «Асаба» гезити аркылуу «Тайлак баатырдын, Осмон датканын урпактары барсыңарбы?» деген чакырык маанисиндеги макаласынан кийин жолугуштук.

Көрсө, ал кишинин атасы Айтмамат уулу Мырзахмед менен Осмон датка шилекей алышкан дос-тамыр экен. Осмон датканын Кытайда жүргөн 12 жылы биз үчүн дегеле тарыхий маалыматтар жок эле да.

Кудайдын парманы менен Осмон датканын Кытайда жүргөн жылдарынан, ажынын атасынын айткандарынан улам Осмон датканын бейнесинин мерчемдүү сүрөтүмдөрүн боолголоп билдик, азыноолак болсо да маалымат алдык.

***– Иш-чараны өткөрүүдө кандай даярдыктар болуп жатат?***

– Буюрса, жамы кыргызга Тайлак баатыр жөнүндө маалымат жетиштүү болгондуктан айрым тарыхка кызыккандардан анын урпактары барбы? Алардан чыгаандары чыктыбы? – деген суроолор да болгон. Осмон датканын ысымы көпчүлүккө маалим болбогондон кийин жалпыга маалымдоо каражаттарына окумуштуу-тарыхчылардын, журналисттердин макалалары чыгып жатат. КТР, ЭлТР ден тарыхчылар менен биргелешкен көрсөтүүлөр болду. Радиодон түз эфирде, адабий окуулар уктурулууда. Эң башкысы «Кыйын кезеңдин арстандары» деген аталышта Тайлак жана Осмон датка тууралуу жазылган илимий, адабий макалалардын топтомунан турган (Түзүүчүсү журналист Бурмакан Сатыбалдиева) китептин жарык көрүшү урпактары үчүн сыймык болду.

***– Таалайбек мырза, жана жогоруда айтып өткөндөй жаш кезекте Тайлак баатыр жана Осмон датка тууралуу эл ичинде айтылган аңыз-кептер арбын эле дедиңиз. Ошондогу уламыштардан азыркыга чейин сакталып калгандары жадыңызда бар чыгар?***

– Бар эмей, эсимде. Андай аңыздардын бири казак сынчысынын Тайлактын өмүрүнүн кыска болорлугун айткан көз ачыктыгы.

Тайлак, Тайлак баатыр болуп таанылып, аты алыска, даңаза эрдиктери далайга тарап, илебине нан бышып, кыркка толуп, толо элек курагында Суусамырда жамы түндүк кыргыз журтчулугу жыйналган курултайы болуп өтөт. Ал курултайда кыргыздын билерман, акыл-эстүү жакшылары жаш, оозунда сөзү бар, билегинде күчү, баш тоголотокон акылы бар деп ага эки тизгин бир чылбырды журт башы кылып шайлап алууну ыраа көргөн бүтүмдү көпчүлүк кабыл алышат. Ошондо аксакалдардын жоон тобу Тайлак баатырдан кандай журт башы чыгарын ал жерде катышып олтурган казак сынчысынан сурашкан экен. Түштөнүү убактысына туш келип калгандыктан, казак сынчысы Тайлактын жан-жөөкөрлөрүнөн: «Баатырдын эң жакшы көргөн тамагы эмне?» – деп сурайт. Алар Тайлак баатыр кылы кырчылган семиз, кар баспаган эчкинин улагынын этин жакшы көрөрүн айтышат. Көрсө, улак катуу семиргенде кыл түктөрү кырчылып түшүп, сыйда тартып калат тура.

Анда көзү ачык сынчы: «Яа пирим ай, элдин ырыскысына жаралган хан болот гой, энди өмүрү абдан кыска экен ээ!?» деп чыйт түкүрүнө этегин кагынып басып кеткен экен. Казак сынчысынын айтканы төп келип, жыл айланбай, Кокон бийлигинин тыңчысынын колунан набыт болот. Осмон датка да Загряжскийдин отрядына капысынан кол салганда жигиттерине: «Орустар түптүү журт, түрүлүп келсе, атыбызды таппай калып жүрбөйлү, анчалык катуу кетпей, алдыртан Ормон опузага салдырып койгула», – деп айтканы бар.

**– Таалайбек мырза, Осмон датканын айкели өзүңүз белгилегендей, Улуу Жибек жолдун таманында, азыр жаңы баштала турган Түндүк-Түштүктү бириктире турган альтернативдүү Бишкек–Ош каттамындагы автоунаа жолунун боюнда болгондуктан, Саймалуу-Ташка бараткандарга, келечеги кенен туристтик кызыктуу жай катары кыргызстандыктарга кызмат кылсын демекчибиз. Элдин батасы тийип, үй-бүлөңүз, эли-журтуңуз менен ден соолукта болуп, эл керегине жараган азаматтардын катарында бар болуңуз.**

– Рахмат!



*Бурмакан САТЫБАЛДИЕВА*

## КЫЙЫН КЕЗЕНДИН АРСТАНДАРЫ

(2 көшөгөлүү 8 көрүнүштүү тарыхый-даректүү драма)

*Кылымдын феномен инсандары ... ташка тамга басылгандай ысымдар ... Биримдиктин байрагын көтөргөн Орто Азиянын арыстандарынын чет элдиктер менен теңдешсиз күрөшүн, кылымга калтырган издерин бүгүн да тарых тастыктап сүйлөп турат. Кылымдар бою кыргыз бир асабанын астында бириге албай келет. Чечүүчү айкаш учурунда сызга отургузуп кеткен, ичтен чыккан ийри жыландардын чыккынчылыгы чыгаан жол башчылардын белин мертинкен, душманга таба кылдырган кыйын кезеңди чагылдырган, турмуш чындыгынан алынган улуттук баатыр Тайлак баатыр жана анын уулу Осмон датка тууралуу даректүү кабар драманын өзөгүн түзөт.*

**Катышуучулар:**

Алып баруучу
Ильяс-Менде – 50 жашта
Юн Цин – 60-65 жашта
Баян- Бату – 5 жашта
Маразык – 57 жашта
Кеңешчи – 75 жашта
Осмон датка – 17, 56 жашта
Байбагыш аксакал – 86 жашта
Баракан баатыр – 60 жашта
Үмөтаалы – 55-56 жашта
Напас – 60 жашта

*Эпизоддо:* Ырчы, Төрөш, Келдике, Баяке, Шабдан, орус чиновниги ж.б. Көпчүлүк катышкан сахнада Осмон датканын жигиттери, карапайым калк, аял-эркеги аралаш, кытай, орус аскерлери.

# БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

## Биринчи көрүнүш

## ЧЫККЫНЧЫЛЫК

**А л ы п б а р у у ч у.** *(музыка коштолот)*

1824-жыл. Кытай жазма булактарында жазылгандай, ошол кезде XIX кылымдын 20-жылдарында теңир-тоолук чоро саяк Тайлак баатыр жана анын агасы Атантай Асман империясынын императору Богдыхандын чекесине чыккан чыйкан болуп, тынчын алган Кашкардагы уйгур көтөрүшчүлөрүнүн Жаангыр кожонун негизги таянычы болгон. Кытай Цин императору Тайлак баатырдын жана Жаангыр кожонун баштарына алтын туяк сыйлык сайып, бардык кыргыз бай-бийлерин кызыктырган үндөө кайрылуу каттарын туш-тушка жөнөткөн. Ал кайрылуу катта: «Кыргыздардын бийлеринин бири-бири менен болгон карама-каршылыктарын толук пайдаланууну» ачык көрсөткөн.

*(Көшөгө ачылганда уй мүйүз тартып олтурган Напас, Төрөш, Ильяс-Менде баштаган бир катар бийлер, старчындар таасирдүү адамдардын кеңешмеси кымыз ичүү менен коштолот. Булардын ичинде бирин-экин Кашкар акиминин бакаnooздору бар)*

**И л ь я с - М е н д е.** *(Этегин кагынып)* Саяк Рыскулбек бийдин Атантайы, Тайлагы чектен ашып кетишти го. Жанагы селде чалынып зикир чалгандардын ордосу болуп калды анын айылы. Өтө шектүү адамдар менен колтук алышканына караганда куу саяктын бир билгени бар.

**Т ө р ө ш.** Төрөм, төлгөң төп түштү бейм. Тигил Асман падышачылыгына баш көтөрүп, андан куугунтук жеген Жаангырды жандаганы башкача, иттики, сиз болжогондой экөөнүн ортосунда бир мандем бар.

**Н а п а с.** Мандемди айтасыңар да ал экөө шилекей алышкан кан дос болгонун иниси менден сурабайсыңарбы. *(Төшүн кагат)* Э-эй акыл тегеретken билгилер. Селде чалынып ак урганы болбосо, Жаангыр Асман падышасынын душманы катары жарыяланганы башына баалуу сыйлык сайылганы ал жөн адам эмес. Менин айткандарыма ынансаңар, ал бачагар өзү, теги Кашкарлык экен го. Кичи Бухаранын мурун башкарып турган Аппак кожонун небереси. Кабулда окуп, чоңоюптур. Эки-үч тилди билмек турсун, түшүн жооруп сүйлөгөнүн өз көзүм менен көрүп олтурам го...



**И л ь я с-М е н д е.** Тайлак анын тузагына кандайча түшүп калды десең. Мени түпөйүл кылган нерсе Тайлакты Асман падышасына баш көтөрө беттеп чыкканына эмне себеп, анын артында кандай күч турат. Бул жерде Тайлактын кызыкчылыгы эмнеде? Андап билген кишиге капырай, пил менен кумурсканын согушундай нерсе да. Теңдешсиз тирешүүдөн Тайлак эмнеден утуш алат болду экен?

**Т ө р ө ш.** Тайлак, Тайлак деп койсо эле, тайрандай берген эрдиги бар, эси жок баатырлардан эмес. Ал баарыбыздын мингип кеңешип кескен акылыбызды даарат ушатып олтурганда эле чечип коёт. Хи-хи... *(ыкшып күлөт)*

**Н а п а с.** *(колун силкип)* Ээй катыны талак черик, Тайлак сенин башыңдан сылап тургансып, таламын талашып калганыңа жол болсун! Анан дагы Жаангыр жер куруткурдун кайын атасы Кокондук кан ордонун таасирдүү адамынын кара чечекей күйөө баласы. Анын жан-жөкөрлөрүн байкаган чыгарсыңар алардын арасында өзбекке окшошсо да, тили буруулар жүрөт го. Укмушуң кургур, *(таң кала)* аларың сарттарга же уйгурларга тили, дили окшошпосо, кайсы улуттан экендиги бизге табышмак болуп жатпайбы? Индикуштар дейби, ит билсин.

**Т ө р ө ш.** Атаңдын көрү, соодагерлердин далайы келди го бизге, бирак булар соодагер болобуз дешкени менен жүрүштөрү шойкомдуу. Айла арга калбады го. *(Күрсүнөт.)*

**И л ь я с-М е н д е.** Кандай деп жорусак да, Кудай аман койсо, ак-карасына жетербиз, бирок Кашкар акиминин аманатын аткарчу учурдун сааты чыгып турат. Анда жолдугун кандай кылсак деген такилип менен бул жерде жолугуп олтурабыз да, чынбы төрөлөр. Биз Тайлакка кошулуп анын сөзүн сүйлөп, камчысын чабышканыбыз менен маарып кеткенибиз жок. Илик албагандан кийин өз ишибизди өтөй берсек дейм, жакшылар. Буга акыл, кеп кошчуңар киминер? «Түндүгү бөлөктүн түйшүгү бөлөк» дегендей түндүк төбөлдөрү биздей болуп чек арада турбаса, кытай чек ара аскерлеринин кордугун көрбөгөндөн кийин мал-жанымды чаап кетет деген аларда коркунуч жок, биз андай жан бактыларга тирүүлөй чеп болуп турабыз. Малдары тынч, жандары тынч биздин өлгөн-тирилгенибиз менен иши жок. Бизге боор оорүй турган кол суна турган киши жок. «Ишенген кожобуз» жоо чабаарыбыз Тайлак тигинтип, сансыз кытайга теңелип, от менен ойноп жатат. Аны ээрчисек, арам өлөбүз. Тайлактай башты канжыгага байлагандай башыбыз экөө эмес. Биз жолбун ээн баш жортуулчулардын жолун тандай албагандан кийин эки жолдо арасат калбай, кытайлар менен ынтымакка келишип иш

кылышыбыз керек. Кашкар акими бизди тамыр тутуп, өзүнө имерип турганда андан кол үзүп кеткенбиз чоң катачылык. Туурабы, билгилер.

**Т ө р ө ш.** *(Өзүнүн саның чаап, колун чычайта сүйлөйт)* Таппасаң сыйпалап калгыр ай. Ээ журт билгилери билсеңер бийим, сөздүн төрөсүн таап айтып жатат аны жерге калтырбай, тезинен тез арада Кашкарга өкүл жиберели, күн-ай жылып тоң эрип калды дегендей.

**Н а п а с.** *(Сакалын тарай)* Эми чымчыкты сойсо да касапчы сойсун дейт. Кеңеш башаты сизден чыгып жаткандан кийин бул иштин аягына өзүңүз чыгаарсыз деген ишенимдемин. Сапарга Мендике өзү камдансын, биз батабызды берип жөнөтсөк деген чечимге келели буга кандай дейсиңер жакшылар. *(«Мендике барсын», «Барсын, Мендикеден өтөрү жок» деп баары чурулдаша беттерине бата тартыша тарашат)*

**2-көрүнүш**

*(Көшөгө ачылганда сахнада чарпаяда кош кабат жаздыктарды коюп, Кашкардын акими Бин Цзин ныксырайт. Эшиктен жыла басып тыңчы кирет)*

**И л ь я с - М е н д е.** Ассалоом алейкум. Амансызбы таксырым.

**Б и н Ц з и н.** *(көзүн ачып-жумуп)* Валейкума ват салоом. Аа качан келдиң, кайбарым. Ии... Эмне жаңылыгың бар, кулагым сенде.

**И л ь я с - М е н д е.** Кулак сүйүнтө турган жакшы жаңылыгым бар, таксырым. Жиги билинбеген Жаангыр кожонун дайыны табылды.

**Б и н Ц з и н.** Кызыталак, ал шумпай кайда экен, маалкатпай бачымыраак айтчы, бийим.

**И л ь я с- М е н д е.** Жаангыр кожо ушул тапта Теңир-Тоодо саяк Тайлактын айылында чардап жатат. Улуу даражалуу урматтуу таксыр, ал бузукунун тутулар күнү жакындап, ичер суусу түгөнөрүнө саналуу күндөр калды окшойт.

**Б и н Ц з и н.** *(Тура калып колун ушалап, аркы-терки басат)* Туура айтасың, бийим, туура айтасың. Бачагардын башы алынчу күндүн сааты келгени ушул, темирди кызуусунда сок дегендей, ал жерге бир жумага жетпей менин кол башчым Баян-Бату баштаган кайгуул күзөт чагылгандай тез кечикпей жетиши керек. *(Алаканын шакылдата чабат, эшик ага баш багып кирет)*Ильяс-Мендеге мансап даражасын айкындоочу көгүлтүр жакут сөйкөсү бар тебетейди, күмүш жип менен сайылган кымбат баалуу кашкар чапан, тай туяк алтынды алып келгиле. Ильяс-Менде бийдин эмгеги, тартуу жарашат, алсын, бийим. Ха-ха...



*(Бешенеси жайнап туруп, заматта кабагы сырдуу түйүлөт. сахнанын четине чыгып, кекээрленген үн менен сүйлөнөт. Жарык Бин-Цинге түшөт)* Жылаңач баатыр Тайлак сенин көзүңдү тазалоочу учур эми келди бейм, ов. Бир үйдү эриктирбеген, эки үйдү бириктирбеген эл бузар, Кытай императорунун биринчи душманы Жаангыр кожону төрүңдө тайраңдатып, соолун чабышкан кыргыздын бычакка сап баатыр сөрөйүнүн жооп берер күн келди. Тайлак, сага өлүм да аздык кылат. Шашпа...шашпа... Сенден ушинтип гана кутулуу керек.

*(Ызырына алаканын чапканда эшик ага кирет.)* Ляппай таксыр, кулак сизде.

**Б и н Ц з я н.** Катчынын чакыр. Маанилүү маалымат келип түштү. Улуу урматтуу императорго кат жаз. Катты өзүм алып барам Пекинге.

*(Көшөгө жабылат)*

**3-көрүнүш**

**АК ЧИЙДЕГИ КЫРГЫН**

**А л ы п б а р у у ч у.** *(Көшөгө артынан музыка коштолот.) Баян-батунун кошууну бейкапар жаткан айылды курчайт. Көшөгө ачылганда алар ок чыгарбай түтөк найза, албарс кылыч-канжарларын жалаңдатып, туш-туштан чымылдап чуркашат. Прожекторлор ар кыл түстө алмашылып берилип, маараган мал, абалаган ит, адам айкырыктары, музыка коштолгон үндөр чыгат. Айылды азан-казан түшүргөн кытай желдеттери Ак-Чий айылын жара бөлүп аккан Кара-Суу өзөнүн боюна элди кыдырата тескери отургузуп, кишилерди көгөндөп туткунга алышат)*

**Б а я н - Б а т у.** *(Тилмечине кайрылып, ач-айкырык салып кытайча сүйлөйт. Тилмеч чайылдай кыйкырып которот.)* Айт аларга менин жардыгымды!..

**Т и л м е ч.** *(колуна кылычын ойнотуп)* Улуу урматтуу бийик даражалуу генерал силерден сурап жатат. – Тайлак кайда? Ким көрдү? Эгер ким көрсөтүп берсе, ал кишинин башы азат болот. Кана айткыла. *(Көпчүлөк эл унчукпайт.)* Кайталайм. Оң кулагыңар менен да, сол кулагыңар менен уккула, жаки таппасаңар, кырыласыңар баарың!..

*(Улам туткундарга жаңыларын сүйрөп келип, кошуп турушат. Октолуу мылтыктарын чекеге такап, кылычтарын кекиртекке такашат)*

**Ч о к ч о с а к а л к и ш и.** Айланайындар жан соога ...жан соога арабызда Тайлак да, Жаангыр кожо да жок эле.

**Б а я н - Б а т у** *(ызырынып.)* Эмне карап турасыңар!.. Баштагыла – а!.. Жан таслимдеткиле. Булар Жаангыр менен Тайлак жашыргандыктары үчүн баарын курмандыкка чалгыла. Буюм-теримдерин, мүлктөрүн тизилген төөлөргө, аттарга жүктөгүлө. Малчыларынын башын алып, малдарын олжолоп алгыла.

**А л ы п  б а р у у ч у.** *(Көшөгөнүн артынан үндү кайгылуу музыка коштойт. Желдеттер Баян-Батунун буйругу боюнча отургандарынды чекесинен кулата баштарын алып кирет. Ошол учурда Зулайка Тайлак баатырдын байбичеси, балтыр бешик Осмонду көйнөгүнүн ичине сала коюп, көөлгүгөн кемселин бүчүлөй салат да, маңкайып ажалга түз карап, кылычка башын тосот)*

**З у л а й к а.** Кана, кан ичкир, алмадай башым кыйылса, артымда кунумду куучу Баатырым бар. Сенден келген ажалды көрөйүн жан алгыч.

**К ы т а й  н ө ө к ө р ү.** О пирим ай, ушундай да булуттан чыккан айга окшогон жан болот экен го, ов. Чиркин мындай кылыч мизин жалтанткан ай чырайдын башын алууга кол барбайт. Болбостур, сага жан соога. (*Канжалаган кылыч абаны жирейт. Байбичени ныгыра көмөлөтө коюп өтөт.)*

**Б а я н - Б а т у.** Жаангыр түгүл, Тайлактын жер жутуп кеткенсип, жок болгонун кара. Болбосо каныңарды кашыктап ичет элем го. Болбостур, жигиттер, аттын башын үйдү карай тарткыла.

*(Дүпүрөп чыгып кетишет)*

**4-көрүнүш**

**МАЙСТАНДАГЫ АЙКАШ**

**А л ы п  б а р у у ч у.** Тайлакка «кытайлар айылыңды чаап кетти» деген кабар жетип, айылына келсе, айыл таланып-тонолгон, боз үйлөр өрттөнгөн, канкорлор жүздөн ашык кары-картаңдарды койдой мууздап жолго түшкөн экен. Болгону жубайы Зулайка жана балтыр бешик баласы Осмон гана тирүү калган. Катуудан казан, жумшактан күл калганын көргөн Тайлак «канга кан» анттын алып, кытайлардын артынан куугунга түшөрдө көпчүлүктөн бата сураганын заман ырчысынын ырдаганы бар:

**Ы р ч ы:** *«Дөрбөлжүн, Терек жер ушул,*
*Төрө Тайлак эр ушул.*
*Туткуй Терек жер ушул,*
*Туйгун Тайлак жер ушул.*
*Майстан, Терек жер ушул,*
*Баатыр Тайлак эр ушул.*



*Алдына минип Буурул ат,*
*Ак бата тилеп элинен,*
*Атанын турган жер ушул.*
*(«Көкөй кести» күүсү угулат)*

**А л ы п  б а р у у ч у.** Адам чыдагыс кайгыгаууккан Тайлак айыл-айылга ат чаптырып, шашылыш кошуун жыйнап аксакалдардан бата алып, душман колунан жазат болгондорго куран түшүрөт. Шейит кеткендердин кунун кууп, жоого аттанар алдында атадан калып келе жаткан «Сыйыртмак» салгылашуусунун мерчемдүү багыттарын, алдыдагы салгылаш тууранында чогулган элге, жортуулга барчу жоокерлерге оюн ортого салат.

**Т а й л а к.** *(каңырыгы түтөй)* Кагылайын элим, боор толгогон бир туугандарым, башка салганды көтөрбөскө айла жок. Кулак угуп, көз көрбөгөн адам баласы көтөрө албас күнгө туштуктук. Мындай кечиримсиз мыкаачылыктан кийин мүңкүрөп кол куушуруп олтурганда табарыбыз не пайда. Өзү келген жазыксыз элди канын төккөн жоонун изин суутпай Майстанга жеткирбей майкандайлы. *(Туш туштан «канкорлорго өлүм», «канга кан» деген көпчүлүктүн жаалаган ар түркүн үндөрү чыгат)*

**Б а й б а г ы ш  а к с а к а л.** Ыйлап сыктагандан эч нерсе таппайбыз, жаш болсоң да, жол башчы таянар аска тообуз болуп калдың, өз акылың өзүңдө сен эмне десең, элиң даяр!

**Т а й л а к.** Биздин бул жерде артыкчылыгыбыз жердин уусун жакшы билгендигибиз, көзүбүздү чачыраткан кетпес өч алуу бизди сооротуп турат. Мен бул салгылашка бара турган кошуунду үчкө бөлдүм.

Биринчиси – менин чоролорум баштаган жүз жигит кытайлардын артынан сая түшөт. Майыстандын жайыгына келгенде мен Баянбатуну жекеме-жекеге чакырам.

Экинчиси – кыска жол менен кытай аскерлеринин алдын тосот.

Үчүнчүсү – душман өтө турган кызыл капчыгайдын борчук таштарына жашырынып туруп, алардын улоолорун, аттарын аларды жөө-жалаң калтыра тургандар – Байбагыш агам баштаган мергендер элүүдөй эр азаматтар жоонун жолун буушат. Кытайлар тоодон, өзгөчө капчыгайдан өлөрчө коркушарын жакшы билесиңер. Кудай кааласа, убакытты өткөрбөй жолго чыгалы эмесе.

**С а р г ы т  м е р г е н.** Айтканың айныгыс акыл, табылгыс жол. Ата катыгүн ай, кырса түгөнгүс кытайларың Торугартты ашып кетпес бекен. Ыкчамдабасак болчудай эмес, баатыр.

**Б а й б а г ы ш  а к с а к а л.** Мергеним, анчалык кабатырланба, баарынан кырсык кабардан тышкары Кудай бизге жар болсо жетишип каларбыз. Ата-бабанын арбагы колдосо, кытайга кыргын салардын сааты келип жетти. Биз Ойноок-Жардын башына жетип, башбактап турсак, Тайлактар артыбыздан сүрүп келип калышар.

**Ы р ч ы:** *(ырдайт)*

*«Тайлак минди Буурулду*
*Тамань ташка туурулду.*
*Кылкылдаган көп кытай,*
*Заманасы куурулду.*
*Ак талга туусун аштады,*
*Аскерин Тайлак баштады.*
*Кожоберди, Байбагыш,*
*Кошуунду булар баштады.*
*Кылыч кындан суурулду,*
*Курул калган кытайдын.*
*Заманасы куурулду.*
*Тебетей минди чаар атты,*
*Сандап келген кытайды*
*Чаң асманын чыгарып,*
*Бирин койбой таратты.*
*Токочор минди тору атты,*
*Токсон кытай жер капты.*
*Көк талга найза аштады,*
*Көк-Жар ылдый камады».*

**А л ы п  б а р у у ч у.** Ошентип ырга салынгандай, тыптыйпыл жан таслим болгон Баян-Бату баштаган анын эки жүздөн ашуун жоокерлери, ат кошчулары, жол көрсөткүчтөрүнүн баары, качып кутулгандар болгон жок. Көксөөсү сууган эрлер бир топтон кийин гана эстерин жыйышты.

Улуу Жибек Жолу канга боёлду. Бул салгылаш Тайлактын кытайдын жазалоочу чек ара аскерлеринин үстүнөн болгон биринчи жеңиши болчу. Ал Тайлакка баатыр деген наамды алып келди. Тайлактын эрдиги, даңкы кырк уруу кыргызга гана эмес, Кокон, Хива хандыктарына, Бухар эмирине жана андан ары Ооганстанга чейин жетти. Казактын үч жүзү да бул кабардын чын-бышыгына жетиш үчүн кайра-кайра текшерип жатты.

*(Көшөгө жабылат)*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ



### 1-көрүнүш

## АТАДАН АРТЫК БАЛА

**А л ы п  б а р у у ч у.** *(Көшөгө артынан музыка коштолот)* 1840-жылдар. Атасынын өлүмүнө кокондуктар күнөөлүү экенине көзү жеткен Осмон ата кунун куул, Куртка чебине кайра-кайра чабуул коюп камап, андагы сарбаздарды оор жоготууларга дуушар кылып турду. *(Көшөгө ачылганда, Курткадагы Кокон бийлигинин өкүлү Мамаразык беги жана анын жан-жөөкөрлөрү. Ак сакалы жайкалган, башына селде оронгон кеңешчиси экөө баш ийкешип, сүйлөшүп олтурган болот)*

**М а м а р а з ы к.** Ошондой дечи, аксакал, анан улуу урматтуу азирети ханым аркалыктардын айласын тапканга ушундай амалды сунуштадыңызбы. Ап баракелде... Таппасаң сыйпалап кал ээ. Хи-хи ... *(Ыкшып жыргап күлөт)*

**К е ң е ш ч и.** Бу ям, тоолуктарың кең көкүрөк, ала көөдөн келет, аларды мактай берип, Айгыр жалдын жарынан алыс учуруп алсак бизге жаманбы? Анын үстүнө бала балалыгын кылбай койбойт. Акча, даңкка кимдер азгырылбаган... Мына ошондой, бегим, кептин төркүнү мындаа...

**М а м а р а з ы к.** *(мостоюп, кабагын чытый)* А бирак, Осмон өтө жаш болуп жатат. Андай чоң чинди, ханым, кандайча сунуштады экен. Башым маң. *(Башын мыкчыйт)*

**К е ң е ш ч и.** *(четке чыгып)* Тикини-тикини битин сыгып, канын жалаган сараң, хандын буйругун аткаргысы келбей жатканын кара. Канчалык ач көз, чычканга кебек алдырбас болсоң да, аткарбай көрчү, хандын айтканы айткан, дегени деген жез тырмак.

*(Мамаразыкты ийининен таптай, тамагын кырына жайгара сөзүн баштайт)* Бегим, бир торгойдой балага берилген наамдан, сыйлыктан ордодогу казына кемип калбайт. Ал жубарымбек атасынын кунун куул канча жолу ат коюп, тынчыбызды алып жатат.

Азирети хан айткандай сыйлоо, жумшак мамиле менен сак саясат жүргүзбөсөк, тигил жактан Орусия, бул жактан Кашкар биздин ээлигибизге көз артып турат. Хандын буйругун аткарбаска чара жок. *(Экөө тең этектерин кагына сыртка чыга жөнөшөт)*

**А л ы п  б а р у у ч у.** *(Шаңдуу музыка коштолот. Мамаразык жан-жөөкөрлөрү менен турганда, Осмон жанындагы ак сакал, көк сакал Баракан баатыр баштаган агалары, жигиттери менен шатыра шатман сүр көрсөтүп киришет)*

**О с м о н  д а т к а.** *(Кыр көрсөтө, мыскылдай сүйлөйт)* Ии ... Мамаразык бек чакырткан экенсиң. Биз келдик. Бул жолугушуунун

максаты эмне. Жакшылыкка жооруюнбу же жөөлөшкө түшө турган жамандыкка жоорулабы? Ансыз деле эсептешер мезгил келди, быйыл алык-салыктарыңдан кол үзөсүң го...бек?..

**М а м а р а з ы к.** *(Жаадырап-жайнаган маанайда тосуп алат)* Келиңиздер, урматтуу меймандар, Сиздерди чакыртканым атайын Кокондон азирети хандын жарлыгы келди. Мен сиздерди жарлык менен көзмө-көз тааныштырайын дедим эле. Мында Азиретинин жарлыгында Тайлак баатырдын уулу Осмонго улуу өкүмдар даткалык наамды ыйгарганы жазылат. Даткалык наамды тастыктап, күбөлөндүргөн мөөрү да бар. Ушундай Кокон хандыгынын жогорку сыйлыгын тапшыруу бактысы менин энчиме туш келиптир. Эмесе, мага ушул чоң вазыйпаны аткарып коюуга уруксат этиңиздер. *(Осмонду кучактайт, колуна Жарлыкты, мөөрдү тапшырып, тургандарга кайрылат)* Теңир-тоолуктардын ичинен Медет даткадан кийин Осмонго датка манап мартабасын ыйгарып, мындан сырткары кымбат баалуу белектерди тартуу кылат, азирети ханым. Анткени биздин бийлигибиз бир, элибиз бир болгондон кийин биримдүүлүгүбүздү бекемдешибиз, ынтымагыбызды арттырышыбыз керек. Ыкыс берип турган сырткы душмандардын көзүнчө калдайып турушубуз керек тууралы агайин-тууган-дар?..

**Б а й б а г ы ш а к с а к а л.** *(Колун батага тартат)* Атаңдын көрү... көр дүйнө, Тайлак өлсө, Атан бар. Артында дөөдөй-шаадай инилери, Осмон баштаган балдары, калдайган элиң бар. Тайлак өлбөпсүң. Эзели эки дүйнөдө элдешкис кас душманың бир тууган болуп бөгүлүп турат. Балаңа оомат, даңк келгенин сезип, оң жамашыңдан оодарылып жат эми. Оо... Кудай балага мынчалык оомат-даңкты бергениңе жараша ден соолукту, өмүрдү аяба. Эл үчүн кызмат кылган эрен болсун! Оомийин! Кудайым тилегиңди кабыл кылсын балам. *(Көнчүлүк бата кылышат)*

*(Көшөгө жабылат)*

## 2-көрүнүш
## ОТОРЧУЛУК

**А л ы п б а р у у ч у.** *(Музыка коштолуп турат)*

1860-жылдар. Падышалык Орусиянын аскерлеринин ички Теңир-Тоодогу баскынчыл аракеттеринин маалында Осмон датка Үмөтаалы Ормон уулу менен бирге кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө башчылык кылды. Бул күрөш 1863-жылы башталып, дээрлик



беш жылга созулган жана кеңири аймакты: Каракужурдан тартып, Ак-Талаа, Ат-Башы, Арпа, Ак-Сай, Тогуз-Торо өрөөнүнө чейин кучагына алган. Бул кыймыл күчтөп басылгандан кийин деле Осмон датка Орусия букаралыгына өтүүнү каалабай, өз бетинче көз каранды эместик үчүн күрөштү уланта берген.

*(Осмон датканын ак өргөөсү. Осмон датка кан кудасы Үмөтаалы экөө жана бир-эки аксакал болуп кеңеш куруп уй мүйүз тартып олтурушат)*

**Ү м ө т а а л ы.** *(Салабаттуу сөзүн улайт.)* Кырдаал-шарт ошондой болуп калды, аккан досум. Датка ичтен чыккан ири «жылан» Шабдан ичибизден иритип, капырларга чекесинен басып берип, түбүбүзгө жетмей болду. Тизмеге кирбей калган кыргыздарды тактоо деген кур шылтоо менен эмки жүрүштү силер жактан баштоого ниет кылышкан түрлөрү бар алардын...

**О с м о н д а т к а.** *(Чыдамы түгөнгөндөй кыязда)* Ой жанагы жугундукор Шабдан кой деген сайын койдой куйрук алат да, арбак ургур десе. Каапырлардын камчысын чапкан Шабдандын жүзүкаралыгы, чыккынчылыгы жанга батып кетти деги. Ал жугундукорго бир кездешермин. Ал бүт кыргызды сатып, жерин сатып өзү каякка барып жан сактайт экен, ыя...

**Ү м ө т а а л ы.** Ал капырларың тишине чейин темир менен куралданган экен. Самсып эле келип жатышат, келип жатышат аягы түгөнчүдөй эмес. Көздөгөнүн алып тынмайынча тынч албаган өжөр калк окшойт.

**О с м о н д а т к а.** Баарынан да жанагы Жантайдын акмагы Шабдан баламды, Мамырканымды Верныйга орустарга барымтага кармата бергени жанымды жай таптыртпай жатпайбы. Балам байкуш эмне күндү көрүп жатты экен, кагылайын ботом. *(Жашый түшөт)*

**Ү м ө т а а л ы.** Кантет. *(чоочуп)* Осоке, өтө сабырдуу жан элең, жашыганыңды мен эле көрөйүн. Кудай жардам берсе, баланын айласы табылар. *(Оор үшкүрүнөт)*

**О с м о н д а т к а.** Бир чети Шабданга катуу таарынып, бир чети орустарыңдын түрү жаман алда кандай болот деп бир түндө Ак-Талаадан көчүп баса бердим. *(ачуусу келип)* өлбөй тирүү турсам, оңойчулук менен мен орустарга сурак бербейм, досум. Келип эле көрсүн, атасын таанытайын... Тогуз-Торо деген жаратылыштын Кудай берген – чеби... Касиеттүү менин жергеме ал капырлардын бутун бастырбайм деп касам ичем, кан досум.

### 3-көрүнүш

**А л ы п  б а р у у ч у.** *(Көшөгө ачылат. Музыка коштоп турат)* 1868-жылдын Теке айы. Биринчи Токмок уездинин майору Загряжескийдин кыргыздарга болгон акыркы экспедициясын Жантай уулу Шабдан жана Күнтууган уулу Баяке коштогон бир рече орус солдаттары шайлоо өткөрөбүз деген шылтоо менен Нарынга Осмон датканын айылына келип түшүшөт. Осмон датка аларга меймандосчулугун сактап, үй тиктирип, жакшы эле кабыл алат. Буга чейин эле Ормон хандын уулу Үмөтаалыны жана Осмон датканы шайлоого катышпасын деген бүтүм өз күчүндө калган.

*(Орус чиновнигин тегеректеген солдаттар, арасында кыргыздар жайма-жай жатышат. Аңгыча тарса-турс болуп, «Тайлак», «Тайлак» деп ураан чакырылып, заматта айлана чаң-тополоңго түшөт)*

**О с м о н  д а т к а.** Жигиттер, кызуулукка алдырып, курал колдонбогула, союл менен чапкыла! Бизге аларды баштаган орустардын кол башчылары өзүбүздөн чыккан ири жылан Шабдан, Баяке баштаган жигиттери, жанакы менин жаманым Келдике керек. Орустар оголе түптүү журт аларды кырып түгөтө албайсың. Ач кулактан тынч кулак дегендей аларга сес көрсөткөндөн башка шамыян кайтарууга шайыбыз жетпейт.

*(Сценадагы башаламандыктан пайдаланып, орус офицери жөргөлөп качып чыгат. Артынан эки жоокер кууп чыгат)*

**Б и р и н ч и  ж о о к е р.** *(Алаканын жайып, аптыга сүйлөйт)* Капырды качырып жибердик. Көзгө сайса көрүнгүс караңгылык да тоскоол болбодубу, аттиң ай, орустардын көзүрү окшоп калды баамымда.

**Э к и н ч и  ж о о к е р.** Көз боочудай тим эле көз алдыбыздан житип кетти го, чиркин... Бизден башка жан байкабай калса экен, кудай жалгап ... Билмексен болуп туруп берели. *(Сөз бекитишип, кол алышат)*

**Б а р а к а н  б а а т ы р.** Даткам, булардын арасында Шабдан да жок, орустардын кол башчысы жок экен. Келдике абам менен Баяке жана орустун чини жогору мыкчыгери колго түштү. Туткундарды эмне кылабыз?

**О с м о н  д а т к а.** Эмне кылмак элек, Баяке менен Келдикени ат кылабыз чыккынчылыктары үчүн, орус офицерин барымтага алабыз, өлтүрбөйбүз. Биз кайда барсак кошо жүрөт. Анжиян деле орустун ээлиги болуп калды. Алар деле мени кармап берип, упай топтошот. Анда эмесе,



көчтүн башын Кашкарга бургула! Кеттик!.. Кош Ала-Тоо! Киндик кан тамган Теңир-Тоо!..

*(«Көкөй кести» күүсү акырындап жаңырат. Көшөгө жабылат)*

### 4-көрүнүш
## ЭГЕМЕНДИКТИН БААСЫ

**А л ы п  б а р у у ч у.** *(Муңдуу музыка. Сахнанын бурчунан жарык түшүп турат. Осмон Датка аркы-терки басып турат)*

**О с м о н  Д а т к а.** Убакыт суудай өмүрүңдү уурдап алат. Капырай, Кашкарга кечээ эле келгендеймин, арадан зуулдап он жыл өтүп кеткенин кара. Мен эмнеден уттурдум, эмнеден уттум. Турмуш мени сакадай калчады. Илебиме нан бышып, суу өйдө чыккан күндөрүм артта калды. Бүгүн эми минтип бөтөн жерде бөлөк элде суу ылдый агуудамын. Жоок жок, камгактай агып кетчү мен эмес. Мен бутума туруп, үйүрүмө, *(оолугуп)* үйгө, Ата журтка кайтуум керек. Эгемендигиң болбосо, кайда барба, көз каранды кулсуң. Мен Кашкарга дал ушул эгемендикти эңсеп келбедим беле? Кашкарлыктарың сыпайы койнуна тарткан менен анык ит өлчү жерине чек арага четтетип коюп койгону элиме тынчтылык алып келбеди. Күн тыным, түн уйку жок менин да, балдарымдын да элдин да. Барган сайын тукулжурай жонубуз жукарып барат. Мындай жашоо болбой калды. *(тунжурай түшөт)* Кызыгың түшкөн дүнүйө... Токтой турчу түндө көргөн түшүм соо эмес, кинем албай эле коёюнчу, түшүм түлкүнүн богу. Түү-түү...*(түкүрүнөт)*

*(Эшиктен жоокер кийимчен кыл мурут жигит баласы Нааматкан кирет. Жүзү капалуу, ичинде бук бардай. Мукактанып...)*

**Н а а м а т к а н.** Салоомалейкум ата.

**О с м о н  д а т к а.** А балам келип калдыңарбы, ат-көлүгүңөр аман-эсен кайттыңарбы? Чек ара тынчпы?

**Н а а м а т к а н.** Түндө Чатыр-Көлдөн кайтып келсек, Мырзахмед жүз башы аяш атамдын жылкыларын кытай чек арачылары чаап кетиптир. Мамыркан байкем болуп бир-даарыбыз артынан түшүп, кайгуулдап барсак, буктурмага туш болдук. Кимди ким көрсүн, бири-бирибизди көзөмөлдөй албай чаң-будуңга түшүп калдык жан айласы кылып... Дагы жакшы Баракан абам артыбыздан барып калып ат коюп, алардын шаштысын кетирип, жанга аралжы болду, бирок ... *(ыйлап жиберет)* Ал иттериң Мамыркан акемдин эки бутун кылыч менен шылый чабышпадыбы!.. Аны кытай табыпка алып кетишти.

**О с м о н  Д а т к а.** *(Заманасы куурула кыйкырат. Айланасына кишилер чуркап топтолушат)* Эмне дейт?! Кара көзүм кашайган экен ээ, бир бутагым сындырайын дешкен экен дили бузуктар. Кандай айла кылсам... Баланын акыбалы кандай? Деги сөзгө келип жатабы? Ботом, азаптуу болдуң, ботом, шоруң каткан балам, өмүр бою сени кырсык тооруду да калды. Бир барымтада, бир минтип алты саныңдан ажырап... Кудайым сага мүшкүлдүү тагдырды буюруптур. Кантейин боконо жүрөгүмдү болкулдаткан балам, айланайын ботом!?

**Б а р а к а н  б а а т ы р.** Бардаш кыл, Осмон Датка. Бөлөк эл, бөтөн жерде жүрөбүз. Баланын жаны аман калды, буга да тобо дейли.

**О с м о н  Д а т к а.** *(күрсүнүп)* Туура айтасыз, аба, Башка түшкөндөн кийин көтөрбөскө чара жок. Бирок Теңир-Тоого кайтпасак болбой калды. Атаңдын көрү...*(тыным)* Кайда барба Мамайдын көрү... Эртели-кеч моюндай турган, көптөн бери кыжаалат кылып көкүрөктү өйүп турган Ата журтка кайтуу чечимди алчу кез келди. Бизди ал жактан тууган-туушкан эл, кучак жайып тосуп алат деңизчи, ал эми «өрдөк жокто чулдук бий» болгондордун куйкасы курушса да, барыбызды чогултуп абакка салышмак беле? Көп болсо мени кармаар башымды саям, элди шорлотпой бөтөн жерге, бөлөк бийге кор кылбай элге баралы.

**Б а р а к а н  б а а т ы р.** Даткам, кеменгер акылыңа баракелде! Туулган жердин топурагы-алтын. Жаш ылдыйлап калганда жердин баркын, элдин кадырын баамдап, карегинден касиеттүү Ала-Тоо киндик кан тамган жер учуп турат экен го, чиркин! Жакшы жардыгың ишке ашсын. Аман-эсен үйгө кайталы, туулган жердин тузу буюрсун. Оомийин! *(Бетине бата тартат. «Туура», «Туура» деп ырасташат жаалашкан эл, кээ бирлери кубана, ыйлашып, сүрдүгө жаалашкан көпчүлүк турат. Көшөгө жабылат)*

***Соңу***



# САНЖЫРА

***Түзгөндөр: Тилекбай Маметов, Сатыбалды Мусаев, Тайлак Абдылдабеков, Бурмакан Сатыбалдиева.***